63.3(2)722
Б-72

# КААРМАНДЫК





# КААРМАНДЫК

ОЧЕРКТЕР

Түзгөн: *Орозбай Сулайманов*

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
Фрунзе — 1975

9(С)27+С(Кирг.)

К 12

К 12 Каармандык. Очерктер. Түзгөн О. Сулайманов. Ф., «Кыргызстан», 1975 ©

244 бет.

Бул жыйнакка Ата Мекенди коргоого өздөрү катышып, кандуу майдандын катаалдыгынан кабар берген согуш ветерандарынын эскерүүлөрү, чындык фактылардын негизинде жаратылган очерктер топтолду.

9(С)27+С(Кирг)

$\frac{124-74}{\text{П М } 451(17)-75}$ 54—75

1—2—4

© Издательство «Кыргызстан», 1975 г.

*Эрдик барактарынын беттеричен*

***БАУРЖАН МОМУШ УУЛУ***

## АЛА-ТООНУН ШУМКАРЫ

1941-жылы 26-ноябрь күнү маршал К. К. Рокоссовский мени чакырып алды да полктун командири кылып дайындады. Анда менин отуз жаштагы курагым. Аскердик — чиндик даражам старший лейтенант эле. Ал кезде партиянын катарына өтө элек болчумун. Полктун командири болуу оңой эмес. Мен андан мурун батальон командири болуп иштеп жүргөм. Беш жолу калың курчоону бузуп чыккамын. Ошондон улам маркум Иван Васильевич Панфилов менин ошол жөнөкөй аракетим жөнүндө Рокоссовскийге кабарлап жеткирген экен.

Маршал Рокоссовскийдин мага ишенгендигинин төркүнү ошондон болсо керек. Партияда жок старший лейтенантты полктун командири кылып дайындоо чоң ишеним көрсөтүү эле. Ал эми полк штабынын жетекчиси болуп подполковник Сорокин иштеп туруучу. Старший лейтенант менен подполковниктин жер менен көктөй айырмасы бар эмеспи. Полктун комиссары — батальондун ко-

миссары Петр Васильевич Логвиненко. Батальон командирлеринин аскердик — чин даражасы майорлор. Полкту кабыл алууга келдим. Полк штабы Трусово кыштагында экен. Менин штабга келгениме бир саат убакыт болгон жок, күтпөгөн жерден немецтер Трусово кыштагына чоң чабуул жасады. Мен катуу шашып калдым. Немецтердин күчү мол. Бет маңдайлашып күрөшүүгө чама-кубатыбыз жоктугун сездим. Артка чегинүүгө туура келди. Чегинүү оңой эмес. Чегинүүдөн чыгуу үчүн тоскоол керек.

— Комиссар, сиздин карамагыңызга бир рота калтырдым. Мен полкту алып чыгуум керек. Сиз тигил душмандарга тоскоол келтирип турсаңыз — дедим.

Комиссар Логвиненко мага ишенимдүү карап:

— Түшүнүктүү жолдош командир — деди.

Жашыра турган эч нерсе жок. Быт-чытыбыз чыгып качып бара жатабыз. Эми кандай айла-амал кылуу керек, комиссар бир рота менен бекем ширелишип туруп алып, тоскоол көрсөтүп, фашисттерди алды көздөй жибербептир. Бул да — оңой белсемдүүлүк эмес эле. Соколова деген кыштакка да жетип бардык. Бул жерде коргонуу ишин уюштура баштадык. Эс-акылыбызды зордоп жыйып алдык, Логвиненко ротадагы калган жоокерлер менен кайтып келди.

Күчтүн аты, күч... Немецтер бизди тегерете курчап келатышты. Биз да каармандык менен өжөрлүү каршылашып туруп алдык. Менин полкумда алты замбирегим бар эле. Аларды алдыңкы чектерге койдум. Немецтердин сегиз танкасы жыландай ийрилип, ажал огун себелеп, бизди көздөй зымырап келатты. Биздин замбиректер аларга каршы жалын бүркө баштады. Немецтердин танкаларындагы замбиректер да ок жаадырып, шартшурт атып алты замбирегимдин бешөөнүн таш талканын чыгарды. Бир гана замбирек калды. Бул абалды көрүп туруп чыдай албастан баягы жалгыз замбиректин жанына жетип бардым. Замбиректи башкарып жаткан

командирдин жүзүнөн мончок тер куюлган, кара тору кыргыз жигит экен. Аскердик даражасы старшина...

— Ат, таамай ат! — деп айкырыкты салдым.

— Колдон келишинче атып жатпайбызбы, жолдош командир — деди ал.

Согушта ар кандай натыйжа, ар кандай тагдыр болот эмеспи. Аткан огуң көздөгөн жерге эле тие бербейт. Ошол мезгилде (алиги кыргыз жигитинин фамилиясы Токтогулов, аты Сатыбалды экен) анын аткан октору бекерге кеткен жок. Ар бир аткан снаряды дал бутага тийип жатты. Сегиз танкенин бешөө ордунан жылбай алоолонуп албырттады. Немецтик каракчыларга да жан керек эмеспи. Калган үч танкасы кайрадан артын көздөй чегинүүгө мажбур болду.

30-ноябрь күнү Крюкованы көздөй чегинип бараттык. Ал Москвадан отуз километрдей алыстыкта болучу. Дүңгүрөгөн катуу атышуулардан, жарылуудан улам Москванын алды дирилдеп турган кези эле. Крюковада алты күн удаасы менен катуу согуштук. Крюкованы немецтер бирде бизден тартып алып, бирде немецтерден биз тартып алып, ал колдон колго өттү.

Мен согуш мезгилдеринде батальон командири да, полктун командири да болгондордун бири элем. Бирок да чоңураак даражага карабастан (ал кезде мен жаш элем) солдаттарым менен бирге жүргөн командирдин бири болдум. Ар дайым алдыңкы чекте болуу башкы максатым эле.

Бир мезгилде немецтер бизди Крюковадан кууп чыкты. Бирок катуу туруштук көрсөтүүгө өттүк. Эс-акылыбызды жыйып, күч-кубатты бекемдеп алып, дагы да каршы чабуулга өттүк. «Мекенибиз үчүн, Сталин үчүн!» — деп, үнду бийик көтөрө ураа таштап баратабыз.

Мен өзүм алдыңкы чектин катарында жүгүрүп келатамын. Немецтердин бир нече миномёттору бизди аткылай баштады. Ошол убакта минанын чачырандысы ме-

нин алдымда кетип бара жаткан аскердин колуна тийип, билегинен жулуп кетти да эки эличе келген терисине илинип калыптыр. Менин көзүмчө алиги аскер териге илинип турган колун өзү жулуп алып, карга сүңгүтүп жиберди. Аны көргөн мен акылымдан танып кала жаздадым. Бир колунан ажыраган жаралуу жигит.

— Атаңдын көрү, кокуй! — деп мылтыгын октоп алып, сермеп атып алды тарапка тура жүгүрдү. Согуш закону боюнча ал оор жаралангандан кийин четке чыгып туруп калуу керек эле, бирок эр жүрөк жигит антпеди. Анын бетинен каары чыгып, ызалык кеги ташкындап алга карай жүткүнө чуркоодо. Мен дагы да таң калдым. Тезинен артынан кууп жеттим да өңүнө карасам, алиги жоокер — баягы старшина Токтогулов Сатыбалды экен.

Башымдан өткөн каардуу согушта далай коркокторду баатырларды көргөмүн.

«Ала-Тоонун чыныгы шумкары экенсиң!» — деп кыргыз жигитинин алдына, анын эрдигине жүрөгүм менен башымды ийдим.

Которгон *Исабек Исаков*

*КАЛКАНБАЙ АШЫМБАЕВ*

## ЖООКЕРДИН ЖОЛУ

*(очерк)*

Шыңга тарткан, бир көргөн киши али кыркта деги-дей кызылдуу жүзү нурланып турган генерал шыпылдай басып кирип келди. Ал ПТУнун окуучулары менен күлүмсүрөп учурашты. Анын сүрдүү турушун көргөн балдар түзөлө калып жатты. Бул Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор Калыйнур Үсөнбеков эле. Аңгеме көпкө уланды.

Суроо беришке келгенде узун бойлуу улан колун асмандата көтөрүп тура калды:

— Адам баатыр бойдон төрөлөбү?

Балдардын көбү бул суроого кандай жооп берер экен дешкенсип, генералдын оозуна тигилишет.

Калыйнур ордунан турду. Тулкусунда сүр да, сымбат да бар. Ал сөз баштады:

— Адам баатыр бойдон төрөлбөйт. Баатырды эл жаратат. Ошол себептен калк арасында мындай макал калган: «Эл болбосо, эр болбойт.» Анын сыңарындай эл гана чыныгы эрди өстүрөт.

Бул кеп али эл деген сөздүн маанисине жете түшүнбөгөн тентектерди не бир ойго салды. Мына ушул сөздүн соңунан не бир жүрөк титиреткен окуялар чубала берди...

# I

Бир кезде жыңайлак, жөө-жаландап Ой-Талдан алтымыш чакырым алыс Кара-Колго кирип барган бала бүгүн аябай сүйүнүчтө. Жеке ал эмес, не бир мөлтүрөгөн улан-кыздардын жүздөрү албырып, бири-бирине куттук айтышат. Бири-бирине үмүттөрүн, максаттарын туйгузат. Белек беришип, адрес алышкандар андан...

Педагогиялык окуу жайынын клубунда бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу кечеси өтүп жатты. Ой-тилектер мөмөлөп, шагы ийилип турганда адамдын жүзүндөгү себеленген нурду байкасаңар керек. Мындайда ким толкунданбайт да, ким элирбейт! Ошолордун арасында чийкил сары улан зымырайыңкы тартып, ойлуу олтурду. Көз алдына кечөө күнкү жупуну турмушу, энеси тартылды.

Көкүлүнөн сылап, Киров атындагы орто мектептин бешинчи классына кабыл алып, ага алгач ирет мээримин төккөн Садырбаев аттуу мугалим болду.

Энесин, жолдошторун сагынган күндө ага боор салып, акыл айткан, күнөөсүн кечип, улам оң жолго үндөп турган эжейлерин, агайларын элестетип жатты. «Булар болбогондо мен ким элем?...»

— Садагалар, эми силер алтын уядан чар тарапка канат сермейсиңер. Намысыңарды сактагыла, биздин окуу жайга, ата-энелерге наалат келтирбегиле. Кат жазып тургула.— Кыял-жоругу жана көптү билгени менен окуучуларга жаккан Заит Кыдырбаевдин ушул сөзүн сары чийкил боз улан кунт коюп угуп олтурду.

— Ушул агайдай балдарды тарбияласак, элге эмгек сиңсе...— Калыйнур жолдошуна шыбырады.

Үсөнбеков окуу жайын «Эң мыкты» деген баалар менен бүткөн. Бирок түнттүгүнө тартып алса, оңойлук менен сөз жылбай турган. Бул сапар ал сөз алганда күлүмсүрөп, өрөпкүп, сөздү чукулунан бүтүрдү:

— Келечектин ээлерин тарбиялашка биз милдеттүүбүз. Эли-жерине эмгек сиңириш асыл иш...

Дуулдата алакан чаап, анын сөзүн кубаттагандар арбын эле.

Бул күнду сөз менен айтышка болбос. Жүрөктөрдү майрамдын илеби уруп, күкүктөр да бир башкача чакырып, кыз күлкүсү көчөлөргө толуп, шаар ичи керемет өңдөнөт.

Ошол түнү бүтүрүүчүлөр паркта оюн куруп:

**Эртең согуш болсо,**
**Эртең жүрүш болсо,**
**Сен, жүрүшкө даяр бол!**

— деп ырдап жатышты. Нары кан толкуткан, нары шерденткен хорлордун бири ушул эле. Кайда түн ортосу ооган ченде коштошуу шарапатын:

**Эркин тоонун эркин эрке кыздары,**
**Келгилечи көңүлдү биз ачалык.**
**Өзгөрүштүн өчпөй турган чырагын,**
**Күн чыгыштын тоолоруна асалык ...**

— деген Жусуптун ыры менен бүтүрүштү.

Негедир булар күйгөн-сүйгөн, секетпайдан оолак эле. Непада бирөөлөр ырдап калса, аны шылдыңга жыгышчу. Ата Журт, Мекен тууrasында үн алыша ырдашканды жактырышчу.

Таңдын кандай атканы сыйкырдай туюлду. Бул кырк биринчи жылдын жыйырма экинчи июну эле... Аңгыча парктын сырт жагынан кимдир бирөө энтеңдеп жетип келди:

— Согуш чыгыптыр...

Атайлап жамандыкты күтмөккө балдардан бөлүнүп кеткенсип, алиги таноосу кыпчылып келген жигит суук

көрүндү. Улан-кыздардын баштары салыңкы тартып, кай бирөөлөр бышактап да алды.

Кимдир бирөө кайрат берип:

— Кана, кеттик эмесе, аскерликке катталабыз. Жоо беттейли,— деп өзү баштап жөнөп берди.

Диплом алабыз деген күнү бүлүк салган душман жаштардын канын кайнатып, кум чайнатты. Ызалык кыстап, кек ашынат...

Аскер бөлүмүн көздөй агылып жаткан эл. Алардын арасында Калыйнур жүргөн. Бирок аны дароо эле аскерликке албады. Ошол себептен Жети-Өгүздөгү Жаргылчак мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалды. Өңчөй кыз-келиндер калган.

— Эр азаматтар аскерге узап жатса, биздин арабызда бул жигиттин жүргөнүнө жол болсун.— Келиндер намысына тийип, курчтугун сынагылары келет.

## II

Калыйнур казатка аттанды. Эр азаматтар күргүштөп, майданга сапар тартып жатканда, ал арыз үстүнө арыз узатты. Акыры 266-аткычтар дивизиясынын I батальонунун катардагы жоокери жана комсоргу болду. Аскер кийимин кийип, жоокер сымбатына келген менен кан майдандын жүзүн көрө элек.

Бир-экилеп душман менен текөөрлөшүп кайткандар: «Согуштун бети курусун. Же сен, же ал... Ошондуктан дайым биз жеңебиз деп демден. Суу жүрөк мурун кум сугунат»,— дешет.

...Дон жээгин туман чалып, жаан аралаш кар шыбыргактайт. Кечки сыдырымда жер тоңуп, шинелдер колдоюп, батинкеден суу өтүп, оромол балтырды какшатат. Жерди тоң тиштеп, окоп казылбайт. Төрт аяк бүрүшүп, түн баласы уйку көрмөк кайда...

«Күндүз согушуп, түнкүсүн эки тарап тең уйкуга карап, эс алышат го»,— деп ойлоду бышпаган жоокер.

Аздан соң таң сөгүлдү. Батыштан эки самолет шукшурулду. Кээ бирлери бадыраткан болду. Ок чыккан жерди көздөй тик сайылып келип, тиги атып кайтат. Жана качырып сала бергенде Калыйнур арыкчага башын катты. Бомба жарылып, кулагы тунду. Дал ушул маалда жараланып кайткан жоокер аны жакадан алып сүйрөп тургузду:

— Кебстең курган суу жүрөк.— Оозго алгыс сөз менен шыбап-шыбап салды.— Минтип жүрсөң, душман бүрдөмгө келтирбейт. Ар кимибиз башыбызды катсак, душманды ким атат? О, суруңду урайын.

Жаш жоокер жердин катуулугунан калды. Башкалар укпаса экен деп кыйпычыктады. Анын оюн туйгансып, кабагы түксөйгөн жоокер шарт басып кетти:

— Мылтыктан мурда өзүң октол. Сенин жүрөгүң бомбадан күчтүү болсун! — Бул сөздү комсорг Калыйнур айтса, эп болмок. «Кап жандын таттуусун кара, жанын коругандар укум-тукумуна, элине наалат келтирет белем. Кара башын ала качкандар түбөлүккө туткун болот тура»... Эки бети ысып, жолдошторунан жүзүн жашырат.

Эзели каккы жеп, мыңчалык сынбаган жигит чыйрала түштү. Өзүн өзү жемеледи. Ага кимдер гана акыл айтпады. Дал ушул кан майданга киргенче командирлер эмнени гана кулагына куюшпады.

«Кан төгүлгөн жерде ката кетирсең, ал өз гана башыңа залалы тийбей, өзгөлөрдү өлүмгө түртөт»,— деп дивизиянын командири С. М. Фомиченконун айткандары эсине түштү. Эми үшүгөнүн, ачка болгонун «жан адамга билгизбейм» — деп кекенди. Шайдоотуна тартып, батальондогу иштинургунун аткарышка бел байлады. Кез-кез гана түксөгөй каштуу, өзүн да, өзгөнү да аябаган, далылуу Василий аттуу жоокер мурутунан жылмайып коюучу. Бул жылмайыштын далдоосунда: «Ишендим, эрктүү экенсиң. Дос курчутат, душман мокотот»,— деп макалдатып жаткансыйт.

Калыйнур коммунисттин катарына өтүп, үч айлык окууга кетти. Кайра келгенде батальондун парторгу болуп шайланды.

Душман Сталинграддын алдынан белин очорултуп алган соң оңоло албады. Күндөн күнгө үңкүрүн көздөй көчүгү менен жылыштай берди.

Днепрдин чыгыш жагындагы Николаев шаарын бошотушмак. Биринчи батальон түн ичинде Буг суусун кечмек. Алардын камын душман туйган шекилдүү, артиллериядан ажал сапырды. Бир рота эки кайык менен сүзүп кетишкен. Алардын канчасы өтүп, канчасы залал тапканы дайынсыз.

Телефон шыңгырады. Батальондун командири Евсеев үн катты:

— Жарайт, жолдош полковник. Бир рота калды.— Ал тура калаарда снаряд жарылып, көөдөн тарабы былч этти.

Калыйнур трубкага жармашты.

— Парторг Үсөнбеков угуп жатат. Жарайт. Азыр...

Полковник тез өтүшкө буйруптур. Калыйнур команда берди:

— Өйүзгө чыккыла...

Калыйнур батальондун командирине жакындап барды. Ал жан талашып чыдай албай жаткан эле.

— Мен сага тапанчамы белекке берейин алып жүр...— Онтологону күчөдү.

— Ыракмат, жолдош командир...— Тапанчаны кармап, батыш тарапка кезенип карап калды. Ал сестранын шолоктоп ыйлаганын байкап калды. Ал дароо командирдин көөдөнүнө кол салып көрдү. Башы шылк дей түшүп, көзүнө жаш ирмелди. Экөө бир окопто жатып, нечен ирет сырдашып, нечен курдай акылын айтпады беле...

— Боордош агалардан, аталардан айрып, далайды кан какшаткан душмандын күлүн көккө сапырабыз! — Парторг жоокерлерге ушул сөздү айтты.

Калыйнур өзү баштап, кайыкка түштү. Аскерлер да кайыкка же бочкага жармашып, аркы өйүзгө өтүп баратканда душман дөң тараптан окту мөндүрдөй жаадырды белем. Чөгүп жаткан, онтолоп жаткан, жан талашып жээкти көздөй далбастагандар...

Өйүзгө чыгышканда таң кашкайды. Душман дөңдөн баш көтөрткөн жок. Румынск хуторуна жетпей токтошкон эле. Чогула келгенде элүүдөн ашык киши калыптыр. Ротанын командири да жок. Жагдайды түшүндүрө кат жазып, Калыйнур полкко бир киши жиберди.

Рация келди. Үсөнбеков убактылуу батальонго командир болсун деген буйрук берилген. Күүгүм кирген маалда Калыйнур өзү алдыга түшүп, дөңдү көздөй ураалап жүгүрдү:

— Ар-ты-ма-ан!

Андай ураалаган сүрөөндө Кызыл Аскерлер тартынбай калсын. Фашисттердин үшүн алды. Душманды сүрүп чыгышты. Бул жерден чар тарап даана байкалып, фрицтерди сулатканга ыңгайлуу эле.

Бирок таңга жуук душман көптүгүнө салып, батальонду эңишке кууду. Калыйнурдун жоокерлери кашааларга баш калкаалап, согушуп жатты. Алар кеч кирсин деп кекеништи.

Ала шалбырт маалы, жер саздак келип, сыз өпкөдөн өтүп барат. Эки күн удаа наар сызбай калышкан. Арттан толуктоо да билинбеди. Мынабу дөңсөөнү албай туруп, арттагыларга жол ачылгыдай эмес.

Көз байланганда Калыйнур «ураалаган» айгай салып, жоону көздөй кайра качырды. (Кийинки кезде «ураадан» фрицтердин жүрөгү үшүп калган.) Жапырт дөңгө чыгып, бат эле душманды сүрүп салышты. Атышуу далайга басылбады. Таңга жуук гана айлана мүлгүп бара жатты. Аскерлер көз ирмебей, душман кай тараптан качырып сала берет деген ойдо сак турушту. Дымыр эткен жан билинбеди. Көрсө жоо чегинген экен. Кетээринде үйлөрдү өрттөп, тымтыракайын чыгарышты. Ба-

тальондун парторгу аскерлерге душмандын жеткен жырткычтыгын, карөзгөйлүгүн баса көрсөтүп, жоокерлерди курчутуп, кегин ашынтып барат.

Алыстан чиркөө көрүндү. Рация боюнча дивизиянын командири ошол чиркөөнү алышка буюрду. Күн чыга чиркөөнү эки тараптан куушуруп кирип барышты. Алар уктап калыптыр. Туткунга түшкөнү түшүп, кээси качып, окко учканы андан... Калыйнур абдан кубанды. Аскерлер дуулдашып, бир эс алалы дегенге келишти. Ушул арада дивизиянын командири С. М. Фомиченко келип калса болобу:

— Аскерлер кайда?

Калыйнур мурда мындай жорукту көргөн эмес. Ийне жоготконсуп сыйпалап калды. Кыраакы командир чиркөөнүн алдына кирди. Аскерлердин жайма-жай жүргөнүн тапты...

Командир Калыйнурду катуу зекиди:

— Азыр душман кайрылса канттик?

Парторг калчылдап чыкты. «Непада душман айланып туруп, дүп басып калса...»

Командир кеткен соң Калыйнур укугун колдонбой эле беркилерге туугандай доо артты.

— Жолдош командир, өзүңүз ойлоңузчу. Күчтөнүп албасак, душмандан жеңилип калбайбызбы? — Тамашакөй жоокер жаракөрлөнө үн катат.

Эки саатта Румынск хутору колго тийди.

Ушул салгылашта Калыйнур Үсөнбеков «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланды.

## III

Күндүзү жамгырлап, түнү карлап келип, ичтен кармама суугу сөөктөн өткөн жер Украинанын аймагында го чиркин! Мындай суукка ким деген жон тосот. Же ичкен тамак күчтүү эмес. Аскерлер жүгөрүнүн аңызын

аралап кетишкен. Окоп казылбайт, карды чочойто коюп жатып алмай. Алдыңдан сыз өткөнү небак унутулган. Мына ушинтип душманга тике качырып кире албай, бүрүшүп жаткандан кыйын кордук барбы? Жок, булар анте албайт!

— Жапырт качырып сала берсек, колу тоңгон фрицтер ата албай жалдырап карап туруп калышат. Күүлөнүп барып, душманды найза менен бышып өтсөң, калтаарыган суу жүрөктөр кол көтөрүп берет. Таң ата качырып көрсөк кантет, шумкарлар!

— Качырабыз!

Сөз жүрөк отун алоолонтот, сөз жоокерлерди шердентет. Парторг командирге караганда жоокерлер менен сырлашып, ар биринин чоо-жайын тартып, баарына ынак болуп кеткен. Ал тургай кимдин кат жазышып жүргөн кызы бар, сүрөткө кандай түшкөн, аны да көрүп-билип үлгүргөн.

Таң сөгүлө ракета атылды. Калыйнур окоптон ыргып туруп, баягысындай «ураалап» жөнөдү. Аскерлерди жоого баштап кириш, аларды болоттой жетилдириш бир гана командирдин иши эмес. Ал иш түздөн-түз партиялык уюмдун секретары менен саясий жетекчиге да таандык. Андай учурда, андай ажал менен ар-намыс кармашкан учурда кимдин ким экени сыналат. Дал ошол кезде гана эрки күчтүү жетекчилер жоокерлердин кайратына кайрат кошот.

Ана, жоокерлер да Калыйнурдун артынан жүгүрүп, ок чыгарып жөнөштү. Кандай болбосун чымын-куюн болуп, октон тез окопго жетиш керек. Антпесе, душман карап турабы?..

Жоонун бир канчасы туткунга түштү. Ошентип Михаиловка хуторун бошотууда жоокерлерди баштап, майданга тике качырып киргендиги үчүн Калыйнур Үсөнбеков экинчи сапар «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланды.

Эки курдай сыйлыкка илингенден кийин полкто ка-

дыры артты. Ал полктун бюро мүчөлүгүнө шайланды. Мына бул ишеним аны ого бетер шердентип, ого бетер курчутуп салды. Улам күн өткөн сайын душман артына чегине берди. Көрсө, эл арасында, жоокерлер арасында Калыйнур сымал аздап жетилген, акырындап олтуруп, кайратына келген адамдар арбын экен...

Улам бир кыштакты бошоткондо утурлай тосуп чыккан элдин жүздөрүндө эркиндиктин нуру ойноп, ысык бирдемелерин ала жүгүрүшүп, өпкүлөп жатышканы. Калыйнур жоокерлерге мындай дейт:

— Элди азатка чыгарыш, элди кубаныч жана жыргалга батырыш кандай бакыт!

Бирок кээ бир бейбаш жоокер күнүмдүк кыйынчылыкка чыдабай ээнбаштык кылганын көрүп, катуу эскерткен жерлери бар эле. Партиялык чогулушта маселе карап, айрымдарын жазалап кирди. Тартип деген тартип! Советтик жоокер жогорку аң-сезимдүүлүктө болушу керек да.

Ошентип душман аяндабай качып берди. Мындай учурда дивизия жыйырма чакты күн жөө-жалаңдап олтуруп, сегиз жүз чакырым жол баскан. Кыштын кыраан чилдесинде ушунчалык жолду басыш оңой эмес.

Одер суусун муз каптап калыптыр. Курал-жарактарын көтөрүп, өздөрү гана чыгышты. Оор артиллерия, машина — баары көпүрөдөн өтмөк. Түн ичинде Одердин нары тарабына чыкканда кыштак уйкуда экен. Горнизон «лып» гана басылып алынды. Таң атканда кыштактын эли бейкут, кадимкидей жай чарба иштерин бүтүрүп жүрүшөт. Аңгыча болбой Берлин тараптан поезд чыккандыгы маалымдалды. Балким бронепоезд болбосун деп чочулашты. Качан жакындаганда мерчемдүү жерден өңүт алгандар ок чыгарганы жатышса, жүргүнчүлөрдү ташыган поезд экен. Көрсө, армия абдан артта калыптыр. Бул жерде душмандын колу болбой калган себеби, алар соккуну түндүк тараптан күтүшүптүр. Ошол се-

бептен анча-мынча гана күчтү бул тарапка калтырышыптыр.

Батальон эки жолдун кесилишиндеги үйдү алышты. Дача экен. Кадимкидей адамдар жашап, бир поляк кул мал багып жүрүптүр. Булар ээлеген фронттун кеңдиги үч километрге жетти.

Аңгыча душман курчоого алды. Жоокерлер сектор-секторго бөлүнүшүп, коргонууга өтүштү.

Туш-туштан октор чуулдап, танка үстүнө танка качырат. Танканы ата турган курал жок. Бир гана ишенишкени граната! Айла канча, жакындап барып капыстан далдап уруп калса, өрттөнүп жаткан танкалар болду. Танкка каршы казатта көп аскер аны менен кошо өрткө айланды. Туш-туштан ок элеп жаткан пулеметтун үндөрү азайгансып барат. Канткен менен биринчи батальон кемип калды. Жарадарларды подвалга киргизишип, ок-дарыны түгөлдөштү. Баары чакталуу.

Дивизия үч километр артта калган. Тамак ичмек кайда. Күн-түн кармаш. Экинчи күндө танка аралаш аскер каптады. Калыйнур пулеметто эле. Жоо чукулдаганда гана атууга буйрук этилди. Батальондун командири М. А. Алексеев алсырап жатты. Белдүү жоокердин бири Андрей Рамазов окко учкан. Жарадарлар көбөйдү.

Калыйнур жоокерлерге белги берди да пулеметтон ок эледи. Ал «ураалап» кыйкырганда жоокерлердин баары атакага кирип жаткандай чуу көтөрдү. Жакындап калган жоонун ургундайы дароо жапырылды. «Ураалаган» көп үндөн сестенишкен ырацдуу. Көрсө, алар курсанттар экен.

— Силердин «ураалап» берген үнүңөрдөн кулаалылар уча качты. Колу бүтүндөр ок чыгарып бергиле. Жатып өлгүчө, атып өл деген кеп бар...

Төртүнчү күнү жарадарлар эмгектеп, боору менен жылып олтуруп, сыртка чыгышты. Кай биринин жараатынан кан чыгып, аябай сыздатат. Ошентсе да, бир жа-

гынан душман камап турса да үмүт менен ар-намыс аны кайраттандырып барат: «Кана, атышып жатып өл!»

Ок арбын чыгып, үндөр көбөйгөнгө курчап алган душман сестенгенсийт. Анын үстүнө карыш бассаң баткак белден чыгат. Жада калса жер да курчоодо калгандарга боору ооругансыйт.

Ок түгөндү! Тамактын түгөнгөнү кеп эмес эле, ок түгөндү! Бир гана арга караңгыда душмандын өлгөн аскерлеринин огун ташыш калды. Антип да көрүштү. Эптеп кайсалап жүрүп, бир топ ок-дары жыйнап алышты.

Эртеси рация менен кординаттарды билдирип, дивизиянын душманды аткылоосун өтүндү. Эх, андай октор жалгыз гана душманга мээленсе эмне, өздөрүнө да тийип жаткан учурлар болду го!

— Ок калбады, жолдош парторг!— Радисттин муңканычтуу үнү угулду.

— Жүрөк согуп турганда ок түгөнбөйт!

Аңгыча рациядан кабыл алынды: «Чыдагыла, чыдагыла... Барабыз. Багынбагыла!»

Рация токтоду. Батарея түгөндү. Радист кабыл алган буйрукту жоокерлер кыйкырып жатты. Бироокумда ал рацияны талкалай атты. Душмандын колуна андай куралдын түшүшү жаман го.

— Кош болгула, туугандар! Мен атышып жатып өлөм... Кош-ку-ла!—Ага удаа дагы бирөө кыйкырды:

— Кошкула, менден элге салам айткыла!

Туш-туштан ушул сөздөр угулганда парторгдун санаасы бузула түштү. Көзү тумандайт. Ал пулеметтон ок чыгарып, «ураалап» кыйкырды. Бул сапар анын үнү акырын чыгып калган. Бир нече күндөн бери наар сызбады да... Мына ушул «ураадан» башка бир да граната, бир дагы ок-дары калган эмес. Алдары кетип, көздөрү тунарган жоокерлер «кошкула, туугандар, кош, Мекен!» деп күңгүрөшөт. Танка каптап келди!

Дал ушул учурда кимдир бирөө: «Ураа, биздикилер!» — деп жанынын бардыгынча кыйкырды.

Танкалар душманды көздөй ажал бүркүп, сагалаган жоонун сайда-санын чыгарды. Ошондо гана биздикилер келип, эси ооган жоокерлерди замбилге салып, санбатка жөнөтүштү. Токсон жоокерден тогузу калыптыр.

Төрт-беш күн өткөндөн кийин батальондун командири Мадец Алексеевич Алексеев менен Калыйнур Үсөнбековду: «Силерди баатырдыкка чектептир»,— деп сестралар сүйүнчүлөп жатышты.

## IV

Батальон толукталды. Мурдагыдан командир жана парторг экөө гана калган. Жаштар арбын эле. Аларды кандай болбосун болоттой курчутуш керек. Калыйнур алар менен сыр тартышып олтуруп, мындан эки-үч жыл мурдагы өзүнүн ким экендигин мына ошол жаштардын жүзүнөн, алардын жүргөн-турганынан көрүп жатты. Кыштакты бошотуп алаарда алдыда баратып окко учкан түксөгөй каштуу, аны биринчи жолу намыстандырган адам элестелди. «Эгер ал намысыма тийбегенде ...Адам бири-бирин болоттой курчутат экен, бири-бирин асырайт экен.»

Калыйнур жоокерлерге бул оюн түшүндүргөн. Ал тургай башынан өткөндөрүн айтып берип, ар биринин кандай шартта тарбия көргөнүн, тилеги кандай экенин уккан. Саясий жетекчиге булар аябай керек эле.

— Кымбаттуу жоокерлер, Сталинграддан баштап, Берлинге дейре атын сактап келе жаткан 266-дивизиянын даңкын өчүрбөйлү. Биринчи батальондун жоокерлерин ажал коркута алган эмес.—Парторг аларды ынтымакка да, достукка да үндөп барат.

Комсорг Громов Калыйнурдан көп-көп сыр сурап, аны шынаарлайт. Калыйнур бул учурда полктун парторгу. Кез-кези ал жактагы иштерин бүтүрүп койгон соң, кайра эле баягы көнүп калган батальонго келет. Коман-

дирлер ар бир ротаны камкордукка алып, алар менен кошо чабуулга өтө турган.

Берлинге кире бергенде 266-дивизия даңазалуу маршал Г. К. Жуковдун армиясына кошулуп калган эле. Ошол себептен алар Берлинге биринчи кириштн. А деп кадам таштаганда эле аларды салтанат күтүп албай калсын. Ал жагы атышта болгон жоокерге дайын го...

Берлин суусун тең бөлүп Шпрее суусу агып жатат. Мына ушул суунун жээгинде шаар башкаруучусунун имараты заңкаят. Дал ошол имараттын дарбазасы аркылуу гана Берлинге кирүүгө болот. Ал эми суунун жээги бетондолгон чеп. Душмандын мындай плацдармын алыш өтө кыйын. Көчөлөрдөн ок мөндүрдөй жаап, жан киши чыдап өткүс. Аябай куралданган душман жанын үрөп, ок элейт. Октон дубал куруп, ажалды агытып турду. Дал ушул жерде адам каны Шпрее суусунан да ашып аккандай туюлду. Бирок жеңишке делөөрүп алган аскерлердин агымын ким деген токтото алмак.

Жоокерлерди ар бир терезеден, ар бир жылчыктан ок каршы алды. Мына ошого карабай имараттын дубалынын түбүнөн дары коюп жиберишти. Дубал бүркүлүп, күү этип аскерлер кирип кетти. Душмандын ажал бүрккөн жылчыктары жым болду.

Заматтын ортосунда имараттын чатырына бирөө Кызыл Тууну иле салды. Бул комсорг Константин Григорьевич Громов эле. Мына ушундан баштап, армияга жол ачылып, танк дарбазаны буза коюп, көчөлөрдү жойлоду. Дал ушундай кыргында, дал ушундай кармашта байланыш түк үзүлбөдү.

Шпрее суусунун бетондолгон плацдармын алууда Калыйнур Үсөнбеков Кызыл Туу ордени менен сыйланды. Ал эми согуш бүтөөргө жакындаганда плацдармды ээлеп, баатырларча салгылашкандыгы үчүн М. А. Алексеев экөөнө Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылды.

Биринчи батальондон Громов менен байланышчы

Стрельников экөө да Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татышкан. Ошентип, бир эле батальондон төрт Баатыр чыкты.

* * *

1973-жылдын аягында Калыйнур Үсөнбековго генерал-майор деген аскердик наам ыйгарылган. Анткени, ал республикалык ДОСААФтын Борбордук Советинин председатели болуп иштейт. Ал иштеген жылдан бери Кыргызстандын ДОСААФ уюму бир кыйла өскөндүгүн газета-журналдардан окуп жүргөн чыгаарсыздар. Ошентип, биздин элдин Баатыр уулу келечектин баатырларын өстүрүүнүн камында.

*МАХМУДБЕК ГАФАРОВ*

## БААТЫР ЖЕРДЕШИМ

*(очерк)*

Талгат менен Фрунзеде, башталгыч мектепте, отузунчу жылдары бирге окуганбыз. Ал имарат азыр да Ленин проспектиси менен Алымкул Үсөнбаев атындагы көчөнүн бурчунда күнү бүгүнкүдөй сакталып турат. Ар жолу курбум шаарга келген сайын, кездешкенде ошол мектепти айланып чыгып, короосуна баш багуу — бизге адат болуп кеткен.

Кийинчерээк, аны менен 1938-жылы борборубуздагы М. В. Фрунзе атындагы аэроклубда окуп жүргөнүндө кездештим. Талгаттын төртүнчү класстагы эңсеген ою учкуч эле. Үйүнө барганыбызда бастырманын алдындагы столдон анын колунан жаралган авиамоделдерди көп көрчүмүн.

— Мен учкуч болууну чечтим, сенчи? — деп айтып калды. Ал кезде педагогия институтундагы жаңыдан ачылган даярдоо курсунда окуп жаткам.

— Географ,— деп жооп бердим, Талгаттын суроосуна.

...1940-жылы классташ курбум Талгат аэроклубду ийгиликтүү бүтүрүп, Саратовдогу учкучтар окуу жайына кетти, мен аскердик ыйык милдетими аткарууга аттандым. Бир жылдан кийин согуш башталды. Ошондон бери, 1945-жылдын сентябрына чейин көрүшпөдүк. Анан каардуу согуш аяктап, офицердик биринчи отпускада Фрунзеде — вокзалдан жолугушуп калдык. Эски досторчо учурашып, эс алуу мезгили аяктаганча бирге болдук, согуш окуялары жөнүндө көпкө чейин аңгемелешип отурдук.

...Талгат Бегельдинов учкучтар окуу жайынан Оренбургдагы бомбалоочу авиация окуу жайына алынып, штурмалоочу ИЛ-2 самолетунда үйрөнө баштаган. Ошол кезде бул самолеттор Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда абдан таанылып калган. Алгачкы окуу жайындагы аракеттер текке кеткен эмес. Көп убакыт өтпөй эле болочок учкучтун учуу китепчесинде: «ИЛ-2 самолетун башкаруу техникасын эң жакшы өздөштүрдү. Учканды сүйөт. Учууда талыкпайт. Эмгекти сүйөт. Учууда кокустукка жол берген жок. Абада туруктуу, ишенимдүү учуп жүрөт»,— деген алгачкы жазуулар пайда болгон. Мыкты даярдыгы бар учкуч катары Талгат бир канча жолдошу менен полкто инструкторлук кызматка калтырылган. Албетте, бул фронтко умтулган авиаторду капалантпай койгон жок. Акыры бир нече жолку арыздан кийин, алардын өтүнүчү ишке ашты.

— Фронтко!

Талгат Бегельдиновдун тобундагы авиаторлор Түндүк уюлдагы челюскинчилерди куткарууга катышкан, Советтер Союзунун Баатыры полковник Каманиндин штурмалоочу авиация дивизиясына келгенин билишип, абдан кубанышты. Ананчы, Каманин биздин өлкөдө бул наамга биринчилерден татыктуу болгон, эр жүрөк учкуч эмеспи. Дивизияга келер замат ИЛ-2 самолетун бере

коюшкан жок. Алдын ала ПО-2, андан кийин ЯК-12 самолетторунда бир нече күн бою машыгуудан өтүштү. Кийинчерээк учуу техникасы боюнча дивизиянын инспектору андан сыноо алды.

Ар кимиси бирден жаңы самолет өткөрүп алабыз деген ойдо. Бирок андай болгон жок. Талгатты ИЛ-2 самолетунун жанына ээрчитип барышты. Ал калбырдай тешилген, жамак-жумагына сан жетпейт. Стабилизаторунда «13» деген цифра жазылган. Ал самолеттун номери болучу. Кабинадан механик чыга калды да, самолеттун учууга даяр экенин билдирди. Самолет асманга көтөрүлүп учту. Кубаныч жүрөккө сыйбайт. Анаңчы, бул машыгуучу эмес, күжүрмөн самолет да. Учуу тапшырмасын мыкты аткаргандан кийин, Талгат штурмовикти аэродромдун белгиленген жерине, «Т» деген тамганын так жанына кондурду. Командир жаңыдан келгендердин бардыгын катарга тургузду да, команда берди:

— Сержант Бегельдинов, эки кадам алга!

Эки кадам аттап, дем чыгарбай туруп калды.

— Эң жакшы учкандыгыңыз үчүн алкыш жарыялайм.

— Советтер Союзуна кызмат кылам! — деп кыйкырып жибергенин сезбей да калды.

Кайра машыгып учуулар, бомба таштоого, атууга үйрөнүүлөр. Күжүрмөн тапшырманы аткара турган мезгил да жетти. Бул 1943-жылдын февралында болгон.

17-февраль күнү эртең менен полктун штурманы Степанов башкарган тогуз самолет темир жол станциясын бомбалоого приказ алды. Учуу алдында инструктаж тыкандык менен өткөрүлдү, эң башкысы — алдыдагы биринчи самолет эмне кылса, ошону тууроо, катардан четке чыкпоо керек экендиги кайталанып айтылды.

Учуп чыгышты. Күн чайыттай ачык, ызгаардуу суук. Талгаттын бүткүл ой-аракети катардан калбоо. Фронт тилкесинен өткөнүн да сезбей калды. Эң алдыда бараткан Степановдун самолету канаттарын булгалап, радио

аркылуу команда берди: «Атакага даярдангыла!» Кабинанын сыртында душмандын зениттик замбиректеринен атылган снаряддардын жарылганы көрүндү. Степановдун самолету ылдый, типтик учту. Талгат да самолетун ошол абалга келтиргенде, темир жол вагондорунун эшелондорун көрө калды. Паровозго жете бергенде гашетканы басты эле, замбиректерден, пулемёттордон алоолонгон оттор чыкты, бомба кнопкасына басканда оор жүгүнөн арылгандай болуп, самолет өйдө-төмөн силкинип алды. Паровоздон буу туш тарапка атырылды, гитлерчилер вагондордон секирип түшүп, качып баратышат. Самолетту кайра айланта буруп, дагы бир жолу бытырата атып алды. Биринчи күнкү күжүрмөн учуу жалпысынан мыкты өтсө да, кемчиликтер болбой койгон жок. Бегельдиновдун уруксатсыз экинчи жолу атакага киргени эскертилди.

Жерге конгондон он беш минута өтө электе кайра асманга учууга буйрук берилди. Бул жолу жолдошу Пошевельников менен жөнөдү. Өткөндөгү кемчилик эсте. Баягы эле темир жол станциясына баратышат. Айлана алоолонгон от ичинде, кара түтүн каптаган. Ок атылып, бомбалар ташталды. Эртең менен фронт тарапка жөнөтүлүүгө даяр турган эшелондордун ордунда металлдан, жыгачтан үймөктөлгөн чачындылар, гитлерчилердин өлүктөрү калды.

Үчүнчү жолку учуу... Ошентип, согуш күндөрү башталды.

Талгаттын самолету асманга бир күндө беш-алты жолу көтөрүлүп турду. Калбырдай тешилип, тамтыгы кеткен самолетун нечен жолу аэродромго арандан зорго кондурган учурлары болду.

...Уруш Калинин областындагы Старая Русса шаарынын жанында болуп жатты. Сегиз ЯК истребителинин коштоосунда тогуз штурмовик душман тарабынан коргонуунун бекем чебине айландырылган бир кыштакты көздөй учуп чыгышкан. Тапшырма анчалык деле татаал

эмес: немецтердин артиллерия позицияларына чабуул коюп, анан солго бурулуп, саздак жерлердин үстүнөн учуп өтүп, аэродромго конуу.

Кыштакка жакындай бергенде башкарып бараткан старший офицер майор Русаковго радио аркылуу командалык пункттан душмандын алтымышка жакын истребителдери асманда үч кабат болуп, учуп жүрүшөт деп кабарлашты. Биздикилер да, душмандын истребителдери да бири-бирине кол салып кириштн. Советтик үч штурмовик атып түшүрүлдү. Талгат тапшырмасын аткарып, четке чыга бергенде аны көздөй «Мессершмидт» самолету чабуулга өттү. Душман эч бир тартынбастан илгерилейт, советтик штурмовиктин ылдамдыгы аз экенин билет. Айла канча. «Эмне үчүн чегинүү керек, эмне үчүн өзүм чабуулга өтө албайм», деди да Талгат машинасын душмандын самолетун көздөй бурду, «Мессершмидт» ошол учурда туптуура анын кароолуна туура келди. Талгат күч менен гашетканы басып калды. Октор истребителге тийгенин көрдү. Душмандын самолетун түтүн каптады, кыйшайып төмөн учуп, жерге барып сайылды. Талгаттын самолету тең салмагын жоготуп, тик ылдый түшө баштаганда оңдоп, ылдамдыгын күчөттү. Самолет абдан зыян тарткан, бир нече негизги тетигине ок тийип иштен чыккан. Аэродромго эптеп эле жеткирип, кондурду. Кабинадан араң зорго жылып чыгып, чуркап келген учкучтардын колуна жыгылды. Бир аздан кийин эсине келип көзүн ачса, полктун командири жанында турат.

— Эмне болду, Бегельдинов?— деп ага кайрылды командир.

Ал уруш жөнүндө, немецтер биздин беш штурмовикти атып түшүрүшкөндүгү жөнүндө айтып берди. Эмнегедир «Мессершмидт» менен алышканы тууралуу сөз каткан жок. Учкучтар анын айткандарын баштарын жерге салып, угуп турушту. Ооба, күжүрмөн достордон ажыроо оңой эмес.

Эртеси күнү таң эртең менен штабдан келген чабарман Талгатты ойготту. Ал тез кийинип, бир нече минутадан кийин полктун командирине жетип барды.

— Дивизиядан телефон чалышты. Сенин тезинен келүүңө буйрук беришти.

— Эмне болуптур?

— Билбейм. Мен кечээ күнкү уруш жөнүндө кабарладым. Калыбы, толук билгилери келет окшойт. Барып, бардыгын жетекчилерге төкпөй-чачпай айтып бер.

Бегельдинов кар баскан талаа аркылуу, токой аралап, кыштакты көздөй жөнөдү. Аны дивизия штабындагылар күтүп турушкан. Адьютанттын жанында граждандарча кийинген бир нече киши отурат. Ал келгендигин кабарлаганда жанагылар бурулуп караштыл. Адьютант ошол замат дивизиянын командиринин кабинетине кир деп жаңсады.

— Сержант Бегельдинов Сиздин чакыруууңуз боюнча келди,— деп айтты ал полковник Каманинге.

— Жакшы. Отуруңуз,— деп командир отургучту көрсөттү.

— Отуруңуз, отуруңуз!

Талгат отура кетти да баш кийимин чечти, бут кийиминен эриген кардын суусунун акканын көрүп ыңгайсызданды.

— Кечээ күнкү урушту айтып бериңиз.

Учуп чыккан мезгилден баштап, бардыгын ийнесинен жибине чейин калтырбай санап айткандай болду.

— Аларды билем,— деп сөзүн бөлдү Каманин.— Мен истребитель менен болгон бетме-бет алышуу жөнүндө сурап жатам. Айтыңызчы, полктун командирин бул жөнүндө эмне үчүн кабарландырганыңыз жок.

Талгат эмне дээрин билбей калды.

— Сиздин истребитель менен алышканыңызды артиллеристтер көрүп туруптур. Самолетунан секирип түшкөн учкучту алар туткунга алышты. Артиллерия полкунан телефон чалышты.

Талгат уруш жөнүндө эмнегедир чар жайыт айтты. Каманин эшикти ачып, жанагы гражданча кийингендерди чакырды. Алар газеталардын кабарчылары экен: учкучка суроону жаадырып жиберишти. Дивизиянын командири штурмовиктин истребителге каршы чыккан мындай учуру авиациянын тарыхында биринчи жолу болгонун билдирди.

Командир Талгаттын атып түшүргөнү фашисттик ашынган учкуч экенин айтты. Майор наамындагы ошол неме жүз сегиз самолет атып түшүрүптүр. Ал Бельгияда, Францияда жырткычтык кылган, Балканда да учуп жүргөн. Гитлердик жүзү кара, аны бар болгону асманга күжүрмөн тапшырма менен сегиз жолу гана учуп чыккан советтик сержант атып түшүргөнүнө таптакыр ишенбеди.

Каманин Талгаттан кечирим сурагандай болду: немец ошол учкуч менен сөзсүз тааныштыр деп өтүнүптүр, бирок жолугушуу болбой калды. Аны армиянын штабына жөнөтүшкөн.

— Урушту эң жакшы жүргүзүп, истребителди атып түшүргөндүгүңүз үчүн авиация армиясынын командачысы Сизди СССР Жогорку Советинин Президиумунун атынан Ата Мекендик согуштун экинчи даражадагы ордени менен сыйлады,— деп Каманин жай айтты.

— Советтер Союзуна кызмат кылам! — деп Талгат кубанганынан кызара түштү.

Ошол жылы партиялык чогулуштардын биринде, күжүрмөн тапшырманы жаңы эле ийгиликтүү аткарып келген Талгат Бегельдинов КПССтин мүчөлүгүнө кандидаттыкка кабыл алынды.

* * *

...Волгадагы салгылашууну аяктап, биздин аскерлер чабуулун өрчүтүп олтуруп, азап чегип жаткан Украина

жерине жетип барган. Советтик Армиянын аскерлерине тоскоолдук кылып, кандай болсо да токтотууга аракет жасаган душманды учкучтар күнү-түнү штурмалап жатышты.

Бир жолу генерал Рязанов полктун офицерлерин чогултту.

— Тапшырма мындай,— деп сөзүн баштады ал.— Харьковдогу чоң аэродромду немецтер кебелбес бекем чеп катарында эсептешет. Алардын апырткан жери жок. Чынында эле ошондой чыгар! Ошол аймакка душман көп сандагы зениттик артиллериясын топтоп, аны истребителдик авиация менен курчаган. Аэродромду бомбалоо үчүн жасалган бир нече жолку аракетибиз оңунан чыкпады. Ушул аймакка штурмалоочу авиация менен сокку урууну командование туура тапты.

Калыбы, немецтер жаңыдан ойгонгон көрүнөт, биздикилердин учуп барганы чайыттай ачык асмандан чагылган түшкөндөй болду. Аэродромдогу он эки бомбардировщик тамызгыдай дүрт деп өрттөндү, авиация бомбаларынын складдары, учкучтар жашаган имараттар жок кылынды.

Советтик шумкарлар өз жерине эч бир жоготуусуз кайтышты. Бул жерде аларды чоң кубаныч күтүп турган. Командованиенин атынан полкко генерал алкыш жарыялады жана учкучтар Кызыл Туу ордендери, ал эми радист-аткычтар Ата Мекендик согуштун ордендери менен сыйлана тургандыгы жөнүндөгү приказды окуп берди.

Учкучтар эми бүгүн учуулар болбос, деп сакал-мурутгарын кырып, кийим-кечелерин тазалашып, кечки сейилге камданышты. Күндүзгү саат экиде аларды командалык пунктка чакырып калышты. Генерал немецтер эс-учун жыйып калганын билдирип, Харьковго дагы бир жолу «сейилдеп келгиле» деп буйрук берди.

Алты штурмовик асманга көтөрүлүп, батышты көздөй бет алды. Бийиктик эки миң метр. Асманда үзүктөй

да булут жок. Колдоочу истребителдер көрүнбөйт, мына фронттун алдыңкы позициялары. Истребителдер жок.

Белгиленген жерге жетип калышты. Немецтер эмне үчүн ок атпайт? Күтүлбөгөн жерден ондогон зениттик батарея жандана түштү. Асман жарылууларга толуп кетти. Сак болуш керек. Аба коргонуусунун биринчи тилкесинен, анан экинчисинен өтүштү. Сол жактан биздикилерге штурмалоочу аэродромду көздөй истребителдер коштогон бомбардировщиктердин бир тобу кайтып келе жатканы көрүнө калды.

«Мессершмидтер» кескин бурулушту да биздин алты штурмовикти карай атырылышты. Алтоono каршы он эки истребитель! Душман өйдө жактан, төмөн жактан кол салып кирүү аракетинде. Асманда баш аламандык. Чоң жоон топ жорулар бир жерде айланып учкандай. Күтпөгөн жерден немецтердин бирөө Талгаттын самолетуна төмөн жактан аткылап, алдыга карай озуна бергенде ал замбиректеринин гашеткасын басып алды, истребитель солго жантайып ылдый көздөй кулады. Катарлаш дагы бир душман самолету жерге таштай учуп түштү.

Бул гитлерчилердин кызуулугун басаңдатты. Ошондо Талгат штурмовигинин эмнегедир башкарууга баш ийбегенин сезди. Ага ок тийсе керек. Эмне кылыш керек? Кайра тартуу керекпи? Жок, эч качан андай болушу мүмкүн эмес. Белгиленген жер жакын, машина чыдашы керек. Мына аэродром. Андан жүздөгөн бомбардировщиктер, истребителдер көрүнөт. Аэродромдун талаасы ополоң-тополоң. Биздин алты штурмовик учууга камдалган самолетторго чабуул жасап кирди. Эки «Фокке-Вульф» оодарылып, таш-талканы чыкты. Экөө көтөрүлүп чыгарында бири-бирине урунуп, өз бомбардировщиктеринин үстүнө барып түштү. Алар өрттөндү. Мээлеп ташталган бомбалар ок-дарылар жыйылган жайларды жардырды.

Талгаттын самолету күчүнөн ажырап баратканы се-

зилет, суу менен майдын температурасы жогорулоодо, мотор үзгүлтүк менен иштейт. Самолет аэродромдон айланып, кайра тартты. Мотор биротоло отказ бере баштады, катардан чыгып, бир аз четте учту. Айланада душман байкалбайт.

Фронттун линиясына кырк километр чамасы калганда душмандын эки «Фокке-Вульф» истребители күн тийип турган жактан нурга чагылышып чыга келди.

— Эх, эч болбогондо самолет оң болсочу — силер менен көрүшөт элем,— деди Бегельдинов.— Эми буйтап гана качыш керек!

Душмандын истребителдери эки жактан куушуруп кирди. Алардын бирөө «каршылык көрсөтүүң бекер, мени ээрчип уч» дегендей белги берди. Өз аэродромуна алып кеткиси бар. «Жок, андай боло койбос!» — деди ичинен Талгат.

Советтик самолетту «тирүү» алып кете албасына көзү жеткен немец, жай айланып учуп, штурмовикти ата баштады. Талгат самолетун бирде ылдый, бирде өйдө, бирде четке чыгара коёт. Снаряд фюзеляжга тийди. Дагы бирөө моторду көзөгөндө от чыкты.

Пулемёттон жаадыра атылган ок моторго жана кабинага тийди. Кабинанын капкагы учуп кетти. Оттун жалыны беттен алат. Ок Талгаттын акырегин жана бутун тызылдатты. Бийиктик үч жүз метр.

— Секир! — деп команда берди Талгат радист-аткычына.

— Талгат, а...

— Секир дебедимби, шайтан алгыр десе! Буюрамын!

Радист-аткыч Яковенко парашют менен секирди. Талгат башкаруу рычагын буту менен катуу тээп жиберди да, өрттөнгөн самолеттон секирди.

Сейрек токойчо. Жым-жырт. Яковенко Талгаттын жанына чуркап жетип келди.

— Ордуңан тур, качалы! Эртерээк, Талгат, эртерээк! — деп кыйкырат Яковенко.

Талгат парашютун чечип ыргытты, бир нече кадам жасап, кокуйлап жерге отура кетти. Радист-аткыч эмне болгонун түшүнө калды да гимнастеркасын чечип, ич көйнөгүн айрыды, Талгаттын бутун, акырегин таңды. Аны желкесине салып, токойдун калың жерине алып кирип кетти. Түн ичинде жерге түшкөн кууранган жалбырактардын үстүнө жатып бир аз эс алышты. Түндөп жүрүп олтурушуп, бир кыштакка туш келишти. Эч кандай жан жок көрүнөт. Бир тамдын жанына жакындап барышканында.

— Хальт! — деген үн чыкты.

Бегельдинов менен Яковенко үн катпай туруп калышты.

— Хальт! — деген үн дагы жакын жерден чыкты, бир нече кадам жерден эки солдат пайда боло калды.

Так атылган эки ок бир учурда чыкты, эки немец тең жерге сулады. Алар кайра токойго кире качышты. Көпкө чейин ок атуулар, иттердин үргөнү тыйылган жок.

Фронт жакын калды. Боортоктоп жылып отурушту. Күтүлбөгөн жерден ракета жарк дей түштү, жарылуу пайда болду. Өзүбүздүкүлөргө жетип барууга анчамынча калганда, баягы жарылган снаряддан Яковенко каза болду. Жолдошу менен акыркы жолу коштошуп, он беш күн дегенде Талгат өзүбүздүкү тарапка жетти. Жолдоштору дайынсыз жоголгондор жөнүндө эмне болгонун угуп билишти.

Үч жумадан кийин жараттар айыкты. Талгат жаңы самолет алып, асманга кайра көтөрүлүп учту.

...Орел—Курск багытында салгылашуу башталганда Бегельдинов өзүнүн кужурмөн достору Николай Шишкин жана Сергей Чепелюк менен бирге күн сайын асманга эки-үч жолудан учуп чыгып турушту. Алар душмандын чындоолорун бомбалашты, анын жандуу күчүн жана техникасын жок кылып жатышты.

Ушул тарыхый уруштардын жүрүшүндө Талгат Бегельдинов, кийин Советтер Союзунун эки жолку Баатычы

ры болгон, атактуу истребитель-учкуч. С. Луганский менен достошуп калды. Алар биринчи жолу уруш жүрүп жатканда таанышышты.

Аба салгылашууларынын бирннде фашисттик эки истребитель биздин штурмовиктердин бирине жабышышты. Луганский ошондо «Мессершмидт» менен алышып жаткан. Ал ИЛ-2 самолетунун кыйын абалда калганын көрүп, жардамга барды. Штурмовиктеги радист-аткыч жарадар болуп, душмандын истребителдери менен Талгат жалгыз өзү урушуп жаткан. Луганский фашисттик самолеттордун бирине кол салып, аны өрттөдү. Экинчиси каршылык көрсөтпөй качып кетти.

Ошол эле күнү кечинде учкучтар тамак ичүүгө аэродромдун ашканасына чогулганда Бегельдинов столмо-стол кыдырып:

— Айткылачы, бүгүн 47-номерлүү истребителде ким учуп жүрдү,— деп сураштырды.

С. Луганский ордунан туруп, учкучтун жанына басып келди:

— Мен! Эмне экен? Бегельдинов Луганскийди катуу кучактап, бетинен өптү.

— Сен мени өлүмдөн сактап калдың. Биздин элдин салты боюнча сен менин бир тууганымсың, мыкты досумсуң,— деп толкундана айтты ал.

Алар ошол күнү кечинде көпкө маектешип отурушту. Ал эми кийинки уруштарда, оор учурларда, бири-бирин көп жолу колдошту. Бул өз-ара куткаруу согуш мезгилинде өзгөчө маанилүү болгон.

Бир күнү Талгат кезектеги учуудан кайтып келди. Полктун командири самолеттун жанына басып барды да, кубанычтуу жүз менен кийимин тезинен алмаштырып кийип, сыйлыктарын бүт тагынып алып, штабга келүүгө буйрук берди. Жаңы гимнастерканы кийип, Ата Мекендик согуштун I жана II даражадагы ордендерин, Александр Невский, эки Кызыл Туу, Даңк ордендерин,

медалдарын жана гвардиялык белгини тагууга туура келди.

Бегельдинов ошол түрүндө полктошторунун катарына барып турду. Генерал Указды окуп берди. Анда Талгатка Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилгендиги жазылган. Анын көкүрөгүнө Ленин ордени менен Алтын Жылдыз медалы тагылды. Ал 1944-жылдын октябрь айы эле. Жердешим, мекендешим ошондо 22 жашта болучу.

Талгат Бегельдинов согуш жылдары ичинде 300дөн ашык жолу асманга көтөрүлүп, кужүрмөн тапшырма аткарды. Ал Калинин, Степной, Воронеж, 1-жана 2-Украина фронтторунда салгылашты, Корсунь—Шевченко операциясына, Бреслау аймагында фашисттик группировканы талкалоого катышты...

Бегельдинов командалык кылган штурмовиктер Днепрди жана Висланы кечип өтүүдө, Орел, Белгород, Харьков, Полтава, Львов шаарларын бошотууда, Краков, Оппельн, Лингиц шаарларын алууда биздин жердеги аскерлерге көмөк берип турду. Талгаттын штурмовиги Берлиндин жана Праганын үстүнө далай жолу учуп барды.

Командование Бегельдиновдун башкаруусундагы штурмовиктердин тобун эң оор жана жооптуу тапшырмаларды аткарууга жиберген учурлар аз эмес. Алардын бардыгы жакшы натыйжалар менен аяктап турду.

Жерде анчалык байкалбаган, жөнөкөй Бегельдинов асманга учканда таптакыр өзгөрүлүп кетер эле. Аны билбегендердин бардыгы Талгаттын чебердигине, эрдигине, туруктуулугуна таң калышчу.

Мыкты учкучтардын бири катары Талгат Бегельдиновго чалгындоого чыгууну көп тапшырышкан. Ал тубаса мергенчинин эпчилдиги менен фашисттик аскерлердин, алардын кужүрмөн техникасы топтолгон жерлерин аныктап, сүрөткө тартып, картага түшүрүп кайтар эле.

Гвардиянын капитаны Талгат Бегельдинов команда-

лык кылган штурмовиктер эскадрильясы полктон алыскы жерлерде, тоолуу аймактарда, аба-ырайынын эң оор шарттарында аракет кылган.

Согуштун акыркы айларында эскадрильяда жоготуулар болгон жок, ал өз багытынан бир жолу да адашпады. 1-Украина фронтунда анын эскадрильясы мыктылардын мыктысы деп бекеринен эсептелчү эмес.

Согуш жылдарында Талгат Бегельдинов жок кылган душмандын техникасын санап бүтүрүү кыйын. Эгер алардын бардыгын бир жерге чогултсаң, анда — самолеттор да, танктар да, автомашиналар да, ар кыл замбиректер да, минометтор да бар. Ал эми күлү асманга сапырылган күйүүчү май жана ок-дары сакталуучу складдарды, ар түркүн курал салынган вагондорду айтпай эле коёлу.

Согуштун акыркы күнү Талгат Бегельдинов асманга 305-жолу көтөрүлдү. Так мына ошондо полктун штабынан радио аркылуу фашисттик Германия багынып берди деп кабарлашты. Ошентип, ал өз самолетунун кабинасында күжүрмөн тапшырманы аткарып жүргөндө согуштун аякталганын укту...

...Москва. Улуу Родинабыздын шаңга, салтанатка бөлөнгөн борбору. Кызыл аянт. Жеңиш парады. Биринчи Украина фронтунун курама полкунун алдында маршал Иван Конев баратат. Анын артында биринчи катарда Талгаттын күжүрмөн достору Иван Кожедуб, Сергей Луганский, Юрий Балабин... алардын сол жагында—эң четинде эки Алтын Жылдыздуу Бегельдинов...

...Тынчтык күндөр башталды. Аскердик практика чоң, билим аз. Жогорку билимге ээ болуу максатында Талгат бир катар жолдоштору менен аскердик-аба академиясынын партасына отурду. Окуунун бир жылы бүткөндө Казакстандагы Акмоло областынын Макин паровоз депосунун жумушчулары аны СССР Жогорку Советинин депутаттыгына кандидат кылып көрсөтүштү. Ал

ошол жерден элдик бийликтин жогорку органына экинчи жолу да шайланды.

Аскердик кызмат Талгат Бегельдиновду өлкөнүн бир бурчунан экинчи бурчуна барып иштөөгө мажбурлады. Бардык жерде өзүнө тагылган милдетти ал ар качан талаптагыдай аткарып жүрдү. Согуштун кесепеттери из калтырбай койгон жок. Ден соолук начарлады. Ошентип, 1957-жылы ал Советтик Армиядан демобилизацияланды...

Өлкөдө курулуш кеңири кулач жая баштаган учур. Талгат ушул асыл ишке өз салымын кошууну чечти да Москвадагы инженердик-куруучулар институтуна сырттан окууга кирди. Жогорку окуу жайы ийгиликтүү аякталды. Коммунист Талгат Бегельдинов азыр куруучу инженер — коммунисттик коомдун курулушунун активдүү катышуучусу.

Ооба, Талгат азыр запаста эмес, мурдагысындай эле катарда, болгондо да тынчтык турмуштун алдыңкыларынын, гвардиячыларынын — эпкиндүүлөрүнүн катарында.

*ЖАПАР СААТОВ*

# ЭРДИК ЭЛЕСТЕРИ

*(очерк)*

...Идирис Кадыркулов жөнүндө ойлогонумда, менин көз алдыма: көздөрүнөн жалын чачыраган, кара каш, кара көз, шыргыйдай болгон, автоматтуу жаш жоокер жигиттин элеси келет... Ооба, ал немецтик баскынчылар менен салгылашып жүргөндө, жыйырма үч гана жашта болучу. Аскерге чакырылаар алдында Тогуз-Торо районуна караштуу Додомол жети жылдык мектебинде балдар катары эле окуп жүрчү.

Анан аскер турмушу башталды. Анда өткөргөн азыноолак жылдар Идиристи такшалтты, согуш техникасына машыктырды, кулк-мүнөзүн өзгөрттү... Азыр анын жашы элүүдөн жаңы эле кыңкайып баратса да, ошол кыр мурут кези, көзгө сайса көрүнгүс караңгы түндө жыландай сойлоп, немецтик желдеттердин тылына кирип бараткањы, тикенектүү зымды кыркып өтүп, жоонун келээр жолуна мина койгону... айтып түгөтө алгыс дагы-

дагы толгон токой эрдиктери, эми эле болуп өткөндөй көз алдымда турат.

...1941-жылдын көктөмү. Дон. Идирис Кадыркулов, бутунан жеңил жарадар болуп айыгып чыккандан кийин, 53-аткычтар дивизиясынын 103-сапердук батальонуна миначы-сапер болуп которулган.

Киши күчү жагынан да, техника жагынан да артыкчылык кылган немецтик желдеттер басып алган жерлеринин күлүн асманга сапырып, бала-бакыра, кемпир-чал дебей асып-атып, азезилдей улам алдыга жүткүнүп келаткан эле.

Мына ошондо катардагы жоокер Идирис Кадыркуловго биринчи тапшырма берилди. Ал, кандай да болбосун, немецтердин чабуул коюп өтө турган жолуна мина коюп, кедерги кылуусу керек эле. Айрыкча, алардын танкалары күргүштөтүп от чачып, каптап кетчү.

— Тапшырма түшүнүктүүбү?

— Түшүнүктүү, жолдош старший лейтенант.

— Орундатыңыз.

— Жарайт, жолдош ротанын командири.

Катардагы жоокер өзүнүн командири Мальцевге чыкыйып честь берди да, дайыма жубун жазбаган Александр Кондратьев жана Алеша Петров менен бирге жөнөп кетти.

Биздин жоокерлер кужүрмөндүүлүк менен окопторун терең казып алышып, коргонуу чебин ээлеп жатышкан. Немецтер чабуулга өтүшү ыктымал эле.

Жамгыр көнөктөп төгүп, караңгы түндөн карыш жердеги караан көрүнбөй, боор менен сойлоого эң эле катуу тоскоолдук кылып жатты. Жубун жазбаган үч жоокердин экөө мина салынган ящикти кылдаттык менен колдошуп, эң алдыда сойлоп баратканы мина издегич менен жолду текшерип көрүп, куйрук удаалаш. Алардын ар биринде автомат, граната, кокусунан жекеме-жеке кездеше калчу болсо, колдоно турган канжар. Эгер күндүз кезигишсе, бул үчөө бири-бирин дароо таа-

ный алышпас эле. Анткени, балкычтан улам бети-башына чейин карала-торала, өтмө катарынан суу өткөн. Бирок, аны демейдеги эле нерседей көрүп, маани бербеске көнүп алышкан.

Атылган ракета созолонуп асманга чыкканда, алар жер менен жер болуп жата калышты. Көзгө чалдыккан күндө да, жердин ыраңы менен алардын сырткы түрүн ажыратуу кыйын эле... Мына, эми күсөгөн аймак таман астында. Идиристин кыска саптуу күрөгүнөн шырп эткен дабыш чыкпай, ар бир мина шахматтын тактасындай тартипте кылдаттык менен көмүлүп, өзү улам артка бооротоктоп жылып отурду... Шартталган жагдайда бирин бири коргоп, эриш-аркак болгон үч жоокер командирине эсен-соо келип рапорт беришти:

— Тапшырмаңыз, аткарылды, жолдош командир!

Бирок, согуш дегениң катып калган «көк сеңкер» эмес, ал жагдайга жараша ар бир секунта сайын ар кандай болуп өзгөрүп кете тургандыгын, жана ал түгөт адамды эркелетип, башынан сылабастыгын дасыккан жоокерлер жакшы билише турган. Анын сыңарындай алар келгенче, тактика кайрадан өзгөрүлүп, биздикилер чабуулга өткөнү калышкан эле. Ошондуктан көмүлгөн минаны кайрадан алуу керек болучу.

Өңүт, кырдаал, шарт ошондой болуп калганын айттырбай түшүнүшкөн үч жоокер, тыным албай, кайрадан жөнөштү. Тапшырма өз мөөнөтүндө так аткарылып, биздикилер ошол нөшөрлөгөн жаандуу түнү немецтерди өз ийининде талкалашты... Жамгыр эмес таш жааса да өз милдетин өтөөгө дайым даяр турган күжүрмөн жоокердин эрдиги эске алынып, Идирис Кадыркулов мына ошондо биринчи жолу «Кызыл жылдыз» ордени менен сыйланган. Бул — 1943-жылдын июнь айы эле.

Биздикилер бүгүн бир кыштакты бошотсо, эртеси аны алдырып жиберип, алакандай жер колдон-колго өтүп турган эң кыйын кезең болучу... Согуштун алгачкы жылдарындагы күнүмдүк ийгиликтерге дегүрсүп турган

гитлердик кан ичкичтердин мыкаачылыгын Идирис бошотулган жерлерден өз көзү менен көрүп, төбө чачы тик турду, кезенди, душмандан өч алуу сезими артты.

— Канга — кан, өлүмгө — өлүм!

Муштумду түйүлтүп, канды кызыткан ушул сезим Идирис Кадыркуловго кандайдыр бир теңдешсиз күч-кубат берип, болоттой курчутуп да, чыйралтып да турду. Ал, гитлердик канкорлор тарабынан күнөөсүз адамдар асылып, жаш балдардын өрттөлгөнүн ойлогондо, өлөрүн да билбей кетчү. «Менин жаным ушулардыкынан артык бекен» — деп ойлочу ал, бүйрөсү кызып.— Ай, канкорлор! Наристелерди өрттөөгө колдору кантип барды... Силер да биздин колдон так ушинтип таш кабасыңар». Душманга жаалы келип, боордошторуна жаны ачыган Идиристе өлүмдөн да кайра тартпаган өткүрдүк бар эле. Ал, командованиенин ар кандай тапшырмасын аткарууга, керек болсо, мекен үчүн, эл, жер үчүн, жогоркудай наристе балдардын бак-таалайы үчүн кырчын өмүрүн кыйып коюуга да даяр болучу.

Бетме-бет тирешип келип, ок чыгарбай тымып жатып калган душмандын канча күчү бар экендигин так билип келүү жөнүндөгү тапшырма, Идирис Кадыркуловго мына ушундай учурда берилди.

— Жарайт, жолдош командир!

Аскердик тартип боюнча адегенде эле ушул сөз оозго келет эмеспи. Бул ыйык жооп, ар бир жоокердин согушка кирер алдындагы анты. Аны кандайча аткаруу ар кимдин өзүнө жараша болот... Же өлүм, же өмүр! Канча кылган менен адам адам да. Анын жүрөгү да, намысы да, коркунучу да бар. Жүрөк болгон жерде ар кандай сезим да болбой койбойт. Бирок, Идирис Кадыркуловду бир гана күчтүү сезим ийилеп турду: «Кандай да болбосун, душмандын канча танкасы, канча киши күчү, кандай курал-жабдыктары бар экендигин тактап билишим керек». Ал үчүн өтө жакын аралыктан барып байкоо керек эле... Кээде жата калып, кээде жыланча сой-

лоп, кээде бадалга жашынып олтуруп, миң-алакет менен душмандын кароолу турган жерге жакындап барган Идирис, өңүп жатып, кичинекей радиопередатчик аркылуу көзү көрүп, кулагы туйган маанилүү маалыматтарды айта баштады.

— Аткыла!

Аргта, Идиристен бир канча алыс жерде бугуп жаткан биздикилер тараптан атылган оор замбиректердин октору чалгынчыдан ашып барып, душман турган жерге жамгырдай жаап жатты... Немецтер чычкан сыяктуу кирерге жылчык таппай, бүлүккө түшүп, койдой жуушады. Алардын танкалары алоолонуп күйө баштады.

— Дагы, дагы, дагы...

— Эң жакшы, эң жакшы...

— Күйүп жатат, күйүп жатат.

Дал тийген снаряддарга моокусу канган Идирис жалын чалган кара түтүндүн арасынан каж-каж этип кым-куут болгон немецтердин сөлөкөттөрүн, орулган камыш сыяктуу алардын каршы-терши сулап жаткандыгын, бүркүп жибергендей асманга атылып жарылган ок-дары сакталуучу складдарын, күйүп бараткан танкаларын... өз көзү менен көрүп турду.

Бирок, жер жайнап, аржактан дагы жаңы танкалар чыкты... Алардын саны, каерде келатканы тигилердикинен мурда биздикилерге билдирилип турду... Оор артиллерия уулдап, туш-туштан отоп кирди. Түтүн... Өрт... Жалын. Жер солкулдап, бүркүлгөн чамынды аралаш түрмөктөлгөн коюу кара чаң асманга көтөрүлөт... Душмандын аман калган анча-мынча танкалары өөрчүп, алдыга жутунду. Куду жылдыз учкандай тилке-тилке болуп жаркыраган снаряддардан кийин, алардын чалдыбары гана калып, кулак тынчый түштү.

Ангыча, Идиристин кулагына биздикилердин ураалаган сүрдүү үндөрү угулуп, каз-катар тизилген танкалар көрүндү. Сайдагы агындыдай жайнаган өлүктөрүн алуу-

га чактысы келбей, душман артка чегинип бараткан эле... Ошентип, дагы бир кыштак бошотулду.

Немецтер өздөрүнүн техникалык жана адам күчү жагынан болгон артыкчылыгына чиренип, дале болсо чыкчырылып турган эле. Аткычтар дивизиясынын жоокерлери Дон суусунун бир өйүзүндө болсо, немецтер анын экинчи өйүзүн ээлеп жатышкан. Чалгынчылар алардын кайрадан чабуулга даярданып жатышкандыгын билдиришти. Бул маалда көз байланып калган. Асманды чымкый каптаган кара булут эрингендей каалгып, батышты көздөй көчүп баратты.

Жер астындагы үңүй казылган үңкүрчөдөгү үлпүлдөгөн чырактын шооласына картасын жайып алып, өзүнчө белгилерди коюп олтурган батальондун командири майор Воронков, ошол замат Идирис Кадыркуловду чакыртып калды.

— Сиз мина койгонду жакшы билесизби?

— Билем, жолдош майор.

— Эмесе, мындай кылыңыз.— Ал, Идиристи жакыныраак келүүгө чакырып, картадан бардыгын көрсөтө, баяндай баштады.— Немецтер мына бу жерде... А сиз, Кондратьев жана Петров үчөөңүздөр, мобу жерден өтөсүздөр да, мынабу жакты миналап коёсуздар. Биз, алар күтпөгөн тараптан кол салабыз. Алар же быякка, же тыякка качышат. Үчүнчү жол жок. Демек, алар артка чегингенде, сиздер койгон минага барып урунгандай болсун. Түшүнүктүүбү?

— Түшүнүктүү, жолдош майор.

— Эмесе, орундатыңыздар, бирок өзүңүздөргө өтө сак болуңуздар.

Нечен жолу чалгынга чыгып, далай миналарды койгон Идирис мындай жооптуу тапшырманы эч убакта алып көргөн эмес. Комбат өзү ишенип, өзү жиберип жаткандан кийин, кырдаалдын эң оор экенин жүрөгү сезбей койгон жок. Бирок, ушул оор ишенимге татыктуу болуп, абийир, намыс алсам деген патриоттук сезим,

жаш жоокерди чыйралтып да, делебесин козгоп да турду.

Түн жамынган үч жоокер кичинекей кайыкка түшүп, шырп эткизбей мелмилдеген Дондон сүзүп өтүштү да, аркы жээкке чыгышты. Жээктен ары бир чакырымга жакын узун тилкеде немецтер жок. Алар, киттей дүмүрөйгөн кыштакты ээлеп жатышат. Кыштактын чар тарабы бадал, бирин-серин өскөн бактар да бар. Кондратьев менен Петров бир нече метр алга жылып барышып, автоматтарын сундура, эки жакты агылгалап жата калышат. Идирис болсо экөөнүн соңунда. Алар немецтер жаткан кыштакка түз барбай, тик ылдый кириштн да, бир нече километр төмөн кирип барып, кыштакты алыстан айланып өтмөкчү болушту. Казылган окоп, талкаланган автомашиналар жана танкалар, кишинин өлүктөрү, бомба түшүп оюлган жер, тамыры менен омурулган бактар, аягын серппей, ичи көөп, арабага чегилген бойдон жаткан аттар... Минерлор ушундай жерлер менен баратышты.

Алардын командири Александр Кондратьев терең чуңкурдун ичине секирип түштү да, өлүп жаткан немец солдатынын шинелин далдалай коюп, кол фонариги менен картаны карады.

— Душмандын негизги күчү топтолгон жер, өйдө жакта калыптыр — деди ал, шыбырап,— Демек, биз түндүк батышты көздөй жөнөшүбүз керек. Жолдо да немецтер көп. Бирок, биз кандай да болбосун, алардын бир жеринен жарып өтүшүбүз керек.

Алар дагы илгерилешти. Бир аз баргандан кийин, каткырык-күлкү, ооз кыяктын чыйкылдаган үнү угула баштады. Чалгынчылар жылчык издеп, көпкө чейин өңүп турушту да, аларга жакындабай, оолактан айланып өтүп, кыштактагы немецтердин тыл жагынан чыкмакчы болушту... Бир нече метр жерге боору менен жылып келип, анан эки жакка кулагын төшөп туруп, өңкөйүп жөнөгөн эң алдыдагы Кондратьев бир оокумда

көтөрүп ургандай тарс жыгылды. Анын артындагы Кадыркулов менен Петров немецтер баса калган экен деп ойлодубу, же жекеме-жеке кармашып калган экен дештиби, айтор автоматтарын атууга даярдап, Кондратьев жыгылган жерди курчай, бөк түшүштү.

— Коркпогула, чочубагыла.— Кондратьев ушинтип шыбырады да, чымчыктыкы сыяктуу билинер-билинбес ышкырып койду. Экөө жете барышты. Көрсө, немецтердин тарткан зымына чалынып жыгылган экен.

Алар зымды кыйып ташташып, былк этпей жатып калышты. Арадан бир нече минута өткөндөн кийин, кобур-собур угулду. Ал уламдан улам жакындай баштады. Анан адамдын дабышы чыкты. Экөө экен. Алар баса жаткан зымдын бир учу былкылдап калды. Кажылдап сөгүнүп, зымдын былкылдап калганына караганда үзүлгөн жерин издеп келатышкан окшойт. Так түпкө келгенде Идирис бирөөнө, Кондратьев экинчисине так секирип, буйдамга келтирбей, баса жыгылышты да, оозуна жүзаарчыларын тыгып жиберишти. Фрицтер эстен танып, безгек болгондой калчылдайт. Колдорун дароо артына байлап, чуңкурдун ичине өлүк сыяктуу таштап коюшту. Гранат байланып, автомат жана пистолет асынган Петров аларга жанаша жатып, Идирис менен Кондратьевге да, туткундарга да көз салып турду... Ал экөө көптөн кийин келишти.

— Бардыгы жайында... Давай кеттик. Тез!

Чалгынчылар немецтердин тылына өтө тереңдеп кирип кетишкен экен. Аны бир кыйла кыйынчылык менен берээк чыккандан кийин гана билишти. Эки туткун да алар жатса кошо жата калып, боортоктосо кошо боортоктоп, бир кадам калышпай, жан соогалап келе жатышты. Дон суусуна да жакындашты. Так ушул учурда немецтер туюп калып, дүрбөлөңгө түшө, күчтөрүн туш келди атылган автоматтын огунан чыгарышты. Чалгынчылар окко ок менен жооп берип, Дондун жээгиндеги

калың бадалга кире бергенде, Петров кырынан кетти да, эки-үч ала салып барып, турбай калды.

— Алеша эмне болду сага, эмне болду?

Эси оой түшкөн Алеша Петров, Идирис жаагынан чапкылап жибергенде гана, көзүн ачып, башын көтөрдү.

— Эчтемке эмес, эчтемке эмес — деди ал, сендиректей түшүп,— Башым ысый түштү эле, бир аз чырпып кеткен окшобойбу.

Урушта туруш жок. Анын башын дароо таңып жиберишти да, экөө эки каруусунан алып, Дон суусунун боюндагы кайыкка жеткиришти. Биздикилер тараптагы жээктен атылып, чалгынчылардын үстүнөн кайып учуп өтүп жаткан чоктой кызыл снаряддар немецтер жанагы козголгон жерди тып-тыйпыл кылып жиберди окшойт... Тырыраган үндөр басылып, дымып эле калды.

Чалгынчылардын аябай кечиккендигине, батальондун командири майор Воронковдун тынчы кетип, чыдамсыздык менен күтүп жаткан экен. «Эки тилди» тирүүлөй апкелип, тапшырманын так аткарылгандыгы жөнүндөгү рапортту укканда, жетине албай, толкундап кетти:

— Азаматсыңар! Сыйлыкка да татыктуусуңар. Мен силерди сыйлыкка көрсөтөм...

* * *

Бул окуя Днепрде болгон эле.

Немецтик чалгынчы самолет «Рама» («Фокке-Вульф 190») көзгө илээшпей кайып келип, абада да, жерде да айыгышкан катуу салгылашуу жүрүп жаткан. Алыска тийүүчү оор артиллериянын снаряддары ызылдап каршы-терши учуп, тунук асман кара түтүнгө буланып, жарылган бомбадан жер силкинип, биздикилер да, тигилер да бардык күчү менен майдандаңып жатышты.

Чычаладай кызарып, асманды тытып жаткан узун из түн жарымында гана басылды. Аткычтар дивизиясы үчүн Днепрден өтүп, плацдармды камсыз кылуу милдети турду. Бирок кантип?

Өлүмгө аягынан тик турган биринчи взводдун жоокерлери бардык жоопкерчиликти моюндарына алышып, жоого тайманбай бармакчы болушту... Мыктынын мыктысы дегендей, алардын ичинен да ар кандай кыйын шарттарда душманды жазгырып кете ала турган тажрыйбалуу жана айлакер чалгынчылар, огун сая кетирбеген таамай аткычтар өзүнчө бөлүнүп чыкты. Алардын ичинде, ажырагыс үч курбу — Александр Кондратьев, Алеша Петров жана Идирис Кадыркулов да бар эле.

Взводдун бир бөлүгү жээктен ок чыгарып, душманды алаксытып турганда, машыккан алты автоматчыны ээрчиткен үч чалгынчы кайыкка түшүп, душман күтпөгөн тараптан Днепрдин аркы өйүзүнө сүзүп өтүштү. Алтоо капысынан кол салып, атышып жатканда, берки үчөө душмандын кууп келе турган жолун миналап жиберишти. Алты автоматчы улам артка чегинимиш болуп олтуруп, душмандын танкаларын жана анын артынан самсаалаган солдаттарын мина көмүлгөн жерге кептешти... Жарылуу артынан жарылуу... Биздин бомбардировщиктер да калдайып учуп келип согуп өттү... Кайдан-жайдан жеткени белгисиз, биздин истребителдер жагалмайдай кайкып, жерге жетээр-жетмексен болуп шукшурулуп кирип барат да, пулеметтон окторду бытыратып, кайра асманга атып чыгат. Балким, душман мындай «сыйды» күткөн эместир. Алдыга жүткүнгөн немецтердин жаагы жап болуп, чоң жоготууга учуроо менен бирге, тык токтоду... Айсыз караңгыда ар кайсы жерге чөк-чөк кылып жыйылган отунду өрттөгөн сыяктуу жалбырттаган жалын чыгып, кара түтүн быкшып жатты... Арадагы анча-мынча убакыттан пайдаланышкан саперлор көпүрө салып, оор танкаларды жана артиллерияны Днепрден өткөрүп алууга жетишишти. Ал эми аткычтар дивизиясы болсо, сапердук кыска күрөктөрү менен терең окоп казып, бекем позицияны ээлеп алышты.

Бирок, немецтер да бекер жатпай, чабуулга чыга турган жолду миналап салышкан эле. Аны кандай да

болбосун тазалап, танкаларга жана жоокерлерге жол ачуу милдети — баягы эле ишенимдүү үч курбуга тапшырылды.

Оор артиллерия менен атышып, абадан кармашуу он күн, он түнгө созулду. Бул убакыттын ичинде немецтер да, биздикилер да илгери жыла алышкан жок.

Үч курбунун жолдогу бөгөттү жок кылуу үчүн болгон аракети да эч кандай натыйжа бербеди. Анткени, алар тикенектүү зым менен бекем тосунуп, тегерегин минага аябай ширеп салышкан эле. Жакындасаң эле ок жаадырышат. Айла кетти.

— Тобокелге салбасак болбойт — деди, туталанган Кондратьев,— Өлсөк чогуу өлөрбүз, өлбөсөк бирдин ичинен чыгарбыз... Кана, ушуга дем байладыкпы.

— Курмандыксыз жеңиш да болбойт, сөзсүз, көздү жумуу керек — деп, Идирис да өз оюн айтты.— Бирок, билгичтик менен...

Экөөнүн оюн Алеша Петров да кубаттады.

Алар жолго чыкканда, түн ортосунан ооп кеткен эле. Теребел мисирейип, эч нерсе болуп өтпөгөндөй айлана жым-жырт. Үчөө, үч бурчтук түзө, (бирөө эң алдыда, экөө эки капталда) аярлап жылып баратышты... Алар, узун саптуу мина издегич куралды алдыга жана эки жагына сунуп жиберип, жерди «шимшилетип» көрүшөт да, мина жоктугуна толук ишенишкенден кийин гана, боортоктоп илгери жылышат... Мындайда ар бир минута бирдин айындай созулуп, жол арбыбай, ич күйүп-бышып кетет тура. Айла канча, чыдоо керек, антпесең сенин бир гана туура эмес олдоксон кыймылың үч кишинин өмүрүн кыят.

Жылдыз курттай чубалып, алыстан кезек-кезек ракета атылып түшүп жатты... Жасаган ар бир кыймылы эсептелүү үч жоокер тосулган тикенектүү зымга жуп жетип, кыя башташканда, кажылдап сүйлөшкөн үндөр угулду. Алардын карааны көрүнбөгөнү менен, жакын эле жерден чыгып жаткансыйт. Бир аздан кийин алар-

дын энтиккени, тарп-тарп дабышы чыгып, соройгон карааны көрүндү. Экөө экен. Автоматтарын шалактатып асынып алышып, ашканага тамактанганы бараткандай беймарал, колдорун жандай, бирдемени айтып, күлүп келатышат. Демек, бул жерде мина жоктугун билүү кыйын эмес. Алар шап ыргууга даяр болуп турган берки үчөөнү да таңазар албай, так ортодон өтө бererде, үчөө үч жактан тура калып, тырпыратып басып жыгылышты да, дымын чыгарбай оозуна чүпүрөк солоп жиберишти.

Кыйкырууга чамасы жетпей, аябай коркуп калган эмелер, кол жоолуктай айланып, үч жоокердин айтканын жасашты. Сурак жүргүзгөн кезде, алардан баалуу маалыматтар алынды... Көрсө, миналанбаган узун тилке бар экен. Тандалган жети-сегиз автоматчыны ээрчиткен эр жүрөк үч минер — чалгынчы так ошол жерден сыр алдырбай өтүшүп, окопто жаткан фрицтерге капысынан кол салышты. Мындай болот деп алар эч убакта күткөн эместир... Граната артынан граната жарылып, автомат элеп киргенде, дүрбөлөңгө түшкөн көркоолор, окоптон ыргып чыгып, бири-бирине карабай, кара таандай туш келди кача башташты. Биздикилерге дал мына ушул керек болучу. Анткени, артта атайын аткычтар дивизиясы камданып жаткан. Алардын жамгырдай жааган октору окоптон тура качкан шумпайлардын далысына кадалып, анын соңунан биздикилердин «ураалаган» сүрдүү үндөрү угулду... Качканга «кара жер куурулуп», көпчүлүгү өздөрү көмгөн минага өздөрү барып урунушуп, өздөрү казган көргө өздөрү көмүлүштү. Бир тобу каршылык көрсөтүүнүн пайдасыздыгын билип, туткунга түшүп беришти. Көп курал жабдыктар жана немецтер колго түшүрүлдү. Талаада далай өлүктөр калды. Немецтер алды-артын карабай, качып баратышты... Алардын артынан сая түшкөн биздин аткычтар пулемет менен да, автомат менен да немецтерди бирден терип жатышты.

Бул учурда таң атып, күн аркан бою көтөрүлүп кал-

ган эле. Кирпик какпай, согуштун жүрүшүн штабдагы байкоочу пункттан атайы карап олтурган генерал, батальондун командири майор Воронковго терең канааттануу сезими менен мындай деди:

— Салгылашуу деп мына ушуну айтуу керек. Кандай сонун кужурмөн азаматтар! Айрыкча, жанагы үчөөчү... Сыйлыкка көрсөтүңүз!

* * *

Айтып отурса, 53-аткычтар дивизиясынын 103-сапердук батальонунда төрт жыл катары менен кызмат кылып, далай өлүмдөрдөн жана туткундан калган, Даңк орденинин үч даражасынын тең кавалери Идирис Кадыркуловдун ар бир күнү өзүнчө тарых, өзүнчө эрдик, өзүнчө санжыра... Анын өз колу менен жок кылынган эчен-эчен курал-жабдыктар жана фрицтер жөнүндө оозанбаганда да, анын өздүк эсебинде тирүүлөй туткунга алынган немецтик төрт солдат бар. Ал Украинадан тартып Венаны бошотууга катышып, Германияга чейин барган. Дивизиянын атайын приказы менен «Отличник минер» деген значок берилген. «Германияны жеңгендиги үчүн», «Венаны алгандыгы үчүн» медалдарынан тышкары, «Күжүрмөндүгү үчүн» медалы менен сыйланышынын өзү эле, кан күйгөн катуу согушта көрсөткөн далай эрдиктерин далилдеп турбайбы.

Анын үстүнө биринчи даражадагы Даңк ордени анчейин эле кызмат өтөгөн адамдарга бериле бербестиги белгилүү. Бул орден мыктынын мыктысына, эрдиктин эрдигине ыйгарылат. Идирис Кадыркулов бул жогорку сыйлыкты Москвадан, СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Михаил Иванович Калининдин өз колунан алган. Идирис Кадыркулов 1946-жылы аскерден жеңиштүү кайтып келгенден кийин, өз теңи Нурбүбүгө үйлөнгөн. Азыр төрт балалуу. Тогуз-Торо районуна караштуу Казарман селосунда эмгектенип жатат.

*ИСАБЕК ИСАКОВ*

# ӨМҮР ЧЫЙЫРЫ ӨЧПӨЙТ

*(очерк)*

...Береги Караго өрөөнүн жарып өткөн көк кашка мөңгү суусу чыгышты карай мелт-калт агып жатат. Анын оң жана сол тарабы көйкөлгөн жашыл токой. Батыштан соккон жибек жел сыдырымга токой күүсү тартылгансыйт. Түркүн гүл, сайма түр аралашкан жашыл чөптөр жай салтанатын мактоого алып, термелгенсийт. Баарынан да таңшык обон салгансып токой куштарынын асемдүү сайраганычы. Ал эми көк-жашыл, кызгылт тарткан кооз канатын дирилдетип, бир жээктен экинчи жээкке, бир токойдон экинчи токойго пырпырап учкан кыргоолдорчу... Табийгат көркүнө кандайдыр шаң күү жаратып, тынчтык теребелин кооздогонсуйт.

Баятан бери өз жеринин сулуулугуна, кереметтүүлүгүнө көзү түшүп суктанып, бийик секиде олтурган курч көз, кызгылт жүздүү жаш жигит киндик каны тамган ата-журтунун бийик салмагын, ыйыктыгын, жүрөк саматар кадырын эми гана билип жаткансыды.

— Карачы, күмүштөнүп аккан мөңгү суусун?!

Анын жанында олтурган курбусу да алыска көз жүгүртүп калды. Бир аздан соң сөз катты.

— Ар кимдин жери өзүнө мисир, алтын дегендей, окууда жүрүп туулган айлыңды аябай сагынып калгансың го, Казы?!

— Ананчы, жерин сагынбас жигит болобу!

Казы андан ары сөзүн улап, ичте буккан романтикалуу ойлорун сууруп чыкты.

— Байкап көрсөң, Көбөш. Береги тоо чокусунан келген мөңгү суусу далай жердин гүлүн аңкытып, адам суктанар көрк берип, байлык кенчтерин жаратып жатпайбы. Суусуз жер — мөмөсүз эмеспи.

Курбусу Казынын сөздөрүнө аралжы боло калды.

— Дагы эмне демекчисиң?

— Демек, адам болуп жаралгандан кийин ата-журтума мөңгү суудай кубат берер, жаш чырпыктарын жайнатып өстүрөр педагог болуп чыксам деймм!

— Ырас эле мугалим — бул адам өмүрүнө гүл жайнатар, мөмө тагар мөлтүр булак эмеспи. Тилегиңе жетерсиң!

Келечек үчүн талаптанып, эмгек канатын күүлөп өмүр чыйырын жаңыдан издей баштаган жаш талапкер Казынын көз алдына мотураңдап ойногон кызыл жагоочон балдар, алардын окууга болгон далалаттары, жумурткадай болгон аппак мектеп, журналды оң колтукка кысып класска кирүү, сабак берүү, балдардын ар биринин мүнөзүн таба билүү элестеп жатты.

...1939-жылдын жай айы... Арадан бир жыл бат эле өттү. Казы өзү самап окуп жаткан Пржевальск шаарындагы педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп келип, баягы өзү суктанып караган Караго суусунун түндүк тарабындагы тоо этегине орношкон Ак-Жар айылындагы мектепке мугалим болуп орношту.

Ошол мезгилде айыл жаштары билим алуу ишине бөтөнчө баа берип, терең умтулган мезгил эле. Окуусуз,

билим алуусуз чөлдөп катып кургап калчудай ар бир үй-бүлөдөгү бөбөктөрдүн, өспүрүмдөрдүн максаты мектеп менен чыныгы достошуу, окуу дениизине кенен чабыттоо, улам алга умтулуу болду. Алардын талаптарына чыныгы тилектеш, жүрөктөш болуу менен бирге сабак берүү методикасын улам мыкты тажрыйбалардын негизинде жүргүзүп жаш жеткинчектерди адептүүлүккө тарбиялоодо башкаларга үлгү көрсөтө алды.

— Биздин Казы жаш болсо да, сабак окутуу ишине күндөн-күнгө жакшырып баратат.

Кезектеги болуп өткөн педсоветтерде окуу бөлүмүнүн башчылары Турдакун Иваков, Абдразак Жалпетсков сыяктуу тажрыйбалуу педагогдор ооздон түшүрбөй айтып калар эле. Мындай жылуу сөз Казыны мактанычтепкичине алып барган жок, кайрадан чыйралтты. Изденүү аракетин жогорулатты.

Мугалимдикти өзүнүн сүйүктүү кесиби кылып алган Казы балдарды жайкы каникулга таратып, үйүн көздөй жай келаткан эле. Түндүк батыш тараптагы тоо чокуларын уюлгуган кара булут каптай калды. Ал айыл арасындагы узун көчөдөн бурулуп, үйүнүн алдындагы анча бийик эмес дөбөчөгө келгенде топтолушуп турган жигиттерден:

— «Согуш... Германдык фашизм ачкөздөнүп мекенибизге кол салыптыр» — деген суук кабарды укту.

Ач көздүн бут алдындагы алакандын отундай даана жаткан жашыл өрөөндү, өзү суктанган токойду, тоо суусун элестетип жиберди. Дагы эле сулуу, дагы эле жаркын, бирок, кейиштин туманы чулгап калган. Сумсайып саргая түштү. «Сендей алтын жеримди душман бутуна тепсетпей, кан-жаным калганча коргоймун!» — деди.

...Ошентип, Казы да өзү сүйгөн кесибин таштап, окуу булагына жүзүн чайыган бөбөктөр менен коштошуп, батыш тараптагы кан майданга аттанды.

...Мына, асмандан жарылган бомбалар... Жер астын-

үстүн аңтарылып, каш-кабакты, кирпик-көздү жанып өткөн октор, оттор. Окопторго улам бекине калып, кайрадан мекен үчүн жан берип, душманга оттуу бөгөттү түзгөн, кызыл жоокерлер...

Атака... ураалаган бийик үн жер жарып, тоодой кайраты ташкындаган советтик жоокерлер... Гитлердик каракчылар менен беттеше калганда жүрөктөрдө кек каны кайнап, мылтыктын найза учтары алардын көөдөндөрүнө ныгырылат, кан суудай агып, кечээги эле гүл талаа каңырсык жыттанат...

Мындай согуштук көрүнүштөр Ала-Тоолук жаш жигит Казы барган экинчи Белорус фронтунун 1291 аткычтар дивизиясында кинолентадай далай ирет кайталанып жатты. Далай азаматтар келечек турмуш үчүн гүлгүн — жаштыгын, өз өмүрлөрүн баатырларча курман кылышты...

...«Смоленскиде болгон оор салгылашуу 5 күнгө созулду. Аябай куралданган фашисттик желдеттер улам жаңы күчтөрүн бизге жиберип жатты.

— Артка чегинбейли, жолдоштор!

— Ар бирибизде эрдик сүр жайнап турсун!

Ушундай намыстуу сөздөр ар бир жоокерге толкундуу кайрат, деңиздей күч жаратты. Акыры чегинбедик, немецтик каракчылардын мизин кайтарылды. Жеңишке ээ болдук. Бирок... 5 күндүн ичиндеги салгылашта 12 миң кырчын жоокерден 36 быз гана тирүү калыппыз. Мына, калабалуу согуш деген. Мына, анын жасаган шумдуктуу кайгысы» дейт жоокер өзүнүн согуштук күндөрүн кыжыры келе эскерип.

Казынын жөнөкөй жоокердик эрдик кадамы далай жерлерди басты. Немецтик каракчыларды мекенибизден сүрүп чыгып, Польша республикасын тазалоодо, анын элине эркиндикти алып берүүдө жан аяган жок. Мына, Казылар Берлинди көздөй багыт алмай болушту. Бирок Нарва дарыясын каракчылардан бошотуу буйругу келип калды.

...Кайрадан жалындаган өрт. Ызылдаган ок, бомба фашисттердин күлүн асманга чыгарып, эс учун жоготкон, калтыратып үшүн алган катюша! Казылар Нарва дарыясынын жээгинде согушуп жатышты.

— Каракчылар качып жөнөштү! — деп кыйкырды командир дүрбүсүн алыска сала.

Ушул мезгилде Казынын алдынан чоң жарылуу пайда болуп, жер көлкүлдөгөн сууга айланып кеткенсиди. Казы бор толгой оң жамбашы менен жыгылды да көзү карангылай түштү. Оң тарабындагы бутактары өрткө чалынган кайыңдар айлан көчөк боло баштады. Андан аркысы Казынын эсинде калбады. Бир жак бутунан айрылып госпиталда жатканын гана билди.

Эчен түйшүктүү дарылоону, кайталанган хирургиялык операцияларды башынан өткөргөн Казы жаны кейиген сайын фашисттик желдеттерге болгон жек көрүү сезим жалындап жүрдү. Алты санынан бирөөнөн ажыраган жоокер, биротоло өлүмгө бел байлап, Берлинди алууга катышкысы келди. Бирок бир буту жок да!

— Далай эле мээримдүү, ак көңүл адамдарды көрдүм. Бирок ошолордун ичинен мен жарадар болуп жатканда башымды жөлөп, оозума суу тамызып, дары берип, көңүлүмдү көтөргөн медсестра — өзүбүздүн Ысык-Көлдүк кыз Мария Акунбаевадай мээримдүү кызды кайдан көрөйүн. Анын сүйкүмдүү элеси ар дайым көз алдымда — дейт. Казы госпиталь күндөрүнүн өмүр барактарын ачып.

— Бир кездеги куландан соо, жүзүнөн нур төгүлгөн жаш педагог ошентип согуш майданынан өз айлына бир буту менен келди. Бирок баатырдык женишти ала келди. Согуш жаш жоокердин кайратын майтара алган жок.

— Сүйгөн кесибимди улантам, жаш жеткинчектерге таалим-тарбия берем! — деди ал чечкиндүүлүк менен.

Кайрадан тынчтык күн, тынчтык эмгек. Балдарды окутуп, тарбиялоо, келечекке багыт берүү педагогикалык изденүү... Ушулардын бардыгы кажыбаган кайрат-

ты, сергек эмгекти, бекем эркти талап кылды. Адегенде «Балдакчан агай келатат» — деп бир аз коопсунушкан балдар эми аны чыныгы сүйкүмдүү, мээримдүү жана кайратман адамындай көрүп калышты. Ал «Чекилдек», «Кайнар» мектептеринде, Кочкордогу балдар үйүндө көп эмгек сиңирди. Көбүнчө ал башталгыч класстарды тарбиялоодо мыкты машыкты жана педагогикалык чеберчилигин өстүрдү. Мурдагы кайраттуу жоокер, тынчтык күндөрдүн күүсүн козгоп, согуштагыдай эле кайрат, күч менен жаш өмүрлөргө билим кенин себүүдө. Ал 1954-жылдан бери «Арзы» баштооч мектебинде иштөөдө. Анын колунан бүгүнкү эмгек азаматтары, врачтар, мугалимдер, каарман колхозчулар жол ыры менен сырдашкан шофёрлор, нечен-нечен айыл чарба адистери, мадыра баш кездеринде билим алып чыгышкан. Алардын жүрөгүндө төмөнкүдөй ыр саптары жаңыргансыйт:

**Арнап берген «Алиппендин» барагын,**
**Ачып далай алтын сөзүн карадым.**
**Жатсам, турсам жакшы үлгү болсун деп,**
**Жан сырыңды жаным мéнен самадым.**

**Ошол күткөн тилегим,**
**Орундалган билемин**
**Так ошондой тунук эмгек сүйөмүн.**

...Казынын көкүрөгүндөгү согушта алган медалдарын жаш бөбөктөр көңүл бура тигилип карашат. Агайы болсо Советтик Армиянын, даңкына, эрдигине байланыштуу аңгемелерди жобурайт. Согуштук далай эпизоддор көз алдынан чубурат.

— Бирок садагалар, эми согуш болбой эле койсун... Биздин чеп бекем тынчтык менен курчалган. Өз мекениңерди сүйүп, аны ардактай билген азаматтардан, кыраакы граждандардан болгула,— дейт. Ондогон курч сөздөргө Казы агайынын таяк кармап, жасалма бут менен сылтый басып кайраттуу түрдө мектепке келип, сабак берип, же үйүн көздөй жөнөшү сүрдүү көрүнөт. Сагын-

бек, Замирбек сыяктуу балдары менен үйүнүн алдын гүлзарга, мөмө жемиштерге айландырган.

Ооба, ал жөнөкөй гана жоокер болсо да бүгүнкү күндүн жылуу мүнөз адамы, кечээ өрт кечип, ок аралап жеңиш шаңын бийик жаңыртышкан Ала-Тоо жигити. Биз аны Жеңиш күнүнүн 30 жылдык майрамы менен кызуу куттуктайбыз. Мугалимдик ишине — өмүр чыйырына жарык жылдызды каалайбыз!



*СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ*

## ГВАРДИЯЧЫ ПАНФИЛОВЧУЛАР ТЫНЧТЫК КҮНДӨРДӨ

Панфиловчу!

Бул өтө урматтуу, өтө сыймыктуу сөз. Бул сөз 1941-жылдын күзү кышка айланып бараткан учурда, борошологон карга аралаш Москванын босогосунда фашисттердин октору бурганактап жаап турган каардуу, катаал мезгилде жаралган сөз.

Кыргызстандын аскер комиссары, дүйнөгө атагы чыккан гвардиялык дивизияны курап, ага акылмандык, билгичтик менен команда берип, Мекенибиздин борборун тепсөөгө жутунган гитлерчилердин үшүн алып, шайын кетирип жаткан генералыбыз Иван Васильевич Панфилов алдыңкы чепте мерт болор замат анын дивизиясындагы жоокерлерди ушул ат менен атай баштаткан.

Панфиловчу!

Бул сыймыктуу атты Казакстан, Кыргызстан жана

башка республикалардан бул дивизияга барган азамат жигиттер абийирдүү алып жүрүштү. Москвага душмандын жайнап келген танктарын өткөрбөй, өз жанын берген 28 баатырды бүт жер жүзү билет. Алардан башка дивизиянын көп жоокерлери массалык түрдө баатырдык көрсөтүшүп, өлбөс-өчпөс даңкка бөлөнүштү. Ала-Тоодон барган Ашырбай Коёнкөзов, Мамадалы Мадаминов, Жумалы Кадырбаев сыяктуу ондогон тайманбас жигиттер душман менен 28 баатырдан кем кармашпай, Мекен үчүн жан беришти.

Гвардиячы панфиловчулардын эрдиктери жөнүндө көп жазылды, мындан ары да жазыла бермек. Мына, совет эли фашисттик Германияны талкалаганына туура 30 жыл толуп отурат. Бул күнү мен ок менен оттун ортосунда жүрүп совет элинин өткөн согушта жетишкен улуу жеңишине салым кошкон Кыргызстандык панфиловчулардын кээ бирөөлөрүнүн согуштан кийинки тагдыры жөнүндө бул макалада кыскача айтып бергим келди.

Кимдир бирөөнүн гвардиячы, панфиловчу экендигин угар менен ал адамга карата менин көңүлүмдө кызыгуу пайда болуп, аны ичимден урматтай баштайм. Менде мындай сезимдер нечен жолу козголду. Демек, биздин арабызда андай кишилер көп, панфиловчу деген ардактуу наамды ыйык сактап келаткан кишилер көп...

* * *

...Биз, аскер ишине машыгууну бүткөн жаш солдаттар таңкы үрүң-баранда Алма-Атанын бир көчөсүнөн экинчи көчөсүнө өтүп, марш менен бараттык. Жаңыдан ойгонгон чал, кемпирлер, балдар бизди унчукпай узатып калып жатышты.

Темир жол вокзалында кызгылт вагондорду артына чиркеген паровоз күн батышты карап, боз түтүнүн жай

булатып турат. Вокзалдын жанында жүк ташуучу эки машина катар коюлуп, кузову кызыл кездеме менен каланып, трибунага айланган. Трибунанын тегерегинде жаңы кийимчен жаш солдаттар сап-сап болуп катарда турушат.

— Силер атактуу Панфилов атындагы дивизияга кызматка барасыңар,— деп трибунадан жарыялаганда биздин кубанганыбызды айта көрбө. Атагы ааламга угулган бул дивизияда кызмат кылуу биздин түшүбүзгө да кирген эмес эле.

Трибунага кара тору, өңдүү, үстү-башы тыкан солдат көтөрүлдү да, Панфилов атындагы дивизияга толуктоого бараткан кыргыз жоокерлеринин, демек, биздин атыбыздан сөз сүйлөдү. Ал биздин дилибиздеги ойду таап айтты. Митинг аяктаган соң, бизди майданга алып баруучу кызгылт вагондорго кирдик. Эшелон ордунан козголду. Перрондогу оркестрдин шаңдуу үнү улам алыстап кала берди...

...Андан чейрек кылым өткөндөн кийин, Панфилов атындагы гвардиялык дивизиянын мурдагы жоокерлеринин жыйынында Кеминден келген Абсейит Алыбеков менен маектешип отурдум. Мурдагы эки жоокер жолукканда бир-бирине сансыз суроолорду берип сырдашат эмеспи. Биз да ошенттик. Бара-бара сөз кызый келгенде ал экөөбүз Панфилов атындагы дивизияга Алма-Атадан бир поезд менен жөнөгөнүбүздү тактадык. Анан баягыда майданга жөнөгөн поездге түшөрдө митингде сүйлөгөн, сөзү бизге жаккан ушул Абсейит Алыбеков болуп чыкты. Ошондогу жакшы сөзү үчүн чейрек кылымдан кийин мен анын колун кысып, ыраазылыгымды билдирдим. Алыбеков көп жылдан бери Кемин районунда мугалим болуп иштеп, жаш жеткинчектерге билим берип, өз өмүрүн мазмундуу өткөрүп жаткан адам. Ал Панфилов атындагы дивизиянын азамат жоокерлеринин бири болуп, өзүнүн солдаттык милдетин абийирдүү аткарып, тууган жерине кайтып келген.

Ар бир жаңы панфиловчу менен таанышуу, куралдаш, тагдырлаш адамдарым менен маектешүү мен үчүн чоң ыракаттардын бири.

...Кыргыз жазуучуларынын чоң тобу эл-жер кыдырып, окурмандар менен жолугушуп жүргөнбүз. Оштон Жалал-Абадга карай бараткаңыбызда машиналарыбыз жол боюна токтоду да, областтын өкүлү:

— Мына келип калдык. Бул Сузак районундагы «Эркин» колхозу. Жолугушуу ушул жерде болот,— деди.

— «Эркин» деген да колхоз бар экен а? Мен мындай колхозду такыр уга элек элем,— деди жазуучулардын бири.

Анын сөзүндө да чындык бар эле. «Эркин» көп жылдан бери артта калып келаткан колхоз болгондуктан анын аты эч кайда угулбаган экен. Азыр болсо, Сузактын «Эркининин» атын областта гана эмес, республикада да жашы билишет, пахтаны өлкөгө көп берүүчү колхоз деп аны менен сыймыктанышат. Башта бул колхоздун клубу жок болгондуктан борбордон келген артисттер, жазуучуларды колхоз кабыл ала албай, алар ушул жол менен башка колхоздорго өтүп кете беришчү. Азыр болсо бул берекелүү колхоздун заңгыраган кең клубунда биринин артынан бири чыгып, колхозчуларга жаңы ырларын окуп берип жатышты.

Колхоздун председатели Сайпидин Атабеков парасаттуу, оор басырыктуу адам экендиги, башынан көптү өткөргөн, «Эркин» колхозун ушул абалга жеткирип, анын даңкын көтөрүүдө бул кишинин эмгеги чоң. Ал тууралуу колхозчулар жазуучулар менен аңгемелешкенде айтышты.

Жолугушуу кечесинен кийин түштүктүн үзүрлүү дасторконунда сүйлөшүп отуруп, Сайпидин Атабековдун панфиловчу экендигин билдик. Ал көбүнчө дивизиядагы каармандык көрсөткөн өзүнүн тааныш жоокерлери жөнүндө айтып, өзүнүн майданда көрсөткөн эрдиктерин

баяндап берүүгө анчалык көңүлдөнбөй: «көптүн арасында башкалардай эле согушуп жүрдүк» деп сөздү башка жакка буруп, өзүнүн мүнөзүнүн карапайым экендигин далилдеди. Биздин дивизиянын мурдагы жоокери азыр минтип калктын кадырына ээ болуп, ири чарбаны билгичтик менен башкарып жатканына баарыбыз ыраазы болдук.

Панфиловчу Сайпидин Атабековду — «Эркин» колхозунун ишмер жетекчисин — шайлоочулар Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайлашып, колхозчулардын аны кадырлап, ага ишенгендигин билдирип келатат. Ал өз кызматын гвардиячы, панфиловчу деген атакты актагандай аткарып жаткандыгы мурдагы куралдаш досторун кубантпай койбойт.

Калк башына күн түшкөн чакта каардуу душман менен кан аккан майданда эр жүрөктүүлүк менен кармашкан панфиловчулар азыр эл арасында ар түрдүү кызмат аткарып жүрүшөт.

...Өрүктөр бажырайып тегиз гүлдөгөн маалда бир топ жазуучу Баткен районунда болдук. Машиналардын дөңгөлөктөрүнөн чаң ызгып, артта калып жатты. Партиянын Баткен райкомунун биринчи секретары жолдош Нургазиев көз жеткис мейкинди бизге көрсөтүп:

— Карагыла, Баткенде талаа көп, бирок суу жетпейт. Суу болсо бул талаалар азыртан минтип бозорбой жапжашыл болуп жатмак.— Ал өкүнгөндөй күрсүндү да, кайра чыйрала түшүп,— эч нерсе эмес, жакында бул жерге суу буруп келип, Баткендин талааларын гүлзарга айлантабыз,— деди. Анан болочок каналды бойлоп жүрүп отурдук. Курулушчулар менен жолуктук. Суу өтө турган капкараңгы туннелдерди көрдүк. Акыры Исфара дарыясына жеттик. Дарыянын боюндагы көк жалама аска тешилип, канал ушул жерден башталат экен. Ал аскалар азырынча адамды теңине албай мелтиреп турду. Бирок, Муктар Нургазиевдин көз алдына бул аска-

лардын урап, шылдыраган көк кашка суу тоо боорун жиреп агып кирип баратканы көрүнүп турду.

Анан биз кайра келип, Төрт-Гүл суу сактагычынын курулуп жатканын көрдүк. Жанагы Исфарадан суу келип ушул жерге толмок. Бул сактагыч 650 гектар аянтты ээлеп, какшып жаткан 13,5 миң гектар Баткен талаасынын чаңкаганын кандырарын, ал жерлерге пахта, жашылча, жер-жемиш эгилерин Муктар Нургазиев жазуучуларга айтып берип жатты. Өзү жетекчилик кылган район үчүн жана анын азыркы жетишкендиктери, келечектеги перспективасы үчүн сыймыктануу М. Нургазиевдин сөзүнөн сезилип турду.

Аңгемелеше келгенде көп жылдан бери партиялык жетекчи кызматтарда иштеп жүргөн Муктар Нургазиев да панфиловчу болуп чыкты. Болгондо да мен кызмат өтөгөн артиллериялык полктун чалгынчылар взводуна командирлик кылып, согуштун далай оор күндөрүн башынан өткөргөн офицер экен. Муктар Нургазиев экөөбүз маектешип отурганда биздин атактуу дивизиябыздын гвардиячылары фашисттер менен салгылашып бошоткон Холм, Ловать, Новосокольники, Насва, Новоржев сыяктуу тааныш жерлердин аттары оозубуздан чыгып жатты.

Ушул эле Баткен районундагы «Рават» совхозунда гвардиячыл мүнөзү менен өтө тырышып иштеп, оозунан чыккан убадаларын так аткарган кара муруттуу, өткүр көздүү Темирбай Гайыпов да иштейт. Ал кан майданда снайпердик мылтыгынын дүрбүсүнөн шыкаалап аңдып жатып, далай фашисттерди сулата атып, тилегин таш каптырган эр жүрөк панфиловчу.

Мына ошентип мен улам жаңы панфиловчуларга жолугуп, аларды тапканыма, сырдашканыма жетине албай кубанып, алар менен сыймыктандым. Ылайым эле мындай жолугушуулар көп боло берсин.

...Ленин районундагы Ракманжан атындагы колхоздо жазуучулар союзунун Башкармасынын көчмө пленуму өтүп жаткан эле. Чийкил жүздүү, төшүнө орден, медал-

дар, гвардия белгисин таккан кичи пейил адам колхозго келген меймандарга камкордук көрсөтүп карбаластап жүрдү. Ал киши негедир көзүмө жылуу учурады да, саламдашкандан кийин:

— Мен панфиловчумун,— деди ал киши. Жүзү тамылжый түштү. Мен мурдатан тааныш адамымды, жакын досумду тапкандай болдум.

Бул киши Эгембердиев Сулайман экен. Панфилов атындагы дивизиянын мурдагы каарман жоокери С. Эгембердиев азыр Ракманжан атындагы колхоздун кадрлар бөлүмүндө кызмат өтөйт экен.

Сулайман акенин колхоздогу кадырлуу, чынчыл, чаалыкпас адам экендигин, ал ак пахта өстүрүп, мамлекетке байлык кошкон атактуу колхоздун ишине өз салымын кошуп жаткан азамат колхозчулардын бири экендигин бизге колхоздун жетекчиси Тешебай Орозматов айтып берди.

...Мындан бир нече жыл мурда биздин дивизиянын ветерандарынын Совети түзүлүп жаткан алгачкы чогулуштардын биринде эки төшү орден, медалдарга толгон, кайраттуу көз караштуу адамды көрдүм. Анын сүйлөгөн сөздөрү орундуу, жүйөлүү, маанилүү чыкты. Бул кишинин ким экендигин жанымдагы отургандардан сурасам:

— Аалы Юсупов,— дешти.

Кийинчерээк ал адамды Москва көчөсүндө айнек менен бетондон курулган «Киргизгипросельстрой» институтунун сулуу имаратына шамдагай басып кирип бараткамын көрүп калдым. Көрсө, Аалы Юсупов ушул институттун директору тура. Ал тынчтык мезгилинде да өтө жемиштүү эмгектенип, «Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген ирригатору» — деген ардактуу наамга татыктуу болуп, Октябрь революциясы ордени менен сыйланган.

Панфилов атындагы дивизия душман менен айыгышкан уруштарды жүргүзүп жаткан мезгилде Аалы Юсупов ал дивизияга өз ыктыяры менен кызмат кылууга

барган. Пехота полкунун батареясына командирлик кылып, өзүнүн замбиректери аркылуу далай фашистке ажал жиберген. Чабуул мезгилинде душман жаадырган октон баш көтөрө албай жаткан биздин жөө аскерлерге анын батареясы жардамга келип, душмандын нечен пулемет, миномет, замбиректерин кыйратып бүлдүргөн.

Бул тынчтык күндөрдө Аалы Юсупов жаштардын арасында көп болуп, өзүнүн куралдаш жолдошторунун майдандагы эрдиктери жөнүндө айтып берүүдөн эч качан эринбейт. Жаштарды Мекенди коргоого дайым даяр турууга үндөйт. Такшалган панфиловчу Аалы Юсупов биздин дивизиянын ветерандарынын Советинин мүчөсү, ал Советтин ишине өтө активдүү катышкандардын бири.

«Ала-Тоо» журналына Шаршен Усубалиевдин «Чыйыр» аттуу повести жарыяланган эле. Повестте өз өмүрлөрүн тобокелге салып душмандын тылына өтүп барып, чалгын чалып, алардын жашырын сырын билип келип турган биздин илелүү чалгынчылардын эрдиктери баяндалат. Повестте ал жоокерлердин башынан өткөн коркунучтуу, кооптуу учурлар өтө билгичтик, кылдаттык, чындык менен жазылгандыгын окуган адам дароо эле сезет.

Майдандагы шарттын мындай табигый түрдө көрсөтүлүшү автордун өзүнө, анын майдандын эң кыйын участогунда катышкандыгына байланыштуу, аны акыйкаттык менен көрсөтө билүүгө байланыштуу. Шаршен Усубалиев Панфилов атындагы дивизиянын атактуу чалгынчыларынын бири. Ал чалгынчылар взводунун комсоргу да болгон. Ошол жалындуу жаштык кайрат менен нечен жолу чалгынга барып, душман турган чектен билинбей өтүп, фашисттерди туткундап келүүгө катышып, командирлерин нечен жолу ыраазы кылган. Ш. Усубалиев керек болгон кезде эки-үч күн кирпик какпай, даам да татпай калчу. Кээде токой арасында кардын үстүндө да уктаган. Кээде душманга шек алдырбас үчүн сөөк какшаткан суунун, муздун үстүндө

бир нече саат былкылдабай жатууга да мажбур болгон. Ал чалгынчылардын кужурмөн ийгилиги үчүн бою балкып кубанып, жолдошторду жоо огунан учканда аза күтүп кайгырган.

Мына ошол өзүнүн жана куралдаш досторунун чалгындагы таң каларлык иштери жөнүндө көпчүлүккө айтып берүү зарылдыгынан улам Ш. Усубалиев «Чыйыр» повестин жаратып олтурбайбы. Китебин жазып жаткан учурда, ал өзү менен кыш чилдесинде, бороончапкындуу караңгы түндөрдө чалгында жүргөн кайраттуу жолдошторун көз алдынан кетирбегендиги чыгармадан сезилип турат.

Өткөн согушта кандай курмандыктар, кандай азаптозоктор менен жеңишке жеткендигибиз жөнүндө азыркы жаш муундарга айтып берүү менен Шаршен Усубалиев аларга Мекенди сүйүү, патриоттук духта тарбияланууга жардам берип жаткандыгын түшүнөт. Чынында да мунун өзү ак ниеттүү, пайдалуу жана зарыл иш.

**Мени жаңы тапканда**
**Менин жаштык курагым,**
**Белендепип атканга**
**Душман тосту куралын—**

дейт өзү жөнүндө акын Сүйүнбай Эралиев. Бул акыйкат сөз. Жаштык менен акындык Эралиевге жаңыдан гана келген кезде ал ажал менен арбашып кан майданда, панфиловчулардын катарында болду. Холм шаарынын бери жагындагы чытырман токой, көлкүлдөгөн саз, көлбүп аккан Ловать суусунун, Великие Лукинин жанындагы жер дүңгүрөткөн атышуулар С. Эралиевдин көңүлүнөн кетпей калды.

Ловать суусунун боюнда душман менен аңдышып, күч сынашып өткөн далай күн, далай түн жоокер акындын али эсинде. Ошондогу панфиловчулардын оюн, сезимин Сүйүнбай Эралиев өзүнүн жазган ырында:

**Сезилчү эле: биз эгер**
**Ловать суусун бошотсок,**

Туткун болгон тууган жер
Бошогону ошо окшоп—деп туура баяндай алган.

Сүйүнбай Эралиев согуш жөнүндө, андагы өз көзү менен көргөн кыйын күндөр жөнүндө бир жолу жарадар болуп, ак даки менен денеси таңылып санитардык бөлүктө жаткан учурда душмандын самолеттору учуп келип бомбалап, экинчи жолу жарадар болгонун айтып келип, майып болгон сол колун карап алып кейий түшөт. Анткени Сүйүнбай согуштан мурда комузду жакшы чертип, мукам күүлөрдү жаратып жүргөнүн анын жазган ырларынан сезебиз.

Мындан бир топ жыл мурда Фрунзе шаарында республикабыздагы панфиловчу-ветерандардын Совети уюшулган. Советтин иши ийгиликтүү жүрүп, Совет бир топ пайдалуу, маанилүү жумуштарды аткарды. Советтин ишине республикабыздын жер-жерлериндеги панфиловчулар тартылып, алар менен байланыш улам күчөп баратат.

Кезек-кезеги менен согуш ветерандары — панфиловчулар чогулушуп азыркы жаш муундарыбыздын арасында аскердик патриоттук жумуштарды алып баруунун кезектеги чаралары жөнүндө пикир алмашып турушат. Мындай чогулуштарга атактуу дивизиябыздын даңкын көбөйтүүгө өз үлүштөрүн кошкон азыр соода мекемесинде иштеген Туңгучбай Апасов, Чүй районундагы «Ак-Бешим» колхозунда старший чабан болуп иштеген Омор Мамырбаев, Кемин районундагы токой чарбасында иштеген Семет Ботбаев, акын Төлөн Шамшиев, пенсионерлер Леонид Калиберда, Прокопий Анищенко, Григорий Копылов, борбор шаарыбызда жашап, түрдүү кызматтарда иштеген Алексей Дубинин, Иван Кирьянов, Григорий Шевченко, Асипа Исмаилова, Орозалы Саралинов, Василий Кий, Алексей Волошинский жана башкалар активдүү катышып турат. Булардын ар бири согуштун катаал күндөрүн өз көзү менен көрүп, нечен

жолу ажалдан аман калган, азыр панфиловчу деген атактуу наамды актап жүргөн адамдар.

Ошол панфиловчулардын ичинен бир гана Иван Ткаченкону мисалга алып көрөлү. Ал Москванын алдындагы салгылашууларда күн-түнү уктабай 122 милиметрлүү замбирегинин стволу кызарганга чейин снаряддарды атып, душмандын солдаттарынын нечесин жер жыттаткан. Атактуу замбирекчи Курляндиядагы уруштарда да душмандын чептерин кыйрата атып, согуштун эң акыркы күнүнө чейин баатырдыктын жолун басып өттү. Анын № 2464 замбиреги азыркы күндө Ленинграддагы Артиллерия музейинде турат. Менин бир полктошум Иван Ткаченко азыр Сокулук районундагы XXI партсъезд колхозунда иштеп жүрөт.

Ветерандар Советинин ишин уюштуруп, багыттап, жандантып туруучу ишкер киши бизге абдан керек эле. Андай киши арабыздан табылды. Ал Айдаркан Ахметов болуп чыкты. Айдаркан Ахметов башкарган 16-курулуш башкармасынын кадрлар бөлүмүндө иш көп болгонуна карабастан өзүнүн куралдаш досторунун иши үчүн ал дайым убакыт таап турат. Советтин иши үчүн жан-дили менен берилип, күйүп-бышып аракеттенген Айдаркан Ахметовду панфиловчулар да кадырлап, сыйлашат. Панфиловчулардын ичинен Ахметовду билбегендер аз. Ветерандардын Советинин иши боюнча болсун, өздөрүнүн жеке иштери менен болсун алар дайым Айдаркан Ахметов менен кеңешип турушат. Панфиловчулар үчүн канча убара болуп канча түйшүк тартса да, ал кабагым-кашым деп койбойт.

Адамдар менен иш алып барууну Айдаркан Ахметов кан майданда жүргөндө үйрөнгөн. Ал пехота полкунда партиялык уюмдун секретары болуп иштеп жүргөндө коргонуу убагында да, чабуулда да жоокерлердин арасында болчу, алар менен маектешип, сырларын билип, керек болсо аларга көмөк көрсөтүп, жылуу сөзү менен алардын көңүлүн көтөрчү. Дивизиянын атак-

туу снайперлери Тулегабыл Абдыбеков, Мамадалы Мадаминов, Темирбай Гайыпов жана жогоруда аты аталган Шаршен Усубалиев, Абсейит Алыбеков, Туңгучбай Апасовдордун колунан партия катарына өтүү жөнүндөгү арыздарын кабыл алган жана душмандын жааган огунун астында алдыңкы чекте жүрүп алардын колуна партбилет тапшырган гвардиянын капитаны ушул Айдаркан Ахметов болучу.

А. Ахметов бир топ жылдан бери Панфилов атындагы дивизия жөнүндөгү материалдарды таап, жыйнап жүрүп «Алар панфиловчулар» деген китепти түзүп, орус жана кыргыз тилинде чыгарды. Бул китеп аркылуу китеп окуучулар панфиловчулар жөнүндө дагы көбүрөөк билишмек.

Мен бул макаламда панфиловчулардын кээ бирлери жөнүндө гана бир-экиден гана сөз айтып өттүм. Ошентип алардын арасында мугалим да, партиялык кызматчы да, колхозчу да, акын да, сүрөтчү да, пахтакер да, кыскасы бардык кесиптеги адамдар бар. Алар азыр өз акылдарын, күчтөрүн Мекенибиздин кубатын күчөтүүгө жумшап жатышат.

Бир гана Совет районунда Беккулуев Осу, Мамбеткабылов Сатыбай, Жаныбеков Быштак, Акшүкүров Жалил, Куденов Байы сыяктуу панфиловчулар турушат. Булардын ар бири майданда далай кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүп, жоо огунан жарадар болуп кан төгүп, өздөрүнүн граждандык ыйык милдетин абийирдүү аткарган гвардиячы азаматтар.

Улуу Жеңишке 30 жыл толуп отурат. Улуу Ата Мекендик согуш жылдары даңазалуу дивизиянын катарында кызмат кылган биз — панфиловчулар дивизиябыздын басып өткөн күжүрмөн жолу менен, анын көп сандаган эр жүрөк жоокерлери менен, дивизиябыздын өчпөс даңкы менен сыймыктанабыз, мындан ары да сыймыктана бермекпиз.

АСАН ТОКОЕВ

## БААТЫРЛАР

*(очерк)*

Улуу Ата Мекендик согушта далай эр азаматтар келечектеги жаркын турмуш, кең мекен үчүн душмандар менен салгылашып, эрдик менен курман болушту. Аларды эч качан унутууга болбойт! Ал эми орден, медалдарын тагынып жергесине жеңиштин туусун көтөрүп келгендерчи, чиркин... Ар бирин келген сайын сыймыктана тосбодукпу. Алар эрдиктин укмуштай үлгүсүн улантып, ач көз душманды талкалап, сага жана мага жыргал алып келгендер...

Эмесе бул өтө кыска очерктеримде ар кандай кесиптерде үзүрлүү эмгектенип жаткан ошол нукура баатырлардын айрымдары жөнүндө иликтеп жүрүп жаздым.

Булар элди, мекенди коргоодо укмуш эрдиктерди жаратып, азыр айылда, айрыкча жаштарга атанын жолун жолдоо үлгүлөрүн көрсөтүп, мыкты эмгектенип, патриоттук сезимди курчуткан адамдар. Ошондуктан алардын

ар бири жөнүндө ар башка тема ойлонбой эле өздөрүнүн ысымдарын атап коюуну ылайык көрдүм.

## АБДЫКАСЫМ КАРЫМШАКОВ

Абдыкасым «Советтик Кыргызстан» газетасынын редакциясынын атайын чакыруусу менен орден, медалдарын бүт тагына келген. Болгондо да Кызыл Туу, Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы, Кызыл жылдыз, I, II, III — даражадагы Даңк ордендери менен медалдары адамдарды суктанта караткан. Ошондо биринчи көрдүм. Андан бери далай жылдар зымырап өттү.

Азыр да айтылуу Ала-Тоонун мөлмөлү, көгүлтүр көлдүн жээгиндеги «Күрмөнтү» кыштагында Абдыкасымдын алма-бактуу кыштагында дасторкондон даам татып, аңгемелешип олтурабыз.

Айткандай Абдыкасым ошонун мурунку күнү Москвадан жаңы эле келген экен. Мага өзү жөнүндө чоң макала жазылган «Огонёк» журналын жана төшүнө күжүрмөн сыйлыктары толо тагылган жоокерлер менен бирге түшкөн сүрөтүн сунду. Андан «Огонёк» журналынын редакциясындагы даңк ордендеринин үч даражасындагы менен толук сыйлангандардын жолугушуусунда, согуш башталгандан бүткөнчө бирге болуп, командованиенин тапшырмасын бирге аткарышкан жолдошу — Генерал, Советтер Союзунун эки жолку баатыры Анатолий Яковлевич Брандстын Абдыкасым жөнүндө минтип жазганын окудум:

«Абдыкасымды Андрей деп атоочубуз. Ал канчалык жарадар болсо да, катардан чыгып калган жок. Өзүнүн кайраттуулугун, туруктуулугун көрсөтө алды. Ошентип мен согуштун аягына чейин бир гана эр жүрөк — аба мергенчиси менен бирге учуп жүрдүм. Анын таамай аткандыгынын натыйжасында далай жолу алкыштарга да ээ болдук. Эмесе биздин согуштук ошол турмуштагы

мындай бир окуяны эске түшүрүп көрөлү. Бул 1944-жылы апрелдин башталышында Крымды бошотууда болгон.

Совинформбюродон «Крым бошотулду»— деп берип жаткан. 16-апрель күнү, биз артына шашыла качып жаткан душмандын согуштук транспортторун бомбаладык. Ошондо душмандын зениткалары бизди аткылап, жерден истребителдери биринин артынан бири көтөрүлө баштады. Биз дароо эле деңиздин үстүнө өтүүнү чечтик. Ошол замат душмандын «Фокке-Фульф» деген эки самолету пайда болду. Аңгыча дагы эки «Мессершмит» үстүбүздөн көрүндү. «Сен жогоруларын, мен төмөнкүлөрүн андыймын!. Карымшаковго дагы команда бердим. Туман басып турган эле, мен бир «Фокке-Фульфту» кууп баратканмын. Андрей бир «Мессерди» талкалай атты. «Фокке-Фульф» мени рулга кагып өттү. Биздин самолет башкаруудан чыгып, төмөн карай түшүп бараткандай болду. Карымшаков тынымсыз ата берди. «Бүттүкпү» деген ой менен двигателди толук айландырып, штурвалды кыймылдатканда самолетубуз түздөлүп калыбына келе түшүп, багытыбызды карай учуп кеттик...»

Карымшаков мындай дейт: «Анатолий досум экөөбүз 75-гвардиялык авиациялык штурмалоочу полктун составында ИЛ-2 самолету менен бирге киргенбиз. Абага 227 жолу учуп чыгып, душмандар менен беттешип, жоопту жана күжүрмөн тапшырмаларды аткардык.

1942-жылдын ала шалбырт март айы. Лапылдата жаап жаткан сары кардын аягы сампарлап барып басаңдай баштаган. Мен жаңы толуктоолор менен 75-Сталинграддык гвардиялык, Суворов ордендүү авиациялык штурмалоочу полкко келип кошулдум. Фронттон көп деле алыс эмес экен.

Өзүм менен бир самолетто согушка кире турган учкуч, украин элинин уулу — Анатолий Яковлевич Брандс менен бардык тапшырманы үйрөнө бердим.

— Биз — деди, Анатолий — ИЛ-2 самолетунда далай

оор согуштарда, от алоолонуп, ок жамгырдай жааган абада, татаал тапшырмаларды бирге аткарабыз. Демек, баскынчы желдеттерди аябоо керек...

Ошонун эртесинде эле кужурмон штурмовикте Сталинградды карай учуп бараттык. Ар бирибиз тынч жаткан элге бүлүк салган фашистке аябай кекенебиз. Алды жакты көз ирмебей тиктейм. Анатолий болсо, самолетту башкарууда. Жарылган снаряд менен бомбалардан жер дүңгүрөйт. Алды жакты сур туман жөн эле чүмкөп калгандай, өтө кайгылуудай болуп көрүнөт. Биз качан гана трактор заводун карай бет алганда немецтик самолеттор пайда болду.

Абада айыгышкан салгылашуу башталды. Мен а дегенде эле ушунчалык кекенген экенмин, артыбыздан илешкен эки каракчыны таамай атып түшүрдүм. Анатолий тике сайылып түшүп, кароолго алынган немецтик танкалардын колоннасына бомбаны жаадырып жиберип, анан кайра кайытып асманга чыкты дагы кайра тике сайылып качырып, бомбаны чууруттук. Жердеги байкоо пунктунан маалымат алынды. Тапшырманы так аткарган экенбиз. Душмандын алты танкасы, бир склады күйүптүр. Ал түгүл коргонуу чебинин да алты, жети жери бузулуп, өрт алоолонуптур. Мына ошондо алгачкы сыйлык «Кызыл Жылдыз» орденин берешти. Аябай толкунданып: «Кашык каным калганча Советтер Союзуна кызмат кыламын» деп өтө кайраттана айттым. Ошентип, Анатолий досум экөөбүз Сталинградда далай согушка катыштык.

Дагы бир жолку кужурмон тапшырмада Мелитополдун түндүк жагындагы темир жолдо турган душмандын эшелондорун кыйратуу керек болду.

Тапшырманы аткарып кайра тартканда кокустан эле душмандын «мессершмиттери» менен истребителдери кездешип калды. Урушта туруш жок шыр эле салгылашуу күч алды... Пулеметтун кароолун тирмийе тиктейм... Туш жакта тытыраган атышуулар. Биздин штурмовик-

тер жоонун айласын кетирип, эсин оодара баштады. Анатолий бизди аткылап жүргөн душмандын «Мессершмитин» байкай калып, дароо өз самолетун ыңгайына келтире маневрлеп учту эле кароолго таамай илинип, атып калдым. Андан кара түтүн буркурап төмөн карай кулады. Калган эки «Мессершмит» зымырап качып берди. Бул байкоо пунктуна да маалым болду. Андан кийин дагы бир жолу күжүрмөн тапшырманы так аткарып келатып, душмандын самолеттору менен дагы беттешип калдык. Алар биздин самолеттун куйругуна далдаланып алышып, аткылап келатышты. Аны мен кароолго ала албай жаткан элем. Анатолий таамай атып төмөн карай сүңгүттү. Беркиси болсо, өлөрүнө көзү жетип, мурда эле зымырап качып кеткен. Бул жолу полктун командири мага Кызыл Туу орденин тапшырды.

Дагы бир жолу Херсон тарапта душмандын төрт самолету менен кармашканыбыз эсимде турат. Жоонун чегинен бир топ нарылап өтүп барып, өтө кыйын тосмоолдорго карабай бомбаларды жаадырып кайра келаткан элек. Немецтик төрт каракчы биздин артыбыздан жабышты. Анатолий ойкуп-кайкып учту. Мен куйрукка жармаша тынымсыз аткылап келаткан жоруну экинчи жолу кароолго кармаганда ок таамай тийди. Узакка созулган ушул теңдешсиз кармашууда биздин самолетко да ок тийген экен... Өтө ылдамдык менен кыйгай салып жөнөдү... Мага Анатолийден жооп болбогондуктан «бүттүкбү» деген ой менен парашюттан секирмекчи болуп эшикти ачарым менен эле шамал жулуп кетти.

Жарадар болгон Анатолий самолетту жерге өтө жакын кайкытып айдап барып, биздин аскерлер турган жерге кондуруптур. Нагыз баатыр душмандын колуна түшүп бергенче кармашып жатып өлгөндү артык көрөт эмеспи.

Байкоо пунктунан бизди кыйрады деп полктун командирине кабар кылган экен, аман-эсендигибизди бөлүктөгүлөр көргөндө аябай кубанышып, кабыл алышты.

Ошентип Крымда да далай жолу чалганга чыгып, далай жооптуу тапшырмаларды аткарып, өкмөттүк сыйлыктарга ээ боло бердик. Оршаны, Витебскини, Борисовканы, Орелду, Мариополду, Белоруссияны душмандардан бошотууга катышып, Берлинге чейин жетип, Анатолий досум экөөбүз жеңишти бирге майрамдадык. Учкуч Анатолий Яковлевич Брандска эки жолу Советтер Союзунун Баатыр деген наам берилип, мен Даңк орденинин толук ээси болдум».

## ЧЫНТЕМИР ОСМОНОВ

Чолпон-Ата, Корумду, Темировканы артка калтырып заматта эле Курбу кыштагына жетип бардым. Чынтемир жумуштан жаңы келген окшойт, күрөктүн сабын жонуп жатыптыр. Эски тааныштардай кубанычтуу учураштык.

Биз мындан көп жылдар мурда Фрунзе шаарынан жолугушуп, түн бир оокумга чейин кобурашып олтурганбыз. Ошондо бул айылга бир келип кетишимди сурап калган эле...

Биз узун сабак кепке киргенде согуштагы эрдиги үчүн I-даражадагы Ата Мекендик согуш жана III-даражадагы Даңк ордендери менен бирге бир топ медалдар менен сыйланган Жумалиев Кокен кирип келди, эң сүйкүмдүү дидарлашып, аңгемебиз кызый баштады. Кеп кесеги Чынтемирде.

Мен андан кат аркылуу алган 1946-жылы чыккан «Сын Родина» деген армиялык газетаны эсиме түшүрдүм. Газета саргайып калса да жакшы сакталган эле.

— Биздин 15-гвардиялык аткычтар дивизиясынын 44-аткычтар полкун түз эле беттеп, душмандын танкалары менен автоматчиктери жер жайнап келатышты. Менин расчетум алдыда, эң негизги тарабында болучу. Ошондуктан фашисттердин чукул кирип келишин күтүп жаттык. Күркүрөгөн танкалардын дабышынан кулак

тунжурайт. Автоматчиктери болсо өбөктөп, катарын суюлтуп алышкан. Качан гана фашисттер 100 метрдей чукул кирип келгенде биз күткөн команда угулду.

Атышуу күчөп, жер дүңгүрөп, согуш талаасы солкулдайт. Аңгыча эле душмандардын алдыңкы катардагы эки-үч танкасынан кара кочкул түтүн буркурады. Минеметтун огу тийдиби же алдыңкы катардагылар танкага каршы колдонуучу курал менен аттыбы, айтор дагы эки танкасынан түтүн булады. Мактанбаганда кантейин, ырас жери ушул салгылашууда менин расчетум да, душмандын үч танкасын күйгүзүп, бир карыш алдыга жылдырбай кайра артына кууган болучу.

Мында мага III-даражадагы Даңк ордени ыйгарылды. Бул менин согуштагы эң алгачкы да, эң кубанычтуу да, кайратыма кайрат кошкон сыйлыгым болучу. Старой Русседе кандай гана болбосун шаарды ээлөөгө туура келди. Ошондо десанттын командири бизди шыр эле немецтер мина чыгарып жаткан заводго жиберди. 82 миллиметрлик минамет менен бетондон тургузулган дубалдын далдасына орношуп алып, салгылашуу башталганда артына шашыла качып бараткан душмандарга куюндата ок сээп, сазайын бере бердик.

Мында да душмандардын көрсөткөн каршылыктарын туруктуулук менен майтарып, алга жылып олтуруп, акыры шаардан душмандарды кууп чыгып ээлеп алдык. Айыгышкан ушул укмуштай салгылашууда мен оор жарадар болуп, жолдошторумдан адашып калган элем. Санитарлар мени кандай тапканын билбейм, кол чанага салып алып кетишиптир. Туптуура жыйырма эки күн госпиталда жатып, айыккандан кийин кайрадан өз бөлүгүмө кошулдум.

Андан кийин Одердеги майданда Иванов командалык кылган биздин ротанын жоокерлери салгылашуунун өзгөчө от күйгөн жагында болдук. Мында командирибиздин акылдуу жана чечкиндүү аракети дем берди. Иванов ошол замат сержант Бритченко экөөбүздү душ-

мандардын эки жагына тушма туш жайгаштырып, анан аларды кайраттуулук менен шаштыра атып олтуруп кошулгула»—деп буйрук берди.

Жоокерлер коргонуу чебин ээлешер замат эки тараптан тең ок атылып, каардуу салгылашуу башталды. Катарымда сержант Николаев пулеметунан кекене ок жаадырат. Артта да, алдыда да октор тоңгон карды челип ыргытып жатты. Согушуу кечки бешимге чейин созулуп, анан басаңдаганда огум түгөнүп калган эле, жоокер жолдошторумдун өлгөнү да, катардан чыкканы да арбып баратты. Ойлонуп туруууга убакыт жок. Командир катарымдагы катардан чыккан жоокердин пулемету менен атууга буйрук берди. Мен таамай мээлеп ата баштадым. Көпкө созулбай душмандардын миси майтарылып, артына чегинди.

Мында II-даражадагы Даңк ордени менен сыйландым. Ал эми биринчи даражадагы Даңк ордени менен сыйланганга чейинки согушта баскан жолум өтө эле узак. Көпчүлүгүн эсиме түшүрө албай койдум. Украинада, Польшада, Чехословакияда ажал менен далай жолу бетме-бет чыгып Берлинге чейин жеттим.

Баса, ошол күндөрдөгү дагы бир окуяны айтып берейин. Бул Прагадан нары 20 километрдей өткөндө токойдун эң кооз жеринде болгон. Кайдан жайдан немецтик чалгынчы самолет пайда болуп, токойдун түнт жагын карай учуп кетти да, кайрадан жакындап келатты. Мен аны түшүрөрүмө көзүм жетип командирден сурансам, уруксат бербеди. Анткени, бир атканда кулата албасам, ал бир тобубузду кырып кетүүсү да ыктымал эле. Ал бизди көрүп, бомбалоочудай болуп түз эле кириң келди. Ошондо командир мага аны атууга буйрук берди. Өтө таамай мээлеп, ылдамдык менен атkan экенмин, самолет алоолонуп өрттөнүп токойду карай сүңгүдү. Көрсө ок бензин бакка тийиптир. Тез эле жарылуунун аябагандай катуу дабышы угулду.

Мына ушул күнү полковник Гуселюк — Азаматсың

Осмонов бир ок менен душмандын бир самолет, 9-чалгынчысын жайладың — деп алкыш айтып, дагы сыйлыкка көрсөтүлөрүмдү Капитан Мозговго дайындаганы али эсимде.

Кокен менен Чынтемирдин аңгемелери уланып, биринен бири кызык болду. Алардын эрдиги ар бир окурманды кубантат.

## ДМИТРИЙ ТЕМЛЯКОВ

Ал мага мурда кат менен даана түшкөн сүрөтүн кошо жиберип, анан кайсыл журналга жазарымды сураган болучу. Азыр да ошондой суроо берди да жылмайып коюп, аңгемесин баштады.

— Биздин орудиялык расчетубузду «интернационалдуу» — деп аташчу. Мен — орус. Гуша — украинец. Үсөн Бейшеев — кыргыз, Кочкордон. Бабаев — Азербайжан. Тухватуллин Мидхат — татар, Оштон. Парпиев Абдрашит — өзбек, Оштон. Согушта дайыма бирге болуп, ач көз душманга каршы бирге согуштук. Анан жеңиштин жаркыраган майрамын бирге майрамдап, айылга да бир кайттык. Азыр, мен, ушул Пржевальскийдеги электротехникалык заводдо үзүрлүү эмгек кыламын. Бейшеев Үсөн Кочкордо соода тармагында иштейт. Тухватуллин Мидхат Ош шаарында эмгектенет. Парпиев Абдрашит болсо колхоздун башкармасынын председатели болуп, көп жылдар бою иштеди. Азыр пенсияда.

Айрыкча III-даражадагы Даңк орденине татыктуу болгондогу катуу кагылышуу эсимде турат. 1944-жылдын февраль айы болучу. Кеч киргенден баштап күн шыбыргактап туруп, артынан жаздын жышааны сыяктанган сары кар сампарлап жаап турган. Шамал болбогону менен суук кадыресе каарында эле. Биз карга аралаш ок атуучу позицияны ээледик. Таңга маал чабуулга чыгышыбыз керек. Оңой менен уйкубуз келбеди. Анын

үстүнө согуштун ар бир минутасы опурталдуу да. Сак болушубуз негизги милдет. Солдаттык кайрат ар бирибиздин каныбызга сиңген. Айлананы ымырт каптап, көз байланды.

Жаап жаткан кар таңга маал басылып, туман каптап калды. Анда-санда жалт этип учкан ракета да жоголду. Өтө эле алыстан мылтыктын үнү чыгат да, кайра жок болуп калат. Ушул кезде фронттун далай бөлүктөрүндө кандуу салгылашуу жүрүп жаткандыр. Аңгыча гвардиялык минамёттон дабыш чыкты. Биздин жоокерлер минамёт менен душмандын траншея жана коргонуу позицияларын талкалай атып киришти. Мына салгылашуу...

Андан кийин атакага биздин жөө аскерлер жөнөдү. Алардын артынан биз расчетубуз менен бараттык. Капыстан жамгырдай жааган душмандын огунан алдыда бараткан аскерлер жерге жата-жата калышты. Биз куралыбызды ошол жакка түздөп буруп, жоокерлерибизди немецтердин пулеметторунун окторунан коруп кирдик. Жөө аскерлерибиз кайрадан атакага көтөрүлдү эле, бирок оң жактан атылган душмандын пулемёту тоскоолдук кылды. Өларман душман артиллерия менен да атып жатышкан. Снаряд түшкөн жерден тоңголок топуракты челип ыргытат. Жердин кыртышынан эриген баткак бизге жете чачырайт.

Бир маалда жарадар болгон ак мурут жоокер жаныбызга жакын жылып келип «тээтигинде пулемёт бар тез жоготкула» деп алды жактагы жепирейген үйдүн чатырын сөөмөйү менен көрсөттү. Биз заматта куралыбызды ошол жакка бура салдык да таамай мээлеп атып жибердик. Катуу жарылуудан ал пулемёттун жаагы жан болду. Мына жоону жанчыш... Биздин жоокерлер жапырт атакага көтөрүлүп, душмандын желдеттерин тим эле чөп чапкандай сулатып, көп жерге сүрүп таштады.

1943-жылдын аптаптуу жай айы. Салгылашууда жүрүп мурунку күндүн кандай тийгенин да билбей калып-

мын. Оюма ар нерсе түшүп, чытыйып турган күндүн кабагынын ачылып кетишин тилеп турган элем. Взводдун командири лейтенант Подтынный саатын карап: «Көрдүңбү тээтигини, талкалап, полктун алга жылышына жол ачышыбыз керек»,— деп алды жактагы токойлуу дөңсөнү көрсөттү. Үстү жашыл жалбырактуу бутактар менен жабылган ДЗОттун оозу бизди карап үңүрөйөт.

Аңгыча команда берилип, бетме-бет атышуулар күчөп, жер дүңгүрөп калды. Көздөгөнүм баягыл жашырылган ДЗОт. Удаасы менен үч жолу атып, анан атышуулар аяктап, түтүн суюлганда ДЗОтту карасак анын ордуна топурагы эшилип чандаган гана жар калыптыр. Мына ушул үч күнгө созулган катуу салгылашууда бардыгыбыз тең «Каармандыгы үчүн» медалы менен сыйлангaнбыз.

Чачын ак аралап, далай азаптардын отун кечип, салгылашууларда жүрүп карыган ошол карт солдат азыр өлкөбүздүн кайсыл бурчунда эмгектенет болду экен? Мүмкүн менин Кыргызстанымдабы!

Ай, оңбогон согуш ай, кимдерди боору бүтүн, башы эсен калтырды экен! Ошондон калган, денемдин эки, үч жеринде жарат бар — деп, аңгемесин аяктады.

Дмитрий 1940-жылы 9-классты ийгиликтүү бүтүрүп, Советтик Армиянын катарына чакырылып, пехоталык окуу жайынын курсанты болуп, билим ала баштаганда согуш оту алоолонуп жанган Ал, алгачкы күндөрдөн баштап, күжүрмөн жолдоштору менен душмандарга каршы күрөшө баштаган.

Темляков I-даражадагы Даңк ордени менен 1945-жылы 5-майда сыйланган экен.

Көкүрөгүнө сагыныч толгон Дмитрий көгүлтүр «Ысык-Көлүнө» аман эсен кайрылып келип, тууруна конду. Жердештеринин урматтоосуна, сыймыгына бөлөндү. Дмитрий дагы эле электротехникалык заводдо эмгектенип жатат.

## ҮСӨН БЕЙШЕЕВ

Үсөнгө Кочкордон жолуга албадым. Бирок мурдагы кезиккенимде көп нерселерди угуп калганмын.

«Советтик Кыргызстан» газетасынын редакциясындагы уюштурулган жолугушууга Үсөн Бейшеевдин келишин чыдамсыздык менен күткөнмүн. Бир маалда чачтарын ак аралай баштаган, орто бойлуу, жүрүшү тыкан адам бизди карай басып келе жатты. Анын Үсөн экенин төшүндөгү орден, медалдарынан божомолдодум. Салт катары учурашып, анан таанышып жай сураша баштадык.

— Менин башка жоокерлерден артыкчылыгым деле жок. Андан көрө ордендерге ээ болгондогу окуялардан эскерип айтып берейин. Согушта жоокер эч качан орден, медаль менен сыйланайын деп салгылашпайт. Намыс үчүн элин, жерин коргоп, душманды жек көрүп согушат — деди, баштаганда эле Үсөн.

— ...Бул жолку салгылашуу да өтө кыйын болду. Биздин дивизия да фашисттердин сазайын берип, Луганский шаарынан кууп чыккан. Дал ошол зонада душмандын көп күчтөрү талкаланган эле.

Душманды тынымсыз сүрүп баратып Харьковдон өткөндө күтүлбөгөн жерден чукул бурулуш болду. Алды жагыбызда фашисттердин өтө көп күчү бизди күтүп жаткан экен. Теңдешсиз салгылашуу бир жумага созулду. Биздин бөлүктүн солдаттары курчоодо калып, алдыбызда кандай гана болбосун жол ачуу милдети турду. Мен командиримден суранып жатып, жол ачууга өзүмдүн бөлүгүмдү баштап кирдим. Чалгынчылык жолдун өтө кыйын жеринен өтүп, түндөп душмандын артына чыгып, кайраттана салгылашып кирдик. Кайраттын жоокерге кандай дем берерин ошондо билгенмин. Биздин капыстан койгон атакабыздан фашисттик желдеттер дүрбөлөңгө түшүп, шашып калды да, жаадырган октобузга урунуп, далайы кырылып кетти. Алар канчалык

аракет кылганы менен ойлору ордунан чыкпай калды. Курчоодо калган жоокерлерибизге жол ачылды.

Андан удаа Польша, Румыния жерин фашисттерден куткарууга катышып, Буг, Висла дарыяларын кечип өттүк.

Баса булардан мурдагы бир окуяны да кобурап кетейин. 1943-жыл. Кар аралаш бурганак уруп турганда, бир далай күндөн бери жол тартып келе жаткан жоокерлер 1-Украиналык фронтундагы 27-дивизиянын, 83-аткычтар полкуна келип кошулдук. Сержанттык наам менен 45-миллиметрлик замбиректик расчетко командир болуп дайындалгам.

Мелтиреген түндүк Дон. Айдоо аянты алда кайда созулуп жатат. Замбиректердин күркүрөгөн дабышына аралаш күйгөн куйкум жытты шамал айдап келди. Биз турган токойдун алды жагы сыйдаң эле. Таң заардан көтөрүлгөн бурганак басаңдап, күндүн көзү көрүнүп калганда биздин взводдун командирин штабга чакырып кеткен. Ал бир оокумда кайрадан келди да, баардыгыбызды чогултуп алып, кандай гана болбосун Дондон тез арада сүзүп өтүп, душмандарды окопторунда талкалаш үчүн командование тарабынан буйрук болгонун айтты.

Кочкул кара түтүндү жамынып, наргы жээкке моторлуу кайык менен сүзүп өттүк. Бирок ал жээктеги дөбөдөн жамгырдай жаап турган пулеметтун огу баш көтөртпөдү. Анын жаагын сындырыш оңой эмес да. Баары бир аны талкалабай болбойт. Дмитрий кекене тиштенип, оң жакка он метрдей жылып барып, аны ата баштаганда, мен сол жак менен жарга тырмышып чыгып, гранат менен удаа-удаа уруп калдым. Биринчи... экинчи... үчүнчү гранат менен биздин пулеметтун октору кошо учуп, акыры анын жаагын жап кылдык. Ошондо бардыгыбыз тең «Каармандык үчүн» медалы менен сыйланганбыз.

Дагы бир жолу Молдавиядан өтүп калганда дөңсөдө коргонууну түзүп жаткан элек. Бул жолку фашисттик

желдеттердин бизге карай көтөрүлгөн атакасы өлөрмандык эле болуп көрүндү.

Танкаларынын далдасы менен автоматчиктери келатышат. Артиллериясы менен да атып жатышат. Самолёттору да бомбалап кирди. Душмандардын опузасына дароо түшүнө койдук да танкалары менен автоматчиктерин жакын келтирип, таамай мээлеп ата баштадык. Наводчик Эсенбаев снаряддарды тынымсыз тез алып берип жатты. Чыгымы жок да салгылашуу болчу беле, биздин катарыбыз суюла баштаганда немецтердин төрт, беш танкасы күйүп жаткан. Айыгышкан салгылашуу фашисттик желдеттердин артына чегинүүсү менен аяктады.

Бул жолу II-даражадагы Даңк ордени менен сыйландым.

Согуштук жол менен жүрүп олтуруп, Польшаны бошотууга да катышып, Познань шаарынын алдындагы кыштактарда да салгылаштым. Бардык жоокерлер сыяктуу эле душманды талкалап сүрүп, акыры жаркыраган жеңишти майрамдап, салтант менен айлыма келдим.

Жашырганда эмне, айылда турмуш начарлап турган экен, эмгек майданында ысыкка күйүп, суукка тоңуп, далай кыйынчылыктар менен алп урuштук. Албетте, мында да согуштагыдай эле туруктуулук жана кажыбас кайрат зор ийгиликке жеткирди.

...Мен Үсөндүн кыймыл аракетинен эле анын согушта да, эмгекте да такшалып бышкан жоокер экенин көрүп турдум. Анын албеттүү денеси менен багжайган ireңине башындагы ак калпагы куп жарашып калат экен. Андан кийин Үсөндү шамалы кум учурган, мал киндиктүү Кочкордон барып таба албай, Фрунзеден жолуккам.

### АБДРАШИТ ПАРПИЕВ

Кара-Суу районундагы Калинин атындагы колхоз жана анын председатели Парпиев Абдрашит жөнүндө

газеталардан көп эле окуганмын. Анан бул өнүккөн чарбаны бир эмес эки жолу аралап көрдүм. Бирок Абдрашитке жолуга албадым.

Колхоз областта гана эмес республика боюнча да даңктуу. Жалаң гана пахта аянты 2500 гектар. Анын ар биринен эле 27 центнерден түшүм алган күндө да өлкөгө алты миң центнерден ашык ак алтын тапшырышат. экен. Мал чарбасы да дүркүрөп өскөн 30 миңдей кой, 2000ден ашык уюу бар. Көчөсү көңүлдөгүдөй, бүт жаңы формадагы заңгыраган тамдар. Клуб, мончо, мектеп жемиш бактары менен көрктөнүп турат.

Бардыгына көз чаптырып баратып мекеменин алдынан мына муну окудум: «Колхозубуз быйыл өлкөгө 6020 тонна пахта, 1600 тонна дан, 40 тонна жүзүм, 250 тонна мөмө жемиштерин берет». Бали азаматтар, деп жибердим ичимден.

Бүгүн дем алыш күнү эмеспи, үйүнөн жолугуп калармын деген үмүт менен дагы барган элем, бирок дагы таппай калдым. Таң заардан эле талаага чыгып кетиптир.

Балдары: Турсумбай менен Тахиржан врач, кызы Ранахан Ошто, редакцияда иштейт экен. Үч уул, үч кызынын эң кенжеси Патилахан мектептин жогорку класстарында.

Мен башкаларга да көз чаптырып, чыныгы баатырдын бейкут мезгилдеги эрдигине да кайдыгер калбадым.

Колхозчулардын көбүндө женил автомашина, мотоциклдер. Кыштак шаарга жакын жайгашкан. Барынан да анын сыртындагы созулуп жаткан пахта талаасычы! Бетинде айыл чарба машиналары менен пахтакерлер бал жыйнаган аарылардай жайнайт.

Ал бышкан учурдачы, анда жазгы талаага көктөгү ак булуттар созулуп, үсүлүп түшүп калгандай болуп, ар кай жерде додолонуп агарып жататко чиркин. Карлыганын желесиндей катар тизилип пахта терген машиналардын дабышы өзүнчө эле оркестрдин күүсүндөй.

Мына ошол кызуу кыймылдардын толкундуу шаңына аралаш ошол талааны күн сайын кыдырып чыгыштын өзү эле эмгектин да каарман жоокери Абдрашиттин кайратын билдирип турбайбы. Аны зарыга күтө берип кеч жолуктум да бир аз аңгемелештим.

«Согуш деген жүрөккө жаман тийип кулакка жаман угулат. Ошол апат күндөрдө мен да карап тура албай жигиттер катары мекенди, элимди душмандан коргош үчүн аттандым. А дегенде Түркмөнстандын Мары шаарында, андан кийин Грузияда солдаттык эрежелер менен согуш тактикаларын үйрөндүм. Анан 27-гвардиялык дивизияда 83-полкунун жоокерлеринин катарында согушка кирдим.

Көп эле жерде болдум. Согуш деген согуш! Бардыгын элестетүү өтө узак. Биз алган ордендер менен медалдар эле көп нерсени баяндайт. Анын ар бирин жанды оозго тиштеп, душманды жеңебиз деп жүрүп алдык да... Эрдикти баары эле айтып жаткандыр. Мен бир нерсеге көңүлүңөрдү бурайын. Балким анын мааниси чоңдур...

...Душмандар алдан тайып, биз Берлинге карай кызуу чабуулга өтүп калганбыз. Алдыбыздагы дөбөдө алардын ДЗОТу жолду тосуп бөгөт болуп туруп алды. Ошондо ал дөбөнү айланып өтүп барып, бекинген пулеметту талкалаш үчүн командир бизге буйрук берди. Биз дөбөнү айланып жүрүп кеткенде берки жактан башка расчеттор аткылап, алаксытып турушту. Биз өтө ылдамдык менен анын капталына жетип таамай атып талкалап салдык. Ошондо эсимден кетпей калган бул болду. Саал нараак жылсак кумурсканын уюгун танканын каз таманы тепсеп өткөн экен, тим эле былчыйып жер менен жер. Жайлай жыйнап тергендери агарып чачылып жатат. Жан серек бирин-серин гана кумурскалар калыптыр. Байкуштар мекендеген жайын таштай албай чебеленип жүргөндөй. Зээним кейип кетти... Ай, согуш ай, кесепетиң эмнелерге гана тийбеди! Жадегенде жандуулардын

эң майдасы, эң мээнеткечи кибиреген байкуш кумурскаларды да тынч койбодуң! Согуш отун жаккан фашисттерге ого бетер кыжырым кайнап, жиним келди...»

Абдрашит 1960-жылы колхоздун башкармасынын председателдигине көтөрүлүп, уюштура билүүдөгү эмгеги үзүрлүү болуп, жыл сайын зор ийгиликтерге ээ болгон экен. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат. Анын төшүндө согуштагы эрдиктери үчүн берилген I, II—III-даражадагы Даңк ордендери менен катар, кайраттуу кажыбас эмгектери үчүн сыйланган Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери менен медалдары да жаркырап турат.

*ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ*

## БЕКИШ, САГА ЭМНЕ БОЛДУ?

*(аңгеме)*

Бектен минген ат үйдүн эшигине куптан ченде келип токтоду. Колу-буту карышып калган ал кылчактап эки жагын каранды. Эч ким көрүнгөн жок. Жадегенде тиги фронтто жүргөн кезинде үйүн, жерин эстеген сайын жакындарына кошо көз алдына тартыла берчү Мойнок да алдынан үрүп чыкпады.

Жолдон кыйналгангабы, ансыз деле арык денеси ого бетер кичирейип, куту качып келаткан ал, бу кезде жоокерди укмуштай тосо турган болгон айылдын карыжашы дебей жабалактап чыга келсе, кантмек. Алардын ар бирине кол сунуп, жакшылап салам айтып, алик алганга азыркы абалында жарабайт. Ошондон улам айыл четине жакындагандан бери көөдөнүн тиреген шаттыкка бушайман ой кошула калып, бир аз түйшүктөнгөн Бектенге, кудай жалгап, өз үйүнө жеткенге чейин эч ким жолукпады.

Бектен арт жагына ичке мойнун араң буруп, кылчайды. Батырбекти карап жатты. Ал кыштакка жакындай бергенде: «Бастыра бер, Бекиш! Мен, азыр» — деп даарат ушатканы аттан түшүп калган эле.

Бекиш атка өзү эле минген. Бирок азыр Батырбектин жардамысыз түшө алгыдай эмес.

Кыштын күнү айылдын кебетеси ушул да. Кечки суук түшкөнгө чейин бар тиричилигин бүтүрүп алышып, анан очок боюн качырмай. Малдары сарайга, иттери күпкөсүнө кирип, кыштын узун түнүн жылуу өткөрүүнүн камын көрүшөт эмеспи.

Мойнок да Кайнар эртелеп жасаган суюк аштан калган жугундуну ичип алган соң, уйкананын бурчундагы күпкөсүнө кирип, атайлап төшөлгөн бакалдын үстүндө тумшугун колтугуна каткан бойдон уйкуга кеткен эле. Бирөө атайлап чакырбаса, анын бак-дараксыз жылаңач, кыштакты аралап, бети-колду каарып өтүп жаткан кыш суугуна чыгуу оюнда жок.

Ат үстүнөн кантип түшүрөрүн билишпей кучактарын кең жайып карбаластаган ата-энесин, жары Кайнарды элестете берип ичинен бушайман жеген Бектен төрт паксалуу коргондун дарбаза тушуна жетип, карышкан колу менен чарчаган аттын тизгинин акырын тарта бергенде жакындарынан эч ким чыкпаганы үчүн ошентип таарынбастан, кайра эсин жыйып калды.

Баатырбек келип, ошол аттан түшүрөт.

Бектен дагы кылчайып артына тиктеди. Өзүнүн семиз атын буга берип, жолдон арык ат минген Батырбектин «Чү-чүлөй» капталга темине катуу жүрүп келатканын эми укту.

Бектен госпиталдан келатат. Он бир ай дегенде чыкты. Өпкөсүндөгү осколканы алууга мүмкүн эмес экен». Эки-үч жылдан кийин операция жасалат. Ага чейин эс ала бер. Өпкөсүндө эмес, жүрөгүндө осколкасы менен жүргөндөр азыр көп» — деп госпиталдын врачтары сооротуп коюшкан аны.

«Кечки суукка калбайлы, Батыке»,— деп үйүнө шашылган Бектен тиги кишинин аты жорток экенине карабастан, өзү жоргону жаздырбай катуу жүрүп келгенине жарым жолдон бери өкүнүүдө. Осколка жылгансып, өпкөсүнүн улам бир жери ачышып, деми кысыла баштады.

Бектен акыркы темир жол станциясына келип, ашканага киргенде ал жерде тамактанып отурган Батырбекке жолугат.

Батырбек — Бектендердин колхозунун председатели. Согушка чейин эле башкарма болчу. Элүүлөргө жакындап калган орто бойлуу толмоч ал, а дегенде боорукердиги, кайрымдуулугу менен элге жаккан.

Эшигинен тышка көк буу агылып чыгып жаткан ашканага кирип келген Бектенди улага жактагы столго эми гана алдына коюлган лагманды сыр кашык менен козгой берген Батырбек көрүп калат. Бирок Батырбек ага бир топко чейин таңыркагандай, бейтааныш кишидей тиктеп тургандан кийин гана кашына келип жылмая берген Бектенге кучагын ачып, эки бетинен өбөт.

Бу кезде арабалар айылдагы кабыл алуу пунктунан шаардагы кабыл алуу пунктуна пахта ташуучу. Мына ошолорду болжолдоп келген Бектен. Кимдин арабасына түшпөсүн, суранса өз айлына чейин жеткирип коёруна көзү жетет. Жоокерди ким жолго таштасын. «Араба десең, араба деле табылат. Тааныштан көп неме жок биерде. Бирок ат жалы жеңил болот. Нары тез жетебиз» — деп Батырбек өзүнүн атын ага тартат ашканадан чыккандан кийин.

Ат мингенди сагынып калган Бектен бул күтүлбөгөн жолугушууга жаш балачасынан мулуңдап кубанган. Батырбек болсо, бир чакырымча жөө басты да, жол боюндагы колхозго кайрылып, көп аялдабай ат минип чыкты.

Батырбек Өзбекстанга дан сурап келген карызга.

Бу маалда мындагы колхоздорго мамлекет пахта үчүн эгин бере баштачу.

Согуш башталгандан бери Батырбек гана эмес, алардын районундагы көп колхоздордун башкармалары ушинтип, өзбек тууганларынан кышында эгин сурап кетип жүрүшөт. Алар жайында кыргыздардын жайлоосуна малын чыгарышат, же күздө барып, эгин-тегин жыйнаган маалда бергенин кайтарып алышат.

Бектен госпиталдан чыккандыгы, качан үйүнө келери тууралу эч нерсе билдирген эмес. Карып калган ата-энесин бүлүндүрүүнү каалабаган. Өзүнүн удаасы Самарбек да эки жылдан бери армияда. Ал жөнүндө айылдан келген каттан билет.

Арык дене кечки суукка кайыга түшкөн. Оң бутун үзөнгүдөн араң чыгарып, сол колу менен ээрдин кашын таяна денесин көтөрүүгө аракеттенип көрдү эле, күч-кубаты тулку боюнан эчак кеткенин эми сезди. Бектен ошондон кийин гана мандайынан муздак тер чыпылдай жалдырап, артына кылчактай берген.

Батырбек ага эки-үч метрче жетпей атынан түштү. «Кайнар!. Садык аке!..»— деп кыйкырып жиберип, Бектенге жакындады. «Т-с-с — деди Бектен тигинин шоокумунан чочугандай.— Бекер кылдыңыз, Батыке. Өзүбүз эле кирип барсак жакшы болмок» — деп шыбырады ал көгөргөн түйрүк эриндерин араң кыбырата. Анан ат жалына эңкейип Батырбектин эткел ийнин таяна бергенде тиги колтуктан ала жаш балачасынан Бектенди өзүнүн көкүрөгүн көздөй тартты.

Жоокердин бири-бирине коошпой шодойгон арык буттары мындан үч жыл мурда акыркы жолу баскан жерге кайрадан тие бергенде, дарбазаны тарс ачып, биринчи болуп Кайнар чыга келди. Узун бойлуу, шинелчен, тумакчан арык карааңды көрүп, ал чоочуп кетти. Тынымга сөз катпай, бут да шилтенбей бир орунда селейди.

— Бектенди алып келдим! Эмне аңыраясың? — деди

Батырбек тигинин бул турушун жактырбагандай катуу үнката.

— Бектен?.. Бекиштиби?..

Аңгыча Бектендин атасы менен энеси жетип келишти. Алиги шоокумдан улам чочуп ойгонгон Мойнок күпкөсүнөн чыгары менен үч-төрт жолу шоңк-шоңк этип үрдү да, жай басып, анан ал дагы дарбазага келди. Азыр Мойнок чочоюп отурган калыбында биринен сала биринин кучагына кирип жок болуп жаткан жаш ээси менен учурашуу үчүн кезек күтүп турду. Бектен энтиге бошогондо гана ал анын бут арасына кирип, жоокердин таяктай кожойгон буттарына шалкы келип балбыраган эски керзовый өтүктүн муздак кончторунан жалап-жалап алды, анан куйругу менен өтүктүн биринен сала бирин жумшак ургулап эркеледи. Бирок жаны кыйналып, чекесинен муздак тер тепчиген Бектен ага назар салган жок. Атасы менен энесинин коштоосу астында коргонго кирип кетти. Ээсинин бул мамилесине наараазы болгондой Мойнок ошол жерде отуруп кала берди.

Бектен он мүнөтчө да отура алган жок. Чекесинен тер чыбырчыктай берип, таноосу кериле акыры башына жаздык сурады. Өпкөсүнүн өйүшкөнү эми ого бетер күчөгөн эле. Жаш жарынын, ата-энесинин кучагы аны жеңилдетпестен, тескерисинче, жолдо башталган оорусун күч алдырып, жанын жабыркатып жиберди.

Чалкасынан түшүп буттарын суна жатары менен акталбаган, жалгыз чыракка ичи күңүрттөнгөн ным бөлмөнүн шыбын тиктеп, терең үшкүрүп алды.

Ата-эне коргонго толук чыккан кубанычты коңшу-колоңдору менен азыр эле бөлүштүргүсү келип турса да, Бектендин абалын көрүшүп, үндебей отуруп калышты. «Үч жылдан бери ат минбегенгеби, бир аз кыйналып калдым. Анын үстүнө силерге тезирээк жетели деп, Батыкем экөөбүз катуу жүрүп койдук окшойт».

Бектен азыркы өңүнө жарашпаган жылмаюу менен

чал-кемпирдин катарында коомай отуруп, өзүнө чочугандай тиктеген Батырбекке карап акырын көз кысты.

— Ооба, ооба, мен булардан сүйүнчү алууга шаштым,— деди Батырбек да тигини туурагандай жылмая.

Жоо бетинен кайтып келген уулу менен ата-эненин жүздөшүп отуруусу ошентип, бир саатка да созулган жок. Кайнар кайнаткан чайдан бир-эки пияладан ичкенден кийин эле, Бектен кыңкыстай берип, бүгүн өзүнө кошуп бул үйдүн башка мүчөлөрүн да жаздыкка эрте баш коюуга аргасыз кылды.

* * *

Бектен сыртка чыгып келгиче, Кайнар төшөктү салып койгон. Жууркандар Бектенге тааныш. Чети көрүнүп турган ак шейшептин үстүндө Кайнары менен мындан төрт жыл мурда биринчи жаткан эле. Жайдандаган Кайнар төшөктүн аягына келип токтой калган Бектенге кыналыша түшүп, жароокерленди:

— Эмне, Бекиш?..

— Жол келгенгеби, алсырагансып турам.

— Чачынан сылап Бектен жарын өпкөнү энкейе берди эле, өпкөсү тешилип кетчүдөй сайгылашып чыкты. Башын көтөрө коюп, таноолорун кере энтикти. Өңү бузулуп бараткайын төшөктүн баш жагына коюлган чырактын алсыз шооласынан байкай койгон Кайнары күйөөсүнүн моюнуна арта берген колун кайра бериге тарта шашкалактады.

— Алсырасаң жатагой, Бекиш. «Мени жаш баладай көкүрөгүнө кысып, кыядан көтөрүп чыккан Бекиш ушубу?» деди Кайнар ичинен ак дамбалчан, ак көйнөкчөн төшөк четинде отуруп калган күйөөсүнүн кебетесине карап туруп. Көздөрүнө жаш толуп чыкты. Ары карап чечинди да, жууркан астына булт койду. Сол капталына, жалынга каптап жакындаган Кайнарды көздөй бу-

рулуп, Бектен кучагына толтура аны көкүрөгүнө тартты эле, көздөрү тунарып, эриндери титиреп кетти. Секундга алкымы буулуп калгансыды. Дароо чалкасынан оодарылды. Саамда барып эсин жыйнаган Бектен: «Какиш, оң жагыма өтүп жатчы» — деди энтиккенин билдирбөөгө тырышып.

Күнөөлү кишидей анын үнү пас чыкты. Алиги боoруна кыскысы келип, кыналышкан муздак дене өзүнө тааныш денеге окшобогонго чочугандай жыйрылып алган Кайнар тура калып, күйөөсүнүн аяк жагы менен өтүп, анын оң капталына жатты.

Бектен эки-үч курдай жарын кучактап, боoруна кыноого аракеттенди. Бирок энтигип жатып, кайра эле коё берип жатты. Жараатынын оордугун, алсыздыгын эми сезген Бектен ар жолку аракетин укмуштай күч сарп кылуу менен жасап жатты. Акырында чалкасынан түшүп жатып калды. Ушундай жатса гана эс алгыдай. Кайнар чыканактай калып, анын бейалдыгына эми биротоло көзү жеткен белем, акырегинен акырын төмөн баса: — Бүгүнчө эс алчы, Бекиш. Тердеп кетипсиң. Жол келгенге кыйналып калгансың го» — деп жоошутту.

Анын үстүндө кызыл шайы көйнөк. Ушул көйнөгү менен Бектенге баш кошкон күнү жаткан болучу. «Көйнөктөрүңдүн ичинен ушунуң сага өзгөчө жарашат» — деп Бектендин айтканы эсинде. Муну, чамасы азыр эле далиске чыгып кийине койду окшойт.

— Баягы көйнөгүңбү, Какиш? — Эсин жыйнаган соң жарын алаксытуу үчүн Бектендин биринчи берген суроосу ушул болду.

— Ооба, тааныдыңбы?

— Кантип тааныбайын, үч жылдан бери жырта албадыңбы?

— Сен кеткендин эртеси эле сандыкка салып таштаган элем.

Бектен үшкүргүсү келгенин тышка чыгарбас үчүн эриндерин бекем кымтыды. Кайнар тигинин башынан

колун артылта берип, чырактын билигин басаңдатты. Көйнөгүнүн жеңи жыйрылып калгандыктан, анын эти чың билеги агарып, Бектендин укмарын козгоду. Анан Кайнары артка чегине берип, көкүрөгү өз көкүрөгүнө туш келгенде ал кучактай калып, ошол калыбында оодарылайын деди эле, алкымына бир нерсе тиреле түшкөнсүдү. Шыпты тиктеп жатып калды. Тымтырстык... Мүнөт... эки... үч... төрт... Сөз баштоо керек эле.

— Кайнар...

— Ия...

— Бастатпай эле койбудуң да чыракты?

— Эмнеге?

— Жарыкты жакшы көрүп атам.

— Андай болсо...

Кайнар чырактын билигин кайра көтөрдү.

Саамга жымжырттык. Терезенин бир көзүндөгү айнек сынган көрүнөт, ошол жерден үйдүн ичине муздак аба урулуп жатты.

— Кайнар дейм?

— Ия.

— Сүйлөбөйсүңбү?

— Эмнени сүйлөйүн?..

— Биринчи жолу кантип таанышканыбызды унуткан жоксуңбу?

— Кантип унутайын.

— Унутпасаң, айтып көрчү.

Тымтырстык... «Анын азыр эмне кереги бар?»

Кайнар ушул ой менен эрине жүзүн бурду. Ал болсо кара чүйкөлөнүп, шыпка телмирүүдө. Үч жылдан кийинки жолугушуунун мындай суздугуна жүрөгү муздай түшкөн Кайнардын көздөрүнө жаш толуп чыкты. Сезими ызалана түшкөн. Ошентсе да мунусун билдирбөөгө аракеттенди. Саамдан кийин ал сөз баштады.

«...Орок маалы болучу. Мен айылдан алтынчы классты, сен райондогу орто мектептин сегизинчи классын

бүткөн жылы эле, классыбыз аз болсо да, өзүбүз бой жетип калганбыз.

— Ооба, сен анда он алтыда, мен он жетиде курагым.— Бектен ушуну айтып терең дем алды. Бу Кайнарга эстеп жаткандай туюлду окшойт.

— Бекиш, дем албайсыңбы? Жаштык күндөрүбүздү эскериш үчүн башка күн деле жетишер.

— Жок, Какиш, уйкум келер эмес бүгүн кубанычтан. Айта бер, кулак сенде.

— Эмесе, эстебей угуп тур. Жайык-Талаанын эгини эрте бышчу эмес беле. Биринчи орок ошондон башталды, анда колхоздо комбайн кайда.

— Ырас, эгин кол менен орулчу.

— Сен анда каникулда жүргөндүктөн, бригадага табелчи болуп бекитилгенсиң.

— Ооба.

— Биз өңчөй кыздар бирге иштөөчүбүз. Ичибизде Мейизкан деген долу кыз бар эле. Бир күнү сен алчыныңы ичиңе арта салып, орулган аңызды өлчөш адатыңча кечке жуук биздин топко келдиң. Мейизкан ошол убакта үч боо буудайды көлөкө кылып, түбүндө жаткан. Сени көрө коюп ал ордунан атылып турду да, колуңан алчынныңы жулуп алды: — Мен өзүм өлчөйм? — деп.

Ошентип, оргон жерин Мейизкан өзү өлчөдү. Сага ишенбей берки кыздарга жаздырды. Өзү кат билчи эмес да. Алар «Төрт сотук» дешти. Берки үч кыз да тигинин жолун жолдошту. Алар бүткөндөн кийин сен алчыңды мага сундуң. Мен албадым.

— Сага ишенем. Өлчөй бер,— дедим. Сен таздангандай мага карадың. Анан ууртуңан күлүмсүрөгөндөй болдуң. Өлчөдүң. Эсептеп чыгардың.

— Сеники он бир сотук экен,— дедиң.

— Экөөбүздү карап турган Мейизкан тер менен чаңга чамбыл ала болгон бетин тултуңдатты.

— Кандай эле Кайнардыкы көп чыга берет? Анын эмне, төрт колу бар бекен? Келе, берчи алчыңды, мен

өзүм өлчөйм,— деп сенин колуңдагы алчыңды ал дагы жулуп алды. Тиги өлчөдү. Берки кыздар жазып турушту. Чыгарышты. Сеники туура экен. Бирок, эмнегедир Мейизкан аларга деле ишенген жок. «Өзүңдү карап көз сүзгөндөрдүкүн көбөйтө бересиң! Мен районго барам. Арызданам» — деди да, орогун орула элек буудайдын арасына ыргытып жиберип, кетип калды. Ошол бойдон ал кайтып келген жок. Анын айылга кеткенин жатарда гана билдик...

Биз аялдар менен бирге талдын бутактарынан жасалган, үстү бүргөн менен жабылган алачыкта түнөчүбүз. Сен кырманчылардын жанында. Кечки тамактан кийин жатканбыз. Күндүзгү Мейизкандын чатагын эстеп күлкүм келет... Башка кыздар бат эле уктап кетишти. Менин көз алдыма ууртуңан жылмайган бойдон сен келесиң. Мен ылдый карайм, уялам. Эмне үчүн экенин өзүм билбейм. Аңгыча бизге тамак бышырып берчү Сейдана деген катындын чырылдаган үнү чыкты. Ал калган-каткан тамагын коруп, ооз жакта жатчу. «Ой, эл-журт, барсыңарбы? Карышкыр!»..

Мен биринчи турдум. Анан калгандар дуу көтөрүлүштү. Биздин алачыктын тегереги ошентип, заматта катындардын ызы-чуусуна толуп кетти. Бир убакта көйнөкчөн, дамбалчан эки кырманчы менен сен жетип келипсиң. Алардын бири шырыктай узун Салмурат аке болсо керек эле, барк-барк этти.

— Ой, Сейдана, кана карышкыр? Кимиңерди жара тартты? Сейдана жеңе чебелектеди:

— Тигине, кырдан ашып баратат. Көзүң көрбү? Ал бирөөнү жара тартмайын сага эсеп эмеспи?!

— Казанында калган-каткан тамагын коруп Сейдана бечара сыртта жатчу эле. Ошону жара тартып кеттиби деп жүгүрүп келе койбодукпу? Соо эле турбайсыңбы, карышкыр экенин кайдан билдиң?

Салмурат акенин бул шакабасын тиги байкабады окшойт.

— Буудай пая шытыр-шытыр дейт. Көзүмү ача койсом, алачыкты көздөй боору менен акырын жылып келатыптыр. Тумшугу кара, өзү боз экен. Кыйкырып жиберсем тура качты. Куйругун такымына кыпчып алыптыр. Желкесиндеги жүнү типтик, карыш келет, дөбөт окшоду.

Салмурат аке шакабасын дагы жөнөттү:

— Э-э айтканыңдын жөнү бар, Сейдана. Дөбөт карышкыр болуш керек. Анткени бүгүн биердеги эркектердин баарысы эртең базарга барабыз деп үйлөрүнө кетишпеди беле. Алачыкта өңчөй аялдар калганын билген какең түн катып жеткен турбайбы.

Чочуганынан көздөрү умачтай ачылган аялдар бул сөзгө каткыра күлүп жиберишти. Биз, кыздар уялганыбыздан катындардын далдаасына жашындык.

— Тилиңе күйдүргү чыксын,— деди Сейдана жеңем тигини, кемегесин көздөй басып. Силер менен келген экинчи аксакал киши карышкырдан үрккөн эчкилердей топтошуп турган бизге карап жай унчукту:

— Жата бергиле, кыздарым. Кудай алсын Сейдананы. Анын көзүнө дайыма кош көрүнүп жүрөт. Карышкырга бышырып коюптурбу буерде. Же силер короодогу кой белеңер. Сейданадан артты бекен деп тамак аңдып келген ит да.

Алар кайрылып жөнөй берди. Сен да ээрчий бастың. Сени Сайра жеңем токтотту.

— А, Бекиш, сен ушул жерде эле жатып калчы. Кыздар коркобуз дешет.— Антип Сайра жеңемин кулагына мен шыбыраганмын.

— Коюңузчу, Сайра жеңе, тамашаңызды,— деп сен ары бастың. Сайра жеңе айтпаганынан кайтпаган неме го, эки бут шилтөө менен кулагыңан кармады.

— Ушундай да макулук болосуңбу? Кыздар сурап атса, тескери басканың кандай? Сен ушу жерде тур. Биз Кайнар экөөбүз барып кырмандан төшөнчү-орунуңду алып келебиз,— деди. Сен желкеңи кашынып туруп калдың. Биз барып чаркаптын түбүндөгү сенин жуур-

кап-төшөгүңдү, анан фуфайкаңы алып келдик. Төшөгүңдү Сайра жеңем алачыктын оозуна салып берди. Биз алачыктын ичине жаттык. Сайра жеңем болсо: «Мен силерди Бектенден, ал бизди карышкырдан коруп жатат»— деп күлдү. Ошентип, ал өзү сен тарапка жатты. Сени ичимен көптөн бери жактырып жүргөнүмү, анан бүгүн биринчи жолу сөз алмашканыбызды, көз карашыңан ого бетер жүрөгүм ысып калганын ага айткан элем да.

Башкалар коңурукка киргенден кийин ал мени сенин жаныңа өткөрдү. Өзү менин ордума жылды. Сен нары карап жаткан экенсиң. Жаныңа өткөнүмү билдиң беле ошондо?

— Билгенмин.

— Кайнар аңгемесинин ушул жерине келгенде бир аз токтой калып:

— Жигиттер куусуңар ээ? — деди. Бектенди сөзгө көбүрөөк аралаштырууга аракеттенип.

— Руставели айткандай, силерден кыр бир эсе азыраак.

— Ха... ха... ха... хи....

Экөө тең күлдү.

— Билсең, эмне үчүн ошол замат бурулбадың?

— Сүрүнө даай албаганмын.

— Хи... хи...

— Айта бер, Какиш, андан ары эмне болду?

— Сен жакка өтүшүн өтүп алып, суукка үшүгөн мышыкча тиземи боорума кысып жаттым. «Бери бурулса эмне дейм? Колу-колума тийсе кантем? Кыздар туюп калсачы?» Эки бетимен от чыгып жатты, бирок сен былк этпедиң. Ийни аңдыган аңчыдан бетер демиңи ичиңе тартып жатканыңы сездим, ошентсе да сага кол тийгизүүгө кыз башым менен акым жок эле. Көңүлүмдө мойнуңа кол артып эркелей бердим. Сен ошондо антүүнү калабадың беле, Бекиш?

— Кантип каалабайын? Сенден артыгыраак каала-

сам керек эле, бирок уялып жаттым, бирдекида кызга сүйлөбөгөн жаным, көл-шал терге малынып кеттим, сен мен жакка өтөрүң менен. Анын үстүнө тили шок Сайра жеңемен чочуладым. Өзү жардам кылып жатып, эртеси өзү менин кулагымдан чойгулап уялтмак да.

Кайнар кайра баштады:

— Мен ошол түнү кирпигими какпадым.

— Мен да.

— Жаман алачык ошол түнү мага жомоктогу алтын сарайдай көрүнүп кетти.

— Мага да ошондой крүнгөн.

— Кийин деле алачык көрсөм, ошол укмуш түн көз алдыма келе калчу.

— Андай алачык согушта да менин көзүмөн уча жүрдү.

— Таң тыяктан түңкөйө баштаганда карасам, үстүңө жамынган фуфайкаң жылбышып, ийниңен ылдый түшүп калыптыр. Мен аны майлапышкан жакасынан акырын кармап өйдө тарттым. Ошону сездиң беле?

— Сезбегендечи? А түгүл ошондо сенин колуң тийген жер ысый түшкөнү али эсимде.

— Мына, тааныштыгыбыз ошентип башталган. Сен күздө мектебиңе кеттиң, мен айылда калдым. Сен кат жаздың, мен жооп бердим.

...Экөө тең унчукпай калды эле сырттагы кар бороонунун сүйлөгөнү угулду. Ысык үйгө киремин дедиби, алтөрт көз терезени баягыдан катуураак ургулап жатты...

— Бекиш, сен үшүгөн жоксуңбу?

— Жок. Үч жыл бою сыз төшөнүп, ок жамынып жаткан кезде үшүбөгөн Бекишиң, эми сенин жаныңда үшүмөк беле. Андан көрө сүйлөсөң Какиш.

— Эми кайсыны айтайын?

— Экинчи жолку кездешүүнү айтчы?

— Макул... Анда май айы. Мен бир топ балдар жана кыздар менен отличниктердин райондук слётуна бардым. Башка мектептерден да бизге окшогондор келиш-

кен экен. Стадиондо адегенде парад болду. Анан райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы — жапалдаш бойлуу, ак жуумал киши сөз сүйлөдү. Андан соң мектептерден келген окуучуларга кезек беришти. Мен да сүйлөдүм. Агайымдын жазып бергенин араң окуп бердим. Үнүм башкага угулган деле жок көрүнөт, баары бир кол чабышты.

— Башкасын билбейм, мага даана угулган. Мени көрсө, сени сүрдөп кетпесин деп башымы өйдө көтөргөн эмесмин ошондо. Сен байкадың беле?

— Кантип байкабай калайын. Эптеп убактылуу жасаган жыгач трибунага көтөрүлөрүм менен сени издедим. Спорттук кийимчендердин орто ченинде башыңы жерге салып турупсуң. Атайлап жер тиктегениңди билдим. Кийин колумдагы бир барак кагаздан башымы көтөргөнүм жок.

Ошол күнү кечинде силер окуган мектептин окуучулары клубда слёттун катышуучуларына оюн көрсөтүштү.

— Кайсы оюн эле?

— «Алтын кыз», Жоомарттыкы.

— Ооба, «Алтын кыз» болучу. Сен ошондо Жапардын ролун аткардың. Чынардын ролун Ширин деген кыз аткарган.

— Ошол кыздын ордуна бул ролду Кайнарым аткарса кандай сонун болор эле деп ойлогонумду байкадың беле?

— Жок, аныңы байкай албадым, бирок ошол Шириндин ордуна мен болуп калсамчы деп, күнүлөштүк кылганым ырас. Хи... хи...

— Андан кийин эмне болду эле?

— Пьесадан кийин концерт бердиңер.

— Ошентип оюн бүттү. Баарыбыз жабалактап сыртка чыктык. Бизди баштап жүргөн агайыбыз мурун эскертип койгон эле, оюн бүткөндөн кийин клубдун эшигине топтолосуңар, анан интернатка барабыз, ошерден

жай беришмек болду деп. Биз чыга берište агайыбызды күтүп турсак, сен келип кулагыма шыбырадың: «Кайда түнөмөк болдуңар, Какиш?»

— Силердикинде.

— Сен кубанганыңан жер тээп жибердиң. Агайыбыз келди да, биз жүрүп кеттик. Интернаттын кыздары бизди колтуктап алышты. Артыбыздан балдар жете келишти, ичинде сен да барсың. Чынардын ролун аткарган Ширин деген кыз силерге карап: «Кана, балдар, ырдап басалы» — деди. Саамга тымтырс боло калдык. Таш төшөлгөн жолдо тең шилтенген буттарыбыздын гана шартылдаган шоокуму. Бир кезде менин кулагымдын так түбүнөн сенин коңур үнүң угулду. Көрсө, эчак жетип менин колтугуман алган турбайсыңбы.

«Жаш курбулар, жашаткыла өмүрдү,
Өмүр чиркин, өмүр кандай көңүлдүү!..».

Бозбу тараптан агылган сыдырым маңдайыбыздан сылап коёт да, туташ чыккан үнүбүздү коштоп алып, артка жөнөйт. Интернатка чейин бир чакырымча жүрдүк көрүнөт, жеткиче ырдадык. Ал кезде «Алтын кыздагы», «Ажал ордундагы» ырды билбеген окуучу болбосо керек. Жатакананын алдынан баарыбыз кол алышып коштоштук. Колумду коё бербей сен кылчактадың. Кыса-кыса кармадың. Мен да ошенттим. Байкадың беле?

— Кантип байкабай калайын?. Анда колуң эмес, кирпигиңдин бир талы былк этсе сезмекмин. Бөлмөгө барып жаткандан кийинки түйшүктү айтпайсыңбы. Бирде оң колуму сеники десем, бирде сол колуму сеники деп кармалап жатканымы билдим.

Кайнар Бектендин мунусуна да кыткылыктады. Бектен болсо үшкүрүп алды.

Чырак күйүп турганына карабастан ага үйдүн ичи барган сайын күңүрттөнүп баратты.

— Какиш?

— Ия...

— Чарчадың го дейм?

— Сен уккандан тажабасаң, мен айткандан чарчабайм.

— Суу бересеңби?

Кайнар элпек тура калып, далистеги бети каймактаган челектеги суудан алып келип, жаздыктан башын көтөрө берген Бектенге сунганда анын маңдайынан мончоктогон тер чыгып, таноолору кыпчылып турганын көрдү.

— Бекиш, башың ооруп турабы?

— Жок, Какиш, чочулаба, жолдо кыйналып келгендики го.

— Силерге эртерээк жетейин деп, атта катуураак жүрүп койсом керек. Таң аткыча аңгеме айтсаң, айыгып калармын,— деп жылмайды эле, бет териси кулагын карай жыйрылып, өңүн ого бетер бузуп жиберди.

Бектендин бул кезде өпкөсүндөгү осколкасы өйкөшүп, алкымын кысып жаткан эле. Анысын билдирбөөгө аракеттенди. Бир күн болсо да өзүн үч жыл бою зарыга күткөн ушул үй-бүлөнүн кубанычын каалайт. Кайнар атайлап бейкапар унчукту.

— Бекиш, бир катында ыр жазыпсың, өзүңкү беле ошол ыр?

— Кандай ыр?

— Эсиңде жокпу? Айтып берсемчи?

— Анда эсиме түшөт.

Анын эсинде эле турган, бирок эмнегедир ал бүгүн баарын Кайнарынын оозунан угууну каалап жатты. Муну байкаган тиги ыр саптарын издей баштады...

— Мм... Мм... Башталышы эсимен чыгып турат... мм... мм... азыр и-и-и... таптым! Таптым!

> «Мына эки жыл булбул үнүн укпадым,
> Ок жамынып, сыз төшөнүп уктадым.
> Октон безип качкан булбул добушун,
> Сен ук, жаным, ошо менин укканым.

Мына эки жыл комуз күүсүн укпадым.
Ок добушун тыңшап жатып уктадым.
Алыс калган үч кыл комуз добушун,
Сен ук, жаным, ошо менин укканым.

— Сеникиби?

— Ооба, меники,— деди Бектен колуктусунун кылы буралып жаткан комуздай улам барган сайын бийиктей берген добушуна бериле эргий баштаган кыязда.

— Өзүң жаздың беле? — деди Кайнар жаш балача күйөөсүнүн жаак сөөктөрү оркойгон бетине капталынан тиктеп.

— Анан ким жазып бермек эле?

— Анда акын болуп кеткен турбайсыңбы, Бекиш?

— Сенин сүйүүң акын кылды көрүнөт?..

— Хи... хи... хи...

— Жок, Какиш,— деди Бекиш энтиге саамдан кийин.— Бул ырды ошол жактан бир досум жазып берген. Аты Сабыр эле. Өзү Жалал-Абад тараптан. Согуш талаасында аны менен жарым жылча бирге болдук. Сонун жигит. Согушка чейин мугалим экен. Бош убактысы боло калса, анын кылар иши ыр жазуу. Жубазчынын чепкениндей майланышкан аскердик баштыгынан кармала берип, четтери кырылган, кирдеген блокнотун суурup ала тизесине коё салып, жазып кирчү. «Уруш бүткүчө ушул баштыгымды сөзсүз ырга толтурам. Айсалкыныма алып барчу белегим ушул» — дечү.

— Айсалкыны ким экен?

— Сүйгөн кызы тура.

— Аты сонун экен ээ, Бекиш?

— Мен үчүн сенин атыңан артык дүйнөдө ат жок...

— Үйлөнүшпөптүрбү?

— Үлгүрбөй калышыптыр. Айсалкын медициналык окуу жайынын акыркы курсунда окуп жатканда Сабыр армияга чакырылып калат. Тойду кыздын бүтүшүнө болжоп жүргөн экен. Андан үзүлбөй кат барып турчу. Өз кыштагында медпунктта иштеп жүрүптүр. Кызы:

«Тойго карата көбүрөөк ыр жазып келегөр» — деп суранса, Сабыр: «Ырдан кам санабай эле кой, кечтен таң атканча окуса түгөнбөй турган ыр жазып барамын. Кеп, сенин сүйүүң жоо огунан сактап калышында» — деп жооп берчү. Кийинки кезде силерден барган каттарды ортого салчу болгонбуз. «Менин Айсалкыным ырды менден да жакшы көрөт» — деп ал шырыктай узун боюн солкулдата күлө турган.

— Анда бул ырды өзүнүн кызына арнап жазган го?

— Жок, муну менин өтүнүчүм боюнча жазган. Алдыңкы линиядан кетип, үч күндүк тыныгууда жүргөнүбүздө жазып берген. Өзүнүн кызына арнаган ырлары мунсуз деле көп. Эмнегедир, ал келечеги жөнүндө көп тынчсыздапчу. «Бу жерде өлүм менен өмүр моюндашып жүрөт экен, көрдүң го, Бекиш? — дечү.— Ошондуктан бир нерсени макулдашып алалычы. Дене ачыкта кала көрбөсүн. Аны менен кошо эски касканын ичине кыздарыбыздын каттарын, сүрөттөрүн салалы да, көмкөрүп туруп, өлгөнүбүздүн башына жаздап коёлу. Бул согуш албетте бүтөт, бүткөндө да биздин жеңиш менен бүтөрүнө ишенем. Совет бийлиги орногонго бир жыл болбой он төрт мамлекет кол салганда ташын талкан кылган биздин эл кантип жеңбей койсун, жеңебиз, сөзсүз, бирок жеңиш тоюна чейин кимдер өлүп, кимдер каларына пайгамбардык кыла албайм. Мына ошондуктан ушуну эсиңе ала жүргүн, Бекиш, денебизге кошулуп сүйгөндөрүбүздүн эстелиги да чирип кете бербесин. Жер алдында калган нерсе качан да болбосун жер үстүнө чыгат. Адам канына семирген бул жерге эгин айдаш, же жемиш өстүрүш үчүн жакшы ниет менен келген жаш тракторчу сокосунун тишине илинип чыккан каскадагы каттарды окуп, сүрөттөрдү көрүп, сүйүүгө кумары канбай жалбырттаган эчен жүрөктөр ушинтип мезгилсиз кара жердин кучагында муздаганын эстеп, адам канын издеп, бүт Европаны жойлоп чыккан жыйырманчы кылымдын жырткычына наалат айтсын!»

Бектен сөзүнүн ушул жерине келгенде бир аз toктой калып, күрс-күрс жөтөлдү.

— Анан эмне болду ал жигит? — деди Кайнар тигинин тагдырын тезирээк билүүгө ашыкканын жашырбай.

— Коркпо, өзү ойлогондой дейди ок анын жүрөгүн да, мээсин да таба алган жок. Бир урушта колун осколка жулуп кетти. Андан бир ай өтпөй мен да жарадар болдум. Ошентип, бир жарым айдан кийин мен аны Куйбышевдеги госпиталдан кездештирдим. «Ээ, дос, колдон ажыраганга эч кандай кайгырбайм. Жанды курман чалып жиберүүгө даяр эмес белек» — деди мага жолуккан күнү ал.— Айсалкындан жакында кат алдым. Кандайча жарадар экенимди жашырбай жазган элем да. «Андай жарадар азыр жалгыз сен эмессиң. Ыр чыгарчу мээң менен жүрөгүң бүтүн болсо — болгону» — дептир. Ошол эле күнү доктордун тыюу салганына карабай, шаарды бир кыдырып чыктым. Мына дос, сүйүүнүн күчү!

Сабыр менден бир ай мурда үйүнө кетти. Баргандан кийин эки айдан кийин кат жазам, ага чейин сен да Кайнарыңын жанына барып каларсың — деген Жакында кат келиш керек андан.

... Кайнар колун күйөөсүнүн маңдайына койду—муздак тер. Андан көкүрөгүнө жылдырып келди, анда да муздак тер. Бул тер кол аркылуу өз денесине электр тогундай тездик менен өткөнгө Кайнардын тулку бою да муздай түштү. Кайнар колун төшөктүн ичине салды. Бектендин буттарын сылады эле, алар да тердеп жатыптыр. Бектен жарынын бир колун өз колунан чыгарган жок . Андан ал муздап бараткан денесине жылуулук алып жаткансыды.

— Баары жогуң эле тер да, Бекиш? Үстүңү жеңилдетейинби?

— Чочуба, Какиш, жолдун эле азабынан. Андан кө-

рө аңгемени улантсаң! Ошол күндөргө кайра баргандай, көңүлүм көтөрүлө түшүп атат. Сүйлөсөң, Какиш?

— Эми кайсынысын айтайын?

— Үчүнчү жолку кезигүүнү айтсаң?

— ...Июнь айы эле. Менин окуум мурда бүтсө да, кат алгандыктан сенин келишиңи күттүм. Мен абамдардыкында калган элем. Он экинчи июнда кечинде келдиң, таңга жуук жолго чыгалы деп убадалаштык. Экөөбүздүн тең ата-энелерибиз малчы болгондуктан жайлоодо. Ошол жакка барып, он-он беш күн эс алып кайтмакпыз. Таң түңкөйгөндө болжошкон жерден табыштык да, жөөлөп жүрүп кеттик. Тоо этегине чейин мелмилдеп жаткан эгин талаасы. Тегиз баш алып бел курчоого чаба желге ыргалып турган буудай арасындагы жолго салдык. Кишинин караанын көрүнсө эле буудайдын арасына кире качабыз. Эми ойлосом, жаш турбайбызбы. Кашка-Булактын кыясына жеткенде мен чарчадым. Асты шибер, жагымдуу жыт чачкан тегерек арчанын түбүнө барып отура кеттим. Сен жаныма келгенде «чаңкадым» — дедим. Суу кайда? Биз алкымында турган кыядан чыксак гана ичсең тиш какшатчу булак бар, аны билчүмүн. Ага жетишке али алыс. «Мен ышкын терип келе коёюн» — деп, сен караган-шакты аралап, ары жактагы кур таштарга тырмышып кеттиң. Арадан көп деле өтпөй, бир кучак ышкынды көтөрүп жетип келдиң. Экөөбүз жедик.

— Чаңкооң басылдыбы эми? — дедиң.

— Басылды,— деп жылмайдым.

— Чарчаганыңчы?

— Жок,— деп дагы жылмайдым. Сенин эмне жөнүндө ойлоп турганыңы билген эмесмин, бир кезде көзүмү жумуп, кайра ачсам, колуңда турам. Жерден кантип көтөрүп кеткениңи байкабай калыпмын.

— «Чарчаганың басылбаса, ушул кыядан көтөрүп чыгам» — дедиң мени жаш баладай көкүрөгүңө, бекемирээк кысып. Мен уялып, сенин бетиңе карай албай жат-

тым. Жигит кызды колуна көтөргөнүн биринчи жолу көрүп жатсам, кантип уялбайын. Эркек ыйык дегенди улуулардан укчумун. Ошол ыйык эркек — сен мени көкүрөгүңө көтөрүп турдуң. Буттарымы тыбырчылата: «Түшүр, Бекиш, түшүр жерге» — деп жалындым. Сен болсо, кайра бекемирээк кысып койдуң. Салмактуу бут шилтеп, кыяга чыга баштадың. Жыйырма кадамча баскандан кийин жол таманы менен алдыбыздан жөжөлөрүн ээрчиткен сурмалуу көз кекилик койкондоп чыга келди. «Кекилик!» — деп кыйкырып жибердим. Ага алаксып, мени таштап жибересиң го деп ойлодум эле. Жок, кайра бекемирээк кучактадың; бизге таңыркагандай алиги кекилик кичинекей башын оңго-солго койкоңдотуп бир аз тиктеп турду да, анан «парр-рр» этип учуп кетти. Артынан балапандары кичинекей канаттарын тез-тез каккылашып, кайкып учуп жөнөштү. Аркы капталга мурун учуп кеткен энеси бир жалпак ташка коно калып, шакылыктап сайрап жиберди.Балдарына: «Мен быяктамын» — деп кабар кылганы го. Учуп бараткан балапандарды: «Бир, эки, үч... тогуз» — деп эсептедиң да — биздин балдар да ушунча болсо ээ, Какиш?—деп менин жүзүмө карап жылмайдың. Ошентип, мени дагы уялттың. Жооп бергеним жок; бетими көкүрөгүңө катып тим болдум. Кыянын жарымына жеткенде, маңдайыңан чыккан тер менин бетиме таамп кетти. «Эми өзүң чарчадың көрүнөт, түшүр» — деп тыбырчылай баштадым. Жок, түшүрүүнү каалабадың. Өргө умтула бердиң. Ошондо мен башымдагы жоолугуму алып, териңи сүртүп бардым. Кыядан чыгып, булактын көзүнө жеткенде гана бутум жерге тийди. Суу ичтик, чачышып ойнодук. Капталдан-капталга жүгүрүп, гүл тердик. Заматта мен чарчаганымы унутуп койдум.

Оюн менен жүрүп, түшчүлүк жерге иңир киргенде жетип келдик. Айылдын четинен коштоштук. Үйгө киргенимде апамдар кечки тамакты эми жеп бүтүшкөн экен. Мени көрүп чочуп кетишти.

— Түндө кантип келдиң балам, жалгыз?
— Бектен акем менен келдим.
— Ошентсе да жолго эртерээк чыкпайсыңарбы?
— Бектен акемин жумушу бар экен, түштө араң бүттү — деп калп айтып салдым.
Бектен эми сөз кошту.
— Калп айткан кишинин бети кызарып кетчү эле го.
— Аларга бетими көрсөтмөк белем. Ашкана жакты карап туруп жооп берип жатпаймынбы. Хи... хи. Ошентип сен үчүн ата-энеме ошондо биринчи жолу калп айткамын.
— Дагы ойлоп көрсөң, бир жолу эле эместир.— Бектендин бул сөзүнөн кийин Кайнар адатынча анын моюнбашына колун арта, эркелейин деди эле, тигинин тердеп-тепчип жатканы эсине түшө калды окшойт, сунган колун ошол замат тартып ала койду. Бектен дагы үшкүрдү.
— Эмне болду, Бекиш?
— Эч нерсе болгон жок. Госпиталга түшкөндөн кийин эки айча күнү-түнү онтоп, үшкүрүнүп жаттым эле. Ошо адат болуп калса керек.
— Жаратың каерде, Бекиш?
— Жарадар эмесмин, Какиш? Эки суткага жакын курчоодо калып сазда жатканбыз, ошондо өпкөмө суук тийип калыптыр.
Эми Кайнар да акырын үшкүрүнүп койду, айтып жаткан аңгемеси менен күйөөсүн оорусунан алаксытам го деген жары.
— Эми кайсынысын эске салалы, Бекиш? — деди.
— Бүгүнкүгө ушул жетишет го деймн, Какиш? Анчамынчаны эртеңкиге калтырбайбызбы?
— Уйкуң келдиби?
— Ооба.
Бектен дагы калп айтты.
— Сен да эс ал, Какиш, керели-кечке үрөн тазалай-

быз дейсиң, а да оор жумуш. Эртең триердин кулагын кармаган бойдон уктап калып жүрбө. Уктай кой.

— Эртең жумушка барбайм, сенин тоюңу беребиз дешти энемдер. Бектен үшкүрдү...

Үй ичи жымжырт боло түштү. Экөө тең шыпты карап жатышты. Ар кимиси өз ою менен убара. Бектен онтобоого тырышат. Кайнар көкүрөгүн көтөрүп бараткан букту тышка чыгара албай азаптанууда. Үй ичи уламдан-улам күңүрттөнүп жаткандай туюлат экөөнө тең. Саат өттүбү, а балким андан көбүрөөктүр, Кайнар акырын башын жаздыктан көтөрүп, Бектендин жүзүнө үңүлдү... Анын ар бир кыймылын жүрөгү менен сезип жаткан Бектен көзүн жуумп, уктамыш болуп калган. Кайнар колун акырын күйөөсүнүн көкүрөгүнө салды, анан жылдырып отуруп, бутуна жетти. Аны акырын алмак-салмак сылай баштады... Бектен былк эткен жок. Кайнар анчадан кийин колун тартып алды. Кайра шыпка тигилди... Мүнөттөр өттү... Анан капталына оодарылып, кайра Бектенге көз чаптырды. Мына, бир кезде алп көрүнгөн Бектени эми бет сөөктөрү оркоюп, көз чанагы ичине карай жемирилип, кунарсыз караан жууркандын алдынан араң билинип жатат. Өрттүн арасынан чыккан кишиникиндей анын өңү керсары. Кайнар ага бир топко тигилип тургандан кийин жууркандын ичине башын катып алды. Көзүн ачып, эми башын ал жакка бура берген Бектен энесине таарынган баладай төшөк ичиндеги Кайнардын солкулдап жаткан денесин көрүп турду... Ага карай оодарылууга дагы бир жолу аракет жасады эле, ого бетер көл-шал терге түшүп, алкымы буулуп кетти. Араң оңдонуп жатты.

Ошол бойдон төшөктөн башын чыгарбаган Кайнардын күндүз жумушка каржалган денесине түн жарымынан кийин уйку бийлик кыла баштады...

Июнь... Табигат жарашыгын жер бетине чыгарып турган кез. Жайылма айылын «Жеңиш!» — деген касиеттүү сөздүн аралай чаап жүргөнүнө бир айдан ашып

баратат. Эл батыштан көзүн албай кеткендерин күтүүдө. Анаркүл апанын үй-бүлөсү, ошонун ичинде Кайнар да кандуу сапарга кеткенинин жолун акмалап жүргөн.

...Бүгүн күндүн бетин челдей жука булут далдалап турганына карабастан, Кайнар үчүн айлана жарык. Ал жумуштан шашып келе жатат. Көөдөнү кубанычка жык. Кийинки күндөрү жеңиш жетелеп бул айыл-айылга кайтып келгендердин саны көбөйгөн. Бектен бүгүн келчүдөй. Сүйүүдөн өксүп калган жүрөк кантип алдасын! Тоялынын тамынын жанынан өтө бергенде мурдуна жийде бурагынын жыты бур-р этти. Кайнар мулуңдай берди. «Бардык гүлдүн жытынан мен жийде бурагынын жытын артык көрөм» — деп Бектендин айтканы эсине түшө калды.

Кайрыла келип, дубалдын кырына чыкты да, жийде бурагынан бир тутам сындырып алды. Шашып баратат... Кайнар куру бекер кубанбаптыр. Жакшылык, жамандыкты жүрөк күн мурунтан сезет деген чын тура! Үйүнө жакындай берди эле, алдынан кең көкүрөгүн орден менен медалга толтурган, башында жылдыздуу кызыл кыргак шапкеси бар, белин жазы кур менен курчанган алтын погондуу офицер — Бектен кучагын жайган бойдон чыга келди. Кайнар кандайча жетип, анын мойнуна асылганын билбей калды... Тутумдаган гүлү жерде чачылып жатты. Бектен алкымынан жыттагылай бергенде эреркей түшкөн Кайнар эчкирип ыйлап жиберди... Өз кыйкырыгынан өзү чоочуп ойгонгон Кайнар селт этти. Чын эле Бектенди кучактап калган. Башын көтөрө берип, ал Бектендин көздөрү ботонукундай жайнап, эриндери кеберсип, маңдай тери мончоктоп турганын көрдү:

— Чочуба, Какиш, чочуба!

Таноолорун керип-керип андан кийин араң унчукту:

— Суу... суу, Какиш. Ичим күйүп баратат... Суу! Терезени чапкылай баштаган бороондун шоокуму да

Бектенди коштоп: Суу! Суу! — деп кыйкырып жаткандай Кайнардын кулагы туна түштү...

— Бекиш, сага эмне болду?!..

* * *

Терезеден кирип келген таң шооласына кубангандай Бектен өзүнө тигилген жарына карап жылмая берди. Бир саатча көзү илинип, кайра эле чочуп ойгонгон Кайнар буга ишенбегендей көздөрүн ушалап-ушалап алды. Акырегинен ылдый чубалжыган кош өрүм чачтарын биринен сала бирин тутамдай берип, ийнинен ар- тылта таштап койду да, күйөөсүнө үңүлүп жайдаңдады:

— Кандайсың, Бекиш?

— Көрүп турасың го, жылмайганга жарап атамбы? Жол азабынан эми кутулдум көрүнөт. Тойго даярдана берсеңер болот, Какиш!..

Кайнардын көздөрүнөн жаш тегеренди. Эми кубанганынан... Ал бетин Бектендин түн бою тердеп чыккандыктан азыр муздай түшкөн бетине тийгизе эркеледи да, ордунан жеңил туруп кетти...



*ААЛЫ КУЛУБЕКОВ*

# КАРАПАЙЫМ ЖООКЕР ТҮЙШҮГҮ

*(Баштан өткөндөр жөнүндө баян)*

2-декабрь, 1942-жылы эртең менен Кочкор райондук Аскер комиссариатына келип, алган чакыруу кагазымды тапшырдым. Короого толгон эл. Баарыбызды Кочкордун ДЭУсундагы мончого алып барып жуундурду. Бир четинен комиссия көрүп жатты. Мени взводго башчы кылып койду: Биз короодобуз, бала-бакыра, тууган-туушкандар сагалап эшиктин алдында. Кечкисин мектепке алпарып жаткырмак. Менин взводума бир бөлмө тийди. Көпчүлүгү жакын жерден экен, баары эле сурanышат. «Бүгүн үйгө барып келели, таң заарынан калбай ушул жерде бололу» — деп жалоорушат. Эгер мен уруксат бербесем терезеден ыргып түшүп кетип калыша турган. Тобокелге салып, макул болдум. Өзүм да үйгө кетип калдым. Жети-сегиз киши алыстан болгон соң бөлмөдө калышты.

Бала-бакыраларым, энем, туугандар болуп кожурап

отуруп, таң куланөөк салды. Ажырашуу кыйын экен. Келсем бардыгы жыйылыптыр. Бир да киши кечиккен жок. Антип-минтип отуруп түш болгондо жөнөп калдык. Сарчаттагы ДЭУнун тамдарына түнөп, ал жерге өргүдүк. Кочкордон жөө чыккандыз. Азык-түлүк жүктөлгөн үч-төрт арабабыз бар. Быстровкага чейин жөө барышыбыз керек.

Ошол күнү иңирде Рыбачьеден жөө чыгып, Көк-Мойнокко түнөдүк. Бара жаткан киши 300 дөн ашуун, акыры Быстровкага да келип жеттик.

Бир-эки сааттан кийин поезд даяр болду. Түнкү 12 де Фрунзеден өтүп кеттик. Луговойдон сураштырып керсөм, Алма-Атаны көздөй паравоз шакылдап сабап бараткан экен. Бир станцияга токтогондо карасам, составдын узундугу кунан чабымдай келет. Мындай составдан фронтко канчалары кетти! Канчалары майданда, канчалары талкаланып, канча адам өлгөн... Аларды ойлоп, тылда калган эл-журтту, үй-бүлөнү, алардын алабалын аяп кетебиз. Дагы бир ой: «Душман менен салгылашып, аларды талкалап, ар-намыс менен кайтсак! Согуш тез эле бүтсө, атаганат десеңчи» дейбиз. Акыры жүрүп отуруп Алма-Атадагы тийиштүү пунктка келдик.

1942-жылдын декабрь айынын биринчи жарымы. Алма-Атанын формировкалоочу пункту. «Боюңарга карай катарга тургула!» — деген буйрук берилди. Айткандай турдук. Командир кыдырып боюна карай өөдө-ылдый сыйлыгыштырып жүрөт. Дагы бир команда болду: «5-класстан жогору билими барлар кол көтөргүлө!» көтөрдүк. «Кол көтөргөндөр үч кадам алга».

Аралыктарды тегиздеп туруп катар менен санатканда 215 киши болду. Оңго буруп, марш менен алып жөнөдү.

Кочкордон чыкканы Көк-Жардагы Айдаралынын баласы Барыктабас мени менен бирге эле. Жөнөп бара жатканда артымдан үн чыкты. «Алыке, азыктарыңды ал! — баягым куржунду көтөрүп келе жатат.— Мен кал-

дымбы, байке?» «5-класс билимим бар дегин, мен күбө боломун!» — дедим. Макул деп жүгүрүп кирип келди. Бизге кошулду, ал дагы. Кантсе да айылдашың менен бир жүрсөң, бир топ бел алып, көңүлүң ого бетер шаңдуу болуп калат экен.

...1942-жылдын декабрь, 1943-жылдын январь айлары. Кышкы чилденин күчөп турган кезеги. Кылтайган жериң жука болсо, суук ошол жерден согуп турат. Армияга баратабыз деп үйдөн ичик, анын ичинен чыптама тон, кийиз өтүк, жүн байпак, галош, тумак, мээлей кийип, аябай жылууланып барганбыз.

Команда менен мончого барып келип, бүт батальон катарда турганда: «Силер армиядасыңар, баарыңар бир түрдүү кийим, бир түрдүү тамак ичесиңер. Азыр үстүңөрдөгү кийиминерди бүт чечип, өзүңөрдүн үйүңөргө жибергиле. Баарын мешокко салып, ар бир рота башка-башка үйүп жыйып коёсуңар. Биз почтага алып барып адрестери боюнча жөнөтөбүз!» — деп жарыялады. Баарын айткандай аткардык. Кийимдерибиздин үйгө кеткени жакшы болду деп солдаттар сүйүнүп калды. Айланайын өкмөт адилет эле го.

Бизди солдаттык кийим менен камсыз кылды. Ич кийим, тыш көйнөк, баары жаңы. Ботинка, жаңы шым, шинель тумак. Бутубузда балтыр орогучу бар ботинка. Баарыбызга бирдей беш атар берип, бүт батальонду катарга тургузду. Мекенге жоокердик антыбызды бердик.

Таштак жаңы Алма-Ата жактагы тоонун түбүндө, 118-полк бир жерден тамак ичебиз. Ашкананын жанына, сыртка ар бир батальон менен тамак иче турган жер даярдалган. Отуз сантиметрдей траншей казып, ортосуна кырк сантиметрдей бийиктикте таш тизип, үстүн ылай менен шыбап койгон. Ошол жерге котелокту коюп, баягы траншейге бутту сала отурабыз.

Тамактангандан кийин тез арада мылтыкты же башка куралдарды алып чыгып катарга турабыз. Сегиз-тогуз километрдеги аралыкка барып, окуйбуз, машыга-

быз. Штык менен сайышуу, алыстан атуу жана башка согуш тактикаларын үйрөтөт. Күн суук, буту-колдун баарын үшүтүп, жер тепкилеп турасың. Отургандан көрө ары-бери бастырганды солдаттар жакшы көрүшөт.

Ар бир үч-төрт күндө бир взвод менен беттешип «урушабыз». Ок чыкпайт, ар түрдүү тактикалык иштер жүргүзүлөт. Бир күнү таң агарып атканда эки паровоз келди. Вагонду тиркеди. Эшалондун начальнигине ар бир кенже командирлер кабар кылдык. Жыйырма минутадан кийин «кара бука» ач айкырык менен бир сапар «бакырды». Ошону менен Алма-Ата менен коштоштук. Көпчүлүк эл чуруллдап ыйлаган бойдон калды.Поезд ылдамдап жүрүп бара жатат. Кайсы тарапка барар экен деп болжосом, Чыгыш-Түндүктү көздөй кайрылды. Мен оюмда «Батышка барса, туугандарымдан Горькийде Мажит жарадар болуп жатат, аны көрсөм же Мөкүш, Кулуя, Барийлерге жолугамбы?» дейм.

Биз өзүбүздүн карамактагы балдарды эриктирбей ар түрдүү саясий аңгемелерди айтып беребиз. Курсактары ток. Эшалон токтобой шар бара жатат. Семипалатинскийге келгенде аларды дагы мончого түшүрүп, эки күнү өргүп калдык. Андан Новосибирскиге жеттик. Эртеси поездди кайра кайрылат экен десек, эки жолдун айрылышына барганда чыгышка бурулду... Көөнүм караңгылай түштү. Менин ойлогон оюм Батыш эле. Эч кандай максатка жетпей калдым, аттиңай, отуз жетинчи жылкы камактан акыйкатталып бошогондо «Экинчи сага келбесмин!» деген элем. «Менин денем Чыгыштын топурагынан жаралганбы? Же менин сөөгүм Чыгышта калабы! Зээним кейиди.— Ич ачышып жүрүп отурдум. Эми деги балдарды жоготпой алып барсам экен!» деген ой калды.

1942-жылдын февраль айлары. Он үч сутка болот дегенде Ыраакы Чыгыштагы Хабаровскийден 200—250 км ары жактагы Манзовка станциясына барды. Ал жерде 4—5 күн жаттык. Балдарды аскердик бөлүккө өткөрдүк. Өзүбүз да ошол жерде калдык. Ар бирибизге ондон

бала бекитти. Казармада отуруп курал-жарактардан сабак беребиз. Сыртка чыгып строевое занятие өткөрөбүз. Суук катуу, он мүнөт араң чыдайсың. Согуш мезгили кыйын да, турмуш катаал.

Ошол учурда бир жылдык офицердик курска киши тандап калды. Мени да көрүштү. Колго санитардык китепче тапшырды. Эртеси 100 дөй кишини бөлүктүн командирине алып барды. Анкета толтурдук, маалыматты сурады. Баарына орусча жооп берип жатамын. Жактырышты. Эң аягында санитардык китепчемди берсем, окуп алып башын чайкады. «Сенин саламаттыгың мүмкүндүк бербейт экен» дейт. «Жараймын» —десем «Жок, законду бузууга болбойт. Жүрөгүң начар экен» — дешти. Мындан да жол болбой калды.

Эртеси эле менин тизмем казармага илинип калыптыр: «Төмөндөгү кишилер чарбачылык бөлүккө барат!» Өз ичимде: «Кайдан отун алып, уй кайтарар экенмин»— деп турам. Жыйырмадан ашуун киши эки чакырымча жерге бардык. Он чакты чоң-чоң чатыр турат. Үч жүздөн ашуун солдат бар экен. Бир жума алар менен жүрдүм. Эч кылган иш жок, барып бирден шыргый көтөрүп келебиз. Эң жаман капа болдум.

Бир күнү эле жүздөй кишини катарга тургузду. Мен да турдум. Старший лейтенанттан сурасам, «балык кармоочу бөлүккө барат, эң эле жакшы» дейт. «Мен чабак кармап көргөн эмесмин. Мен фронтко келгемин, мени калтырыңыз!» — дедим. Күлүп мени өчүрүп койду.

Үч-төрт күндөн кийин жүз элүү кишини жиберип жатат. Буларды кайда алып барат деп сурасам, «инженердик войскага!»— дешти. Кетейин дедим. Өтүндүм. Макул болушту. Барсам ал жердегилер саперный батальон экен. Кадимки аскердик бөлүк. Акыры ошол жерден ефрейтор деген наамга жеттим. Мина коюуну үйрөнүп, ефрейтор болсо да алгачкы аскер наамын алып, аябай сүйүнүп калдым.

Чыгышта япония эң коркунучтуу болуп турду. «Япон-

дук солдаттар өтө кыйын, өжөр, башы кесилсе кесилет, эч убакта кол көтөрүп багынбайт»—дешет. Анда биздин солдаттар: «Эмне үчүн анда 1938-жылы Хесан, Халхин-Голдо бир сутка туруштук берген жок?» дешет. Чынында душманды күчсүз деп айтууга болбойт да.

...Батышта биздин армиялар күндөн күнгө жеңишке ээ болуп, душмандар артка чегинип кетип баратат. Советтик баатыр жоокерлердин кыймыл аракеттерин ар күнү саясий информациядан, радиодон, газетадан угуп жатабыз. Манчжурия жакта жол, көпүрө, дот, дзот куруп жүрөбүз. Чалгындоо жумуштарында да иштейбиз.

1945-жылдын май айы чукул калды. Бүгүн-эртең биздин жеңишчил аскерлер Берлинге киргени турат. 9-май күнү тактикалык окуу болуп «миналанган» жерлерди координациялап жүрөбүз. Танкага каршы тосмолорду куруп, алардан кийин пехоталык, танкалык миналарды шахмат түрүндө аралаш жашырып жатканбыз. Бир маалда батальондун байланышчысы пилоткасын колуна алып чуркап келатат... Аны көздөй бир солдатты жүгүрттүк. «Сен анын сөзүн угуп бизге кыйкыр!» дедик. 300—400 метр аралыкка үч солдат кетти. Биринчи кеткени экинчиге, экинчиси үчүнчүгө, үчүнчүсү бизге кыйкырды... «Согуш бүтүптүр!». Жарышкан бойдон батальонго жеттик. Дивизия, корпустан митинг өткөрүү үчүн жогорку командирлерден келиптир. Катарга тизилип клубга бардык. Командирдин саясий бөлүм боюнча орунбасары Чараванский мени чакырат. Барсам,—сен сүйлөөгө даярдангын!—деди.— Даярмын!—деп жооп кайтардым. Жеңиштин мазмунун толук айтты. «Эми самурай калды, ал жерге кирсин. Жөн эле «кол көтөрөт, эгер кол көтөрбөсө көтөрүүгө мажбур кылабыз!» Толгон сөздөрдү айтты. Кезекти мага берди. Алдын ала кечирим сурадым: «Мен орусча тилди жакшы билбеймин.Ката сүйлөймүн, өзүм кыргызмын. Билбеген сөзүмдү өз тилимде сүйлөймүн —десем,—давай-давай—давай,—дешти.—Баатыр совет элинин көп улуттан курал-

ган күчтүү армиясы Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында гитлердин армиясын талкалап, Берлинге советтердин жеңиш туусун сайды. Эмки кезек самурайда турат. Аны баш көтөртпөй баатыр советтик жоокерлер тез арада жок кылары шексиз»—деп, үч сапар ураалап трибунадан түшүп кеттим. Солдаттар тура калып алакан чаап ураалаганда, клуб мага солкулдагандай болду. Мына ошол күн 9-май, 1945-жыл тарыхта өчпөс алтын тамгалар менен жазылып калды.

1945-жылдын май айынын аяк чени. Ханка көлүндө турабыз.

Күндөрдүн биринде түшкү тамактан кийин кат келди. «Кулубеков, бийле!» деди. Мен бийледим. Катты берди. Алыс барып карагайдын көлөкөсүндө окуп жатам. Кат жазган үчүнчү уулум Мар экен. «Акемди былтыр эле өлдү»— деп угузган дейт. Шарше агайым үйгө кайтпаптыр... Өзүмчө олтуруп алып ыйлап жатамын. Бир топтон кийин казармага келсем, Паша деген бир солдат оюн-тамашалуу үн катты: «Эмне ыйладың, өлгөн кишиң бар экен ээ?»—«Бир тууган агайым өлүптүр»—десем, «Неге ыйлайсың, жакында өзүң өлсөң кантесиң! Согуштун иши согуш!» деди. «Таш оозуңа» —депмин. Чыйрала түштүм. Бирок бир туугандарым да, жүрөгүм өрттөнүп, бычакка түшкүм келет, айла канча! Душмандан гана өч алууну көздөдүм. Күндөлүк турмуш жоокерчилик болгон соң, милдетимди аткарууга кириштим.

Мен мурда көрүнгөн жерге, ташка, көпүрөнүн сыртына, маяк турган жерлерге «Кулубеков Аалы»— деп, жыл, числосун жазып койчумун... Шарше дагы бул жакка келип калса, окуур дечүмүн. Бир күнү колум бошоп, төш чөнтөгүмдөгү дептериме мындай деп жазган элем.

Калемди колго алайын,
Кайгырып дайым турбайын.
Казатта минтип жүргөндө

Кайраттуулук кылайын.
Кадырлуу Шарше агайды,
Кайдан издеп табайын?
Маяк турган жерлерди,
Басып кетип барамын
Бар болсо боорум билсин деп,
Бардык жерге сыр менен,
Жазып кетип барамын.
Нечен татаал жолдорду
Ашып кетип барамын...

Мен үмүт кылып бир жерде аман-эсендир деп элестеп жүрсөм боордошум 1943-жылы эле курман болгон экен. Эми байкасам, анын баары кандайдыр наристе жаштык сезим сыяктуу болуп кетет. Күйүт да басылып күрдөөлдүү турмуш кучагына алды...

Күндөрдүн биринде биздин аскердик бөлүктөгү солдаттардын арасында күбүр-шыбыр жүрө баштады. «Рокоссовский Владивостокко келиптир»—дешет... «Чын эле Рокоссовский келсе, япондук самурайлардын жазасын колуна берет! Анда эмки жеңиш бизден башталат экен баатырлар!»—дешип, күжүлдөп калышат.

Биздин армия Ханка көлүнөн арылап Комиссаровкага, Манчжуриянын калың зонасына жакын барып турду. Мына, батыштан келген аскерлер өтүп жатат. Солдаттар өз ара сүйлөшкөндө: «Япония Советтер Союзунун армиясына бир жума туруштук бере албайт. Биздин чек араны басып, ал гана эмес Советтер Союзунун жүрөгү болгон Москваны кысып кирип келген гитлердик баш кесер армияны талкалап, Берлинге барып Советтик тууну сайды! Биз жеңебиз!— деген кобур болот. Толкунданган сөздөр көп.

1945-жылдын июнь, июль айлары күндүр-түндүр чек арага өтүп жаткан армиялар жүнүн жейт.

Күндөрдүн биринде ротанын командири менен бир отделение солдат алып, Владивостокко төрт күнгө командировкага бардык. Жол бою аскердик бөлүктөрдөн оңой менен өтө албайсың. Ошолорду көрүп, Советтик

Армияга көзүм тойду. Абдан кубанып калдым. Ал эми брондуу поезддер темир жолдордо маскировать этилип турат. Авиациялык бөлүктөр, танкалык колонналарга сан жеткис. Кокустан Япония менен согуш башталса, мен эле жалгыз кирүүчүдөй ойлочумун. Ал эми деңиз күчтөрүбүзчү! А да андан бетер күчтүү эле.

Авиаторлор Тынч Океандын үстүндө парашютисттерди машыктырууда, күндүн көзүн бербейт. Ал күчтөрдү көрүп туруп. «Япония кантип бизге кол сала алат. Менимче Япониянын империясы Токиодон эле колду көтөрө салып жүгүнөт»— деген ойго келдим. Улуу мекениме, анын жеңилбестигине сыймыктандым!

Советтик Армия Ыраакы чыгышта Ханка көлүнөн тартып, Николаевски-на Амур, Тынч океан, Ак деңиздин жээгин бүт ээлеп, Камчатка, Сахалин, толгон чыгыш аралдары бүт согуштук абалда турду.

Кээ бир кыштактарга токтоп, аз тура калганда... «Кана баатырлар, самурайдын кезеги келди!» — дешип, тылдагы кары-картаңдар да ыкыс берип, араң эле турушат. Ошолордун духун көтөрүп туруп, ушунчалык ыраазы болуп, өз оюбузга тоо көтөргүс намыс, кубат жыйнайбыз. Байгеге ат кошкондой болуп чыдамсызданасың. Кээ бир жоокерлер саясий информация болгондо, түз эле: «Самурай менен качан эсептешебиз, убакыт жетти го» деп шаштырат.

Биздин аскердик бөлүктүн өзүнчө сапёрдук батальонунда фронтко жараксыз кишилер да бар эле. Аларды 120 км алыстыкка алып кетти. Аларды көрүп, мени да жараксыз деп согуштан калтырган турат го деп бушайман болдум. Анткени душмандан курман болгон ага-туугандын өчүн алуу кеги мени согушка барууга ынтызар кылды.

Аскердик бөлүктүн врачы Круковго келдим. «Мен фронтко барамбы же жокпу?»—десем,—«Сени жиберем. Башкаларды чарбалык бөлүккө жиберди. Алар казарма-

ны, уйларды кайтарат, огороддорду багат»—деди. Аябай сүйүнүп, санаа тынып калды.

Бир күнү батальондун старшинасы Меренов 5—6 машина менен кийим, каска, плащ-палатка, гранат, патрон, буюм салуучу мешок, кол лампочка, батарея, кыскасы согушка керектүүнүн бардыгын алып келди. Бүгүн, эртең дегендей «огонь» деген гана команданы күтүп турабыз.

1945-жылдын 28—29 июлу. 3—4 күн эч кандай машыгуу болгон жок. Жаңы кийимдерди кийип, сакал, чачтарды алдырып, саат чөнтөккө кара түтүктү салдык. Анда аскердик бөлүк, өзүңдүн үй-бүлөңдүн адреси толук жазылган. Аны окуганда өзүнөн өзү делебе козголуп, же жеңиш, же өлүм деген гана ой калды.

««Ок жолу ичке» дегендей эч коркпой, бабам баатыр Манасча айкырып жоого кирип, душманды баш көтөртпөй талкалоо керек. Баатыр деген наамды мендей эле уулдар алып жатат»—деп өзүмө өзүм кайрат берип, шерденип каламын.

Биздин солдаттар биринин адресин бири алышты. Бир батальондо кыргызстандан өзүм элемин. Мен Алма-Атадан алып барган 1925-жылы туулган бир бала:— Ага, менин карган энем бар, андан башка эч кимим жок эле. Кокус өлүп калсам, ушул адрес менен согушта мерт болду деп кат жазып кой!—дейт.

— Менсиз, сенсиз эле кабар кылат. Экөөбүз тең өлбөйбүз! Коркпой эле жүрө бергин. Эгер корксоң тез майып болосуң, андан көрө мылтыкты таза кармагын,—дедим. Чоң жеңишке кабылчудай сезем.

Түшкү дем алыштан кийин командирдин саясий бөлүм боюнча орун-басары саясий информация өткөрдү. Биздин армияны, анын жетекчилерин тактап берди. Согуш тополоңунда адашпас үчүн билип коюу милдет эмеспи.

Кызыл Туулуу биздин армиянын командачысы Советтер Союзунун эки жолу Баатыры генерал полковник

Белобородов, согуш советинин мүчөсү генерал-майор Смоликов, саясий бөлүмдүн начальниги генерал-майор Остроглазовдор экен.

Ошону менен катар жашыруун паролдорду берди. «Эгер аны унутсаңар өзүңөргө жаман болот. Азыр согуш баштала элек, бирок ДВК согуш абалында турат. Бул ар убакыт эсиңерде болсун жоокерлер!»—деди командир.

...1945-жылдын 3-август күнү кечки саат алтыда батальонду бүт чогултуп, митинг өткөрдү. Жогорку командирлер, согуштук советтин мүчөлөрү келип: «Бүгүн түнкү саат сегизде Япония менен согуш башталат. Советтер Союзу жиберген сунуштарды Япониянын императору кабыл алган жок. Ошондуктан согуш башталды деп жарыялайбыз. Мына жоокерлер, эмки кезек биздики, сиздердики. Айыгышкан майданга эми киресиңер. Жеңиш дагы биздики болот. Эч кандай шек жок!»—дешти. Ошону менен митинг жабылды. Күн батаар менен бейтарап зонага кадам шилтедик. Кырга чыга бергенде нөшөрлөгөн жамгыр шатырап кирди.

Биздин батальонду ар кайсы аскердик бөлүктөргө бир взводдон бөлүп жиберди. Манчжуриянын чегиндеги бир тоонун кырында үч саат турдук. Үстүбүздөгү плащ-палатка. Бардык куралды суу кылбай, таштын үстүнө мылтыкты окчон кармап турабыз. Жамгыр нөшөрлөп куюп, астыбыздан кыян жүрүп кетти. Уйкуга айла жок экен, ошондо да жер сүзүп уктап кетесиң. Ар бир 15 минутта постко туруп жаттык. Караулдун начальниги, кенже командирлер текшерип басып турат. «Келе жаткан ким?» «Өзүбүз». Жашыруун пароль айтылат.

Бир маалда взводду стройго тургузду. «Биз эми беш минутадан кийин чабуул жасайбыз!» деди командир. Айткан убак бүтүп, жакын эле жерден «чү-чү» табыш чыкты. «Взвод, алга, чабуулга!»—деген команда угулду. Жөө туман басып, шыбыргактап жаан жаап жатат.

Бир взводдо бир гана кол лампочка бар. Взводдун командири алдыда жүрөт. Анын артынан бири-бирибизди кармап кетип бара жатабыз.

Бир жерге барсак үч «С-80» трактору катары менен карагайларды ыргыта коюп кетип бара жатыптыр. Бири ыргыта койсо, экинчиси бутактарын сындырып, үчүнчүсү жоон карагайларды трос (жоон зым) менен жолдун жээгине сүйрөп таштап жатат.

Жоокерлер катар-катар тизилип, жыгылган карагайды бир тобу араалап, бир даары бутактарын балта менен чаап жатышат. Эң алдында мина издилдөөчүлөрдү алып сапёрлор кетишти. Арткылар эки лентанын ортосундагы «жолго» түшүшөт. Ошол күнү таң атканча 20—30 километрдей жол салынды. Минёрлордун артында пехоталар трактор, танкалар менен андан кийин ат арабалар, анын артынан машиналар бара жатышты.

Японияның диверсанттык 350 кишилик мектеби Линхонун калың токоюнун арасына орношкон. Биздин милдет — ошону талкалоо. Биз чытырмандуу жерге жол салып жүрүп отуруп, болжогон убакыттан алты сааттай кечигип калганбыз. Дагы бир бөлүккө приказ берилген экен. Бизден мурда таңга жуук аларды курчоого алыптыр. Теңинен көбүн талкалап, бир канчасын колго түшүрүптүр, 260ы качып чыгып, тайганы аралап кетишиптир.

Биз ал жерге күн батар-батпас болгондо жеттик. Ошол арада биздин бөлүктөн 10—15 киши өлүмгө кириптер болду. Самурайлар карагайдын башына жашынып отуруп алып, топко байлап атып жатат. Кайдан ок чыкса, карагайдын башы түтөп калат. Ошону көздөй жаадырып калабыз. Экинчи ок чыкпайт. Алар таң алдында качып чыккандар экен.

Ошол түнү биздин бөлүк ар жердеги казармага түнөдү. Биз траншейлерди казып, анын ичинде даяр турдук. Ал түнү аман-эсен чыктык. Ошол жерден эки войска эки тапшырма алып бөлүндү. Бизге жанагы Линхо-

догу диверсанттардын штабы тийди. Ага таң үрөң-баран болгондо жеттик. Бир чоң казарма, анын жанында бир эки жер кепеси бар. Башка эч нерсеси көрүнбөйт. Аны бүт курчоого алдык. Кабарсыз жатышкан окшойт, кароолу да жок. 100 метрче жакын келип, тегеректеп алдык. Танкалар да артта жылып келе жатат. Биз штабды анчалык деле күч кетирбей, оңой эле колго алдык. Япондук самурайдан 22-си жок кылынды. Согуш башталганы беш алты сутка болсо да, эч кандай байланыш болгон эмес көрүнөт. Тим эле жай баракат жаткан түрү бар. Кейпи биздин самолёттор байланыш пункттарын такыр талкалаган окшойт.

Минёрлор алдыда, ансыз жоокерлер бир кадам баса албайт. Миналанган жалгыз гана Линхо. Андан башка бир дагы участок миналанган эмес. Бир ачык участокко келгенде Япониянын бомбардировщиги биздин армияны бир уруп кеткен экен. Бир-эки машина, ат арабадан башка чыгым болбосо керек.

Машина келгенде биз ошону менен бирге жүрүп калдык. Жол жакшы болсо үстүндө отура калабыз. Жаман жерлерден жөлөп-таяп, баткактардан жыгач, чөпчар салып өткөрөбүз. Эрте бешимде бир жерде башка бир аскердик бөлүктүн санитарлары чатырын тигип коюп, тамак бышырып жаткан болучу. Баш аягы 20—30 киши эле. Биздин калышыбызды өтүнүштү бирок сүйлөшүп туруп алдыга жүрүп кеткенбиз.

Күн батарда өзөндөгү ачык жерге конуп калдык. Эки кишиден бир болуп плащ-палатканы тиктик. Алыс эмес жерде карагай, чер бар. Кимди-ким карайт. Аскердик бөлүктөр аралашып кеткен окшойт. Топ-топ болуп өтүп жаткан. Күн батаар менен жүрүш токтолду. Бир взвод экиге бөлүнүп: теңибиз эки сааттан дежур болдук. Түн ортосу оогондо мурдагы жерден 3—4 км алдыга барып жер которуп жаттык. Анткени аңдыган душман күндүз көрсө, түн ичинде таппай калсын дедик.

Ал түнү биз аман чыктык. Баягы артта палатка ти-

гип, тамак ичип жаткан санвзводду күн батканда бырын-чырын чыгарып талкалап кетиптир. Бул кабарды анын артынан келе жаткан башка аскердик бөлүктөгүлөр айтып келишти. «Тим эле тууран кетиптир»—дешти. Санитарлардын тили менен ошол жерде калганда бизди да капыстан ойрон кылмак экен.

Алар баягы бизден качып чыккан самурайлар тура. Күндүз байкап жашынып жатып, чаканыраак болсо, түн жамынып келип талкалап жаткан экен.

Машина келгени бизге абдан оор болду. Бир суткада жол жоктугунан араңдан-зорго 3 км жерге барды. Мурда өзүбүздүн күчүбүз менен көпчүлүк катары тыкан эле келе жаткан элек.

Эртеси бир сазга келип кабылдык. Мына ошол жерден японлуктарды биздин алдыңкы чектеги армия аябай талкалаган экен. Кыбабыз канды. Жеңилдене түштүк.

Айланасы 15—20 км жерде сырайган эле самурайлар. Ошол жерде машиналар, тиешлеүү кишилер калган. Кеминде 150 дөй машина турат, алды жагында кезек менен утур бирден машинаны кыйкырып чыгарып жатышат. Ал саздан чыккандан кийин бир жолго түштүк. Жол боюнда катар-катар тизилген күйүүчү майларды ташуучу машиналар. Бүт жол боюнда аралыгы 200—300 метр жерде склад. Болжол менен айтканда Ысык-Көлдүн тескей тарабындагы Покровкадан Боомдун капчыгайындагы Кызыл-Көпүрөгө чейинкидей аралыкта жалаң күйүүчү майлар экен.

Анда-санда жерде сейрек жыгач өскөн, ал айлана-өзөндө киши бою караган-шак. Чөбү калың, сасыгандай. Алдыда 500—600 метр чамасында бир жерден эки кишинин башы көрүнүп, кайра жок болду. Взводдун командирине «эки кишинин башын көрдүм» десем, тигил солдаттар мени жактырбай коюшту. Чуркап барып командирге айттым... Менден ал болжолдоп сурап алды.

Баягы эки кишинин башы көрүнгөн жерге 250 метрдей калганда машинаны токтоттук. Баарыбыз ыргып түштүк. Мен бир топ киши менен баягы баш көрүнгөн жерге боортоктоп сойлоп бара жатамын. Так эле өзүм көргөн жерге барсам, ошол жерде жаткан экен. Чөптүн баары жапырылып калыптыр. Которулуп жолду көздөй жылыптыр. Анткени башка тарапта из жок. Чөптүн башы ылдый жапырылып турат. «Мен аларды издеп жүрсөм, мурда аңдып жаткан неме, мени башка берип алабы»— деп чочуп, обочо 10—15 метрдей мындай артынан түштүм. Анткени анда эки коркунуч бар эле. Биринчиси, өзүнүн изине мина коюп кетүү керек. Экинчиси түз кетип бара жатып бурулуп, кайта мени шыкаалап калууга мүмкүн.

Бир маалда көз жиберсем, экөө тең боортоктоп жолду карап жатат. Көрө коюп мээлеп атууга аракет кылдым. Бирок, «тирүү кармайбыз!»—деген буйрукту эскерип, акырын арт жактагыларга: «баягы экөө мында жатат» деп эки колумдун сөөмөйү менен белги бердим. Мен бир орунда беш атардын кароолун туура далыга болжоп, кармап турам. Самурайлар менден 50 метрче алыс жерде жатышат, деги кыймылдап коюшпайт.

Командир жаныма жылып келди. Ал «тур өйдө!» деп японча айтты. Экөө тең эки колун көтөрүп тура калышты. Өзүм жетип барып, белиндеги куралдарын чечип алдым.

Туткундарды машинанын жанына алып бардык. «Ефрейтор Кулубековду өкмөттүк сыйлыкка көрсөтүүгө комбатка билдиребиз»— дешти командир. Эки туткунду машинага отургузуп алдык. Алда неме кылат дегендей жалдырап кетип баратышат. Эң ачка окшойт, кыңырылып араң турушат. Сүйлөшүүгө эч ким тил билбейт. 25-жылы туулган балдар экен. Өз ара бирдеме деп кобурап коюшат. Биз Мудазиянга кеч бешимде жеттик. Орточо шаар экен. Аны биздин армия ээлеп калыптыр.

Ал күнү Мудазиянга түнөп калдык. Биздин аскер-

дик бөлүк ошол жерден чогулду. Ким өлүп, ким калганын ошол жерде тактадык. Үчүнчү ротанын командири Василенко окко учкан экен, 4—5 жаш баласы бар эле. Ошого өтө кайгырдык. Жалпы жонунан алганда биздин батальондон 27 киши курман болгон. Башкабыз аман турабыз.

Күн батарда комбат капитан Каплин батальонду катарга тургузду: — Бүгүн түнү абдан сак болуш керек. Япониянын эң күчтүү артиллериялык войскасы бар экен. Бүгүн контр чабуул жасашат. Ошондуктан бардык аскердик бөлүктөр окопто отурасыңар. Эч кандай уктоо деген болбойт. Шашылыш иретте, бир жарым саатта окоп даяр болсун!—деди. Антип-минтип отуруп, таң чыгыштан сүрө баштады. Түн тынчтыкта өттү. Эртеси Манчжуриянын калың кыштагына кирдик.

Харбинден 200 км берки Хандс-Ходза станциясында япондук аскерлер катуу талкаланды. Советтик армиянын күчүнө туруштук бере албастыгына көзү жеткенден кийин Японияның империясы Советтер Союзуна 1945-жылдын 2-сентябринде аргасыздан багынып берди.

«Согуш токтолду!» деген буйрук жарыяланды. Ошол кезде теңи кызыл, теңи ак желек көтөрүп, бир машинага эки тараптан кишилери отуруп, бардык армия турган жерлерде, ой-тоолордо жүрөт.

Японияның армиясы көпчүлүгү өздөрүнүн командасы менен колго түшүп келип жатат. Кээ бир тоого качып чыгып кеткендер жөн келбестен, ок чыгара коюшуп, таптакыр талкаланды. Бирин-сериндеп түнүчүндө постто тургандарды өлтүрүп кетип жатты.

Япония канткенде аргасыз болбойт! Чыгышта Тынч океанды, Сахалин, Камчатка менен Куриль аралдарынын жээктерин бүт бойдон Советтер Союзунун армиясы бир метр бери жылдырбай кароолго алып турган. Биздин моряктар суунун түбүндө да, үстүндө да сактык менен көзөмөлдөгөн. Япондуктарды бир кадам да жылдырган жок.

Бир канча аскердик бөлүктөр Янха көлүнөн жолсуз жерден жол салып, танка, машина жана согуштук транспортторду, согуш материалдарын алып өттү. Биз жол жок, шыкыраган асман мелжиген карагайларды түбү менен ыргыта койдуруп, тоолорду аралап келдик. Шар жолго салган жоокерлер буйдамга келтирбей: Харбин, Мудазия, Мугдон, Порт-Артурга чапкан аттай барып, тез арада Манчжурияны японду императордун уу тырмагынан куткарды.

Японду агрессорлор манчжурдук кытайларды кандай эзген! Бүт элди бир селого топтоп, анын сыртынан чоң дубал согуп, ошол дубалдын эки тарабынан эшик чыгарып койгон. Эртең менен бир эшиктен чыгат. кечте бир эшиктен кирет. Эсеп так алынат. Эгер бир киши келбей калса, бүт чепте жаткан кытайларды айдап чыгып, таап кел деп кыйнайт. Анын ичинде жаш балалуу аялдар, кары-картаңдар кандай жашап жатат, аны менен эсептешкен эмес.

Манчжурдук кытайларда буудай нан жеш жок. Алар кокус буудай нан жесе, жоопко тартып, асып-атып жиберген. Буудайды поезд жүрүүчү жолдун жээгине айдап, бышканда ·аны оруп, бастырып, чарынан өйдө вагонго салып, Японияга—түз эле Токиого жеткирчү экен. Манжурдук кытайлар Токионун: эгин, күрүч, бал, жыгач жана башка табигый байлыктарын өндүрүп берүүчү базасына айланган. Алардын жегени жүгөрү нан, көпчүлүгү конок, чирчеден ботко жасашат, ошол конок-чирченин унунан нан жешет. Нанынын ыраңы так эле күнжарадай.

Японду армиянын командалык кылуучу составдары куралдары менен өздөрүнүн войскаларын Харбинден Владивосток, Хабаровск шаарларына жеткирип, өздөрү туткундукка түштү. Согуш бүткөндөн кийин сентябрь, октябрь, ноябрь айына чейин советтик армия бүт Манчжурияны японду эзүүдөн тазалап чыкты.

...Күндөрдүн биринде батальондун партиялык жый-

налышы болду. Мындан бир жума мурда мага «Кү-жүрмөн эмгеги үчүн» медалын тапшырып жана фронттун командачысынын 2—3 алкышын жарыялаган. Эң кубанычтуусу: «Сен арызыңды жаз, партияга өткөрөбүз!»— деген. Мен муну өзүм да көптөн бери тилеп жүргөн элем. Мага рекомендацияны батальондун коммунист комсоставдары өздөрү берген. Мен алар менен үч жылдан ашуун бирге кызмат кылдым. 1945-жылдын сентябрь айынын башында коммунисттик партиянын мүчөлүгүнүн кандидатына өткөрүп, так ошол күнү дивизиянын төртүнчү бөлүгүнөн кандидаттык билет алдым.

Мындай сыймык жана сыйлык, кубаныч жалаң эле мага болбой, батальондогу 15—20 кишиде да болду. Согушта душманды жеңдик, аман калдым, медалдар менен сыйландым, коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кандидаттыгына өттүм.

Улуу Ата Мекендик согуш элибиз үчүн оорго түштү, бирок жеңиштүү аяктады. Менин нукура турмушумда, көптүкүндөй эле, кайгы менен кубаныч эриш-аркак келди. Баарыдан да турмуштун таттуулугун денем менен таттым... Көпкө түшүндүм. Партиянын саясаты нукура эл таалайы үчүн экендигин жан дүйнөм менен сездим. Менин жеңишим — ал КПССтин катарына өткөндүгүм болду!

Басмага даярдаган *Мар Алиев*



*ЗАРЛЫК САГЫНБАЕВ*

# ЭЖЕ-СИҢДИ КУЛЯКИНАЛАР

*(очерк)*

Крым жеринин табигаты өтө кооз. Бул кооздукту бир канча жүз чакырымга созулуп жаткан токой тилкелери түзөт. Токой четинен горизонтко чейин мелтиреген талаалар жайкысын гүлгө оронуп, бейкуттуктун күүсүн чалып кыялыңды эргитет.

Бул бейкуттук бизге арзанга түшкөн жок. Бул кооздук далай өмүрлөрдүн легендага айлануусу менен сакталып калды. Крым жеринде мындай легендалар көп. Бул жердегилер азыркы күндүн жыргалчылыгы үчүн өмүрүн кыйгандарды өтө кадырлашат.

Эгерде Крым областындагы Карасуу-Базар (Белогорск) районунун борборунан чыгышты карай жол жүрө турган болсоңуз, он-он беш чакырымдан кийин Азамат токою башталат. Ушул токойдун тилкесине уурчук орношкон Пролом кыштагынын четиндеги эстеликке көңүл бурбай койбойсуз. Сөзсүз көңүл бурасыз. Бул эстелик жогорудагы биз айткан легендага айланган адамдардын урматына тургузулган.

Ошол жерден эже-сиңди Аня, Оля Кулякиналардын ысмын окуйсуз. Кыздар баяны мындайча...

* * *

1941-жылы 30-октябрда немецтик II-армия Фон Манштейндин командалыгы астында Крым жергесине кирип келген. Бул күндөрдө партиянын чакыргы боюнча советтик адамдар партизандык согушту жүргүзүү үчүн тоого кетип жатышты. Алардын арасында эркектер да, аялдар да жана балдар менен кыздар да болушкан.

Бир нече күндүн ичинде Крымдын тоолорунда төрт жарым миңге жакын адамдан турган жыйырма беш партизан отряды уюшулган.

Душман дароо эле партизан отряддарынын зор күчүн сезе баштаган. Ал эми 29-ноябрда болсо, Манштейн аларга каршы күрөштү уюштуруу жөнүндө армиясына приказ берген. Натыйжада партизандарга каршы күрөш боюнча атайын штаб түзүлүп, немецтик бир корпус тоого жөнөтүлгөн.

* * *

... Баладан көзү каткан Алексей эртеден кечке талаа жумушунда жүрүп кечинде чарчап-чаалыгып кайтканда аялынын кашында ар түркүн ойго түшүп отурар эле. Аялы Варвара эринин капалуу отурганын сезе коюп, көңүлүн көтөрүү үчүн тамашаласа, Алексей жактырбагансып, бетинче басып кетчү.

Бир күнү түшкү тамакта отуруп Алексей аялына:

— Варвара, экөөбүздүн баш кошконубузга беш жылдай болду, баласыз өтүп кетебизби. Тиги тууганыбыз Михаилдин бир баласын асырап алалыкпы,— деди.

Варвара бир аз муңая түшүп:

— Эх, Алеша, сен эмнени билмек элең, жакында өзүбүздүкү да болот,— деп эринин бетине бетин тийгизди. Алексей ишенбеген кишидей боло түштү:

— Чын айтасыңбы?!— Ал сүйүнүп кетти.

Варвара эринин чексиз кубанычын сезе:

— Сөзсүз эркек болот, баатырды төрөп берем,— деп күлөт.

Ошондон бери Алексей отурса да, турса да ойлогону «баатыр бала». Жалгыз атын кош аяк арабасына кошуп алып, талаага жумушка жөнөгөндө өз ичинен «баламды бул жагыма отургузуп, чылбырды колуна берип үйрөтөр элем»— деген кызык ойго батып жүрдү.

Варвара ай-күнүнө жетип, көз жарды. Күткөндөгүдөй эркек болбой кыз төрөлдү. Анын атын Аня коюшту. «Кыз болсо да мейли, аны берген кудай эркегин да берер» деп Алексей илгери үмүттөнду.

Кара каш, кара көз, кырдач мурун Аня Кулякиндердин сүймөнчүлүгү болду. Ал үч жашка чыкканда сиңдиси Оля төрөлдү. Ошентип, Алексейдин күткөн баатыр балдарынын ордуна кыздар биринин артынан бири келди. Эң кичүүсү Нила жарык дүйнөгө жаралды. Мурда экөө болушса, азыр беш жан болуп, жайнаган тынчтыктын жыргалында жашап жатышты.

...Өздөрү жашаган Васильевка кыштагындагы мектептин 7-классын бүткөндөн кийин Аня мугалимдердин үч айлык курсуна кирет. Ал мугалим болууну өтө каалаган. Карасуу-Базар (Белогорск) районундагы Аблеш, андан кийин Мурзакой мектебинде башталгыч класстарга төрт жыл мугалим болуп иштейт.

Согуш жөнүндөгү суук кабарды Аня Пролом кыштагындагы мектепте иштеп жүргөндө укту. Ошол күнү жаш мугалим адаттагысындай мектепке келди. Каникулга жаңыдан эле тарап, мектептин жанында ойноп жүргөн балдар мугалимин көрүшүп, чогула калышты. Кезектеги экскурсиянын жайын билгиси келген окуучулар Аянын жүзүнөн кандайдыр шум кабарды байкаш-

ты. Жадырап-жайнаган бактылуу жаштыктын тамырына балта чапмакчы болгон каардуу душман мектепке кара чаар жыландай сойлоп кирди.

Тынчтык селт этип, жаш жеткинчектердин үрөйлөрү учту. Алар мугалимин, мугалим окуучуларын кайгылуу карашып, ортодо айтып түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон татаал суроо турду. Бирок, бул татаал суроонун бир гана жообу — душманга каршы жан аябай күрөшүү керек экендигин Аня ачык туйган. Ал өзүнүн окуучуларынын суроолуу караган тынчсызданууларына дал ушундай деп жооп берген.

Ошол күндөн баштап, Аня душманга каршы кашык каны калганча күрөшүүгө ант берген. Атасынын жолун жолдоп, партизандар менен байланышып, подполдук иштерге катышат.

Аянын атасы Алексей граждандык согушта, жаш Совет өкмөтүнүн өмүрүн сактап калууда өз салымын кошкон адам. Ал Анясы менен Олясына, кичинекей Ниласына өзүнүн башынан өткөргөндөрүн, душманга кекенүүсүн, мекенге берилгендик сезимин толук бойдон жеткирген. Атасынын тарбиясында жетилген кыздары дайыма ага окшошууга аракеттенишчү. Алар ачык айтышпаганы менен бирин-бири көз караштарынан түшүнүшчү.

Партизандар менен байланышта болгондугу үчүн кармалып, Германияга сүргүнгө кетип бара жатканда да атасы Аняга суроолуу карап: «Үмүтүңөрдү үзбөгүлө, бошобогула, мен келем» деген. Алексейдин бул көп маанилүү кыска сөздөрү Аняга атасы ойлогондой жеткен эле. Ал немецтердин көзөмөлүнө карабастан, партизандык иштерди жүргүзүп, айылдагы подполдук патриоттук уюмга кирген.

Немецтик-фашисттик аскерлер Крымды оккупациялаган күндөн тартып эле Пролом кыштагында комсомолец-патриоттордун жашырын тобу уюштурулуп, анын жетекчи ядросуна: Павел Кузьмин, Иван Федченко,

Иван Воликов, Аня Кулякина, Гурген Асланян болуп алты киши кирет. Кийин бул жашырын топ отуз адамга чейин көбөйөт. Топтун жүргүзгөн иштери көп болгон: партизан отряддары менен, коңшулаш кыштактагы жашырын уюмдар менен байланыш түзүү, душмандын аскерлери жөнүндө согуштук маалыматтарды жыйноо, курал-жарактарды чогултуп, диверсиялык актыларды жүргүзүү, партизандарга кийим-кечек, тамак-аш даярдоо, калк арасына агитация жүргүзүү, ошондой эле душман аскерлеринин ичинде баракчаларды таратуу, Германияга айдала турган адамдарды партизан отряддарына жөнөтүү.

Васильевка кыштагында оккупанттар комендатура түзүп, полицайлар башкармасын жайгаштыргандыгын Пролом тобу партизандарга билдирет. Партизан отрядынын штабында Васильевка комендатурасын талкалоо боюнча операцияга даярдык көрүлөт. Бирок, душмандын канча күчү, канча куралы бар экендиги так далилденбегендиктен, муну билип келүү Аня Кулякинага тапшырылат.

Комендатурага кирүү оңой-олтоң иш болбогондуктан Аня коменданттын кучери болуп иштеген Павел Денисов менен байланышат. Павел болсо немецтин мөөрү басылган ак кагазды таап берет. Ал кагазга жазылган жалган катты алып Аня комендатурага кирет. Коменданттын эшигинин алдындагы эки полицай жаш кызды бутунан башына чейин шектүү сугулушуп:

— Пропуска?!—деп, күңк этет бири.

Аня пакетти көрсөтөт. Полицайлар баш ийкешип, эшикти ачып Аняны коё беришет. Аня комендантка кат бермекчи болумуш этип короодон солго бурулуп, коменданттын кабинетин көздөй басат да, үйдүн артынан түз эле короодогу курал-жарактарды санап чыгат. Канча пулемет, канча карабин бар экенин билгенден кийин короодон тез чыгып кетет.

Аняныи билип келген так маалыматтары операция-

ны ийгиликтүү жүргүзүүгө чоң жардам берди. Комендатурадагы кыркка жакын полицайлардын көпчүлүгү жок кылынып, калгандары колго түшүрүлдү. Комендантын жашырын документтери партизандардын колуна тийди.

...Пролом кыштагындагы комсомолецтер Аняны кечинде тынчсызданып күтүп турушкан. Аня барары менен кыштактагы комсомол комитетинин секретары терезелери чүмкөлгөн үйгө ээрчитип кирип, тапшырманы орундаткандыгы үчүн ыракмат айтып, эки жагын абайлап карап:

— Аня, сен тезинен токойго кетпесең болбойт. Немецтер сен жөнүндө билип калышыптыр. Бүгүн түнгө калсаң иш чатак... Азыр эле бул кишилер менен токойго кеткин,— деди.

Күтүп олтурушкан эки партизан Аняны ээрчитип үйдөн чыгышты. Эшиктин алдында Аня:

— Апам...— деп тынчсызданып секретарды карады.

— Кам санаба.

Айткандай эле кутургандай жинденген полицайлар кеч кирери менен Аняныкына келишип, эшигин тарсылдата башташты.

Жүрөгү алда кандай жамандыкты сезген эне эшиктин алдына барып дирилдеген үнү менен:

— Булар ким, ким керек силерге?..— деди.

— Ач!.. Полиция!..

Эне эшикти ачканча тыштагы полицайлар каалганы тарсылдатышып кажылдашып жатышты. Эшик ачылары менен автоматтарын сундура кармаган полицайлар үйгө атып киришти.

— Кайда партизан? Аня кызың кайда?!

Алар энеге кыйкырышты:

— Партизан!.. Айт, кайда партизан?!.

— Партизан жок. Кайдагы партизан...

Полицайлардын чоңу каары бетине чыгып, калгандарына кыйкырды:

— Тинткиле!

Полицайлар ушуну эле күтүп турушкансып, үйдүн ичин чакчелекей түшүрүштү. Алар кроваттын астын, жууркандардын арасын, мештин ичин, погребди, бардыгын аңтарып чыгышты. Үч бөлмөнү тең тырпын тышына айланткандан кийин чоңуна:

— Эч нерсе жок!— дешти.

Тишин кычыратып энени жеп жиберүүчүдөй заарын чача тиктеген неме тапанчасын эненин ээгине такап:

— Кызыңдын кайда экенин айтпасаң, ит аткандай атып таштаймын!— деди.

Эне үндөгөн жок. Полицайды көзүнүн огу менен карап мелтиреп тура берди.

— Короону тинткиле!— деди полицай.

Желдеттери короого чуркап кетишти.

Ошол учурда ачылуу каалгадан узун бойлуу обер лейтенант эки полицайдын коштоосунда кирип келди. Берки полицай аларды көргөндө карбаластап какайды, обер лейтенант тигиге сүрдүү карап:

— Акмактар, тигил жакта партизандар кыйратып жатса, силер бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр?!

— Партизан...

— Ооба, партизандар!..

Алар тополоң түшүп биринин артынан бири жөнөдү. Чыгып баратып обер лейтенантты ээрчип кирген экөөнүн бирөө энени көздөй кичинекей кагаз ыргытып кетти. Бир аздан кийин жым-жырт боло түштү. Эне эмне экенин билбей шалдайып тура берди. Көз алдына эки кызы—Анясы менен Олясы, Германияга айдалган күйөөсү элестеди. Аны да ушинтип, түнкүсүн капысынан келип алып кетишкен. Аябай эстен тандыра уруп, полицейскийге үч күн камап, кыйнап сурак жүргүзүп, партизандар тууралуу эч маалымат ала албаган соң Германияга сүргүнгө айдашкан.

«Бул иттер эми кыздарымды байкап калышкан экен го» деп ойлоду. Ал көптө эсин жыйып кагазды ачып

окуду: «Коркпоңуз. Кызыңыз ишеничтүү жерде». Ошондо гана эне алиги «обер лейтенанттын» өз кишилерден экенине түшүндү.

Эне кайратталып токой тарапты карады... Эмнеси болсо да кыздарынын адил аракеттерине ишенди. Экинчиден Анясынын токойдогу партизандык топтогу санитар Олясына кошуларын ойлоп, бир аз санаасы тынчыды. Ал токойдогу партизандардын бардыгы эле бир жерде деп түшүндү.

* * *

... Байкуш эне Анясы үйдөн кеткенден кийин эмчеги зыркырап, токой жакты үмүттөнө караганы караган. Ушинтип күн айга, ай жылга жетеленип, кыштакта ызалуу кусага чөккөн турмуш эптеп өтүп жатты. Анясы менен Олясы эне канчалык күтсө да али көзүнө көрүнбөдү.

... Кийин Советтик Армия кыштакты немецтерден бошотќондо эне Анянын өз колу менен жазылган кат алды:

«Жаным апа! Кайраттан, апаке, башка арга табылбады. Мен өлсөм да Оля калса эмне... Төрт сааттан кийин биз жок болобуз... Үйдүн жанындагы биз олтургузган розаны жакшылап бак, апа. Ар жылы жазында гүлдөп, биздей жайнап турсун. Фашисттер биздин элдин бардыгын кыра алышпайт. Бирок, жеңишти көрсөк болот эле! Биз өлсөк да силер жашайсыңар. Кош-кула, кымбаттуу туугандар, кымбатыбыз апабыз. Садагам Нила, эл үчүн курман тапкан эжелериңди дайыма эстей жүр...»

Эне он үч жашар Ниласын бек кучактап буркурап жиберди. Энеге катты берген капитан кайрылды:

— Кайрат кылыңыз, энеке, сиздин кыздарыңыз эл үчүн, мекен үчүн зор милдет аткарышып, баатырларча

курман болушту. Сиз сыймыктансаңыз болот. Алардын иштеген патриоттук иштери жерибизден душманды кууп чыгууга чоң көмөк берди. Сиз баатыр кыздардын энесисиз. Ушундай тайманбас патриотторду өстүргөн эне менен биз сыймыктанабыз!

... Эже-синди Кулякиналардын окуясы чийелешип, өзүнчө унутулгус элес калтырган.

... Партизандык отрядда санитар Оля бир күнү башка бир отрядга туш келет. Ошол жерден Аняга жолугат. Ошентип, партизандык отряддын командиринин уруксаты боюнча эжеси менен калат. Тапшырмага экөө бирге барып жүрүшөт.

Ошол убакта партизандарга каршы фашисттердин жазалоочу аскер бөлүктөрү жиберилип, токойдо тинтүүлөр, катуу атышуулар күчөйт. Душмандар партизандарга бир ай бою тынчтык бербей, артынан сая түшүшөт, салгылашуулар уланат. Партизан отряддары бир жерден экинчи жерге билинбей орун которуштуруп оккупанттарга капыстан кол салышат, көп жоготууларга дуушар кылышат. Акырында жеңишке жете албастыгына көздөрү жеткенден кийин жазалоочу аскер бөлүктөрү жарым-жартылай адамдарынан ажырашып, токойдон кетүүгө аргасыз болушат.

Партизан отряддары калк менен өз байланыштарын кайтадан калыбына келтирип, душманга сокку үстүнө сокку ура башташат. Ушундай байланыштарга атайын тапшырма менен комсомолец жаштар жиберилет. Алардын арасында Аня менен Оля да болот.

Аня менен Оля башкалардан бөлүнүп, темир жолго жакын жайгашкан кыштакты көздөй жөнөштү. Жамгыр аралаш жааган кар алардын жүрүшүн аябай кыйындатты. Тизеден кечип, күүгүм түшкөндө мерчемдүү үйгө жетишти. Шарттуу паролдор айтылып, жаңыдан эшик аттаарында артынан аңдып келген чыккынчы бир топ полицайлар менен даяр болушту.

Эже-синдинин жандарындагы жасалма документтер

да жардам бербеди. Анткени кыштактын старостасы Аня менен Олянын бул айылга келишерин көптөн бери күтүп жүргөн эле. Староста аларды көрөрү менен кадиксиз таанып да полицайлардын колуна өткөрүп берет. Кыздар ошол замат гестапого жөнөтүлөт.

... Эже-синди Кулякиналарды Старый Крымга, андан кийин Карасуу-Базар түрмөсүнө алып барышты. Бул түрмөдө алар эки жума болушту. Бул убакыттын ичинде гестапонун желдеттери күнүгө суракка алып, адам чыдагыс кыйноолорду көрсөтүштү. Ысык темир менен эттерин кайрышып, жарааттарына туз себишти, эстен тандыра сабашып, тырмактарынын алдына ийне сайышты. Бирок, кыздар партизандар, подполдук топтор жөнүндө эч нерсе айтышпады...

...Кезектеги сурактан кийин Аняны камерага экөө сүйрөп келип ыргытып жиберишти. Оля чыркырап барып кучактап жыгылды. Башын сүйөп, шүүшүндөп аккан кандарын аарчып, оозуна суу тамызды. Шолоктоп ыйлап, от жалындай ысып күйгөн эжесинин беттерин өөп, башын көкүрөгүнө кысып:

— Жаным эжекем, көзүңдү аччы, эжекебайым!..— деп боздоду.

Бир аздан кийин Аня эсине келди.

— Оля, Олечкам, садагам, бүгүн да унчукпай коюуга күчүм жетти.

Эже-синди кучакташып турушту. Аня өздөрүнүн иштеген партизандык операцияларын көз алдына элестетти.

Васильевкадагы полицияны талкалашканы, румын гарнизонун кандайча алгандыктары. Азамат тегирмениндеги, Танагелдидеги салгылашууларды, Мурза-Кой операциясын, Кара-Отун коргонуусун, Берлюк үчүн жеңиштүү салгылашууну эскерди.

— Аттиңай, кандай аз иштедик!..— деп Аня кейиди.

Оля сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгына түшүнө бербей:

— Эмне дейсиң?— деди.

— Иттерди аз кырдык деп жатам... убактыбыз өтө тар...

Оля эжесин кучактап ыйлап жиберди. Аня үнүн түзөп, Оляга тике карады:

— Ыйлабагын, Оля, душманга көз жашынды көрсөтпө. Кайраттуу киши гана түбөлүккө жашай алат!

Ал чөнтөгүнөн карандаштын сыныгын таап, кичинекей кагазга энесине кат жазып, чачынын арасына катып, кошо өрүп койду.

... Эшик ачылып эки желдет кирди... Анянын жүрөгү бир шумдукту сезе түштү да, бошоп бараткан Оляны колтуктан сүйөп, акырын эшикти карай басты...

## НАДЯ ГАЛКИНА

*(очерк)*

Келте илдетине чалдыккан, өңү кер-сары аял илкий басып керебетине араң кыйшайды да жанында ойноп турган беш жашар кызына алсыз үнү менен:

— Наденька, садага болоюнум, сен жакшы кыз болуп өс! — деп эркелетип бетинен сылады. Кыз ал сөзгө маани бербей оюнун уланта берди.

Эки күндөн кийин энеси каза болду. Бир аз убакытка кыз коңшуларыныкында жүрдү. Багып алууга жакын туугандары болбогондуктан Надяны жетим балдар үйүнө өткөрүштү. Анда ал өзү теңдүү кыздар менен тарбия алып, окуп жүрдү. Анын энеси да, атасы да ушул мектеп-интернаты болуп калды.

Энесинин өңү-түсү Надянын эсинде калбаган. Бир гана эркелетип бетинен сылаган кебездей жумшак колдору бүдөмүк элестелет. Атасын болсо кыз эгерим көргөн эмес, кала берсе дайнын да укпаган.

Надя зээндүү, адептүү кыз болду. Окуусун чыйрак окуп, бат эле мектеп тарбиячыларынын көңүлүн өзүнө бурду. Адегенде октябрятка, андан кийин пионерге өтүп, кызыл жагоо тагынганы өзгөчө анын көңүлүнө унутулгус элес калтырды.

Окуусунан, жүрүш-турушунан макталып, Крымдагы атактуу «Артек» лагерине эки ирет барып келди. Поезд менен Украинанын кооз мейкиндигин аралап, гүлгө бөлөнгөн шаарларын көрдү, далай кыздар-балдар менен таанышты, адрестер алышып, кат жазышып жүрдү.

Надя алтынчы класста окуп жүргөндө бир күнү тарбиячы эжеси чакырып алып:

— Сага бир жагымдуу жаңылык бар! — деп кубана аны чачынан сылады.

Эч нерсеге түшүнбөгөн Надя:

— Кандайча жаңылык, эжеке? — деди.

— Атаң келип, сени мугалимдер бөлмөсүндө күтүп турат.

— Менин эч кимим жок. Атам жөнүндө эч качан уккан эмесмин.

— Эмесе жүр, мугалимдер бөлмөсүнөн ал кишини көрөсүң.

— Жок, эже, барбаймын. Сиздер чоочун кишиге мени берип жибересиздер.

— Андай дебе, Надя. Биз ынанбай туруп, эч кимге бербейбиз сени.

Мектеп-интернатынын директору Александра Васильевнанын жанында узун бойлуу, чап жаак, өңү азыңкы бирөө сүйлөшүп отурду. Эшик ачылып кадам дабышы угулганда ал ордунан тез турду да кызынан көзүн албай карап калды. Тамагы буулуп, сөз айталбай бир паска жымжырттык пайда болду. Анан ал кысылып жатып:

— Саламатсыңбы, кызым. Чоңойдуңбу каралдым? — деп каргылданган үнү менен Надяны карай басты.

Эртеден бери таңдана карап турган кыз жооп берүү-

нүн ордуна кетенчиктеп, тарбиячы эжесинин артына жашынды.

Александра Васильевна өйдө боло берип:

— Надя Галкина, бул адам сенин атаң болот экен. Илья Николаевич Галкин,— деп сөзгө аралашты.

— Мен бул кишини тааныбайм. Эч кандай атам жок,— деп кыз муңая башын жерге салды.

— Мен атаң болом, кызым. Көп жылдан бери издеп жүрүп сени араң таптым. Менин сенден башка эч кимим жок,— деп алиги киши жашыды.

— Сизди билбейм. Атам болсоңуз неге мага көрүнбөдүңүз?

Ильянын бүткөн бою чымырап, көзү караңгылап кетти, анан мукактанып:

— Кызым, мен өтө эле алыста жүрдүм, ошол жактан да сени издеп кат жазбаган жерим калбады,— деди.

— Баары бир мени ишендире албайсыз. Мен биерден кетпейм,—деп Надя эжелерин суроолуу карап, чыгууга уруксат күткөндөй болду. Алар баш ийкеп ишарат этишкенде кыз сыртка атып чыкты да көрүнбөй калды.

Илья айласы түгөнүп, Александра Васильевнага телмире карады. Интернаттын директору ага өзүнүн кеңешин айтты:

— Сиз жайкы каникулга чейин кызыңызды баары бир алып кеталбайсыз. Ага чейин тез-тез келип, өзүңүзгө үйүр алдырыңыз.

Буга чейин ата-энеден эч капары жок, курбу кыздары менен кызыктуу жашап, окуусун чыйрак окуган Надя турмушунда эми бир жаңы окуя болгондой сезди.

Мурдагыдай ачык-айрым, шайыр мүнөзү өзгөрүлүп, басмырт тартып, өзүнүн келечегин, ата-энелик мээримди эңсеген кусалык пайда болду. Ал энесин элес-булас эсине түшүрөт, чоочун адамдарга көнбөй ээ-жаа бербей ыйлаганын, анан өзүнө окшогон жаш кыздар менен ойногонун эстейт.

Бирок, атаң боломун деп келген, өзү биринчи көргөн

адамды канча ойлонсо да эч бир эсине түшүрө албайт. Анын «Алыс жакта жүрдүм», «Аябай көп издедим», «Сенден башка менин эч кимим жок» деген сөздөрү жатса да, турса да кулагына дабыш салгансыйт.

Илья болсо кызына тез-тез келип, көңүлүнө жаккан нерселерин сатып берип, өз боюна тартат. Кызы да бара-бара атасына ылымсына баштайт. Жайкы каникулда Надя алтынчы классты бүткөндөн кийин атасы аны Крымга алып келет. Райондун борбору Зуяда бир аз жашап турушкандан кийин токойлуу тоонун четиндеги кичинекей кыштакка атасы бухгалтер болуп иштеп калат.

Надя айыл четиндеги калың токойго барып, дарактардын шуулдаганына, жылгаларда шылдырап аккан суулардын, түркүн куштардын мукамдуу үндөрүнө маашур болуп, ага токой дүйнөсү өзүнчө бир жомоктой сезилет.

Окуу башталганда Надя шаарда окуп, кызыктуу оюн-шооктордун арасында болот. Пионердик иштерге катышат, музейлерге, революциялык даңктуу жайларга экскурсияга барып жүрөт. Комсомолго алынып, пионер вожатый болот.

Каникул мезгилинде атасы менен бирге кыштакта жашайт. Үй-тиричилигине, оокат-аш даярдоого жардамдашат. Атасы ага ого бетер кубанып, кызынын келечегин ойлоп кеп кылат. Илья кызынан башка эч бир адам менен кабагын ачып сүйлөшчү да эмес.

Надя жакшы окуп, комсомолдук тапшырмаларды так аткаргандыгы үчүн шаардык слетторго катышты, анын сүрөтү комсомолдун шаардык комитетинде илинип, башка жаштарга үлгү катарында көрсөтүлдү. Кызынын ушул жакшы сапаттарына атасы кайдыгер карады, кала берсе кээде кызын жек көрүп какмалаганы да пайда боло баштады. Муну кызы да байкап жүрдү.

Бир күнү Илья кызматтан келип, кызына айталбай жүргөн ичиндеги бугун чыгарды.

— Менин бүт тапкан-ташыганым сеники, кызым. Сени кишн кылсам эле болгону. Башка менде турмуштун кызыкчылыгы жок. А сен болсоң комсомол, вожатый болдум, сүрөтүм көрүнүктүү жерде илинип турат деп акылсыздык кылып жүрөсүң. Алардын сага бир тыйынчалык да пайдасы жок. Активдик менин кызыма жарашпаган иш. Анын баарын коюп, окууңду жакшы бүтүрсөң болду.

Кыз атасын биринчи ирет көрүп тургандай таң калды, эрдин кесе тиштенди. Бир аз акылын токтотуп, атам жаңылышып жаткан экен деген ой менен жай гана:

— Ата, бул айтканыңдын баары натуура. Ленин комсомолунун мүчөсү болуп, активдүү ишке катышып жүргөн кызыңа кайта кубанбайсыңбы? Жолдош-жоролордон, коомдон бөлүнүп, жалгыз сопоюп жүрүштүн эмнеси кызык! Же мени өзүңө окшотуп, элден-журттан обочолоткуң келеби? — деди.

Столдо өбөктөп отурган атасы ордунан секирип туруп, кызын акырая карап:

— Бас жаагыңды! Мага бүт айлана-чөйрө жат. Мен бул турмуштан жадап бүттүм,— деп бакырды да тышка чыкты.

Надя атасынын кара мүртөс наадандыгына түшүнүп, жүрөгү сыздады. Ыза болуп, буркурап ыйлап жиберди. Өз бөлмөсүнө кирип, керебетине жатты да, кайгылуу ойго чөмүлдү. Атасы эмне үчүн мындай таш боор, адамдарга суз болуп калганын, эмнени ойлоп, эмнени максат кылып жүргөнүн эч түшүнө албады. Өзүнүн жаркыраган келечегине атасы эми кедерги болобу деген кооптуу пикирге келди. Надя ушуга окшогон жагымсыз ойлор менен алпурушуп жатып кандайча уйкуга кеткенин сезбей да калды. Эртеси таң заардан кол чемоданын алып, атасы менен коштошпой шаарга кетти.

Ал эми Надя балалык кыялдарга батып атактуу адамдардын жасаган эрдиктерин кайталоо, белгилүү окумуштуулардан болуу тилеги дайыма аны коштоп

жүргөн. Эмичи? Эми атасынын бул кырстыгы, кызынын мүмкүнчүлүктөрүнө чек коюусу асманды каптаган кара түнгө айлангансыды.

Бирок, каардуу кара түн башка жактан башталган эле. Надя шаардагы орто мектептин тогузунчу классында окуп жатканда апаат согуш чыкты. Жайнаган жаштык жылас болуп, каардуу казабаттын кучагына батты. Фашисттик самолеттор согуштун алгачкы кабарчыларынан болуп, асмандан бомбаларды жаадырышты. Имараттар талкаланып, мектептер өрттөндү. Жээк батареялары менен кораблдерден душман самолетторуна каршы замбиректер ок атышты. Согуштун алгачкы курмандыктарын Надя өз көзү менен көрдү.

Шаар ичи матростор менен солдаттарга толуп кетти. Адамдарды аскерге алуу бардык жерде катуу жүрүп жатты. Өрт өчүрүү дружиналары, элдик батальондор түзүлдү. Противогаз асынган мылтыкчан адамдар күндүр-түндүр көчөлөрдө жүрүштү. Ишканаларда, мекемелерде митингилер өткөрүлүп жатты.

Мектепте окуу улантыла берди, бирок, мурдагыдай жандуу оюн-шоок, сабакты кызыгып окуу кайда. Кары дебей, жаш дебей бардыгынын өңдөрү суз, токтоо. Сүйүктүү Ата Мекенди коргоп калууга, каардуу душмандан кандуу кек алууга ар бир адам даяр турду. Мугалим эжелердин сабак өткөрүүсү эки эсе артты. Мектептин жогорку класстарынын окуучулары да өрт өчүрүүчү дружиналарга кириштн.

Түзүлгөн согуш абалына байланыштуу окуу улантыла берүүгө мүмкүн эмес эле. Согуш майданы Крым жергесине улам жакындай берген. Мектептер жабылып, окуучулар сүйүктүү мугалимдери менен коштошуп, өз үйлөрүнө тарап жатышты.

Көнгөн мектебинен, курбу кыздарынан ажыраш айрыкча Надя үчүн ич тызылдаткан кордук болду. Ал жолго чыгып жолуккан машиналар, арабалар менен жөө-жалаң жүрүп отуруп үйүнө келди. Үйүндө атасы

жок эле. Жолдон чарчап келген Надя ары-бери шам-шум этип, жатып алды.

Айылда аскерге жарактууларды мобилизациялоо жүрүп жатты. Согуш жакындаган сайын элдерди эвакуациялоо күчөдү. Колхоздун активдери, коммунисттери айылдан кетип жатышты. Бирок, Ильядан болсо дарек жок. Надя атасын аскерге чакырылган экен деген ойдо жүрдү, бирок, ал кызына жолугуп же кат таштап кетмек эле да.

Үйүнө келгенден эки күндөн кийин Надя колхоздун бухгалтериясына барып эч кимди таппады. Сурамжылап жүрүп башкы бухгалтердин үйүнө келди. Көз айнекчен чүкөдөй арык чал чот кагып, бир нерселерди эсептеп отурганын көрдү. Кыздын суроосуна абышка:

— Атаңды көрбөгөнүбүзгө жарым айдай болуп калды,— деп жооп берди.

Надя атасынан санаасы тынчыбай үйүнө кайтты. Коңшу-колоңдорунан да сураштырды, эч дайынын биле албады. Кээде үйдө жалгыз отуруп тунжураган ойго чөмүлөт. «Атамдан башка менин туугандарым жок эмеспи, эл катары аскерде жүрүп бир кабарын билгизер», деген үмүт менен жашай берет.

Аңгыча немецтик баскынчылар Крымды ээлеп алышат. Бардык жерде атуулар, асуулар башталат. Токой четиндеги кичинекей кыштакка да баскынчылардын колу жетет. Айылдагы башкы бухгалтер баш болгон он беш кишини фашисттер токой ичиндеги бийик жарга атыпташташат. Мындай суук кабар айылга угулат. Надя болсо бул түнү коркуп уктабай чыгат.

Айылда калган кемпир-чалдардын, бала-бакыралардын, аялдардын үрөйү учат, өлүм ар кимининин көз алдына элестейт. Атуунун эртесинде эки эркек, беш аял колдоруна күрөк алып, токойду карай бара жатканын Надя көрөт. Бул адамдар атылгандардын сөөгүн жашырганы бара жатышкандар эле.

Элибиздин башына караңгы түн түшүп турганда

Надя үйүндө отуруп алмак беле. Өлүк көмүүчүлөрдүн артынан ал да жөнөдү. Алдыдагы адамдарга жетүүгө ашыгып чуркап бараткан Надя калың бадалдын ичинде кыңылдаган бирөөнүн үнүн угат. Жай басып эки жагын каранат.

Бет маңдайынан бирөөнүн кол булгап чакырганын көрөт. Надя бадалдын түбүндө бир аялдын башын жөлөп отурган баланы тааныйт. Ал баштапкы партиялык уюмдун секретарынын баласы Петя эле. Жарадар жаткан энесинин акырегин эптеп таңып койгон. Алардын үстү-башы тытылып, шайы ооган. Таңдайы катып, карындары ачкан. Сүйлөөгө араң эле чамасы келет.

Надя буларды көрүп ыйлап жиберди. Кечээ күнкү фашисттердин курмандыктары экенин, ок атылганда жардан боюн ташташкандыгын билди. Надя үйүнө чуркап барып иод, бинт, суу, тамак-аш алып келди. Эненин жараатын жаңыртып таңып, оокаттандырды. Кечке булардын жанында отуруп, күн батканда үйүнө алып келди. Анткени алардын үйүн баскынчылар өрттөп жиберишкен эле.

Таңга жуук он беш жашар Петя жолго оокат-аш, кийим-кечек алып, энесин ээрчитип токойго, партизандарга атасын издеп кетти. Надя «партизан» деген сөздү биринчи угат. Ал өз оюнда айылдагы ак ниет адамдар фашисттерге каршы күрөшүү үчүн токойго кетишип, алардын ичинде атам да бар деп жүрдү.

Ушул трагедиялуу окуядан бир жума өткөндөн кийин айылга фашисттер кайтадан келишип, үйлөрдү бир четинен өрттөй башташты. Аңгыча Надянын короосуна жалгыз ат чегилген араба келип токтоду. Кыз коркуп, терезеден баш бакты. Арабадан секирип түшүп, шашып үйгө келаткан атасын көрдү.

Надя сүйүнүп, «аталап» алдынан чуркап чыкты.

— Тез, аны-мунуларды алып, арабага түш,— деди да, үй мүлкүн ташып арабага жүктөй баштады.

Надя эч сөз айтпай атасына жардамдашты. Айыл

ичи ызы-чуу, атылган мылтык үндөрүнө айкалышкан иттердин улуганы, балдардын, аялдардын үрөйү учуп ыйлаган дабыштары. Колго илинген нерсесин алып, дагы кандай шумдуктар болорунан чочулаган адамдарды солдаттар айыл ортосундагы аянтка чогултуп жатышты.

Буларды көрүп жаны ачыган Надя:

— Каргыш тийген баскынчылар! — деп ийди.

Атасы кызын жекирип:

— Бас жаагынды! Эл эмне болсо ошо болсун, өзүбүз аман болсок болду,— деди да кызын жетелеп арабага отургузду.

Надя буркурап ыйлап:

— Элден биздин эмнебиз артык. Сен эмне үчүн башкаларга окшоп партизанда жүрбөдүң, же курал алып аскерге кетпедиң? — деп, атасын акырая карады. Атасы:

— Партизандар дейсиңби? Сен акылсыз кыз экинчи мындай сөздү оозуңа албай жүр, герман советти жеңгенин көрбөй турасыңбы? — деп арабасын жүргүзөөрдө эки солдат ээрчиткен офицер алдынан чыкты.

Илья арабадан секирип түшүп, немец офицерин көздөй чуркады. Алар бир аз сүйлөшкөндөн кийин солдаттар үйдү өрттөөгө киришти. Өрттөнүп жаткан кыштактан араба узаган сайын Надянын жүрөгү зырпылдап, атасына болгон жек көрүүсү арта берди. Жолдо карай атасына бир да кеп айтпады. Намызына чыдабай ыйлап отуруп, көзү шишип чыкты, жолдо кездешкен адамдарды кароого бети чыдабады.

Бир топ айылдарды аралап, күүгүм киргенде көпүрөдөн өтүп барып араба солго бурулду да бир үйгө токтоду. Илья дарбазаны ачып, арабаны короого киргизди.

Ошентип, Надянын эмки конушу Карасуу-Базар районунда кайчы жолдун боюндагы кыштак болду. Мында душман солдаттары менен техникалары тынбай өтүп, кээде бир нече күнгө аскер бөлүктөрү да туруп калат.

Тоо этегиндеги айыл адамдарынын атылышы, үйлөрдүн өрттөлүшү, ал жактан көчүп келүүсү, атасынын

табышмактуу жүрүш-турушу Надяга кандайдыр бир күмөндүү ойду пайда кылды.

Надянын үйдөн кеткиси келди. Бирок, кайда бармак, эч кимди таанныбайт. Айылдагылар болсо Надянын үйүнө жакын басып келишпейт. Эмнегедир чочулашат. Надянын атасы күндүсү да, түндөсү да белгисиз бир жакка жоголуп кетет. Үйдө аз болот.

Бир күнү таңга жуук атасы узун бойлуу, кырма сакал, оң бутунан бир аз сылтып баскан киши менен келди. Экөө тең кызымтал. Бейтааныш киши үйдү бир сыйра карап алды да Надяга салам берди. Кыз унчукпай башка бөлмөгө өтүп кеткенде:

— Кызың эмне үчүн мынчалык суз? — деп сурады.

— Эрке кыз да, ага көңүл бурба,— деп кол шилтеп, чөнтөгүнөн самогон алып столго койду. Тиги киши да бөтөлкөсүн сууруп чыкты. Илья кызын чакырып:

— Бизге бир аз шам-шум эттирип койчу,— деди.

Алар көпкө отурушту. Кызып алышып сөз талаша башташты. Ички бөлмөдө отурган Надяга алардын: «майор», «партизан», «гестапо» деген айрым сөздөрү угулуп жатты. Надя бул сөздөрдүн эмне үчүн айтылып жатканына так түшүнбөсө да атасы менен бул кишинин баскынчылар тарабында иштеп жүрүшкөнүн шекшинди. Алардын чөнтөгүндө немецтик тапанчанын бар экендиги да байкалды.

Атасынын шериги узун бойлуу адам үйлөрүнө тез-тез келүүчү болду. Акыркы жолу Мехо көпкө отурбады. Анын эмнегедир кабагы салыңкы, башы таңылган. Илья менен бир аз сүйлөшкөндөн кийин кош аяк арабасына түшүп Карасуу-Базарды карай жөнөп кетти.

Надя үйүндө отура бербеди. Эл менен, жер менен таанышкысы келди. Анын биринчи тааныши коңшу үйдөгү Елена деген кыз эле. Елена Надяга караганда экиүч жаш улуу. Ал жаңыдан турмушка чыкканда эри аскерге кетип, энесиникинде жашап жаткан.

Елена менен Надя ынак боло баштайт. Елена болсо

кыштактагы подполдук-патриоттук топто иштеп жүрөт. ВЛКСМдын мүчөсү. Ал партизандарга тамак-аш, дары-дармек табууга катышат, аскер бөлүктөрү туурасында маалыматтарды билдирет, калк арасына баракчалар таратат, партизандарга кеткен подпольщиктер менен байланышып турат.

Надя менен таанышкандыгы жөнүндө Елена өз жолдошторуна билдирет. Надянын атасына, ага келип жүргөн Мехого подполдук топтун мүчөлөрү көптөн бери эле байкоо жүргүзүп келишкен. Надяга өтө кылдат мамиле жасап, аны жакшылап текшерүү Еленага тапшырылат. Надя да атасы жөнүндөгү өз пикирин ачык айтуудан тартынат, анын чын эле чыккынчы экенине көзү жетпей жүрөт.

Надя бир күнү Карасуу-Базарга барганында гестапонун майору менен жүргөн атасын жана Мехону көрөт. Алар машинага түшүп бир жакка баратышкан. Надянын жүрөгү оозуна капталып, бүткөн бою чымырайт. Алам деп барган буюмун таштап, үйүнө келгенче ашыгат. Ушул эле күнү Еленага жолугуп, өзүнүн башынан өткөн таржымакалын, атасынын майор менен жүргөнүн айтып, ызасына чыдабай жашып кетет, партизандарды таап кетсемби деген тилегин билдирет.

Елена бул кыздын патриот экенине, душманга каршы күрөштүн жолун издеп жүргөнүнө ишенет да подполдук топтун жетекчилерин кабардар кылат. Атасы менен Махонун шпиондук иштерин көсөмөлгө алуу Надянын өзүнө тапшырылат.

Адаттагыдай эле бир күнү атасы менен Мехо кечкежуук үйгө келишет. Надяга шектене карашат да өзүлөрүнчө шыбырап сүйлөшөт. Анан Надяны төркү бөлмөгө камап коюшуп, чырактын шооласында көпкө чейин бир нерселерди жазышат. Надя булардын түзүп жаткан тизмесин каалганын жылчыгынан көрөт. Терезеден акырын секирип түшүп, Еленаны ойготуп, иштин жайын ай-

тат. Елена подполдук комитетке билдирет. Дароо 7—8 киши үйдү курчап алышат да Надянын эшик ачуусун күтүп турушат. Кайта терезеден түшкөн Надя эки чыккынчы самогонго кызып, уктап жатышканда шырп алдырбай басып келип, каалганы ачат. Күтүлбөгөн жерден колго түшүрүлгөн чыккынчылар түнү менен партизан отрядынын штабына жеткирилет.

Чыккынчылардын гестапого берүүгө даярдаган тизмесинде 82 патриоттун ысмы жазылган. Булар тегеректеги айылдардын подполдук топторунун мүчөлөрү эле.

Партизандарга биротоло келген Надя ушул жерден атасынын жана анын шериги Мехонун ким экенин толук билет. Партизандык сотто бул эки чыккынчынын бети ачылат.

Красноярскиде бир чоң соодагердин баласы Илья падыша аскеринде подпоручик болуп жүрүп, Октябрь революциясы жеңгенден кийин Омскиде ак гвардиячылардын чалгындоосунда кызмат өтөгөн. Колчактын өкмөтү кыйратылганда ал Галкин деген башка фамилияда Украинага качып келет. Анда Надянын энесине үйлөнөт. Кыз төрөлгөндөн бир жылдан кийин мамлекеттик мүлккө зыян келтиргендиги үчүн соттолот. Мөөнөтүн өтөгөндөн кийин балдар үйүнөн кызын табат. Согуш башталганда ишин таштап, качып кетет да немецтик баскынчылардын келишин күтүп, жашырынып жүрөт. Фашисттер Крымды басып алганда гестапого барып жашырын агент болуп кирет.

Өзү иштеген колхоздун активдерин тизмеге жазып берип, далай адамдардын атылып кетишине, кыштактын тыптыйпыл өрттөлүшүнө себепкер болот. Анын шериги Мехо помещиктин уулу, Сибирге айдалып, андан качып келген. Ал да фашисттердин агенти болуп чыгат.

Советтик мектептен тарбия алган ак ниет патриот кыз Надя мекенге чыккынчылык кылышкан өз атасын жана анын шериги Мехону кармап берип, 82 патриоттун өмүрүн сактап калат.

Партизандык адилет сот бул эки чыккынчыны өлүм жазасына буйрат.

## ВОЛИКОВДОР

*(очерк)*

Николай Михайлович Воликов таң сүрө тааныш армяндын үйүнөн чыгып, Феодосия шаарынын борборун көздөй бет алды. Ал бомбалардан кыйрап, чычала болуп өрттөнгөн шаардын ээн көчөлөрүнүн бирине түштү. Күн сууктап, кийинки катуу жамгырдын артынан түшкөн кар ошол бойдон катып калган. Быйыл кыш эмнегедир эрте түшө турган болду.

Көчөдө бирин-серин баскан немецтик патрулдар болбосо, айлана али ээн, кусалуу тартып, шаардын апаттуу көрүнүшү түн койнунан суурулуп, улам жарык боло баштады.

Воликов патрулдардын такаларынын дабышын угуп, ичи уйгу-туйгу болду, жек көрүп, кеги кайнап кетти. Ачуулана түшкөнүнөн жаак булчуңдары тартылып, өңү кумсарып кеткенин өзү сезбей баратты.

Аркасына арта салынган баштыктын оозун кармаган колу карышып калганын да байкабады. Кек кайнап, ичи букка толду. Фашисттин өтүгү анын жүрөгүн тепсеп бараткандай, дабышы чыккан сайын денеси титирейт.

Аңгыча алдыңкы көчөдөн, туура жактан үч адам чыгып, Николайдын алдына түштү. Воликов аларга жете келди. Алардын сөздөрү угулбаса да кебете-кыймылдарынан ичиндеги кеги кайнаган өзүндөй адамдар экенин сезип баратты.

Жолоочулар «Шаардык жазалоочу», «Эмгек биржасы», «Полиция» деген жана да ар түрдүү аскер штабдары орношкон үйлөрдүн жанынан өтүштү. Бардык үйлөрдүн боорлоруна шаардык калктын жүрөгүнүн үшүн

алган фашисттердин жарлыктары илинген. Алар: «тыюу салынат» деген сөз менен башталып, «атылат» деген сөз менен аяктайт. Демек, ар кандай кооптуу аракеттерди жасагандыгы жана партизандар менен байланыштуу иштери үчүн шаардын калкы атуу жазасы менен эскертилген.

Кечки саат сегизден кийин көчөдө жүрүүгө да болбойт. Ал жердегилер бул катаал шарттарга «көнгүдөй» да болушту. Алар келечектен үмүт кылуу менен жашашып, чечкиндүү күрөшкө бел байлашкан эле. Ушул сезим ар кандай тыюу салуулар менен атылып кетүүлөрдөн да коркпой душмандын жүзүнө тике кароого үйрөттү.

Николай Михайлович шаардын чоң-чоң көчөлөрүнөн өтүп, айрым үйлөрдүн эшигин кагып, өзүнүн баштыгындагы эски кийимдерди нанга айырбаштоону сунуш кылымыш этип, алардан шаарда болуп жаткан акыркы маалыматтарды билип баратты.

Өз көзү менен көрүп баамдаган аскер бөлүктөрүн, душмандын куралдарынын болжолун алып жүрдү. Аларды эсине сактап алууга аракеттенди.

Шаардын четине жакындаганда Николай румын атчан аскерлеринин казармасынын жанынан өтүп, көк боёгу өчөйүн деп калган жыгач дарбазаны каккылады. Короодон дабыш чыкпады. Кайталап какканда үстүнө кемсел жамынган аял кичине каалганы бир аз ачып:

— Сизге ким керек? — деди.

— Кийим-кечекти нанга айырбаштап жүрдүм эле,— деп Николай тааныш адамын жолуктургандай аялды тике карап жылмайды.

Аял да эмне айтарын билбей, карбаластап көчө жакка көз чалды.

Николай шашып:

— Чочулаба, Нина, Алексейдин алы кандай? Жарааты айыктыбы? Кете алабы? — деп сурады.

— Ал сени күткөнүнө үч-төрт күн болду. Документтери жок болгондуктан үйдөн чыга албай отурат.

Мешогунун түбүнөн оролгон бир түйүнчөктү Нинага сунуп, Николай:

— Мына бул күрмө-шымды кийсин, анын чөнтөгүндө документ бар, эртенден калбай уюмга келсин,— деп каалганы жаап, көчөдө өтүп бараткан элге кошулуп кетти.

Николай Михайлович бул убакта кырк беште эле. Ал өз өмүрүндө турмуштун далай сыноосунан өттү. Граждандык согуштун убагында Крымда партизандык отрядда чалгынчы болуп иштеди. Коллективдештирүүгө эң активдүү катышты. Кыскасы, ал турмушту өз колу менен куруп, өз каны менен жаратып, жаңы гана үзүрүн көрөрдө фашисттер басып калып отурбайбы!..

Николай элинин башына түшкөн караңгы түндүн убактылуу экенине тайбай ишенди. Ошол асыл сезим менен, каардуу душманды кан куздуруп, Кызыл Армиянын кайтадан келерине ишенип ар кимдин эшигин түртүп, өмүрүн тобокелге салып чалгынчылык милдетин аткарып жүрбөйбү... Кезектеги операциядан жарадар болуп, калтырып кеткен күжүрмөн жолдошун издеп кайрылып отурбайбы...

Немецтик-фашисттик баскынчылар Крымга киргенде ал Пролом кыштагындагы подполдук-патриоттук уюмдун алгачкы мүчөлөрүнөн болот. Уюмдун тапшырмасы боюнча партизан отряддары менен байланыш түзөт. Партизандар үчүн кийим-кечек, азык-түлүк, курал-жабдык, дары-дармек чогултууга катуу киришет.

Николай бара-бара фашисттердин террордук зомбулугун өз көзү менен көргөн сайын, душманга каршы али да аз иштерди аткаргандыгын сезип, өзүнө өзү ыраазы болбой туталанып жүрдү. Кээде фашисттер менен ачыктан-ачык салгылашкысы да келди. Бирок, шарт, жагдайга гана баш иет. Тартип, сыр сактоо — ансыз эч бир жерде жеңиш, ийгилик болбой тургандыгына түшүнөт.

Ал азыр шаардын кыйраган көчөсүндө бейтааныш, бирок муңдаш адамдардын арасында бара жатып мындан мурда иштеген иштерин элестетти...

Партизандык штаб Проломдогу подполдук-патриоттук уюмдун алдына кужурмөн тапшырма — диверсиялык иштерди жүргүзүүнү коёт. Бул иш өтө кооптуу эле. Ошондуктан, тажрыйбалуу, өрттөн кайра тартпаган эр жүрөктөр керек болучу. Партизандык отряддын комиссары Николай Михайлович менен Андрей Нестерович Бравиндин сунуштарын кубаттайт. Анткени буларда толук ишенич бар эле.

Алар жандарына бир пистолет, эки килограмм жаргыч зат алышып, иңир кире токойдон чыгышат. Айдын отуруп чыгып калган убагы эле, кеч менен кошо токой жээгине караңгылык кошо кирди. Тигил тарапта карантүн түшкөнсүп, мундуу дүмпүйүп Пролом кыштагы түн койнуна кирип баратат. Анда-санда арсылдап иттер үрөт, немец солдаттарынын түшүнүксүз кажы-кужусу караңгылыкта үзүл-кезил кулакка чалдыгат.

Алар бирде бадалга киришип, бирде (ээн жерде) ачык жер менен өзөндү бойлошуп, темир жолду карай жүрүп отурушту. Бир оокумда токойдун артынан ай шооласы жаркырап, дүңгүрөгөн токой коюулугу сүрдүү тарта баштады. Достор көздөн далдаа болуш үчүн токой жээги менен басышты. Анда-санда уйкусунан чоочуган куштар бактан-бакка учуп конушуп, кандайдыр бир үкүлөр күүлдөшөт.

Аңгыча таң атып кетти. Алар токойго тереңирээк кирип барып бекиништи. Талыкшыган денелерин эс алдырып жатышты.

Ошентип, алар эки күндөн кийин Ички — Ислам-Терек аралыгындагы темир жол линиясына жакындап барышты. Бул жерде өзгөчө этиет болуу керек, анткени фашисттер согуш куралдар ташылуучу бул жолду өтө сактык менен кайтарып турушкан.

Кекчилдер кечке токойдо бугуп жатышып, кеч менен

кошо темир жол линиясына чыгышты да, ээн тарткан жарча жерден релсалардын чегелерин чыгарып таштаШты. Канткен менен иштеген ишиңдин натыйжасын көрүү, душмандын талкаланганын билүүдөн артык эмне болсун!

Алар темир жолдон көп узабай бекинип, тыңшап жатышты. Түн бир убак болгондо алыстан паровоздун күшүлдөгөн дабышы чыкты. Акыры болжогон жерден күүлдөп кулаган вагондордун дүңгүрү даана угулуп турду. Достор бирин-бири кучактап өпкүлөшүп, токойду бойлошуп ылдый куюлуп кетишти. Антпесе, фашисттер катастрофа болгон жердин айланасын тинтиши мүмкүн эле.

Патриоттор эшалондун кулап кыйраганын өз көздөрү менен көрүшпөсө да ойлору менен билип туюшуп, көңүлдөрү жайлангандай болуп калышты.

Эртеси эки дос акмалап жүрүп Ислам-Терек—Феодосия темир жол линиясынын тушунан чыгышты. Бул жердеги патрулдарга кечеги кыйроо сөзсүз угулган болуу керек.

Алар чоң станцияга баруудан чочулашты. Чындыгында да ал өтө тобокелдин иши эле. Бирок, партизандар түн ортосунда боору менен сойлоп отурушуп, станциянын чет жагындагы будкага жетишти. Алар солдоюп басып жүргөн патрулга жакын барышып, арыкка өңүп калышты. Бравин Воликовдун колун кармап туруп:

— Кайра бурулуп өтүп бара жатканда жайлайм, эгер дабыш болуп ал тараптан туюп калса, ок чыгарба, уйкулуу көздөрү менен байкабай калышат, жакын келгенде жайлайбыз,— деди.

Аңгыча автоматын бооруна кыскан патруль уйкулуу кебетеси менен үңкүйө тартып буту чалыштап, алардын жанына келип калды. Бравин илбирстей тездик менен фашисттин үстүнө секирип, аңгекке алып түштү. Солдат эсине келгенче оозун басып, үнүн чыгарбай шамшар менен жайлап жиберди.

Айлананы бир аз тыцшап турушту. Эч кандай дабыш билинбейт. Боортоктоп жылып барып, темир жолдун нугун буруп коюшту. Алардын болжолу боюнча тигил жактан келаткан состав станцияда турган поезд менен кагышмак.

Ошентип, кужурмөн достор таң сүрө кайра токойго киришти да станциядан бир топ узагандан кийин тыныгып жатышты. Жанындагы жарты бөлкөсүн баштыктан алып, Воликов жая салган чүпүрөктүн үстүнө туурады да чочконун ышталган сан этинен кесип койду. Чаалыккан достор бир үзүмдөн алышып ыракаттана оозуна салышты. Бирок, экөө тең күрмөп жутпай, ачырканышып бирин-бири карашты. Канчалык карындары ачып турса да, оокатын жей алышпады. Анткени жарылуучу зат менен кошо бир баштыкка салынган нан уудай ачуу. Жатып-туруп, боортоктоп жылып жүрүп, тол менен нан аябай өйкөлүшүп, жыты сиңип калган экен.

Айла канча, сүрсүгөн сан этти нансыз жешке туура келди. Эптеп-септеп өзөк алып, эки дос бир азга чырм этип кетишти. Арадан анча убакыт өтпөй арсылдаган иттердин дабышынан алар ойгонуп, эки жагын карашты.

Күн бир топ көтөрүлүп, ысык апта күчүнө кире баштаган. Абалаган иттердин дабышы улам жакындай берди. Кажы-кужу түшүнүксүз сөздөр өктөм айтылып жатты. Токой жээгиндеги кара жолдон уюлгуган калың чаң көтөрүлдү.

Воликов менен Бравин адегенде бул күтүлбөгөн чууну башкача ойлошкон эле. Өздөрүнүн артынан кууп келаткан фашисттик жазалоочулар деп чочулашкан. Алар абайлай басып токой четине жакын келишти. Көрүүгө ыңгайлуу жай таап, калың бадалдын ичине бугуп жатышты.

Чаңдуу жолдун эки тарабында куралдуу конвойлор. Жетекте жүргөн овчарка иттер оозун араандай ачып, туткундарды карай жулкунушат, кайышын бекем кармап солдаттар араң токтотушат.

Коюу чаңдын ичинде илкий басып келаткан аскер туткундарынын жүзүн айрып таануу кыйын, сакал-муруту өсүп, кийимдери тосулган, арыктыгынан далы сөөктөрү уркуюп, жаак бетинин терилери жабышып, көздөрү чүңүрөйүп ичине кирип кеткен. Алсыз, аргасыз адамдар бирин-бири жөлөшүп, айдаган жактарына бара жатышты.

Буларды көрүп Николай Михайловичтин жаны күйүп кетти. Көзүнөн жаш кылгырып, туттукканына чыдабай:

— Адам этин жеген жырткычтар!— деп кыйкырды.

Бравин шап анын оозун баса койду да:

— Анча эмне бакырасың, угуп коюшса бизди иттерине талатпайбы,— деди.

Немецтер ысы-чуудан бул дабышты угушпады. Кайгылуу көрүнүш калкый жылып, булардын жанынан өтүп баратты.

Кайран жигиттер! Канаттары сынып, каардуу душмандын капасында камыгып баратышканда он-он беш куралдуу патриот гана болсочу. Капыстан токойдон чыгып куткарып алышмак эле. Ал эми экөөнүн ортосунда жалгыз тапанчасы бар, булардын колунан эмне келмек. Ошого өкүнүшүп, эки патриот ичтен сызышты да өз мекендештерин аянычтуу кароо менен узатып жатышты.

Кужурмөн тапшырмаларды аткарып келатышкан патриоттор Кировск — Старый Крым шоссесине чыгышты. Айылдан алган кабарга караганда бул жолдон душмандын автоколоннасы өтүп турган. Жандарындагы жаргыч заттарды жол жээгине жакшылап жашырышты. От алдыруучу капсулдун илмегине ичке чарык жипти байлап, экинчи учун элүү метрдей алыстыкта бадалдын ичинде өздөрү кармап жатышты.

Көпкө күтүштү. Анда-санда арабачан өткөн жергиликтүү адамдардан башка эч кыймыл болбоду. Кечке жакындап калганда алыстан мотоциклдердин дабышы

угулду. Алардын артынан машиналардын колоннасы көрүндү.

Воликов жолдошуна:

— Мотоциклдерди өткөрүп жиберип, артындагы машиналарды жаралы,— деп кеңеш кылды.

Чалгынчылар чыдамдуулук менен күтүп, алдыңкыларын өткөрүп жатышты. Аңгыча солдаттар түшкөн машиналардын арасынан офицерлер отурган үстү ачык бир жеңил машина көрүндү.

Бравин жиптин учун бекем кармап, минага жакындашын күттү. Коопсуздук капарында жок, менменсинип келаткан офицерлердин алды-арты калың солдат. Мерчиндүү жерге теңелгенде Бравин жипти тартып жиберди. Кызыл от асманга атып, кулак тундурган жарылуу чыкты.

Түтүндөн эч нерсе көрүнбөй туш-туш жакка ок атылды. Солдаттар жаап кетишти. Октор бадалдын ичин тытып жатты. Калың октон Бравин катуу жарадар болду. Воликов караңгыга жамынып жолдошун сүйрөп узап кетти. Оор жарадар Бравинди алыс алып кетүүгө мүмкүн болбогондуктан аны жакын жердеги кыштакка жеткирип, андагы кемпир-чалдын сарайына киргизди. Воликов жолдошу менен анда эки күн жатты. Кемпир-чал эптеп иод таап келишип, Бравиндин жаратын таңышты. Жарадар көзүн ачып эсине келди. Воликов жолдошун алып кетүү үчүн унаа издеп тааныш айылга жөнөдү.

Бирок, ушул учурда дайнын байкап калган чыкынчынын айтуусу менен Бравинди фашисттер кармап алмакчы болушту. Бравин тапанчасы менен атышып жатып, акыркы огун өзүнө жумшады.

Николай Михайлович досунан айрылганына аябай кайгырды, окупанттарга каршы кашык каны калганча күрөшүүгө бел байлады. Подполдук патриоттук уюмга өзүнүн балдарын тартууга аракеттенди.

Бир күнү аялына билдирбей эки баласын (ал убак-

та Ваня он алтыда, Колясы он төрттө эле) үйүнөн оолак алып чыгып:

— Силер кандай күндө жашап жатканыңарды билесиңерби? Фашисттер бизди өтүгүнүн астында тепсеп жатышат. Биз алардан өч алышыбыз керек,— деп аталык мээрим менен кайрылат.

Балдары бирин бири карашып, биз ал ишке даярбыз дегендей баштарын ийкешет.

Николай Михайлович уулдарын ээрчитип, уюмдун жетекчиси Иван Федорович Федченкого барып, иштин жайын айтат. Федченко Воликовго:

— Сиздин балдарыңыз көптөн бери эле уюмдун мүчөсү,— деп анын колун кысат.

Николай Михайлович балдарынын Мекенге чексиз берилгендигине сүйүнүп, Ванясы менен Колясынын бетинен өбөт.

...Күндөрдүн биринде уюмдун жетекчиси Федченко Ваня Воликов менен Алеша Бобровго өтө жоопту иш тапшырат.

Азамат токоюна советтик самолеттон түшүрүлгөн парашютист жергиликтүү подпольщиктер менен байланыш түзө албай жүргөнүн Борбордон партизан отрядынын штабына билдирилет. Партизан чалгынчылары эки күн издеп таппагандан кийин Проломдун подполдук уюмуна кайрылышат.

Ваня Воликов менен Алеша Бобров бадачы балдар сыяктанышып, адегенде токойду жээктеп аккан Карасевка өзөнүн бойлоп жөнөшөт. Жолуккан адамдардан «жоготкон» уюн сурашат. Аттарын сугарып жүргөн румын аскерлерине кездешкенде жок издегенин айтышат. Солдаттар күлкү-тамашага айландырып, уйду сойдук дегенсип колу менен мал мууздаганды көрсөтүшкөндө анткор ыйлашат. Азамат токоюн каршы-терши аралашат, туш тарапка кулак түрүшөт. Чарчашканда майда бадалдын ичинде эс алышат.

Кечке жүрүп табылбагандан кийин үйлөрүнө түнөккө

кайтышат. Эртесинде кайтадан издөөгө киришет. Бул жолу токойдун чыгыш тарабындагы Мелек кыштагына жакын жердеги кокту-колотторду кыдырышат. Кечке жуук үмүттөрүн үзүп, кетүүгө баш коюшканда элүү метрдей аралыкта майда токойдун ичинен шыбырт угушат. Балдар боортоктоп жакын барышат.

Чарчы бойлуу, кең далы жыйырма беш жаштардагы жигит бадалдын ичинен эки баланы көргөндө колундагы пистолетин койнуна катып, даракка сүйөнүп туруп калды. Сол буту таңылган. Эриндери кеберсип, таңдайы катып алсыраган түрү бар.

Матрос Клюевдин токойго түшкөнүнө алты күн болуптур. Самолеттон секиргенде парашюту дарактын башына илинип, өзү асылып калган экен. Парашюттун жиптерин кесип жибергенде жерге оңтойсуз түшүп, сол бутун мертинтип алган. Эртесинде бутунун ооруганына карабастан, бакта асылып турган парашютту алыш үчүн даракка чыкканда жараты ого бетер күчөп кеткен. Ошондон бери матрос кыймылсыз жаткан эле.

Балдарды көргөндө Клюев адегенде сактана түшүп, анан алардын эки күндөн бери издеп жүргөнүн билип сүйүнүп кетет. Ваня менен Алеша Клюевди башка жерге, Карасевка суусунун боюна жашырышат, анын рациясын катууга да жардам беришет.

Клюев суу боюндагы жолдон өткөн немецтик аскер бөлүктөрүнө, согуш техникасына күндүр-түндүр байкоо жүргүзүп, аларды эфир аркылуу фронттун штабына жөнөтүп турат. Балдар ага тамак-аш жеткирип, чалгындоо маалыматтары менен камсыз кылышат. Подполдук уюм менен байланыш түзүлөт.

Күндөрдүн биринде Пролом кыштагына Симферополь тараптан душмандын механикалашкан чоң аскер бөлүгү келет. Танктар, өзү жүрүүчү замбиректер, толгонтокой автомашиналар, аскерлер мурдагы колхоздун чоң короосуна, суу боюндагы аянттарга жайгашат.

Айылды айланта аскер күзөтчүлөрү коюлат. Солдат-

тар адатынча үйлөрдү кыдырып, талап алууга киришет. Өрдөк-каз, тооктордон тартып чочко-торопой, үй-таналарга чейин жалмай баштайт.

Кезектеги кезигүүдөн келген Ваня Воликов иниси Коля менен Алеша Бобровду ээрчитип, душман аскерлери, техникалалары жайгашкан жайларды, аскер бөлүгүнүн штабы орношкон үйлөрдү байкашат. Эми жаш патриоттор активдүү аракетке киришмек болушат. Ким эмне аткарууну өз ара макулдашат. Ваня Воликов тезинен Клюевге жөнөйт да душман жөнүндө бүт маалыматты билдирет. Ал эми Алеша менен Коля солдаттардын курал-жарактарын уурдап катууга киришет.

Проломдон ылдый аккан өзөндө бир топ аскерлердин сууга түшүп жатканын байкашкандан кийин балдар жүзүм сабактары менен өңүп жөнөшөт. Ар кайсы жерде бештен-ондон топтошуп оокаттанып жаткан, кийимдерин чечип сууга чөмүлүп, капарсыз жүрүшкөн солдаттарды көрүшөт. Дагы арыраак барышканда бир жоон тобу кажылдашып ичкилик ичип, айрымдары уйкуга, ичи кызып ысылагандары сууга кирищти. Балдар ыңгайлуу учурду күтүп, бугуп жата беришти.

Унтер офицер баш болгон үч солдат акыркы бөтөлкөлөрүн түгөткөндөн кийин чечинип, алар да сууга киришти. Эми балдар боору менен жылып автоматтарга жетишти да беш-алтыдан жүзүмдүн арасына ташый баштышты. Алардын ичинде бир кол пулемет да бар эле. Башаягы болуп жыйырмадай куралды жүзүм аянтынан чыгарып, калың бадалдын ичине катышты.

Кеч киргенде балдар үйлөрүнө кайтышып, бул жөнүндө уюмдун калган мүчөлөрүнө айтышты. Федченко, Гурченко, Николай Воликов, дагы үч адам катылган куралдарды алып, түн жамына партизан отрядына жетишти.

Аңгыча Ваня Воликов да Клюевге барып өз ишин бүтүрдү. Душмандын чоң аскер бөлүгү жөнүндөгү маалымат тезинен армиянын штабына билдирилди.

Немецтик фашисттер бейкам жатышканда советтик самолеттор түн ортосунда учуп келишип, адегенде жарык кылуучу ракеталарды асманга тизишти. Караңгы түн күндүзгүдөй жаркырап, душмандын бүт техникасы, карбаластап чала кийинип, баш-аламан чуркап жүрүшкөн солдаттар дапдаана көрүнүп турду.

Советтик самолеттор шашпай асманды айланып, ар бири көздөгөн объектисин тандап жатышты. Анан алар биринин артынан бири тик сайылып, бомбаларды жаадырышты. Адам чуусу күчтүү жарылуулардын дабышына сиңип жатты.

Айрыкча танка колоннасы менен замбиректер топтошкон айыл чети алааматка айланды. Бомбалар менен кошо снаряддар да жарылып, от аралаш кара түтүн каптады. Советтик учкучтар жарым сааттай айланып жүрүшүп аябай бомбалап, аткылашкандан кийин заматта жок болуп калышты.

Бул түнү Проломдун калкы уктаган жок, советтик учкучтардын баатырдыгы, алардын кимден билип учуп келишкендиги жөнүндөгү кептер бардык үйдө айтылып жатты. Кызыл Армиянын кайтадан келерине, баскынчылардын Крымдан кууларына адал ишеним, ак тилек арта берди.

Айрыкча балдардын кубанычы койнуна батпады. Ичтеринен «жарайсың матрос агай!» деп кымыңдашты. Ваня менен Коля Воликовдор советтик самолеттор баскынчыларды бомбалап жатышканда үйүнүн чатырына чыгышып: «Соккула аларды! Соккула!» деп кыйкырышты. Буларды көргөн энеси жүрөгү оозуна капталып, немецтик фашисттер угуп койбосун, же болбосо ок тийбесин деп балдарын там үстүнөн кууп түштү.

Бул операция зор натыйжа менен аткарылды. Душман үч жүздөн ашык адамынан айрылды, он беш танка, өзү жүрүүчү жети замбирек, жыйырмадан ашык автомашина талкаланды.

«Чоң жерден» чалгынчы радист Клюевдин келиши

проломдук подпольенин ишин ого бетер активдештирип жиберди. Эми бул подполдук уюм канатташ айылдагы патриоттор менен байланышып, алардан алган баалуу маалыматтарды Клюев аркылуу армиянын штабына тез жөнөтүү мүмкүнчүлүгү болуп турду.

Башка айылдын патриоттору Иван Воликовду Джанкой темир жол станциясында иштеген «Мурутчан» агай менен тааныштырды, андан душман поезддеринин жүрүү графигин алды, станциядан алыс эмес жердеги курал-жарак склады менен бензин базасын билип кайтты. Бул маалыматтар да Клюевдин кезектеги сеансында кабар кылынып, түнүндө советтик самолеттор тарабынан склад менен база талкаланды.

Ички темир жол станциясында жайгашкан словакиялык дивизия менен Иван Воликовдун байланыш түзүшү, ал дивизиянын курал-жаракчан бир взвод солдаты автомашина менен партизандарга өтүшү Клюевдин рациясы аркылуу «Чоң жерге» маалим болду.

Патриоттордун активдүү аракеттери гестапонун көңүлүн бурбай койгон жок. Гестапо жергиликтүү калктан чыккан шүмшүк чыккынчыларды бардык айылга тымызын коё баштады. Ошентип, подполдук уюмдун бирөөнө кирип алган чыккынчы советтик радисттин дайынын билип гестапого билдирет.

Бүтүндөй бир жазалоочу отряд Азамат токоюнун Клюев жаткан тилкесин курчап алат. Ушул мезгилде подполдук уюмдун активдүү мүчөлөрүнүн бири Толя Егоров Карасуу-Базардагы душмандын күчү жөнүндөгү маалыматты Клюевге берип кайтып келаткан эле. Ал эч нерседен капары жок өткөөлгө жакындаганда туш-тушунан солдаттар чыгып курчап калышат. Иштин жайына түшүнгөн Толя «фашисттер!» деп кыйкырат да төш чөнтөгүндөгү тапанчасына кол сунат. Бирок ага үлгүрбөй жазалоочулар Толяны басып жыгылышат, колу-бутун таңып гестапого жеткиришет.

Жаш патриот чоң адамдар чыдагыс катаал кыйноо-

лорду башынан өткөрөт. Бутунан таңып илип коюп сабашканда да ал партизандар менен подполье жөнүндөгү жашырын сырды айтып бербейт.

Гестапо акыры айылдагы адамдарды чогултуп, тааныштарынын, энесинин көзүнчө кайтадан кыйноого алып сурак жүргүзөт. Максатына жетише албаган гестапочулар Толяны чала өлүк кылып сабашат да тикендүү зымга чырмашып, терең кудукка таштап жиберишет. Ошентип, Толя Егоров душман колунан баатырларча каза болот.

Ал эми ушул эле күнү Азамат токоюнда Толянын берген маалыматтарын «Чоң жерге» жөнөтүп жаткан Клюев «фашисттер!» деген кыйкырыкты угуп, эки жагын карайт. Курчап алып куушуруп келаткан жазалоочуларды көрөт. Рация аркылуу: «Фашисттер курчап алды, бирок өлсөм да багынып бербейм. Кош болгула жолдоштор!» деген анын акыркы сөзү болот.

Матростук өжөрлүккө салып Клюев акыркы огуна чейин атышат. Беш-алты фашистти кулатат. Радистти тирүүлөй колго түшүрүп алууну максат кылган жазалоочулар жандата атышып жакындай беришет. Клюев рация баштыгындагы граната менен өзүн да, рацияны да кошо жарып жиберет.

Проломдун жаштары баатырдын өлгөн жерине жашыруун келишип, ал үчүн өч алууга ант беришет.

Ал эми бир күндөн кийин полицайлар Азамат токоюнун четинен жаңы көрстөндү, анын үстүнө коюлган кызыл гүлдөрдү көрүшөт. Көрстөндүн үстүнөн полицайлар бир барак кагазды табышат. Кагазда: «Ал жалгыз эмес. Биз көппүз. Ал үчүн өч алабыз!» деп жазылган сөздү окушат.

Пролом кыштагындагы подполдук уюмга мурдагы жол мастери Федченко Иван Федорович жетекчилик кылган. Анын жакын досу Павел Васильевич Кузьмин подполдук уюмдун секретары болуп иштейт. Проломдуктар Васильевка, Аблеш, Кабурчак, Азамат, Аджилар

сыяктуу жана башка кыштактарда подполдук топторду түзүшүп, аларга түздөн-түз жетекчилик кылып турушкан.

Подполдук уюмдун иши адегенде курал-жарактарды жыйноо, душмандын күчтөрү жөнүндө кабарларды чогултуу, калк арасында оккупанттарга каршы үгүт-насааттарды таратуудан башталган. Кийинчерээк партиянын обкомунун уполномочендери Чумасов Василий Степанович менен Уваров Леонид Афанасьевич бул уюмдун жетекчилери менен жолугушкандан кийин уюмдун жана анын топторунун иштери максаттуу багыт алган. Партизан отряддары менен тыгыз байланыш түзүлүп, конкреттүү тапшырмалар алынып турган, жашырын кездешүү жайлары дайындалган.

Проломдуктар партизан отряддары менен гана байланыш түзүшпөстөн, райондун аймагында аракет кылып жаткан диверсиялык-чалгындоо топтору менен да байланышкан.

1943-жылы июнь айында советтик командованиенин тапшырмасы боюнча Карасуу-Базар районуна түшүрүлгөн диверсиялык-чалгындоо тобу биринчи ирет Пролом уюмунун жаш мүчөлөрү бир тууган Ваня жана Коля Волковдор менен жолуккан. «Сашанын» тобу деген жашырын наамдагы бул топтун мүчөсү болгон ушул аңгеменин автору да өз көргөндөрүн эскере кетмекчи...

...Биздин диверсиялык-чалгындоо тобубуз Пролом кыштагына катар жайгашкан Азамат токоюна байыр алганына эки айдай болуп калган эле. Топтогу тогуз адам үч бөлүккө бөлүнүп күжүрмөн тапшырмаларга барып жүрдүк. Иштеген иштерибиздин натыйжасын рация аркылуу «Чоң жерге» билдирип турабыз... Күндөрдүн биринде азык-түлүк алууга өзүбүздүн «базабызга» бардык. Шагылдуу үңкүрдүн оозундагы таштарды кылдаттап бери жылдырып, Гриша Ященко үңкүргө колун сунду да, чок баскандай секирип артка чегинди, өңү кубара түштү.

— Ой, эмне болду?— деди Крючковенко.

— Жылан кирип алганбы, айтор мупмуздак бирдеме жатат...

Ал үңкүрдүн оозуна сездене тигилди. Биз да абайлап карадык. Төр жагында азык-түлүк салынган кендир каптар, катарында консерва салынган калай банка жалтырап көрүндү. Башка эч нерсе жоктой. Үңкүрдүн ичи караңгы тартып, ого бетер коркунучтуу көрүнө баштады.

Крючковенко узун таяк менен үңкүрдүн ичин сайгылады эле таяктын учуна тийген кандайдыр бир алма тоголонуп чыкты.

— Алма?

— Бул кайдагы алма!

Каптарды сыртка тартып алсак, бир топ алма биздин алдыбызга чыга түштү... Крючковенко алмалардын арасынан кичинекей бүктөлгөн кагазды ала коюп окуду. Анда: «Чочубаңыздар, жолдоштор. Алманы биз алып келдик. Сиздер менен байланышкыбыз келет», деп жазылыптыр. Айланабыз баягыдан шектүү боло баштады. «Бул кагазды кандай киши жазды экен, душман биздин изибизге түшүп колго түшүрүүнүн амалы болуп жүрбөсүн» деп ойлодук.

Биз керектүүлөрдү алып, калган тамак-ашты башка жерге каттык да, айлананы абайлап, жолдошторубуз калган жерге таптакыр башка жак менен из жашырып бардык.

Болгон ишти айтып, табылган кагазды командирибиз Волковго бердик. Ал катты окуп чыкты да бизге маанилүү карап:

— Жолго көз салып келдиңерби?— деди.

— Из жашырып айланып келдик,— деп жооп кайтарды Крючковенко.

— Аныңар жакшы... Бул каттын биз үчүн мааниси чоң... Душман колунан келиши да мүмкүн.

Волков алмаларды бир карап, кагазды бир карап

кандайдыр бир табышмакты жандыра албай жаткандай ойго батты.

— Күн сайын ошол жерди билинбей барып күзөтүү керек. Ким болсо да жооп күтүп келбей койбойт. Бирок, өтө кылдат болгула. Асты көрүнбөөгө аракет кылгыла.

Табышмактуу каттын ээсин калың бадалдуу уурчуктан күзөтүүгө өттүк. Бул күнү Андрей, Гриша үчөөбүз бадалдардын түбүндө жаткан элек. Убакыт чак түш, жогортон жорткон желге жалбырактар дирилдеп, токой ичи салкын.

...Эки бала ойномуш этип жүрүшүп, акмалап үңкүрдүн оозуна келишти. Туш тарабын абайлап карагандан кийин чоңураагы үңкүрдүн оозун ачты. Биз андан ары эмне болор экен деп карап турдук. Алиги үңкүрдүн оозун ачкан бала беркисине бурулуп «жок, алып кетиптир» дегендей ийнин куушуруп, отуруп калды. Биз акырын бадалдан чыктык да балдардын жанына басып бардык. Алар бизден качышкан жок. Орундарынан турушуп, жарыша салам беришти.

— Саламатсыздарбы, агайлар!..

— Саламатчылык, балдар. Жол болсун?

Балдар айыптуу немедей бир аз мукактана түшүштү. Кичүүсү улуусун «айтпайсыңбы» дегендей ишарат менен карап койду. Улуусу айрык шапкесин башынан шыпырып:

— Агайлар, биз сиздерди билебиз. Сиздер партизансыздар,— деди.

— Аны кайдан билесиңер?

— Баягы күнү партизандарды издеп жүрүп, биз үңкүрдөгү катылган мешокторду көргөнбүз. Алма, кагаз калтыргайбыз.

— Өзүбүздүкү,— деди улуусу.

— Партизандарды эмне издеп жүрөсүңөр? Кайсы айылдан болосуңар?

— Пролом кыштагынанбыз. Менин атым Ваня, бул менин иним Коля — деди.

Ванянын иниси:

— Коля Воликов — деп кошумчалап койду.

— Силер биринчи эле көргөн кишилерге сырыңарды ача бересиңерби? Мүмкүн биз башка кишилердендирбиз?..— деди Андрей.

— Биз силерди билебиз да...— деди Ваня мукактана. Чындыгында Андрейдин сөздөрү аны чочутту.

— Ошондой,— деди Андрей,— биз эч кандай партизан эмеспиз. Экинчиден, силердин сөзүңөргө кандайча ишенүүгө болот?..

— Чыныгы пионердик сөзүбүз...— деп бир туугандар жарыша сүйлөштү.

— Андай болсо, жазып калтырган сөзүңөрдү дагы бир жолу жазып, бизге бергиле!

Ваня жыртык чөнтөгүнөн карандаштын кичинекей сыныгын сууруп, шапкесинин кырындагы кагаздан айрыды да ойлонбой туруп эле шакылдата жазып, Андрейге карматты. Андрей ал кагазды бир карап бизге узатты:

— Өзүбү?

Биз Ванянын жазгандарын көз жүгүртүп чыктык. Андрей Ваня менен Колянын мандайынан сылап:

— Эгер силер таанышууну каалаСаңар, биз даярбыз. Бирок, садагалар, биринчи көргөн кишиге ишенип сырыңарды ача бербегиле. Сырткы түрүн өзгөртүп эл ичинде жүргөн душмандар көп. Сергек, байкагыч болгула,— деп күлмүңдөп койду.

Балдар да жүздөрү жайнап Андрейге эркелеп жылмаңдашты.

— Кана, партизандарга эмне айтмаксыңар?— деди Андрей Ваняга эңкейип.

— Туткунда жүргөндөр токойго партизандарга качып кетебиз деп жатышат. Алар он эки адам. Качан жөнөтүүгө болорун билүүгө келдик,— деди Ваня.

Андрей бизге бурулуп:

— Жообун эртең аласыңар. Ушул убакта дал ушул жерден күткүлө,— деди.— Эми буйдалбай баргыла.

Балдар кудуңдаган бойдон куушуп, калың токойго кирип кетишти. Биз Волковго балдардын жаңы катын бердик. Федор Петрович таңыркай тигилди.

— Дагы таштап кетишиптирби?

— Жок, бул жолу өз колубузга берди,— деди Андрей.

— Кандайча?

— Алар балдар экен. Пролом кыштагында туруучу бир тууган Воликовдор. Подполдук уюмдун тапшырмасы менен келишиптир. Туткундар качып чыгууга камынып жатышыптыр. Кайсы күнү кабыл алууга мүмкүнчүлүгүбүздү сурашты. Сиз менен акылдашууну ойлоп, эртең балдарга жолугушууну чечтик.

— Туура кылгансыңар.

Волков кандайдыр бир кубангандай, жүзү өзгөрүлө толкунданды:

— Көрдүңөрбү, баскынчы каракчыларга элдин кеги күндөн күнгө күчөп, ташкындап баратат. Ал ташкынды эч кандай террор майтара албайт... Бул эки бала бизге подполдук-патриоттук чоң уюмдан келишти. Алар биздин оң колубуз, көзүбүз жана кулагыбыз.

Чындыгында да ошондой эле.

Бир тууган Воликовдор менен байланыш түзүп жүргөн Николай Матыщук болжошкон жерден советтик он эки согуш туткундарын кабыл алды. Бул согуш туткундарынын качуусун Николай Анисимов уюштурат.

Анисимов Москвада туулуп өсүп, анда курулуш институтунда окуп жүргөндө согуш башталып, аскерге чакырылат. Немецтик фашисттер тарабынан туткунга алынганда Анисимов башка туткундар сыяктуу эле концлагерде курулуш жумуштарында иштеп жүрөт. Анисимов немец тилинде сүйлөрүн билгенден кийин фашисттер аны күзөтчүлүк кызматына дайындашат. Анисимов өзү менен бирге иштеген туткундардан он эки адамды үндөп, токойго качып келишет. Воликовдор аркылуу партизандарды издешет.

...Воликовдордун үй-бүлөсү менен байланышка чыгып жүргөн Матыщук бир күнү бизге суук кабар менен келди.

Николай Михайлович Воликов үйүнө эл орунга отурганда келет. Көптөн бери үй-бүлөсү менен болбой, балдарын сагынып калган Николай аялы менен уулу Ваняны көрүп, көңүлү жайлана түшөт. Колясынын коңшу айылга кеткенин билет. Терезелерди бүтөп коюшуп, уулу экөө энесине билдирбей айылда болуп жаткан иштер жөнүндө, партизандардын абалы жөнүндө сүйлөшөт. Таң сүрө токойго кирип, элдик өч алуучуларга барып өзүнүн жыйнаган маалыматтарын билдире тургандыгын айтат.

— Ата, Рак Василий гестапого иштеп жүрөт,— деди Ваня жарым үн менен.

— Билем, балам, бул өңдүү шүмшүктөрдүн күнү бүтөр мезгил да алыс эмес.

Ошол убакта тыштан аялы кирип, ата-баланын кандайдыр бир жашыруун иштер жөнүндө сүйлөшүп жатышкандарын байкайт. Ал алардын жанына табуреткага отура кетип:

— Николай, корком, эмнеси бар экенин билбейм, өзүмдөн өзүм корком,— деди муңая,— айланандын баары душман. Мени билбейт дейсиңго, мен бардыгын билем, балдарыңды бир балаага учуратып албасаң экен...

— Сен, апасы, эч нерседен коркпогун, балдарыңдын ушундай тирикарактыгына сыймыктансаң боло. Биздин ар-намызыбыз таза. Эгер балдарың Родина алдындагы өз милдетин сезишпей коюшса, корксоң болот эле. Күрөшкөн адамдан эч качан коркууга болбойт. Күрөшкөн адам жеңсе да, жеңилсе да армансыз болот. Кудай чыккынчылыктан сактасын.

Ошол убакта тыштан кимдир бирөөнүн дүбүртү угулуп калды. Үйдөгүлөр демдерин ичтерине алышып, тышка кулак салышты. Николайдын аялы акырын сыртка чыгып коңшусу Рак Василийдин үйүн карай бир караан

кеткенин көрүп, жүрөгү алда нени сезгендей кайра үйгө кирди.

— Николай ушул Василийден шегим бар. Капырдын жүргөн-турганы бузулду. Кээде «Сенин Николайын партизандык кылып жүргөн окшойт, мага ишенбейт, мен деле ушул фашисттерди көрөйүн деген көзүм жок» деп чекмелеп калат. Болду-болбоду ушул шүмшүктүн астыртан немецтер менен байланышы болуп жүрбөсүн?.. Байып да баратат.

Николай кооптоно түштү. Бирок, үй-бүлөнү сагынып калгандыктан бир аз болсо да бирге тургусу келип, таңга чейин үйдө калууну чечти.

Үйдө кайрадан тынчтык өкүм сүрүп, үй-бүлө көңүлдүү бажырашып, келечек жөнүндө, Коля жөнүндө сүйлөштү. Николай аялы менен баласына фронттун абалы жөнүндө айтып берди.

Алар түн жарымынан кийин керосин чыракты өчүрүшүп, терезелерди ачып коюшуп, күңүрт жарык бөлмөдө уктабай аркы-беркини кеп кылып отурушту.

Бироокумда ит кимдир бирөөгө асылып үрүп, тамды айланып чуркады. Ага удаалаш эле дүбүрт көбөйүп, терезенин тушунан кимдир бирөөнүн солдойгон караанын өтүп кетти. Николай ыргып туруп Ванясын колдон алып, эшикти көздөй чуркады.

— Кашайттың Николай,— бир балээни сезген немедей, аялы калчылдап күйөөсүн, уулун кабаттай кучактап жалбарып жиберди.

— Коркпо, энеси, коркпо,— деп Николай эмне кыларын билбей кайсаңдап, Ваняны жетелеп терезеге чуркады. Бирок, терезеден автоматтарын сундуруп турушкан экөөнү көргөндө айласы түгөнгөндөй, уулун сыга кучактап аялына кайрылды:

— Ваняны подвалга жашыр, Ваняны алып кал, апасы!..

Аңгыча эшик катуу түрсүлдөп, мылтыктын кундагынын дабышы угулду. Үйдөгүлөр карбаластап жатканда

эшикти сындырышып полицайлар кирип келишти. Алар автоматтарын сундурушуп, Николай менен уулун тегеректеп туруп калышты.

Николайдын көзүнө табалап карап турган Василий Ракттын жек көрүмчү жүзү полицайлардын арасынан көрүнө түштү. Николай Василийди көздөй жулунганда полицайлар аны кармап калышты.

Колдорун артына байлаган уулу экөөнү тышка түртүп чыгарышты. Энеси чыркырап уулунун этегине жармашты, полицайлардан ырайымчылык күтүп боздоду. Бирде полицайлардын бутун кучактаса, алар чоң өтүгү менен көмөлөтө тебишет. Бирде байкуш эне чыккынчыга жалооруп карап: «Ванямды таштап кеткиле!» деп чыңырат. Василий Рак текебердүү кекирейип, полицайларган жан тарта жылмайып, табасы канып, ары-бери тегеренип ырсаят.

— Василий, ыракым кыл, сага эмне жамандыгыбыз бар эле!..

— Апасы кайраттан, иттерден ырайым күтпө, булардын да кезеги келет. Андан көрө чымыркапып жеңишти күт,— деди Николай.

Аялы ботодой боздоп Николай менен Ванянын этектерине жармашып, бир топ жерге чейин барды. Дарбазанын жанына бир полицай аны көмөлөтө тээп, автоматтын кундагы менен башка бир салды.

Ваня:

— Апа!..— деп кыйкырып жиберди.

— Кайраттан кулунум! Душмандан ырайым күтпө. Биздин бардыгыбызды кырып жоё албайт!..

...Фашисттер атасы менен баласын түнү менен гестапого алып барышып, кыйнап суракка алышты. Булардан сыр чыкпагандан кийин таңга жуук атып жиберишти. Николай таңды зарыга күткөн эле...

*МУСАБАЙ ТОКТОСУНОВ*

# АЖАЛ ОТУН КЕЧКЕНДЕ

*(Эскерүү)*

Москва!.. Жүрөккө кандай кымбат сезилесиң, чиркин! «Россия кең жайда, артыбызда Москва, чегинүүгө эч кайда!»— деп 8-аткычтар дивизиясынын саясий жетекчиси Василий Клочков чабуулга баратып кандай таамай айткан!

Ооба, фашисттик баскынчылар Москвага кирип келүүгө жулунуп турган 1941-жылдын ноябрь айынын төртүнчү күнү биздин 18-кавдивизиябыз поезд менен Москваны аралап, андан 82 километр аралыктагы Клин шаарындагы темир жол вокзалына бардык. Биз поездден түшөрүбүз менен, немецтик аба баскынчылары — «хейнкелдер» вокзалды бомбалай баштады. Вагондордун быт-чыты чыгып, шпалдар өйдө көтөрүлүп барып, жерге күү менен түшүп жатты.

Аңгыча биздин ЯКтар менен МИГдерден бешөө келип, асманда айыгышкан согуш өкүм сүрдү. «Хейнкелдин» бирөө кара түтүнүн чубалжытып вокзалдан анча

алыс эмес жерге барып тумшугу менен сайылды. Калгандары батышка карай сызды. Эми душмандын бомбалоочу самолетторунун экинчи тобунун чабуулу башталды. Бул убакта биз шаардын ичине сиңип кеткен элек.

Биздин беш самолет колунан келишинче аткылап, ылаачыңдай тийип качырат. Бирок, фашисттердин алты «хейнкелине» үлгүрө албады. Анткени, эми эле учуп келген алты «мессершмит» менен алек болуп, улам биринен-бири бийликтикти талашып жатышты.

Сууктун жогорку чегине жетип турган кези — термометр 42 минусту көрсөтүп турду. Мындай суук борбордук Россияда мындан элүү жыл мурда болгон деп жазышты газетага.

«Хейнкелдердин» экөө нандын кезегине турушкан жаш балдар, кемпир-чалдардын узун тизмегине кайкып келип бир нече бомба таштап, кайра кайкып асманга чыкты. Кыйкырык-өкүрүк, онтоо аралашкан жан таксым үрөйдү бир паста учурду. Биздин бөлүктүн жоокерлери жабыркашкан мекендештери менен алек болуп калды. Аңгыча күүгүм кирип, аба согушу аяктап, тынчтык өкүм сүрдү.

Биздин бөлүк шаардын элин жабыркатпоо максатын көздөп, түн жамынып, анын чет жакасындагы селолорго, токойго барып орун алууну чечти. Ошентип, биз түн бою тиешелүү жерлерибизге жайгашууга үлгүрдүк.

Бир күндөн кийин биздин жана 2—3-взводдордун үлүшүнө Октябрь (Москва — Ленинград) темир жолунун белгилүү бир участогун душмандын кесип өтүшүнөн коргоо милдети тийди. Биз таңга маал темир жолдон өткөнүбүздө душман тарабынан эч кандай каршылык көрсөтүлгөн жок. Бирок жолдон өтө берерибиз менен эле алдыбыздан да, артыбыздан да, оң тарабыбыздан да автоматтын октору жамгырдай жаай баштады. Биз токойдун ачык жеринин четинен тез эле коргонуч казып алып, бир азга ок чыгарбастан, взводдун командири

Кащеевдин буйругу боюнча туш тарапка байкоо жүргүздүк.

Душмандын арамза оюн эми түшүндүк. Көрсө, алар билинбей бугуп жатышып, биз өтүп кеткенден кийин курчоого алып, дүрбөлөңгө түшүрүп, айлабызды кетирмекчи болуптур. Биздин чыгыш тарабыбыз гана бош экенине көзүбүз анык жетти.

Батыш тараптан темир жол дөңсөөсүн бойлоп, сегиз жүз метр аралыкта, душмандын бир танкасы менен ага далдаланышкан элүү — алтымышка жакын автоматчылары келатышты. Эгер танка биздин станоктуу пулемет турган жерди даапалап көрүп калган болсо, күлүбүздү асманга сапырарына эч кандай шек жок эле. Танка азырынча аткан жок. Бирок биздин коргонуу чегибизге карай одурандап жөнөдү.

— Кандай гана жол менен болбосун бул танканы ордунан жылгыс кылуу керек!— деди лейтенант Кащеев жоокерлерге карап.

— Аны жок кылууну мага тапшырыңыз,— деди командирдин жардамчысы комсомолец Данильчук жанында турган Шушлевиндин ПТРин колуна ала коюп.— Мен таамай тие турган жерге барып, ооз кесир болбосун, аны тык токтотомун...

Шушлевин куралын берсемби, бербесемби дегенсип, командирди суроолуу көздөрү менен карады.

— Бериңиз, мындан башка арга жок. Сен, сержант Токтосунов, Похомов экөөң танкага далдоолонуп келатышкан фрицтерге «максимкаңардын» огун аябагыла. Пулеметуңарга броня көзөгүч октордун лентасын салгыла,— деди Кащеев шашып калганын билдирмексен болуп.

Данильчук калың карга жартысынан батып, бооротоктоп ПТРди сүйрөп, темир жолдун боюна жетти. Анан шарттуу белги боюнча колун алга шилтеп койду. Танка биз тарапты эки жолу атты. Снаряд бизден алысыраак жерге жарылды. Данильчук танканын дагы алга жылы-

шын күттүбү, айтор, ПТРин шыкаалап бир орундан жылбай калды. Биз ошол замат «максимканы» тилге киргиздик.

Мына, эми кулак тундурган эки жолку дабыш угулду. Биз Данильчуктун ПТРинин дабышы экенин түшүнө койдук. Анткени, аны атарда аткыч оозун чоң ачып турбаса, адамдын кулагынын жаргакчасы жарылып кетерин түшүнчүбүз. Танка ордунан жылбай калды. Бирок, ошол замат эки жолу от бүркүүгө үлгүрдү. Эми танкадан чыккан снаряддар Данильчук жаткан жердин кырын топурак аралаштырып өйдө ыргытты... Ошол замат танканын моторунан кара түтүн буруулдап, анын люгу ачылды да, андан эки — үч кишинин чыгып келаткан карааны көрүндү.

Эми немец автоматчылары токтоп калган танкаларынын алдынан чыгышып алга боорлору менен жылышты. Бирок алардын карааны мурдагысынан бир кыйла азайып калганы байкалды.

«Максимкабыз» жаагын тындырбады. Сууктун күчүнө карабастан, анын стволу кыпкызыл болуп калды. Эми биздин жоокерлерибиз чабуулга кирди. Биз да пулеметту алга сүйрөдүк. Кыргызстандык олбурлуу жигит — Похомов мага күч келтирбестен, ажыратылбаган оор куралды калың карда жалгыз чимирилтип сүйрөп баратты. Эми пулеметубуздун стволу сууп, каалашыбызча атууга мүмкүн болуп калды. Биз пулеметту оңтойлуу жерге орното коюп, ачык талаада боорлору менен жылып келе жатышкан немецтерди мойсой баштадык.

— Чапаевдин Анкасы аткан «максимка»,— деди жанымда жаткан Похмов,— аяба, бир кишисине экиден ок тийсин!

Он чакты немец кайра качып, алынын келишинче чуркап баратты.

— Келе мага пулеметту,— деди да, Похомов мени бир колу менен түртүп, качып бараткан немецтерге окту мөндүрдөй жаадырды. Алардын үчөө көмөлөнүп кетти.

Батыш жак тарабыбыздан бизге үчүнчү взвод келип кошулду. Чернышев менен Касымбаев бүркүлүп кеткен Данильчуктун денесин жыйнап, замбилге көтөрүп келишти. Андан тышкары алты кишибизден ажырадык.

Ошентип, Октябрь темир жолунун бизге ишенип берилген участогун коргоп калдык. Биз ээлөөгө ниеттенген селонун жалыны асманга көтөрүлүп чыкты. Немецтер качып жатышып, аны өрттөп кетүүгө үлгүрүштү... Ал селого да бардык. Бирок «катуудан казан, жумшактан күл да калбаганын» өз көзүбүз менен көрдүк. Ал жердеги буркурап-боздогон үндөр сайсөөгүңдү сыздатып,— душманды жек көрүү сезимибизди ого бетер күчөттү.

* * *

Биздин аскердик бөлүк Москваны коргоп калууга чоң эмгек сиңирди. Ал Рогачевск, Коммунистическ, Талдом райондорун, Клин шаарын бошотууга активдүү кол кабыш кылды.

1941-жылдын 6-декабры Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшүндөгү бөтөнчө маанилүү күн болду. Түнкү саат төрттө бүткүл фронт боюнча душманга каршы чабуулга өтүү милдети турду. Биздин бөлүк 16-армиянын составындагы башка бөлүктөр менен бирге ошол күндөн баштап, жогоруда көрсөтүлгөн райондорду жана биз убактылуу таштап кетүүгө аргасыз болгон Клин шаарын баскынчылардан бошотуунун алгачкы мезгили эле.

Биздин бөлүк Клиндин батыш тарабынан кирмекчи болуп, таң атканча аскер күчүбүз менен согуштук техникабызды көздөгөн жакка жакындата баштадык.

Дал түнкү саат төрттө биздин бөлүктүн чабуулга кирүү белгиси — кызыл ракета атылды. Ошол эле учурда асман дүңгүрөп, жердин үстүн моторлордун күчтүү күрүлдөгөн дабыштары каптады. Замбиректер менен ми-

наметтор, анын ичинде «катюшалар» тынымсыз от чачып, жер кадимкидей солкулдап турду.

Биздин взводго Клин шаарына жакын жердеги бир кыштактын ары жагындагы дөңсөөдөгү немецтин бекемдөөсүн тартып алуу милдети тапшырылды. Немецтер ракета атып, тынымсыз жарык кылып, автомат, пулеметтордун окторун жамгырдай төктү. Башыбызды көтөртпөдү. Алга жыла албай калдык. Ошол жерден эки пулеметтун жашырынып, бекемделип алганын аныктадык. Ал ДЗОТ токойдун биз жак четиндеги дөңсөөдө экендиги белгилүү болду.

Биздин взоддогу станоктуу төрт пулемет менен ал бекемдөөнү иштен чыгаруу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан взвод командири Евгений Кащеев душмандын ДЗОТунун тылынан чыгууну ылайык тапты. Шереметьев менен Артыкбаев байланышкан гранаталарды алышып, токой аралап жөнөп кетишти. Андан аркы ачыкка бооргоктоп барышмак болду.

— Ишиндин ийгилигин тилейм! — деди Кащеев алардын колдорун бекем кысып.

Биз эми душманды алаксытуу максаты менен андасанда атып коюп турдук.

Бир саатка жетпей эки жолу күчтүү жарылуу угулду. Бул биздин балдардын колунан келген иш экенине көзүбүз жетип турду.

— Алга, атакага! — деди Кащеев тура калып, автоматын колуна даяр кармап. Жоокерлерибиздин бардыгы бир кишидей болуп алга атырылышты. Душмандын бир пулеметунун үнү өчүп калгансыды. Бирөө бизге тынымсыз от чачып жатты.

Биз бир нече жоокерлерибиздин согуш талаасында калышына карабастан, душмандын ДЗОТуна «ураалап» жетип бардык. Пулеметчулар качып кетүүгө үлгүрүшсө керек, аэрден эч кимди таппадык. Ал чөйрөдөн Шереметьев менен Артыкбаевди фонариктин жарыгы менен издеп, канга боелуп калган шордуулардын денесин зор-

го таптык, алардын лыжаларын чана кылып өзүбүз кошо сүйрөп токтолбой алга жөнөдүк.

Клин шаарына жеткенибизче эч кандай каршылыкка кездешпедик. Эртең мененки саат алты болуп калды. Шаарды чамасы бир аз эле мурда бошотушкан окшойт. Машинабыз бизди шаардын чоң көчөсүнөн күтүп туруптур. Мына ушул учурдагы Клиндин көрүнүшү эч качан эстен чыкпагыдай үрөй учуруучу коркунучтуу эле. Мында биз бир гана нерсеге ыраазы болуп, табабыз канды. Шаардагы төрт кабаттуу меймканада ошол түнү жүздөн ашуун немец офицерлери түнөшүптүр. Биздин бомбалоочу самолетторубуз бир нече фугастуу бомбаларды ошо меймканага таамай таштаган экен. Фашисттердин өлүктөрү көчөнүн ар кайсы жерлеринде бүтүндөй жарым-жартылай болуп бүркүлүп жатты.

Биз машинада баратып улуу композитор Петр Ильич Чайковскийдин музей-үйүнө көзүбүз түштү. Сонуркап ал жерге түшө калдык. Үй зыян тартпаганы менен, анын ичиндеги мебелдер, жасалгалар, ноталар көчөгө чачылып ташталган. Андан ары жөнөгөнүбүздө шаардын адамдары бизди куттуктап тосушуп, колдорунда бар тамак-аш менен сыйлап жатышты. Ушул учурда бир улгайган жүдөңкү байбиче көчөгө чуркап чыгып, сүйүнгөнүнөн ыйлап, бизди куймак менен сыйлап:

— Эненин мээримдүү колунан даам таткыла, өз энеңерди эстеп койгула, кагылайындар,— деди. (Бул көрүнүш кийин «Великая отечественная» фильминде көрсөтүлүп жүрөт.)

Бир аз буйдалуудан кийин, токтолбой алга жөнөдүк. Клинден баягыда биз алгачкы салгылашууга кирген Октябрь темир жолуна карай кеткен чоң асфальттан токтолбой өтүүгө мүмкүндүк болбоду. Анткени, жолдо кырылган фашисттер каршы-терши, согуштук техникасы үстү-үстүнө үймөлөктөнүп жатты. Машинадан түшүп аларды сыртка алып чыгып таштоого убактыбыздын бир кыйласын короттук.

Ушул салгылашууда кыргызстандык куралдаш курбуларым Касымбаев, Лаврентьев, Шушлевин, Чернышевдер аман-эсен калышкан эле. Алар да мен сыяктуу «Кужурмөндүк кызмат үчүн» медалы менен сыйланышкан. Бул салгылашуудан бир ай чамасынан кийин мени менен кошо он эки коммунистти командование душмандын тылына — Батурин токоюна атайын тапшырма боюнча жөнөтүп жиберди.

* * *

— Алыска, рейдге даярдангыла, курал-жабдык, кийим-кечелерди алты сааттын ичинде тартипке келтиргиле! — деп буйрук берди, чалгынчылардын начальниги капитан Евгений Кащеев баарыбызды жыйнап алып.

Даярдык көнүмүш иш. Бир бөтөнчөлүгү «алыска рейд».

— Душмандын тылынабы?

— Канча күнгө?

— Кай жакка? — деген шыбыр-күбүрлөр өкүм сүрүп жатты. Бирок аны ким айтмак, согуштук сыр эмеспи. Кечки саат сегизде он алты киши эки ат кошулган чанага азык-түлүк артып, сапар тарттык.

Санаа санга бөлүндү. Бирок үмүт чиркин үзүлбөгөн нерсе эмеспи. Ал асмандап алып учуп, туулуп өскөн, киндик каның тамган жериңди, эл-журтуңду оюңа салбай коебу...

Январь айы. Асманды кара булут каптап, улуп-уңшуган шамал кардын учкунун каалаган жагына айдап, удургутат, ойнотот.

Ушундай каардуу күндөрдүн отуз түндүк жүрүшүн өткөргөндөн кийин Евгений Иванович жүрөктү болк эттирген кабарды билдирип:

— Биз душман ээлеп алган аймакта он беш суткадан бери жол жүрүп келе жатабыз, дагы канча түн... бизге белгисиз. Силер жүрүштө кайраткердик көрсөтүп

келе жатасыңар, командованиенин атынан алкыш жарыялаймын,— деп бизди жоодурай карады да, кайта үнүн басаңдатты:

— Жигиттер! Мекенибиз артта калды, ар бирибиздин ата-энебиз, ага-инибиз, бала-бакырабыз, сүйгөн жарыбыз бар. Ошолордон азырынча ажырап отурабыз, мындай учурда бизге кайрат, туруктуулук гана аралжы боло алат. Милдетибиз душман басып алган аймакта: Хольм-Жирковский, Батурин, Сафонов райондорундагы токойлордо курчоодо калышып, бириндеп жүргөндөрдү жыйнап алып, партизан отряддарын уюштуруу, ошолор аркылуу душмандын тылындагы негизги объектилерди, согуштук коммуникацияларды бүлүнтүү менен анын күчүн алдыңкы линиядан алагды кылуу,— деди. Бардыгыбыз унчукпай тунжурап бир аз турганда, Мукаш: — «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде...» деген кыргыз элинде макал бар! Мекен үчүн, эл үчүн, партия үчүн бардыгыбыз даярбыз! — деп үнүн бийик чыгарды.

— Эми жатып эс алгыла, Тимофей Карпович, сен кароолго турасың,— деди капитан. Бул убакта таң атып, жерге жарык себилип калган эле. Биз күндүз эс алып, түнү жол жүрчүбүз. Кышкы тондон пайдаланып, жайкысын былкылдак тартма саздуу жердин үстү менен келген элек. Мына ушинтип, отуз күн жол жүрдүк. Айлана жымжырт. Кээ жерде гана токой ичиндеги кичине кыштактар томсоргонсуп турат. Аэрде кемпир менен чал, жаш балдар гана калган. Ишке жарамдуулардын баарын фашисттер Германияга айдап кетиптир. Кача албай калгандары гитлерчилердин таман астында азап чегип жаткан эле. Анча-мынча жашырып алган картошка, кара буудайдын унунан башка эч нерсе калбастан, малдын баарын тартып алып коюшкан экен. Ошол кыштакка таң агарганда араң жеттик. Эчен күндөр бою уйку көрбөй, анын үстүнө ачкачылыктан чаалыгып калган жан, постуларды коер менен ээн-эркин сыяктанып уйкуга кеттик.

Бул Гриново деревнясы — Вязмадан жыйырма беш километрче аралыкта болчу. Мукаш постуларды текшерүүдө жүрсө, көчөдөн, тачанкага түшүп өтүп бараткан алты автоматчан, бир атчан немец офицерине учурап калып, автомат менен бешөөн сулатып, атчан качып кутулат.

— Шашылыш түрдө орун которуу керек, камынгыла,— деди Кащеев.

Кызыл токой. Биз турган жерден Ленинградга чейин созулуп жатат. Баш калкаларыбыз ошол токой. Орус токою кандай айбаттуу! Токой менен партизандар немец баскынчыларынын жүрөгүнүн үшүн алып бүтүргөн экен.

Биздин бактыбызга 1912-жылдан партиянын мүчөсү, алтымыш алты жаштагы Андрей Иванович Хрусталов, ошол кыштакка башка бир жактан «ооп» келип, «кайырчы» болуп туруп калыптыр. Токойдо тентип жүрүп, нан издеп келген мурдагы солдаттарды биздин тапшыруубуз боюнча лагерибизге жиберип турду. Үч күндүн беделинде бизге сексен киши кошулду. Токсон алты киши болдук. Бул — зор күч эле!

Милдет — эң олуттуу. Аргасыздан ата-журтунан ажырап, ак-кар, көк-музда ачкалыкка, азапка чыдашып, колго түшүп берүүгө моюн бербестен, токойго бекинип, жер кепелерде ышталып жүрүшкөн солдаттарды куткарып, душмандан өч алууга аларды уюштуруу — кандай сыймык, кандай урматтуу иш!

Евгений Иванович Кащеев партизандар отрядынын командири. Арзамасстагы аткычтар окуу жайын бүтүргөн, такшалган командир, коммунист. Иван Хрусталов — «Абышка», саясий жетекчи, ал көп сыноолорду баштан өткөргөн карт большевик. Октябрь революциясынан тартып, Граждандык согуштун татаал жолдорун басып өткөн. Өзү Смоленскилик болсо да, эвакуация убагында үй-бүлөсүн тылга жөнөтүп жиберип, өзү жалгыз калып, ордун өзгөртүп, жашырынып жүрүү максаты менен Вязьмага келген.

Ачкалык баш кылтыйтып, жыландай жүзүн көрсөтөт. Кол куушуруп олтурууга убакыт жок. Бирок ок-дары, курал-жабдыктардын запасы жокко эсе.

Гриноводогу окуядан кийин биз көз жаздымынан кетпей душмандын аңдуусунда болуп калдык. Токойлорду тинтүү боюнча жазалоо отряддары шимшилешип, үстү жагыбыздан самолеттор көп учуучу болду.

Күн сайын аз болсо да ок-дарысы, мылтыгы, же автоматы менен самтыраган солдаттар токойдон келип жатышты.

Азык-түлүк, курал табуунун бир гана жолу — капысынан душмандын повозкасына кол салып, аны олжолоп алууда эле. Бул операцияны жүргүзүүнүн өзү да өмүр үчүн өлүмгө каршы айыгышкан күрөш болучу. Отряд бул коркунучтуу операцияга белсенип киришти.

* * *

Кыш. Март айынын экинчи жарымы. Вязьма—Смоленск чоң жолуна жакын жердеги токойдун ачык тилкесинен арабага кошулган чобур боз ат өзүнчө чоң жолду карай илкип басып баратты. Аңгыча ары жактан бурулуштан жүздөн ашуун немец солдаттары «Аллес фюр дейчланд» («Баары Германия үчүн») деген фашисттик ырды ырдашып, бейкапар келе жатышты. Жакындап калганда, арабадан ак töок кыкылыктап жиберер менен баш̆калары да чуру-чуу түштү. Стройдо бараткан солдаттар аламан боло калышып, арабаны тегеректеп, офицер тоокту баса калганда, кар аралашкан кара топурак асманга көтөрүлүп, чобур боз кишинегенге зорго алы келип, чалкасынан кетти.

— Бандит партизандар!..—деп обочороок турган офицер кар аралашкан бозала чаңга батып, шалдайып отура кетти.

— Ат кайсы жактан келсе, ошол жакты тинткиле! —

деп кайра сендиректеп тура калды. Аттын изи менен отуздан ашуун солдат автоматын кезеп токойго жете бererде дагы эки мина бүркүлдү... Он чактысы боо түштү да, кээси буту колунан ажырап, кан жөткүрүп жатышты. Орустун аппак кары баскынчылардын жылуу канына моокунун кандырды.

— Кайран боз чобур, Ата Мекенин алдында, партизандык милдетин ар-намыс менен орундатты,— деди кубанычы койнуна батпай Тимофей Карпович алдыда лыжа менен зуу коюп баратып.

Токойдун нары четинде дагы эки мина жарылды.— Демек дагы экөө... экөө — деди ыраазылык менен Сергей Михайлович.

Күүгүм талаш Мукаш, Сережа, Тимка, мен — төртөөбүз Евгений Ивановичтин алдында какайып турдук.

— Тапшырма так орундалды,— деп Мукаш энтиге рапорт берди.

— Эң сонун болгон экен! — деп жылмайып күлүп койду Евгений.— Ракмат «бүлдүргүчтөр», эми эс алгыла.

* * *

Шоссе. Уйгу-туйгу болуп куюндай жарышып өтүп жаткан ар түрдүү техника. Жүк ташыгыч машиналардын үстү брезент менен жабылган, алар эмне эле? — Баары совет адамдарынын өлүмү, азабы үчүн арналган — снаряддар менен бомбалар, ок-дары менен миналар, танкалар менен бронемашиналар болчу.

— Тимка, алты килограмма тол жетер бекен?

— Жетмек түгүл ашып кетет. Аны оңдогуча арткылары топтолуп калат, Сережа менен Мукаш да тим жатмак беле,— дедим мен.

Таалайыбызга жараша түн көзгө сайса көрүнбөгөн караңгы болуп берди. Шамал жиндениp, борошо карды чаңызгытып айдап турду. Бизге өтө оңтойлуу шарт түзүлдү.

Түн жамынып, запал, тол, автомат, «максимка», гранат алып, калың токойду аралап бараттык. «Максимканы» чанага салып алып, алмак-салмак сүйрөөдөбүз.

Түнкү саат үчтө болжогон жерге жетип, чоң жолдон беш жүз метрдей жердеги токойдогу жардын желкесине «максимканы» орнотуп, үстүн чырпык менен жаап кар себелеп таштадык.

Тимка экөөбүз чоң жолдун токойго жакын жеринде эки жакты көпкө чейин байкаштырдык. Эч кандай шыбырт жок.

— Сен, Талгат, тиги карагайга чыгып эки жакты байкаштырып тургун. Кокус шек боло калса, үкүнүн үнүн үч жолу туурагын, мен толду тез эле кое саламын,— деп шашып жөнөдү. Он беш минутага жетпей жетип келди да, Тимка: — Жүр тез кетели, Сережалардын санаасы санга бөлүнүп жаткандыр,— деп колумдан кармап, сүйүнүп жөнөдү.

— Ишибиз оңунан чыкса эле болду,— деди Мукаш.— Силер «Караңгынын көзү жок» дегендей өз милдетиңерди түн жамынып аткарып алдыңар. Сережа экөөбүздүн өмүрүбүз тобокелдин колунда калганы жатат. Баарыбыз өлүмгө дуушар болбойлу. Силер лагерге кеткиле, башка салганын көрө жатарбыз...

— Силерди таштап кете албайбыз,— деди Тимка.

— Командирдин сөзү — закон! Тез жөнөгүлө! — деп Мукаштын үнү өкүм чыкты. Бирок Сережа биздин сунушубузду жактап туруп алды.

Таң кулан өөк мезгил. Машиналардын колоннасы өтө баштады. Алдыда эң биринчи болуп чиркемеси бар чоң машина чимирилип баратканда:

— Кудай бере гөр,— деп Тимка кыйкырып жиберди.

— Акырын деп,— анын оозун Сережа баса калды.

Көз ачып-жумгуча баягы машина күчтүү жарылуулардын толкуну астында калды. Удаалаш келаткан машиналар кайрылгыча арттагылары жете келип, жолдо баш аламандык өкүм сүрүп жатканда:

— Огонь! — деди Мукаш. Сережа колоннага очередь менен өрттөөчү октун он чактысын жиберип калды.

— Замокту чыгарып алып, пулеметту ташта! Кеттик,— деди шашып Мукаш. Аңгыча колоннадан жалбырттаган жалындар асманга көтөрүлдү. Кийинки машинадан бир нече автоматчылар бизди көздөй чуркаганча кыйла жерге узап кеттик. Коркоктор токойго кире албай, кайра тартышкандай болду.

* * *

Отрядда азык түгөнүп баратты. Жергиликтүү элде эч нерсе калбады. Баарын немецтер шыпырып алды. Айла табуу керек!

— Тегирменге чабуул коюудан башка азыр арга жок. Мына ушул операциянын планын иштеп чыгууну Сергейге тапшырсак кантет? — деди Кащеев командирлердин кеңешмесинде.— Буга канча убакыт керектигин Сергей өзү айтсын.

— Мен азыр да даярмын! — Сергей бир аз ойлоно түштү.— Мага келиндин гана кийим-кечеги керек.— Отургандар бырс күлүп жиберишти.— Келин болуп барбаса, ал жерде автоматын кучактап, тегирмен кайтарып отурган бир, же эки катыпос немец бирөөнү жолото коебу? — Сергей ызасына чыдабай үнүн катуу чыгарды.— Сакал-мурутумду кайта-кайта кырып келинче кийинип алсам, мындагы Мария, Галина, Светлана, Татьяналардан да сулуу болуп калбайымбы...

Ага ылайыктуу кийим-кечек да табылды. Биз кийиндирип туруп, анын келинге укмуштуудай окшошуп калганына таңдана күлдүк.

Сергей Михайлович ошол эле күнү кечинде мешогун колтугуна кысып, тегирменди карай шыпылдап жөнөдү. Анын артынан акмалап атка чегилген арабага түшүп алып, болжогон жерден күттүк.

«Келин» тегирменге барды. Айткандай эле тегирмендин берээк жагындагы бастырмада автоматынын боосун ийнине илип, бир солдат ары-бери басып жүрдү. Ал «келинди» көрө коюп селт этти. «Келиндин» көздөрүнөн от жанып, сыйкырдуу аппак жүзү фрицти өзүнө тартты. Фашист фонаригин жандырып, анын жупуну эски бүйүрмө тончон экенин көрдү.

— Саламатсызбы, пан?

— Гутен нахт (кайырдуу түн),— деди немец күлүңдөп. Солдат катынпос көрүнөт, бардык этиятчылыкты унутуп, «келинди» тегирмендин арт жагындагы ун коюлуучу бастырмага карай колтуктап жөнөдү.

— Үйүмдө картаң энем ачкадан өлгөнү жатат, пан. Мага беш-алты кило ун бердирсеңиз, колумдан келгенин аябайын,— деди «келин» ыйламсырап.

— Оо, ал өлсө сага жакшы, сен убарачылыктан кутуласың. Силерге өлүү менен тирүүнүн баары бир эмеспи. Азыр болбосо, эртең өлөсүңөр, ага кейиштин кереги не?!

«Келин» боздоп ыйлады.

— Эмесе мейли, мен сага беш кило ун бердирейин, сен болсоң мага эки жолу...— деп немец аны кучактап өпкүлөй баштады.—Мырза, уят го, тигини караңызчы,— деп «келин» эски тончон, көгала сакал тегирменчи карыяны көздөрүнүн кыйыгы менен карады. Тигинин кучагынан суурулуп чыгууга аракеттенди. Аңгыча тегирменчи ары карата кирип кетти.

Немец эми автоматын дубалга жөлөп коюп, «келинди» эки колдоп сыга кучактады. «Келин» да аны сол колу менен бекем кучактап өөп, эски кирзовый өтүгүнүн кончуна сунулган оң колу канжарды немецтин быкынына мылтыгып алды.— Мына сага эки жолу...— Ал канжарды сууруп алып, кайрадан матырды. Сергей аны тегирмендин ноосун карай сүйрөп, жылаңачтап ыргытты. Араба ошол замат жетип келди.

Ун толтурулган он чакты капты арабага карыя менен

кошо салдык, анан артты кылчайбастан токойду көздөй зуулдадык.

* * *

Күндөр учуп, айлар ала салды. Душмандын тынчын кетирип, биздин топ далай эрдиктерди көрсөттү. Жаз жадырап, жай мезгили берекесин чачты. Жер жемиштери кошумча азыкты жаратып, ирденип да калдык. Бирок фашисттер сар изибизге чөп салып, сая түштү...

Душмандан изибизди жашыруу үчүн токойдун тереңине кайрадан сиңип бараттык. Болжогон жерге жеткен күндүн эртеси отряддын жетекчилери коммунисттер менен комсомолецтерди чакырып алды.

— Вязьмадан он сегиз километрче батышта немецтердин зениттик батареясы турат деген толук эмес маалымат бар. Эң оболу анын турган ордун тактап алыш үчүн чалгындоо жүргүзүү керек болуп турат. Ошону орундатууга кыздардын кимиси өз ыктыяры менен барат? — деп Евгений Иванович стройго жайдары мүнөздө карады.

— Мен...— деди, Галина көздөрүн күлүңдөтүп, апасына жайдары карап.

— Жарайт, Галина вязьмалык эмеспи. Жер шартын башкалардан дурусурак билет. Козу карын терип, далай токойду кыдыргандыр. Чалгындоого, албетте, жалгыз баруу керек. Антпесе кокустан кырсыкка туш болушса, алардын иши татаалдап, душман бири-бирине күбө болууга аргасыз кылып коюшу мүмкүн.

— Галина ишеничти актайт, атасы үчүн аягына чейин өч алат,— деп энеси Татьяна Семеновна сыймыктана сүйлөдү.

— Апам туура айтат! — Галина көздөрүн жалжылдатты.

— Кырсыкты кайдан деп болбойт! Непада ишиң бүлүнүп, балаага дуушар болуп калсаң, өзүңө бекем бол-

гун. Жолдошторуңа чыккынчылык кылбагын, кагылайын каралдым! — деп, Андрей Иванович кызга жолдомо сөздөрүн айтып, анын маңдайынан өөп мостоюп турду.

— Галина Алексеевнага мен ишенемин. Ал көп сыноодон өттү. Анын үстүнө анын өзүн, мына бу турган энеси — Татьяна Семеновнаны немецтердин кордоосунан кимдер коргоп калды? Биз — партизандар. Ошондой болгон соң, ал жаман жоро баштамак беле! — деди Мукаш бир аз күүлөнгөндөй.

— Мен Ата мекеним үчүн душманга каршы кашык каным калганча күрөшөмүн, өч аламын. Эгер Ата Мекениме, жолдошторума чыккынчылык кылсам, душманга жашыруун сырымды билгизип койсом, калкымдын катуу жазасын тартайын,— деп стройдон чыгып ант берип, Галина жолдоштору менен коштошту да, энесинин бетинен чопулдата өөп, колуна эски корзинасын алып, самтыраган кийими менен токой ээлеринин тобунан бөлүнүп, караанын алыстата баштады.

Бейпилчилик күндөрдө ата-энесинин мээриминен бир азча ажырагысы келбей, артынан ээрчип, жалгыз боло калса, жаны жай таппай элеңдеп, бакырайган көздөрү коркунучка урунчудай болуп кетчү Галинанын каардуу кан жыттанган, өрт каптап, өлүм мүнөт сайын күткөн согуштун түркүн түрлүү сыноосунан өткөндөн кийин бышыгып эр жүрөк, тайманбас, кекчил боло баштаганына энеси кубангансып турду.

Партизандар өздөрүнүн күндөлүк күжүрмөн тиричилиги менен алек болушуп, кызуу кыймылга киришишти.

Биз Галинаны эки күн күттүк. Андан эч кабар болбоду. Командир, саясий жетекчи жана энесинин гана эмес, баарыбыздын тынчыбыз кетип, санаабыз санга бөлүндү.

* * *

...Токойдо жымжырттык. Галина карт карагайдын түбүнө кенеп аркан менен бекем таңылып турду. Шыбырт

угулуп, ошол жакка башын бурду эле жакын эле жердеги майда бадалдардын түбүнөн кызыл аскердин пилоткасын кийген кишинин башы көрүндү. Ошол замат Галина андан көзүн албай тиктеп калды... Бир аз жылмая түштү. Кыйын абалда турганда өзүбүздүкүн жолуктуруу кандай сонун! Сүйүнүп кетти. Бирок кан төгүлгөн мындай күндө бардыгын өз деп кабыл алуу кандай болор экен дегендей ойлоно түштү. Кубаныч менен шектенүү алпурушуп, аңсыз да кыйналып жатканда санаасын санга бөлдү...

Баягы неме эки тарабын элеңдеп карап, Галинанын жанына келүүгө умтулду.

— Сени ким минтип таштады? — деп сурады ал жаны кейигендей.

— Сен кимсиң? — деди Галина шектенгендей, бирок сыр бербеди. Эси ооп турса да, чымырканып, өзүн колуна алды. Чыйралды...

— Иттер, алар эмне үчүн минтип карагайга таңып коюшту?

— «Партизан кыз болсоң керек» дешип.

— Азыр... иттердин...— ал кекенип, канжарын кынынан сууруп алды.

— Токойдон бери баспа! — Галинанын үнү өктөм чыкты.

— Эмне үчүн? — Тиги неме таң калды.

— Мен сага айтып жатамын, чыкпагын! Курман болосуң...— Галинанын добушу бул жолу аны аягансып кетти.

— Аның кандай?..

— Сен чалгынчысыңбы? — Тиги башын ийкеди.

— Сенчи?

— Кадыресе эле кызмын.

— Кадыресе? — Жаңы «тааныш» күлүмсүрөй карады.

— Алардын жер кепеси мындан төрт жүз кадамча эле, жакында келет.

— Офицер бекен?
— Гестапочу...
— Иттин гана балдары, урдубу, сени?..
— Ооба, аябай...
— Оңбогон иттер! — Ал ордунан козголду.
— Ордуңдан жылбагын дебедимби!
— Эмне, мен сени ошолорго жем кылып таштап коембу?
— Аркандын кыркылып калганын көрүп, мени таппай, дүрбөлөңгө түшөт да, бул токойду тинтип киришет, түшүндүңбү эми, аңкоом?
— Асып таштащат, шордуум. Партизандар менен сүйлөшүп, убаралангысы да келбейт. Сени тиги дүйнөгө токтоосуз жөнөтөт!
— Жок, антишпейт.
— Антишпейт, сага! Мунуң жаңылык го? Сага эмне жин тийип калганбы?..
— Ушул байланып турган жеримде атып таштоого убада берди офицер.
— Жеңилдикке тунган экенсиң? — Баягы неме ордунан дагы козголмокчу болду.
— Отур! Ордуңдан жылбагын деп канча жолу айтам сага.
— Биздин партизан кыздарды турган ордунан атып таштоону мен эч качан каалабайм. Андай кылууга жол бере да албайм!
— Албетте, жол бербейсиң. Атылып кетүүдөн мени ыракат табат деп турасың го? Сен дөдөй кишини тапкан экенсиң.
— Анан эмне болосуң?
— Анан немец келет, сен аны автомат менен «тырр» эткизип коесуң. Натыйжа айдан ачык жана түшүнүктүү болуп кала берет.
— Дүрбөлөңгө түшүрбөө керек деп сен өзүң айтып отурбайсыңбы.
— Алар болсо, бул гестапочу мени атып өлтүрүү

үчүн ок чыгарды деп ойлон, эч кандай дүрбөлөңгө түшпөйт. Анан экөөбүз көздөн кайым болобуз да калабыз.

— Ошентсе да болот,— деди жанагы неме ойлуу.— Ал сени таштап эмне үчүн кетип калды? Сенин жаныц кыйнала берсин деген го? О, оңбогон канкор!..

— Ал: «Партизандар кайда?» деп улам эле сурай берди. Мен болсом, «Кайдан билейин, кадыресе тынчтыкты каалаган кызмын» деп кайталай берем, ал мага эч ишенбейт.

— Азамат экенсиң!

— «Эмесе, мен барып кофе ичип алайын, аңгыча сен ойлонуп көр, ан үчүн бир саат убакыт беремин, эгер андан кийин партизандар кайсы жерде экенин айтып бербесең, атып саламын» — деди офицер. Сакчысыз таштаганына таң калам... Ары-бери өткөндөр бошотуп кетет дебейби.

— О, ниетиң курган канкор! Көпкөлөң немелер өздөрүнө ишенгени го... жазасын беремин... Анын кеткенине көп убакыт болдубу?

— Ооба, көп болду. Мен үчүн тим эле он саат күткөндөй көрүнүп турат. Коркунуч деген өтө эле узакка созулат экен го! Бирок ал өтө так көрүнөт. Алардын баары эле так келишет... Менин жүрөгүмдүн кагышы токтоп баратса керек. Жүрөк дегенди түшүнөсүңбү, дал ошол так эмес болуп жатат...

— Өлүм коркунучтуу болот го дейм, ыя?

— Албетте, коркунучтуу. Бул жөнүндө суроо берүүнүн өзү деле сенин дөдөйлүгүңөн эмеспи!

— Анткен менен отряд кайда экенин айтпай коюпсуң. Сен чындыгында азамат кыз экенсиң! Деги сен кайсы отряддансың, ыя? Мына, мени байланышуу үчүн «Батянын партизан отряды» жиберип отурат. Биздин ушул отрядыбыз жөнүндө уктуң беле, бийкеч? Пай-пай, ал отряд укмуштуудай аракеттенип жатат!.. Мүмкүн экөөбүздүн бара турган жерибиз бир болуп калар?

— Саатыңды карачы, канча болуптур?

— Он жети минуту кем сегиз.

— Тс-с-с!.. Туюп жатасыңбы? Бул келе жаткан менин гестапочум. Ал кандай так жүргөн неме! Айткан гана убагында.. Жыйырма минуту кем сегизде келмек. Алардын бул тактыгына тим эле көзүмдү артам!

— Секундчулар, жүзү каралар!

— Кана, жашынгын, жашын тезирээк!..— деди Галина какая. Жаңы «тааныш» топ бадалдын түбүнө кайра кирип кеткенден кийин немец офицери какая тартып ышкырып басып келип, Галинаны теше тиктеди:

— Өзүңдү кандай сезип турасың, фрейлейн?

— Эң жаман, лейтенант мырза.

— О, мүмкүн мен сенин колдоруңду бекемирээк байлап койгондурмун! Ал үчүн кечирим сурайм. Чие байланышкан жиптин түйүнүн чечүү оңой. Ошондо мен колуңду бир аз массаждап коемун. Эмесе, Сиз фрейлейн, ойлонуп көрдүңүзбү?

— Ооба, лейтенант мырза.

— Сиз партизан отряды кайда экенин эсиңизге түшүрдүңүзбү?

— Жок, лейтенант мырза.

— Кантип! Эч качан унутпай турган нерсени бүтүндөй бир саатка чейин эске келтире албадыңызбы?

— Айтыңыз туура, лейтенант мырза, албетте, унутканым жок.

— Сиздин ачык айтып беришиңиз өзүңүздү чоң урматка бөлөйт,— лейтенант сүйүнүп кетти.— Бирок тилекке каршы, бул моюнга алышыңыз сиздин үлүшүңүздү эч канча жеңилдетпейт, фрейлейн.

— Ооба, лейтенант мырза, билбеген нерсени унутууга болобу? Орустун бардык эле кыздары партизан эмес да, а силер болсоңор биздин ар бирөөбүздөн шектенесиңер. Мен партизан отряды жөнүндө эч качан уккан эмесмин.

— Андай болсо, сиз кандай отряд жөнүндө уккан элеңиз?

— Эч кайсынысы жөнүндө уккан эмесмин, лейтенант мырза!

— Кайрадан эле баягыны кайталай бересизби? Мунуң мени жадатып жиберди го! Ошого карабастан, сен өз сөзүңдү, мен өзүмдүкүн кайталай бере турган болдум. Сизди, фрейлейн, биздин часовой токойдон кармап келип отурбайбы...

— Мен токойдо козу карын терип келүү үчүн барган болчумун.

— Түнкүсүнбү?

— Адашып кетиптирмин.

— Биздин батареянын жанына келип адашыптырсызбы?

— Коюңузчу!..

— Бул жерди менден кем билбессиздер дейм, фрейлейн.

— Сиз шылдыңдабаңыз, лейтенант мырза!

— Жок, сиз мени мыскылдап жатасыз. Сиздин тынчтыкты сүйгөн кыз экениңиз көрүнүп турат, козу карын терүүгө келген кишинин койнунда наганы болот экен да, ыя?

— Мен аны жолдон таап алдым. Дат басып калыптыр, аны өзүңүз деле жакшылап карап көрүңүз. Баса, муну таап алганыма абдан сүйүнгөмүн.

— Эмне үчүн?!

— Токойлордо карышкырлар бар.

— Силерге окшогон партизан карышкырларбы?

— Жо-ок. Көркоо карышкырлар. Алар Батыштан ооп келишкен.

— Минтип келжирей беришиңиз мени тажатып жиберди, фрейлейн! Көк карышкыр, кызыл топу жөнүндөгү партизандар жомогун уккум да келбейт. Эгер силердин партизан отрядыңар кайда экенин билбесеңиз, сизге мен эмне деп убада бергенимди эсиңизге түшүрөрсүз? Эсиңизге түшүрүңүз, маркабат, фрейлейн.

Галина үн каткан жок. Гестапочу аны жаак талаштыра коюп жиберди.

— Аны да эсиңе түшүрө албайсыңбы? Андай болсо акыркы жолу дагы эсиңизге салайын.

— Убараланбай эле коюңуз.

— Сизге чоң алкыш айтамын! — гестапочу аябай сүйүндү.

— Мейлиңиз.

— Кыскартып айтыңыз, фрейлейн.

— Кыска түгүл, түбү менен жок!

— Мен сага көрсөтөм эми! Мен он беш кадам жерден пистолет менен бир тыйындыкка тийгизем.— Ал он беш кадам нары басып, сөзүн улантты: — Эмесе, фрейлейн, биринчи ок менен сол кулагыңды көздөй атамын. Эгер андан соң силердин лагериңердин турган ордун айтып бербесеңиз, анда экинчи жолу атамын, ок кулагыңдын учун чырпып кетет. Андан кийин мен үч секунд санаймын, эгер ошол үч секунддун ичинде өзүңдүн кыз курагыңдагы унутчаактыгыңды таштабайт экенсиң, анда үчүнчү ок атылат. Ал алгачкы экөө сыяктуу сизге ырайымдуулук кылбайт, буга сиз ишене бериңиз, фрейлейн.

— Ишенбегендечи.

— Мен немец офицери катары убада берип жатамын, үчүнчү ок сиздин аппак маңдайыңыздын дал ортосунан гана орун алат. Ушинтип, фрейлейн...— Офицер пистолетин шыкаалай баштады. Аңгыча баягы майда бадалдын түптөрү кыймылдап, Галина менен алыстан сүйлөшкөн неме мылтыгын шыкаалап:

— Фашисттик ит, ал муну!..— деди офицерди атып жиберип. Офицер жыгылып калганда, чалгынчы чуркап келип, аны эңкейип карап көрүп: — Октун акылдуулугун карачы, дал жүрөктүн өзүнө...— деди. Галинанын кулагына өлүктүн шыбырагансыганы угулду... Кандайдыр күмөндүү сезилди. Бүткөн бою муздап кетти.

— Азаматсыз, «чалгынчым»! — деди Галина салмак менен.

— Лейтенанттын жаны тиги дүйнөдөгү тозоктун отуна куйкаланып жаткан кези... Дагы бир желмогуздун башы кемиди!

— Эгер мындай кылбаганда, байкуш кулагымдан ажырап калам го деп корктум эле,— Галина сүйүнүмүш этти. Шектенүүсү күч алып, ар бир кыймылына кыраакы көз салууда.

Чалгынчы энтендеп Галинанын жанына чуркап келди. Ал автоматын жыгачка жөлөй коюп, канжар менен Галина байланып турган кенеп арканды кырка баштады.

— Ой-оо-ой, сен таштан да катуу кыз экенсиң! Ал өзүнүкүнөн, сен өзүңдүкүнөн кайтпадың. Билсем, билбей калайындан башкага өтпөдүң... Азаматсың!

— Мен чындыгында да эч нерсесин билбейт эмесминби.

— Сен эмнени билбейм деп жатасың? Отряддын кайда турганын да билбейсиңби?

— Кандай отряд?

— Андай деп мени капалантпа. Таң агаргыча сенин командириңе жетпесем, ажалымдын жеткени, абийиримдин кеткени...

— Ой, этиеттечи... эбиң жок неме окшойсуң! Юпкамдын үч жерин тилип таштадың, аркан кыркпай эле, юпка кырккыч немесиң го! Бычагыңды берчи, мага!

Галина канжарды алып, аркандын акыркы оромун кыркты да, ошол замат аны жанагы «чалгынчынын» жүрөгүнө мылгытты. Деле ооз ачканга жарабады. (Партизандык отряддан үйрөнгөн машыгуулар текке кетпеди). Анан тигинин автоматын алып, лейтенанттын «өлүгүнүн» жанына келди.

— Лейтенант мырза, «тирилип» тура кал! Кана, бол, же окту маңдайына мен кадайымбы?.. «Келме кезек» дегенди түшүнөсүңбү? — Андан жооп болбоду.— Мен, лейтенант мырза, биздин солдаттын киймин которуп кийип алган сенин досуң сыяктуу башыңан бир чакырым алыс атпайм. Экөөң тең немец эленер го, туурабы?

Муну сен «өлүп» жаткандагы шыбырындан эле сезгемин. Эмесе тургун, акыркы жолу сурап жатамын! Лейтенант мырза, «тирилесиңби», жокпу?

Галина канчалык шашса да, фашисттик жосунду кекээрлөө менен баса көрсөтүп жатты.

— Сен менин ойлонушума канча секунд бердиң эле, эсиңдеби?.. Үч секунд болсо керек эле, чынбы? Мен да сага ошончо убакыт беремин. Баары түшүнүктүүбү? Бир... эки... үч...— Мээлеп жатканда, гестапочу кол көтөрүп тура калды.— Мына эми баары өз жайында! Кубанычтуумун, мырзам — деди Галина.

— Сиз, лейтенант мырза, жан-жөөкөрүңүз менен биздин партизан отряддын кайда экенин билүүгө кызыкпадыңар беле? Андай болгон соң, мен силер үчүн кызмат кылууга даярмын. Жүрүңүз, отряддын штабына өзүм жеткирип коеюн. «Жыргай турган» жериңиз мындан алыс эмес — бар болгону он-жыйырма гана километр. Мына, тиги ичке жолго түшүңүз! — Кыз акыркы сөздөрүн өкүм чыгарды.— Силерге алкыш айта турган бир негиз бар,— деди Галина автоматын кесеп, тигинин артынан беш-алты метр аралыкта баратып — ал алкыш орус тилин силердин так сүйлөй билишиңер үчүн, түшүндүңбү?

— Түшүндүм.

— Фамилияң ким?

— Кох.

— «Кокнуть» дегенди түшүнөсүңбү?

— «Тырс» эттирип коюу деген.

— Анда эмесе, кыйшаңдабай, буйрукту так аткарып жүрүп отуруңуз.

Аңгыча бир таман жолдон сол жагынан бадалдын түбү шырт этти. Галина ошол жакты селт эте карады. Кох бурулуп ,токойдун арасына кире качууга оңтойлонду.

— Түз бас! — деген үн чыкты туура жагынан, автоматты кезеп турган киши.

— Степан! Сени кайсы периште... Бас бери...

Галина Стапандын колун бек кысып, сүйүнүп кетти.

— Сенин дайының жок болуп калганың үчүн, коопсунуп, орун которгонбуз. Келе жатып адашып, бизди таппай калбасын деп командир мерчемдүү жерлерге дежурный — чалгынчыларды койгон болучу. Сени таап алып, жолумдун болгонуна кандай гана кубандым! Ой, чиркин ай! Ии... олжоң менен куттуктайм!

— Олжосу курусун, ойрондоп калып, бир илме кайып менен кутулдум... Калганын барганда угасың, анчалык деле сүйлөөгө алым жок.— Ал күлүүгө араң эле чамасы келди.

— Менде тамак бар, Галина,— деп Степан мешогунан бир кесим нан алып, флягасынын тыгынын ачып, ага сунду. Галина суудан бир ууртап, нандан бир тиштеп, калганын Степанга кайра берди.

— Эмне үчүн баарын жебейсиң?

— Аз-аздан болбосо өзөгүмө түшүп кетип, эсим ооп калышы мүмкүн, Степа,— деди Галина жайдары мүнөздө.

Үчөө түнөргөн токойду аралап кетип баратышты. Айлана жым-жырт. Ар кайсы жерден гана тоңкулдактын карагайды тоңкулдатканы угулат. Кээде бутактан-бутакка так түйүлүп секирген тыйын чычкан көзгө уруна калат. Көйкөлгөн чөптөр көз жоосун алат. Токой ээлеринин байлыгы — козу карындар койкоюшуп, түркүн формадагы тебетейлерди көз алдыга элестетип жатты.

— Турмушта адамдар ишенбей кое турган окуялардын кездешерине көзүм жетчү эмес эле. Бүгүнкү окуя мени ошондой бир адам ишенбей турган илме кайып кылды. Бирок, этиет болбойсуңбу деп Евгений Иванович жемелейт го,— деди Галина Алексеевна кабагын чытып.

— Эмнеге жемелейт, эрдигиңеби?..

— Кайдагы эрдик. Этиет болбой, колго түшүп калгандыгымбы?

— Колго түшүп калып, кайра кутулуунун өзү да эрдик.

— Жарайт, Степа, өтө эле мактана бербейлик, калганын барганда көрө жатабыз...

— Кох мырза, чынынды айтчы, сен орус тилин кайдан үйрөнгөнсүң? Эгер дайыма чындыкты айтып берип, бизге жардамынды тийгизсең самолетко салып, Москвага жиберебиз, жаныңдын аман калышына гарантия беребиз.

— Мен орус тилин үйрөнүү боюнча атайын эки жылдык мектептен окугамын.

— Ал чалгынчылардын мектеби беле?

— Дал ошондой болучу.

— Болуптур, эмесе, калганын отрядга барганда түшүндүрүп бересиң...

Галиналар лагерге түш ооган кезде келишти. Кызынын тагдырына күмөндөр болуп, чый-пыйы чыгып, уйку көрбөй таң атырган Татьяна Семеновна кызын көргөндө, аны сыга кучактап, көз жашы менен күлкүнүн аралыгында бир аз дал болуп турду. Эл чогулуп, фашисттин кантип колго түшкөндүгүн билүүгө ашыгышты. Командир Кохту жер кепедеги штабга токтоосуз алдырып кетти. Эл Галинаны тегеректеп алышты.

— Галина Алексеевна, сүйлөп берсең!

— Сүйлөй турган кызыктуу эч нерсе деле жок.

— «Жок» болуп эмне, сен жанагы шүмшүктүн бутуколу байланып, жолдо жаткан жеринен алып келдиңби?!

— Мунуку байланган жок. Мен карагайга таңылып, ажалды күттүм...

— Эмне дейт?.. Тамашанды коюп, чынынды айтып берчи, Галя,— деген сөздөр биринин артынан бири чуурду.

— Мен эки күндөн бери ачкамын, ишенсеңер. Бир аз эс алып албасам, сөз айтууга да чамам келе турган эмес. Эгер силерге ылайык келсе, эки сааттан кийин

келейин, билгенимди айтып берейин — деп, Галина энесин ээрчип, жер кепелердин бирине кирип кетти.

Эки саат толук бүтө электе эле, кишилер баягы жерге чогулуп калышты.

— Эмесе, иштин жайы мындай болду,— деп баштады Галина Алексеевна,— мындан кеткенде тынымсыз жүрүп отуруп, чарчаганда Вязьма—Смоленск жолунан эки-үч километрче төмөн жактагы калың бадалдардын арасындагы маскировкаланган жерге күүгүм талаш жарым корзина козу карынды көтөрүп жакын бардым. Ал жердеги зениттик батареяны дааналап көрүп, кайра басканымда буктурмада отурган бир немец солдаты чукул жерден оро-пара чыга калды. Ал автоматын кесеп: — колуңду көтөр! — деди. Менин каршылык кылышым пайдасыз экенине дароо түшүндүм. Багынып берүүгө туура келди... Анан... суракка алышты, урушту...

Партизандар, асыресе, аялдар кулактарын түрүп, Галинадан көздөрүн айырбай, анын сөздөрүн кунт коюп угуп жатышты. Бир маалда Евгений Иванович шыпылдай басып келип: — Тез тарагыла, жолдоштор! Галина Алексеевна өлүп-тирилип, чарчап-чаалыгып, аябай кыйналып келсе, силердин аңгеме уккуңар бар, ээ! Мунуңар ырайымсыздык,— деп аны штабга ээрчитип кетип калды.

* * *

Ажал отун кечип, Мекендин ишеничин актап жүргөн кезде, отряддын асыл максаттуу иши дайыма эле оңунан чыга берген эмес... Бир сөз менен айтканда, далай сонун адамдарыбыз фашисттердин огуна учушкан, кыйноосунан ажал табышкан. Биз командование койгон чалгынчылык милдетти зор ийгилик менен аткарып, тийиштүү жерге кайра келдик. Ошондой болсо да ийгилигибизди баяндабай коюуга эч ким бизге укук берген эмес, кымбаттуу окурмандар! Акыркы айтарыбыз: Мекен үчүн курман болушкан Совет адамдарына түбөлүк даңк, урагыс эстелик!

*САТАР СУЛТАНАЛИЕВ*

## БАШКАЛАРГА ОКШОШ ТАГДЫР

*(очерк)*

Сокулук селосунда райондук оорукананын дарбазасынын жанында кичинекей үй жайгашкан. Ал — аптекалык пункт. Бул жерден эртели кеч эл кетпейт. Ар кимиси ар түрдүү муктаждык менен келе беришет. Аптечканы арыкчырай, улгайып калган ак халат кийген аял— Надежда Ивановна Марченко башкарат. Эгерде кырсыкка учурап калып, медицина кызматкерлерине кайрылууга туура келсе, сиз үчүн керектүү дарыларды таап, жакшы кеңеш берип айта тургандардын бири так ушул киши... Бирок, ушул кичинекей аялга кандай гана көп сыноолорду башынан өткөрүүгө туура келди! Ал, кыйын кезең, кандуу күндөр эбак артта калып, үрөйдү учура элестейт.

...Горькийдеги фармакологиялык мектептин акыркы курсу. Алдыда бүтүрүү экзамендери. Ишке орношуу, сүйгөн кесибин аткаруу. Мына ушундай келечек күтүп турган.

...1941-жылдын июнь айы. Мезгил көп адамдардын тагдырына өзгөртүү киргизди: миллиондогон адамды оп тарткан согуш кичинекей кызды да кучагына алды. Ал Горькийликтер менен бирге шаардын жанында окоп казып кирди. Анан фронтко жөнөдү. Артиллериялык полктогу санитардык взводдун аптекасынын начальниги да болду.

Анан мотоаткычтар бригадасынын медсанвзводунун жардамчысы катары иштеди. Жараттарды байлай турган материалдарды, медициналык дарыларды жеткирип, мөндүрдөй себелеген ок алдында жарадарларды таңды.

Сталинграддан алыс эмес Калач шаары... Салгылашуу бир мүнөткө да токтобой жоокерлердин шайы ооду. Надеждалардын кичинекей тобунун өз түйшүгү да бир топ болду. Он эки саат бою немецтер бригаданы артиллерия менен аткылап турушту. Санитарлар жарадар болгондорду таңып, үлгүрө албай жатышты.

— Сестра,— деген жан кейиткен үн жалооруп, бирде жакын жерден чыкса, бирде алыстан угулат. Санитарлар акыркы күчтү жыйнап, канга боёлгон жоокерлерди ажал талаасынан алып кетүү үчүн жанталашат...

Жерди чапчып асманга учурган апаат басаңдап, ок бирин-сериндеп калганда Надеждалар көз чаптырса, медсанвзводдогу 22 кишиден үчөө гана тирүү калышыптыр. Алардын ичинде өзү жана взводдун командири.

Командир жарадар болгондорду тылга жөнөтүүгө буйрук берди. Анан мындайча кошумчалады: — Аман-эсен жеткирсең, сыйлыкка көрсөтөм.

— Жарайт! — мындан башка эмне кошумчалайт. Балакат жүзү чыйралып, мекен үчүн акыркы күчүн аябай жанын да курман кылууга даяр турду.

Ал кезде командир билген чындыкты сестра билген эмес. Көрсө курчоодо калышкан экен. Душман уламдан-улам куушуруп келатты.

Түндө жөнөштү. Өмүрүндө ошол рейсти унутпайт. Жол тынымсыз атылып турду. Кээде ракета машинаны

күндүзгүдөй көрсөтөт, анда ок жамгырдай жаайт. Алар жерге жашынып жата калышат. Тийбесе экен, эптеп ок тийбесе болду деп ойлошот. Машинада оор жарадарлар жатышат. Жардам берүүгө мүмкүн эмес. Ачык таштап коюуга да болбойт. Фрицтер бул машинанын ушул жерде көптөн бери турат деп ойлошсун дегендей былк эттиришпеди.

Составында Надя болгон группа эптеп ал жарадарларды госпиталга жеткирди. Бир күн дем алгандан кийин алар кайра өздөрүнө түн катып барышты да азыктүлүк, кийим-кече алышты. Аны менен кошо интенданттык кызматтын капитаны чыкты. Бул рейс да оңой болгон жок.

Кокусунан машинаны жарык кылышты. Ал тараптан «Хальт!» деген үн чыгып, мылтык атылды. Шоферго ок тийип, курман болду.

— Кызым, менин артымдан,— деп капитан кыйкырды. Алар артты көздөй качышты. Арттан мылтыктын үндөрү чыгып, капитан жыгылып калды. Надя күчүнүн бардыгынча жүгүрүп, жүрүп олтурду. Бир убакта гана анын оң бутундагы өтүгүнүн канга толгондугун байкады. «Жарадар болгон экемин» деп ойлоду да, жерге жыгылды. Бир убакта туш-туш тарабынан автомат менен келе жаткан көлөкөлөр көрүндү. Туткунбу? Жок.

Бир убакта колу менен бөйрөгүн сыйпаласа эч нерсе урунбайт. Тапанчасы да жок экен. Ошондо ал санитардык сумкасын ачты. Ал дайым ооруну баса турган дары алып жүрүүчү. Титиреген колу менен апийим кошулган флаконду ачты...

— Оо! Бир эле орустун катыны турбайбы. Сен ушунчалык көп аттыңбы? Ганс!

Чоң немец анын алдында турду. Бул кичинекей орус кыз, болгондо да жарадар неме алар үчүн коркунучсуз көрүндү.

— Колуңду көтөр! — деди алардын бирөө. Ал тиги-

лердин сөзүн жакшы түшүнүп турду. Эмне деп айтканын билди. Бирок орусча жооп берди.

— Мен колумду көтөрбөйм. Баш ийбейм.

Немецтер каткырып күлдү.

— Анда биз атабыз.

— Ал эс-учунан тайды. Кайдандыр алыс жактан кажылдаган немецтердин сөздөрү угулуп жаткансыды.

— Жок, биз ким жашагысы келсе, ошолорду гана өлтүрөбүз. Ал эми сени биз өлтүрбөйбүз. Сен акыркы кызылдар талкаланганча жашайсың. Биз сага улуу Германияны көрсөтөбүз.

Бардыгына чыдады. Качан эсине келгенде гана өтө кыйынчылыктан, бардык жери ооругандыктан кыңкыстады.

...Үч ай бою фашисттик туткун. Ушул жердеги баштан өткөргөн кыйынчылык, өмүр бою эсинен чыкпайт. Бирок ишенимин жоготкон жок. Бул жерде жашыруун күч бардыгын, биздикилер менен байланышкан адам бар экендигин сезди. Ал аны билген жок, бирок сезип турду. Бир күнү кечинде акырын: «Жолдоштор! Бүгүн түнү бардыгыбызды партизандар бошотот. Бардыгыңар тартипти сактагыла!»,— деген сөз угулду.

Бул Украинадагы Мисто Смило шаарында болгон эле. Партизандар бардык кайтарып тургандарды талкалап, согуштук туткундагыларды бошотуу менен алардын бир канчасына кайсыл жерге барып жашырына турган адрестерди да беришти. Ошентип аялдар эки жума бою жашырынып, партизандар менен байланышып турушту. Андан кийин коңшу селого азык-түлүккө барышты. Мына ошондо Надяны үй ээси тытык кийим менен камсыз кылып, бетин көө менен боеп берди. Немецтерге кабылбоо үчүн жашырынып жүрүп олтурду. Бир жолу жашынууга үлгүрбөй калганда бир немец аны кармап алып, кофтасынын жакасын айырды да Надянын кийип жүргөн гимнастеркасын көрдү.

— Десантник, парашютист,— деп кыйкырды ал.—

Асыш керек.— Башка бир немец — Аны тим койсоңчу, азыр убакыт жок,— деди.

Фашисттер кызыл армиянын чабуул коюп жаткан бөлүктөрүнөн качып бара жатышкан эле. Кыз болсо немецтерден бөлүнүп, азык-түлүк үчүн эмес тээтиги немецтердин артынан атылып жаткан үнду көздөй шаша бара жатты...

Өздөрү менен толкунданган жолугушуу болду. Кайрадан гимнастерка кийип, пагон тагынып, кызыл түшүрүлгөн сумканы колго алды.

Фронттук госпиталь менен ал Австриянын жана Румыниянын, Чехословакиянын жана Венгриянын жолун басып, жеңишти Будапештте тосту.

* * *

Оор салгылашуу Венгриядагы плацдармды кеңейтүүдө, Тисса дарыясынан өтүүдө болду. Сууда калкып туруучу көпүрөлөр жок эле. Ким кандай жол тапса, ошондой өтүчү. Надежда Ивановна эки жолдошу менен телефондун катушкасын, кабелди алышып, аркы өйүзгө устун менен сүзүштү. Жай каалгып жылып бара жатышты. Жээкке бат жетүү үчүн бир жоокер устунду түртүп турду. Мына ошондо Тиссаны басып өтүүдө үзгүлтүксүз байланыш болуп, жарадарларга медициналык тез жардам көрсөтүлдү.

Түштүк-Бугду басып өтүү Надежда Ивановнанын оюнда унутулгус болуп калды. Батальон дарыяны дароо бошотуп, анча чоң эмес плацдармды ээледи.

Жээкке келгенде 25 кишиден он экиси тирүү калып, төртөө жарадар болду. Байланыш оңолуп, жарадар болгондор санбатка жеткирилди.

Салгылашуудан салгылашуу уланды... Бессарабия аркылуу Румынияга, Венгрияга, Австрияга, Чехословакияга жөнөштү.

Надежда Ивановна фронттук госпиталь менен Австриянын жана Румыниянын, Чехословакиянын жана Венгриянын согуш жолдорун басып өтүп, жеңишти Будапештте тосту.

— Жеңиш кандай курмандыктар, кыйынчылыктар менен келгендигин эстөө кыйын,— дейт Надежда Ивановна Марченко,— Ата Мекендик согуштун фронтторунда канча киши курман болду! Ооба, азыр аларды жөн гана атап айтып коюу мүмкүн эмес... Өткөн мезгилдеги ар бир этап, мындан отуз жыл мурдагы ар бир чек, ар бир укум жер көп адамдар менен техниканы жоготуп, кан төгүлгөн салгылашуулар менен алынуучу. Ата Мекендик Согушка катышкан миңдеген Советтик аялдын тагдыры сыяктуу Надежданын тагдыры да окшош...

Советтик Армиянын катарынан кайткандан кийин Надежда Ивановна Сокулук райондук ооруканасынын алдындагы аптекада иштеп калды. Азыр тынчтык эмгектин ветераны. Аптеканын ичи, андагы тазалык жана тартип кирген адамды өзүнө тартат. Ар түрдүү дарыдарымектер, аспаптар текчелерде ирээти менен коюлган.

Надежда Ивановна узак жылдан бери ушул тармакта үзүрлүү иштеп келе жатат. Анын сүрөтү ардак тактага илинген. Ал эки китепчеге көп алкыш, жакшы каалоолор, пикирлер, сунуштар жазылгандыгы көңүлдү өзүнө бурат. Бир нече жолу грамоталар, баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон. Анын эмгеги адамдардын алкышына татыктуу.

Надежданын өмүрлүк жолдошу Григорий Дмитриевич Марченко да граждандык жана Ата Мекендик Согуштун катышуучусу.

Аңгемелешкенде өткөн өмүрүнө ой жүгүртө сүйлөп, Надежда Ивановна мындай деди: «Бала кезден көздөгөн үмүттү ишке ашырдым. Медицина кызматы тазалыкты, маданияттуулукту, өтө тактыкты талап кылат. Адал иштеп, ак жүрсөң, бакыт табасың!»

## Бул жөнүндө унутууга болбойт

Фашисттер кыштакка капыстан чабуул коюп кирип келишти. Вышегорода чаң тополоң түшүп, өрт асманга көтөрүлдү. Адамдар кым-куут түшүп, күйүп жаткан үйлөрдөн чыгып жатышты. Василий Танков, Михаил Ивченко, Николай Горохов, Корнилов анын бир тууганы Сережа Нелидовдор токойду көздөй чуркашты. Бир кезде чынжырдай чубалган элдин артындагы Миша кыйкырып калды:

— Акырын!

Качып бараткандар токтолуп, бир нерсени тыңшай калышты.

— Суу!.. Суу!.. Суусадым...— Бадалдын арасынан ушундай бир үн угулду.

Тыңшап тургандар үн чыккан жакка чуркап барышып жарадар болгон офицер менен эки жоокерди көрүштү. Мүмкүн болушунча аларга суу беришип, жараатгарын таңышты. Уурданып кыштакка барышып, ар кандай азык-түлүктөрдү алып келишти. Көп өтпөй эле партизан болуу жана партизандар жөнүндө сөз жүрө баштады. Акыры старший лейтенант Андрей Ендрихин алардын командири болуп калды. Ал баягы кыштактан келген адамдар жардам берген офицер эле. Жаңы түзүлгөн өч алуучулар ок дарылар сакталган складдарды жардырышып, фашисттерди жок кылышты. Балдар да чоңдор менен катар бардык операцияларга катышышты. Анын ичинде Сережа Корнилов да бар эле. Партизандар Сережанын агасы Петрду чалгынчылардын командири кылып шайлашты. Петр өтө адилет, тайманбас жигит. Ал көп учурларда өзүнүн инисин чалгынга жиберип, же өзү менен кошо ала жүрчү. Бир туугандар согушта көпкө чейин бирге болгон жок. Айыгышкан катуу кармашта Сережанын агасы курман болду. Ошол эле күнү Василийдин балдары Громов менен Панковдорду да көмүштү.

— Мен агам үчүн өч алам! — жоокерлердин мүрзөсүндө Сережа ушундай ант берди. Петрдин автоматын иниси алды. Жоокер Сережа ашынган өткүр бала эле. Аны ар дайым эң кыйын, эң татаал тапшырмаларды аткарып келүүгө жумшашчу.

Бир күнү бул кичинекей отряд командованиенин буйругун орундатып жатып, капысынан душмандардын тыгыз курчоосунда болуп калат. «Чабуул коюп бара жаткан советтик аскерлерге душмандын начар жактарын кандайча билдиребиз? Душмандын курчоосун жарып чыгуу керекпи?» — деген маселе турду. Мына ушундай учурларда Сережага тапкычтыгы жана кайраттуулугу жардам берди.

— Биз чегинген учурда мени карга көөмп кеткиле. Эч бир кыбырабайм. Ишенип койгула... деди Сережа партизандарга.

Ага маскировкалоочу ак халат кийгизишти. Кимдир бирөө өзүнүн тери кол кабын берди. Командир жашыруун пакет даярдады. Кеч кирип, каш карайганда фашисттердин көздөрүнө чалынбай Сережаны карга көөмп салышты.

...Сережа карга көмүлүп бир топко жатты. Анын жанынан аттар, куралдуу душмандар өтүп жатышты. Сережа кыбырабай күтүп жата берди. Ушул учурда башка бир тилде сүйлөшкөн адамдардын үндөрүн бир нече жолу укту. Убакыт өтүп, анын бүт денеси сенейип баратты. Ал тура калып, колу, бутун ушалап, кыймылдагысы келди. Бирок антүүгө такыр болбойт. Немецтер байкап калышса, ок жаадырат. Берилген тапшырмалар орундалбай калат...

Караңгы түн. Айлана жым-жырт. Сережа ордунан туруп, үстүндөгү карын кагып жатып, кулап кетти. Буту өзүнүкү эместей, эчтеке сезбейт. Үшүп кетиптир. Бирок, ошондой болсо да басуу керек. Акыры кылдырап бара жатып окопко кулап түштү. Тиштенген калыбында тоңуп

калган өтүгүн чечип, буттарын халат менен чулгады да кайрадан боору менен жылып жөнөдү...

...Сережа жылуу жер кепеде эсине келди. Карагай стулдар кычырайт. Буттарынын баары бинт менен оролгон. Адамдар догдоп курчап алган.

— Сережа жан жагын сыйпалады.

— Жат уулум, тынчтан! — Эркелеткен коңур үн угулду. Аны тиешелүү жакка берип жиберишти. Ал эми сени госпиталга алып барабыз!

Жаш партизан эки ай өткөндө борбордун суук көчөлөрүндө кадам таштады. Аны Кремлге чакырышты. Михаил Иванович Калинин Кызыл Туу орденин тапшырды.

— Кичинекей байчечекейим!..—Ал Сережаны далыдан таптады. Жаш партизан кайрадан жоокерлердин катарына келди. Анан авиациялык полкко кызмат кылды. Ордендүү пионер эң мыкты аткыч болду.

Анын таамай октору фашисттик самолетторго багытталды. Сережа бир тууганы үчүн, согуштук достору үчүн, өз жеринде айыпсыз төгүлгөн көз жаш үчүн баатырдык менен Берлинге чейин барды.

Согуштан кийин Сережа Кыргызстанга келип туугандарынын колунда бир нече жыл жашап турат да билим алууга умтулат. Адегенде орто мектепти, андан кийин политехникалык институтту ийгиликтүү бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы электродвигатель заводунда инженер-технолог болуп иштеп турат. Кийин ден соолугуна жана үй-бүлөсүнө байланыштуу Воронеж областына которулат. Азыр областтын ишканаларынын бириндe инженер-технолог.

*КӨПБАЙ КҮМҮШАЛИЕВ*

*Самара-Ульяновский, Бердичевский 24-аткычтар Темир дивизиясынын мурдагы жоокери*

# ТУУ СОЛДАТТЫН СЫЙМЫГЫ

*(очерк)*

Сакал муруту өсүп, саамай чачы боз чаңгыл болуп, өңү кер-сары тарткан, шырыктай болгон ак куба киши катуу чуркап келип кичинекей жарчага жетип, көмкөрөсүнөн жатканда көпкө чейин демигип, өпкөсү көөдөнүнө батпай жүрөгү түрсүлдөп жатты. Ачкалыкка күндүн аптабы кошул-ташыл болуп, эрдинин кеберсип кеткенин өзү да сезбейт. Чуулдаган ок менен жарылган снаряддар аны куушуруп келаткандай. Терге чөмүлгөн жүзүн көк шиберге басканда, алда кайда алыстагы Сибирдин аралаш токоюндагы чөптүн жыты аңкыгандай болду. Бирок ал түпсүз ойго чөмүлбөдү. Жумулган көзүн жай ачканда гимнастёркасынын сол жаккы карысындагы жеңин снаряддын сыныгы жулуп кеткенин көргөндө жүрөгү шуу дей түштү.

— Эх каргыш тийгир, дагы жандап өткөн экен. Бир аз болгондо карымды жулуп кетмек тура. Мунуңа да тобо. Өлбөйт окшоймун.

— Ал башын көтөрүп эки жагына, алды-артына көз чаптырды. Бирөө келе жатат. Экинчиси кайда? Акырын, сол тарабында жаткан жоокерге кайрылды:

— Ханьгосуңбу? Курбуң кайда?

— Минамёттун снаряддары жарылганга чейин сиздин оң жагыңызда келаткан. Кутурган фашисттер шахматтай себелетпедиби.

— Токойдон чыкканын мен да көргөм.

— Андан кийинкисин байкабай калдым, жолдош старший политрук.

— Кантип! Биз үчөө туруп, бири-бирибизди көрбөсөк, байкабасак, анан душман менен кантип салгылашмакчыбыз. Жоокердик ишенимди кантип аткармакчыбыз!

— Мен да, Сизди аз жерден көрбөй кала жаздадым жолдош старший политрук. Май куйругумду фашисттик снаряд жулуп кетти.

— Эмне дейсиң! Куймулчагың, сөөгүң аманбы?

— Старший политрук канга боёлгон Ханьгого учуп жетти. Анын жарасын тез таңып, жоокердин маңдайынан сылады:

— Башка жериң аманбы? Өзүңдү кандай сезип жатасың?

— Жатып калмак белем, старший политрук. Кашык каным калганча Сиз менен бирге болуп, душман менен салгылашууга кайратым жетишет.

— Ошон үчүн Советтик Кызыл Армиянын жоокерисиң. Биз үчөө элек эми экөө калдык.

— Старший политрук терең ойго чөмүлүп, Ханьгого суу берип жатканда, экинчи солдат чуркап келип, анын оң жагына көмкөрөсүнөн түштү.

— Жоокер Кунанбаевсиңби?

— Так ошондой, старший политрук.

— Жакшы болбодубу. Сени да жараланып калдыбы? — деп тынчсызданып олтурат элем.

— Ханьго жараланып калдыбы? Оор эмеспи?

— Белги калсын, дегендей, жырткычтардын снарядынын сыныгы май куйругунан кичине аткып кетиптир...

— Сөөгүнө тийбесе эч нерсе эмес. Карышкырга куйругун жулдуруп алган койлордун дац салып чуркап кеткенин көп жолу көргөм. Кандай, басууга жарайсыңбы, досум?

— Дагы эле болсо, сенден калышпайм.

— Мага ошонуң керек досум. Анда эмнеге жатасың? Немецтер келатат.

— Кайдан, көпбү?

— Тетиги дөбөнүн нары жагындагы өрөөнду коктуга кириште. Бир ротадай бар. Болжолу токойго кирчүдөй.

— Чыны менен эле төрт тарабыбыз туюкталган көрүнөт. Бу аралыктын жайдактыгын карачы. Асмандан болгон чалгындоодон да, айланадагы фашисттик каракчылардан да калкаланууга ыңгайсыз болуп турганын... Рота чегинген жокпу?

— Биринчи, үчүнчү взводдун командири курман болду. Аскерлерден да чыгым көп. Өлгөндөн калганыбыз душмандын жолун тосуп турабыз. Салгылашабыз. Силер токтоосуз алга жөнөгүлө,— деди ротанын командири старший лейтенант Керилов.

— Асманда самолету, жерде танкасы жайнаса да душман биздин жоокерлерден аябай сокку жеп жатат. Токойдун нары жагындагы фашисттердин өлүгү сайдын таштарындай болуп калды. Ошентсе да алар күчтүү. Таштаган бомбалары менен жарылган снаряддарына жер бети тытылып, тоту куштар сайраган токойлор да кыйрап жатат. Жеңишке жетишүү үчүн фашисттик каракчылар жаңы техника менен куралданган резервдерин бизге каршы коюуда. Урушта туруш жок дегендей, кайсы тарапка баралы, кимиңерде кандай ой бар?

— Ырас эле айланабыз ачык болуп калды. Жол боюндагы бадалчалар болбосо баш калкалоочу жер көрүнбөйт,— деди Ханьго.

— Ал, бу турган жерибизден да опурталдуу. Жол менен фашисттер өтүп калышы да ыктымал. Сен эмне дейсиң жоокер Кунанбаев?

— Жатып өлгөнчө атып өл, деген макал бар. Кандай болсо да душман менен салгылашып, курчоодон чыгышыбыз керек.

— Бул анык жоокердин чечими. Бир аз көрүнбөй калганыңда мерт болуп калдыбы деп катуу чочулаган элем.

— Түз келген кырсыктан кутулууга болбойт, жолдош старший политрук. Ал эми согуш башталгандан бери далай эле кокустуктардан аман келатпайбызбы.

— Ал жагы да бар. Баш кийимиң кайда?

— Пилоткамды шамал учуруп кеттиби деп ойлосом, минанын сыныгы төбөсүн серпип өтүптүр. Көрдүңүзбү, кичине эле төмөнүрөөк болгондо Кунанбаевдин мээси кайсы жерге чачыраганын өзүбүз да көрбөй калмак экенбиз, жолдош старший политрук.

— Ошон үчүн бизди энебиз эркек төрөгөн тура. Эмне үчүн тытылган немени чөнтөгүңө салып алдың?

— Биздин элде баш кийимди талаага таштабайт, экинчиден курчоодон чыккандан кийин старшинага өткөрүп, жаңы пилотка алам.

— Сен ошондой азаматсың, жоокер Кунанбаев. Оң тараптан дагы эмнелерди байкадың?

— Түштүк тарабыбыз туюкталгандай. Фашисттердин куралданган машиналары асфальт жол менен чыгышты көздөй чубап бара жатат. Токойдун нары жагындагы батышты көздөй кеткен жол менен колго түшкөн туткундарды жана кыштактагы аял, эркектерди айдап баратканын көрдүм. Эгер пулемётум болгондо аларды тууралайт элем.

— Демөөрүң жакшы Кунанбаев. Бирок биз андайлардан көп кечигип калдык.

— Демек, аялдарга да кол сала баштаган тура, деди Ханьго.

— Душман кандуу да, каардуу да жана ырайымсыз.
— Огуң канча, жолдош Кунанбаев?
— Беш патрон калды.
— Сендечи, жолдош Ханьго?
— Меники да Кунанбаевдикинен аша бербейт.
— Он ок, он фашистти алып жыгат. Бирок, алар он эмес. Бизди курчоого алган душмандын күчү сөзсүз бизден көп болуу керек. Баарыдан да самолету менен танкасы...
— Эмне, душманга багыналыбы, колдоруна туткун болуп берелиби? Жок. Биз фашисттерге багынбайбыз. Туткун да болбойбуз. Советтик Ата Мекенибизди, элибиздин ар намысын сактап калуу үчүн Туу алдында берген антыбыздан башка бизге эч кандай ыйык, эч кандай ардактуу милдетибиз жок. Ошон үчүн бизди энебиз «эл четинде, жоо бетинде болсун», деп эркек төрөгөн. Ошон үчүн бизди Коммунисттик партия советтик улуу мекендин патриот коргоочусу болууга ишенимдүү тарбиялаган.
— Экөөң тең душман менен салгылашууда эрдикти көрсөттүңөр. Өлкөнү коргоодо болгон эрдигиңер мамлекеттик сыйлыкка татыктуу.
Ханьго менен Кунанбаев старший политруктун сөзүн бөлүп:
— Советтер Союзу үчүн кызмат кылабыз! — деп жибериштн.
— Силердин тайманбаган эрдигиңерге менин шегим жок. Бирок, күн эмес, ар бир саат өткөн сайын, бизге улам жаңы татаалдыктар дуушар болуп жатат.
Жердин географиялык шартына караганда биздин түштүк чыгыш жагыбыздагы Чериков шаары төрт тарапка: Чериков — Минск, Варшава, Берлинге; Чериков — Кричевский, Рославль, Смоленск, Москвага; Чериков — Гомельге; Чериков — Бобруйск шаарларына барчу чоң жолдордун түйүнү болуп саналат. Душман тылы менен байланышкан штабды Чериков шаарына жайгаштыры-

шы да ыктымал. Алардын радиолорунун берүүлөрүнө караганда биз бараткан Кричевский менен, Рославль шаарына барчу жолдор да буулуп калгандай.

Мына ушундай шарттарга таянып, мен төмөнкүдөй чечимге келдим:

Биринчиден, колубузда душманга чабуул койгондой жетиштүү ок, жана башка курал болбогондуктан күндүз токойлорго жашырынып экинчи жактан душмандын курчоосунан түн ичинде кандай жерден өтүп кетүүнүн жолун чалгындоо;

Экинчиден, Туу жөнүндө эч кимге эч кандай шек чыгарбоо. Ал жөнүндө ким кимибизден душманга билдирүүнүн аракети сезилсе, аны ошол замат Ата Мекендин чыккынчысы катары атып таштоого укуктуубуз.

Үчүнчүдөн, эч кандай кутулууга жылчык чыкпай калган эң татаал шарттарда да Тууну душмандын колуна түшүрбөй катып коюу, же жок кылуу ар кимибиздин башыбыздагы кечирилгис ыйык милдет, деп табылсын. Ал эми душмандын колуна тирүү түшкөнчө, акыркы окту өзүбүзгө жумшоо абзел.

Эгерде айткан антымдан баш тартсам, мени Советтик улуу элдин каргышы урсун, жүзүм өлкөмдүн алдында кара болсун. Менин чыккынчылык кесепетимден ата-энем, бүт үй-бүлөм, тентип кетсин.

Төртүнчүдөн, эгер мен курман болсом, Тууну тирүү калганың көздүн карегиндей сактап, дивизиянын курчоодон чыккан бөлүгүнө жеткирүүгө мага окшоп ант бересиңер,— деди старший политрук.

Советтик Кызыл Армияда ишенимди, берилгендикти бекемдеген бул традицияны катардагы жоокерлер Кунанбаев менен Ханьго кайталап чыгышты.

Айыгышкан салгылашуулардагы атылган мылтык, жарылган снаряд, дүркүрөгөн танкалардын үндөрү уламдан-улам күчөп, жоокерлердин тынчтыгын бузду.

— Азыркы чечим,— деди сөзүн улантып политрук.

— Токойго жетүү алыс. Анын үстүнө ага жеткенче,

жайдак талаадан, патрульда жүргөн фашисттер көрүп калышы мүмкүн. Ошондуктан биринчи милдет, жолду кесип өтүп, булундагы кыштактын бет маңдайындагы майда бадалга жетип, коргонуубуз керек. Чоң жолдон чуркап өтөбүз. Аралыгыбыз он метрден ашпасын. Биринчи болуп Кунанбаев, экинчи мен, үчүнчү болуп Ханьго чуркасын.

Буйрукту ишке ашырып, үч жоокер жолдон чуркап өтүштү. Эч кимге чалдыккан жокпуз, дегендей, алар аралыгы бир жарым километрдей турган бадалды карай умтулушту. Бул курчоодо калган үч жоокердин ошол күнкү алдыларына койгон жооптуу милдеттердин алгачкы пунктун аткаруунун зор аракети болгон.

* * *

Согуш майданындагы башка бардык «Н»ски бөлүктөрү сыяктуу эле активдүү коргонуу салгылашуу тактикасына өткөн эки Кызыл Туу ордендүү, Самаро-Ульяновский 24-аткычтар Темир дивизиясы 1941-жылы июль айында Белоруссияга келди. Бирок, бул дивизия Белоруссияга жөнөкөй эле жүрүш маршы менен келген жок. Финляндия менен Белоруссиянын аралыгында фашисттик басып алуучулар менен болгон айыгышкан салгылашууларда душмандын «жеңилбес» деген армиясынын көп сандаган, механизациялаштырылган эшалондуу чабуулдарын нечен ирет майтарып, сокку берген.

«Бир жарым эки айдын ичинде Советтер Союзун кыйратып, сөзсүз Уралга чейин барабыз»,— деген гитлерчил фашизмдин стратегиялык планы Ата Мекендик Согуштун алгачкы айларында дал ушинтип үзгүлтүккө учураган эле. Европалык өлкөлөрдө болгон согуштарда, ачык айтканда: Франция, Чехословакия, Польша, Венгрия жана башка өлкөлөрдү басып алууда олуттуу каршылыктарды учуратпаган немецтик фашисттик карак-

чылар, чыныгы соккуну биринчи жолу Кызыл Армиядан алып жаткан болучу.

Август айынын биринчи он күндүгүндө Могилевский областынын Чериков районунун талааларында болгон айыгышкан салгылашууларда, оң капталы ачылып калгандыктан, 24-аткычтар дивизиясы күтүлбөгөн жерден душмандын курчоосунда калат. Бир жарым айдан бери тумшукка урулуп, сокку жеп келген душман бул дивизияны курчоого алганына абдан кубанган. «Ал багынат же толук жок кылынат»,— деген ойго келет. Эч жылчык чыгарбоочудай дивизияны темир курчоого алышкан. Жалпы коргонуу менен салгылашуу тактикасына өткөн Советтик куралдуу күч тарабынан аны курчоодон чыгарууга жардам болбой калды. Байланыш да үзүлдү.

Граждандык согуштарда өзүнүн жоокердик активдүү аракеттүүлүгү аны Кызыл Армиянын эң көрүнүктүү дивизияларынын катарына кошуп, 1918-жылы эле улуу Ленин төрөлгөн шаардын наамын алууга татыктуу болгон 24-аткычтар дивизиясынын тарыхый жолу, советтик улуу өлкө, Советтик Куралдуу күч үчүн кымбатка тургандыгын анын өздүк составы ар намыстуулук менен эң туура түшүнүшкөн. Анын өздүк составы — душманга согуш туткуну болуу,— бул баарыдан мурда дивизияга берилген Лениндин наамын булгоо, советтик Кызыл Армиянын жеңиштүү даңкын булгоо, көп улуттуу советтик мамлекеттин сыймыгын булгоо, коммунисттик партиянын акылман тарбиясын булгоо болуп саналат,— деп туура түшүнүшкөн.

«Кызыл Армиянын эң күчтүү бөлүктөрү, дивизиялары талкаланды. Москвага баруучу жол ачылды. 3—4 күндөн кийин Фюрердин «Жеңилбес» армиясынын башкы күчү Москванын босогосунда болушат» — деген гитлерчил Геббелстин апыртмалуу пропагандисттери ар саат сайын эфир аркылуу бүткүл дүйнөгө жар салып, таратып жатканда Могилёв областындагы салгылашууда эки Кызыл Туу ордендүү, Самаро — Ульяновский 24-

аткычтар Темир дивизиясы 1941-жылы 13-августта душмандын темир курчоосун жарып чыккан.

Согуш өлчөмсүз, чыгашасыз болбой турганы табийгый иш. Дивизия өздүк составынын үчтөн эки бөлүгүн согуш талааларында калтырды. Сан жагынан да, согуштук курал, техника жагынан да эч тең болбогон бул салгылашууда дивизия душмандын көп сандаган куралдуу күчүн талкалап, нечен миңдеген солдаттарын, командирлерин кыйратты. Алар курчоодон чыгуу жөнүндө койгон ыйык милдетти өзүнүн советтик өлкөсүнүн алдында абийирдүүлүк менен аткарды. Бирок ошондой болсо да, алардын беттерине чиркөө келди. Дивизия курчоодон туусуз чыкты. Анын өздүк составына түшкөн эң оор трагедия мына ушу болду!

Курчоодон чыккандан кийин, туусуз калганы үчүн дивизияны толуктамак турсун таратып жиберүүгө да мүмкүн эле. Мындай талап Советтик Армиянын традициясы болуп саналган. Бир канча убакка чейин ага эч кандай көңүл бурулбай Москва алдында турат. Бул дивизиянын көп жылдардан берки даңктуу жолуна аралашып келген, советтик мекен үчүн аскердик ыйык милдетти ак ниеттүү өтөп келаткан кадровой командирлер менен саясий кызматкерлердин ар намыздуулугун козгогон. Алар: «Туу жоголбойт, ал дивизиянын эң ишенимдүү старший политругу Александр Васильевич Барбашовго тапшырылган. Балким, курман болсо болгон чыгар, бирок тууну душманга калтырбай турган коммунист. Анткени, Ульянов атындагы 24-аткычтар дивизиясынын бүт өздүк составы улуу Ленин жараткан коммунисттик моралда тарбияланган жоокерлер» — дешип аны бардык командирлери менен саясий кызматкерлери дивизияны толуктап, кайра согуш майданына жиберүүнү Жогорку Башкы командачыдан өтүнүшкөн.

Фашисттик германиянын согуш жөнүндө жарыялаган көп сандаган информацияларында Самаро-Ульяновский 24-аткычтар, Темир дивизиясы жөнүндө эч кандай бил-

дирүүлөр угулбагандан кийин, бул дивизиянын басып өткөн тарыхый жолун эске алып, Жогорку Башкы командачы анын составын толуктап туруп, кайра согуш майданына жиберүүгө буйрук кылган. Ага төмөнкүдөй тарыхый фактылар себеп болгон:

24-аткычтар дивизиясынын түзүлүшү жана тарыхый басып өткөн жолу жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын биринчи төрөлүшү менен тыгыз байланыштуу. Ал жаш советтик мамлекетти ички жана тышкы интервенттерден коргоп калуу үчүн, жумушчу дыйкан кызыл армиясын түзүү жөнүндө В. И. Лениндин 1918-жылы 8-июлда Майна станциясында биринчи армиянын составында түзүлөт. Дивизиянын комиссары болуп Владимир Валериянович Куйбышев, командирлигине Гайгай дайындалат.

Дивизия душманга каршы салгылашуу алдында өткөрүлгөн митингиде В. В. Куйбышев чыгып сүйлөп,— «Ильичтин туулган шаары Симбирскини бошотуу В. И. Лениндин жаралангандыгына биздин берген жообубуз болот»,— деп айткан.

Самара-Ульяновский 24-аткычтар Темир дивизиясы курчоодон Туусуз чыккандыгына карабастан, анын өздүк составынын согуш майдандарында жана чек араларда көрсөткөн кужүрмөндүүлүгү, тайманбас эрдиги, партиянын, советтик мамлекеттин койгон талабын, ишенимин актай алгандыгы, ошондой эле бу дивизияны «талкалангандыгы», Туусу «колго» түшкөндүгү жөнүндө фашисттик информбюродо айтылбагандыгына байланыштуу Жогорку Башкы командачы аны толуктоого буйрук берген.

Кайра толукталгандан кийин дивизия 1942-жылы 23-февралда Калинин багытындагы майданга катышты. Андан кийин, 3-сокку берүүчү бригаданын составына кошулуп, 1942-жылы августта Сталинград майданына жиберилген.

1942-жылы 19-ноябрда гитлерчил фашисттик карак-

чыларды Сталинград майданында талкалоо үчүн, Кызыл Армиянын Дон жана Сталинград фронтунун чабуулу башталды. Немецтик фашисттердин эң мыкты курулган коргонуу линиясын биринчи катардагы чабуулчулардан болуп, 24-аткычтар дивизиясы бузган. Сталинград фронтунда немецтик басып алуучулардын эң чоң армиясын курчоого алууда зор баатырдыкты көрсөткөнү үчүн дивизия Жогорку Башкы командачынын приказы менен эки жолу алкыш алууга татыктуу болгон. Фронттун командачысы К. К. Рокоссовский 24-аткычтар дивизиясына гвардиялык деген наам берүү жөнүндө өтүнгөндө, Жогорку Башкы командачы:

«Туусу жок дивизияга мындай наам берүү советтик аскердин традициясына карама-каршы болот. Туусун тапсын»,— деп коёт.

Советтик Армия үчүн традиция болуп калган бул талап, дивизиянын өздүк составынын ындысын өчүргөн, духун түшүргөн да жок. Белгисиз жок болуп калган Туу, дивизиянын офицерлеринин, солдаттарынын жүрөгүнө, өзүнүн улуу өлкөсүнө, коммунисттик партиясына, куралдуу күчүнө, ак ниеттүүлүк менен иштөөнүн, ар намыстуулуктун улам жаңы демилгесин көрсөтүп турду. Дивизия Орёл—Курск дугасындагы салгылашууга активдүү катышып, Змеев, Харьков шаарларын немецтик каракчылардан бошотту.

1944-жылы январда дивизия түштүк Буг аркылуу чабуул коюп Бердичев шаарын бошотту. Ошон үчүн ага Бердичев дивизиясы деген наам берилди. Дивизия Тарнопуль, Проскуров шаарларын бошотуп, Румыниянын чек арасына өтөт. Ал, 4-Украин фронтунун составында болуп, Крымды фашисттик баскынчылардан тазалоодо активдүүлүктү көрсөткөн. Душмандын эң мыкты бекемделген коргонуу линиясын жарып, фронттун тез чабуулга өтүшүнө шарт түзгөн. Дивизиянын өздүк составынын таймanbас, эр жүрөктүүлүгүн жогору баалап СССР Жогорку Советинин президиуму анын көп сандаган солдат-

тарын, офицерлерин ордендер жана медалдар менен сыйлаган. Майданда көрсөткөн дивизиянын кужурмөндүүлүгүн жогору баалап, аны Суворов ордени менен сыйлаган. Бирок, дивизияга гвардия деген наам берүүгө Туунун жоктугу зор таасирин тийгизген. Кандай болсо да Тууну табуу өздүк составдын милдети болуп, ал беттеги чиркөөнү тазалоо менен барабар болгон.

1941-жылы августта Могилев областында болгон салгылашууда жоголгон тууну издөө, жомоктогу болжолдоодой болсо да, советтик жоокердик ар намыстуулук, аны табууну кандайдыр өздүк ишенимин да келтирген.

Крымда болгон үчүнчү сокку да Ата Мекен алдында өз абийирин, милдетин өтөгөн дивизия октябрь айында Тисса менен Дунай ортосунда болгон тогузунчу соккуга да активдүү катышып, Карпат тоолорун ийгиликтүү ашып, Венгрия менен Чехословакиянын территориясындагы немецтик каракчыларды талкалаган. Карпат тоолорун ашканда манёвирдүү чабуулдарды эң жакшы жүргүзгөнү үчүн 24-аткычтар дивизиясынын 7- жана 274-аткычтар полкторуна Карпат полктору деген наам берилип, ал эми дивизия Богдан Хмельницкий ордени менен сыйланган. Дивизия Карпат тоосунун нары жагында Ужгород шаарынын айланасында чабуулду улантып жатканда, туунун табылганы угулду.

Ата Мекендик Улуу согуш жылдарында бу дивизия, немецтик фашисттик басып алуучуларга каршы Туусуз 28 ай салгылашты. Дон фронтунан тартып, Карпаттын бийик тоолорун ашып, душмандын бекемделген коргонуу линияларын талкалоодо анын өздүк составы, граждандык жана 1939—1940-жылдардагы Финляндия менен болгон согуштарда жетишилген ийгиликтерин, Ата Мекендин, элдин, партиянын, ошондой эле Советтик Куралдуу күчтү даңктаган абийрин, эрдигин ыйык сактады.

28 айдын ичинде, немецтик фашисттерди талкалоодо

көрсөткөн бөтөнчө эрдиги үчүн, дивизия — Бердичев шаарынын наамын алып Суворов, Богдан Хмельницкий ордендери менен сыйланды. Анын 7-жана 174-полктору Богдан Хмельницкий ордендерине татыктуу болуп, Карпат полктору деген наамды алышты.

Табылган Туу алынып келингенде, Ужгород шаарынын айланасында салгылашып жаткан дивизиянын өздүк составы — Ата Мекенди душмандан коргоп калууда, немецтик фашисттик басып алуучу каракчыларды таптакыр кыйратканга чейин Кызыл-Аскердик абийирди ар намыстуулук менен сактайбыз,— деп Тууга баш ийип, дагы бир жолу ант бергенбиз.

Тууну сактап калган Дмитрий Николаевич Тяпин менен мен биринчи жолу 1945-жылы Раварусский шаарында кезиккен болучумун. Ал, анда Самара-Ульяновский 24-аткычтар Темир дивизиясынын туусун кандайча катkandыгын бизге айтып берген эле.

Жакында, мен Жеңиш күнүнүн 25 жылдыгына байланыштуу, согуш жылдарында өзүм жоокердик кызматты өтөгөн ошол дивизиянын, согуш башталган жылдын алгачкы айларында анын басып өткөн даңктуу жолу менен таанышуу максатында Белоруссия ССРинин, Минск, Гомел, Бобруйск Могилевский, Кричевский, Чериков жана Смоленский шаарларында жана Анютино, «Искра», «Удага», «Юннор пахар», «Нарки», Зори жана башка селолорунда болдум.

Самара-Ульяновский 24-аткычтар Темир дивизиясы душман менен салгылашып өткөн согуш талаалары, табийгый пейзаждары менен тааныштым. Ал гана турсун, Анютино селосунда жашаган, мурдагы пионер, азыркы «Искра» колхозунун мүчөсү, биздин дивизиянын Туусун сактап калган Дмитрий Николаевич Тяпин менен жолугуп анын үйүндө да болдум.

...Биз барганда күндүн суугу отуз градус эле. Кар калың болучу. Үйгө киргенибизде эч ким көрүнбөдү. Качан гана Семен Егорович Савченко:

— Чоң ата, кайдасың? — дегенде орус печинин үстүндө ырахаттанып көшүлүп жаткан карыянын:

— Мен мындамын — деген каргылданган үнү угулду.

— Жатып аласызбы? Алыстан мейман келди, мында болот дебедим беле!

— Карылык жетип калган окшойт. Быйыл кыш башталгандан бери печтин үстүнөн түшкүм келбейт.

Карыя жерге түшөр менен колун бекем кармап саламдаштым. Ал учурашкандан кийин да колумду коё бербей койду:

— Эсиме түшүрө албай жатам, кайдан көрдүм эле? Өзгөрүлүп кеткен окшойсуң! Кайдан келдиң? Мында мурда болдуң беле?

— Мен, күнөстүү Кыргызстандын борбору Фрунзе шаарынан келдим. Сиз менен биринчи жолу 1945-жылы октябрь, ноябрь айларында Германиядан кайтып келгенибизде, мекенге жөнөгөндө кезиккенмин. Сиз мен жаткан казармада жатып, офицерлердин ашканасынан тамактанчусуз. Мен анда эки Кызыл Туу, Суворов, Богдан Хмельницкий ордендүү, Самара-Уляновский, Бердичевский, аткычтар Темир дивизиясынын аткычтар взводунун командири болчумун. Фамилиям — Күмүшалиев, атым — Көпбай — дегенимде, Дмитрий Николаевич Тяпин:

— Унуткан эмес экенсиң,— деп кучактап бетимден өөп, көзүнүн жашын кылгыртып жиберди.

— Сизди эч качан унутпайбыз. Ата Мекендик Улуу согушка катышкан Самара-Ульяновский 24-аткычтар Темир дивизиясынын ар бир жоокери Сизди сыймыктануу менен жүрөгүнүн терең жеринде сактайт. Алты миң километр аралыктагы жолду басып, кыштын ызгаар суугунда Сизге келип олтурушум да мына ушуга байланыштуу. Эгерде мындан 25 жыл мурда биздин дивизиянын Туусун кандайча сактап калганыңды өз оозуңдан уккан болсом, бүгүн бу жерге ошол тууну алып бараткан старший политрук Александр Васильевич Бар-

башев жана жоокер Кунанбаев менен Ханьгонун курман болгон жерин көрөйүн, деп келдим.

— Кандай саламаттыгыңыз жакшыбы? Менин үмүттөнүп келген талабымды алымсындырууга чамаңыз келеби?

— Дмитрий Николаевич эмнегедир эреркеп да, жана шерденип да кетти. Көзүндөгү жашты сүрттү да:

— Келгениңе ыракмат! Абдан чоң ыракмат. Сен кыргызмын дедиңби? Баары бир боордош экендигиң ушул. Политрук менен солдаттардын курман болгон жерин көрсөтөмүн. Ал бу жерден да көрүнүп турат.

— Бул, 1941-жылы 6-августта болгон,—деп Дмитрий Николаевич коридордон чыгып баратып, короонун чыгыш жагындагы булуңдагы майда бадалды көрсөтүп:

— Тууну алып бараткан старший политрук менен жоокерди ошо бадалга жеткирбей наркы токойдон чыккан фашисттик танкисттер пулемет менен таарып кетишти. Советтик үч жоокердин канга батканына корстон болушкан жырткычтар кайра тартышты,— деди.

Карыя сөзүн улады. Бирок үнү каргылданып, колу эмнегедир калтырап кетти.

— Мен эски орус солдатымын. Орус, Япон согушуна да катышкам. Октябрь революциясы мезгилинде окопто олтурдум. Граждандык согуш да мени жандап өткөн жок.

Бардык эле түрдөгү согуш кыйраткыч болуп, адамдарды өлтүрүп, чарбачылыкты бүлдүрөт. Бирок, 1941-жылы башталган согуш мен көргөн, мен катышкан, ага чейинки болгон согуштардын баарынан каардуусу, бөтөнчө кыйраткыч болду. Бу жолку согушта немецтер өтө ырайымсыз менен кан төгүштү.

Башка кыргындарга караганда үч советтик жоокердин өлтүрүлгөнү немецтер үчүн чымчык өлгөндөй да болгон жок. Мен анда короомдо, душмандын огунан коргоолочу жер үңкүрдөн чыгып турган элем. Фашисттик каракчылардын жырткычтыгы ээнимди кейитип, кыжы-

рымды келтирди. Бар болгону, шашпа каракчы, Кызыл Армия бу жерди силерге таштап койбос. Алар кайра келсе, силердин да баш калкалоочу жериңер табылбас деп тим болгом.

Түн киргенде Анна Ивановнаны алып, талаада жаткан жоокерлерди көмүүгө бардым. Политруктун гимнастеркасынын ичинен белине курчалган кызыл жибек чүпүрөктү алсам, эки Кызыл Туу ордендүү Самара-Ульяновский 24-аткычтар Темир дивизиясынын Туусу экен. Аялымдын оозунун боштугунан, өңгүл-дөңгүл сүйлөй берүүсүнөн чочуп:

— Көрдүңбү муну Анна Ивановна! Эгер Туу жөнүндө оозуңдан бирөөгө сөз чыкса, же шек алдырсаң сени ушулар менен кошо тирүүлөй көмөмүн, деп айтып жиберипмин. Менин каарымдан коркуп, этегиме жармашып, «кудайга» жалынып, айтпаска каргыш берип жаткан кемпиримди көргөнүмдө, жүрөгүн түшүрүп алган жокмунбу, деп ойлодум. Курман болгон жоокерлерди көмүүгө Анна Ананьевна Савченко, Алек Ефимович Воробьев жана анда жети жашар болсо да Семен Егорович да катышкан болучу,— деп катарыбызда олтурган «Искра» колхозунун председатели С. Е. Савченкону көрсөттү.

— Дивизиянын Туусун жоокерлердин табыты менен бирге көмгөнүмдү Семен Егорович билбей калды. Бирок ар нерсени билүүгө кызыккан бала, кичине ящикти көрүстөнгө таштаганымда:

— Ящикти эмне үчүн таштадың? Мында эмне бар? Эмне үчүн өлгөндөр менен көмөсүз? — деп сураган да болучу.

— Мында жоокерлердин кийим-кечектери, тамак-ашы салынган. Согуштарда өздөрү тирүү кезинде жеп, иче албай калган тамак-аш жана кийимдери курман болгондо алардын өздөрү менен кошо көмүлөт, десем бу ага ишенип калган эле,— деп Дмитрий Николаевич Тяпин, Семен Егорович Савченкону көрсөтүп күлдү.

Биздин көңүлүбүздү өзүнө бурган Д. Н. Тяпин жогоркудай солдаттык, патриоттук эрдиги үчүн Кызыл Туу ордени менен сыйланып СССР Куралдуу Күчүнүн Жогорку Башкы командачысынын Приказы боюнча эки Кызыл Туу, Суворов, Богдан Хмельницкий ордендүү, Самара-Ульяновский, Бердичевский аткычтар Темир дивизиясынын Ардактуу солдаты, деп эсептелген. Ошол күндөн тартып, армиядагы дивизиянын эсебинен бир солдатка таандык тамак-ашты, кийим-кечекти Д. Н. Тяпиндин өмүр бою алып турушу көрсөтүлгөн. Ушул күнгө чейин аскердеги тийиштүү полктун биринчи отделениесинде кечки текшерүүдөн биринчи болуп, Д. Н. Тяпиндин фамилиясы окулат. Катарда турган отличник солдат:

— Дмитрий Николаевич Тяпин узак убакыттагы дем алууда,— деп жооп берип турат.

*САМАНСУР БӨЛӨКБАЕВ*

# УКРАИНАДА ОН КҮН

*(очерк)*

Украинанын фашизмден бошотулгандыгына 30 жыл толушуна байланыштуу Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин путевкасы боюнча жолго чыктык.

...Бул ИЛ-18 самолетун жактырбай, жаман көргөн киши чыга койбос деген ойдомун. Анан калса укмуш жаралган тура. Жетер жериңе жеткиче бир былк этип койбой, тыптынч олтура бересиң, билинер-билинбес термелесиң, уйкуң келет мемиреп. Улам асмандай берип жети эле миң метр көтөрүлгөн экен. Бир кезде төө өркөчтөнгөн, ак адырлуу, ак тоолор сыяктанган ак булуттардын үстүндө жүрөбүз. ...Ошентип сызып барабыз.

1942-жылы кышында фашисттерди тиги Астрахандын жанынан баштап, калмак талаасын аралата кууп олтуруп, Елиста, Сальск шаарларын бошотуп, ушул Ростов, Батайскиге чейин жетпедик беле! Тура калып терезеге барам, көрсөм дейм, дегдейм. Андан бери 32 эле жыл болду да. Жүрөк элеп-желеп, көңүл ойдолойт.

Бир маалда жүргүнчүлөрдү узатып бараткан бийкечтин үнү:

— Ростовго жакындап калдык, куруңарды курчангыла.

...Жарым саат дем алган соң, кайта асмандамай. ИЛ-18 чарчап-чаалыкканды билбей, дагы сызды. Ушу самолетту жараткан адамга аябай алкыш айтам, жеке эле мунусу үчүн эмес, дагы бар... Ата Мекендик согушта ИЛ-2 деген штурмовик самолет чыккан. Аны биз самолеттордун жөө аскери деп койчу элек, анткени, көп асмандабай жапжапыс, кайкып учуп, душмандын жөө аскерлерине чабуул жасап, пулемёттон ок жаадырып, майда калибрлүү замбирек менен аткылап, алардын кыйрын уруп, биздин жөө аскерлерибиздин алга жылышына чоң жардам берчү эле. А бул болсо, ошо ИЛ-2 самолетунун «иниси».

Каш карайып кеч кирип калганда Киевге жеттик.

Үч кишилик бөлмө. Биз Мэлс экөөбүз, а үчүнчүбүз Николаевден келиптир. Бирөөгө опокшош, бүшүркөйм, анан суроо берүүгө аргасыз болом.

— Кечирим сурайм, фамилияңыз Федоренко болуп жүрбөсүн?

— Жок. Иваненко.

— Бул эмне суракпы?

— Жо, жогуңуз, дагы кечирим сурайм. 1944-жылы тиги кандуу согушта биздин взводдо Федоренко деген жоокер болгон эле, сиз ошого абдан окшойсуз, ошондон улам сурадым.

— Адреси жок беле?

— Э-эй бурадар, жарадар болгондо адрес эмес, жан чиркин араң сакталып калганда...

Украинанын борборуна ой бөлүп, санааны чарпылтам...

...Баатыр Киев сенин башына эмнелер келип, эмнелер кетпеди? Эчен согушту башыңан өткөрдүң... Кимдер келбеди, кимдер сенден таяк жебеди? Эчен бүлүндүң,

жарылдың... баатырдык көрсөттүң, анан азап-тозокту да башыңан өткөрдүң, эми карасаң андан из жок, жаркырайсың, күлүңдөйсүң, жайнайсың, көргөндүн көзүн кубантып көркөмсүң...

Украина комсомолунун Борбордук Комитети.

— Эмесе мындай жолдоштор,— деди лекторлор группасынын башчысы жолдош Шпода.— Баары жакшы, Кировоград областы биздин чоң областыбыздын бири. Силердин делегация ошоякка чектелди. Областтын ар кайсы жерлеринде — мекемелерде, колхоздордо, ишканаларда жолугушуулар болот. Анан Киевге кайтасыңар, калганын ошо келгенде сүйлөшөбүз.

— Менде суроо бар.

— Айтыңыз, айтыңыз.

— Эгер сиздерге макул болсо, биз Крым областын көздөп келдик эле, анткени, мен 1944-жылы Перекоптон баштап Севастополго дейре кызыл-кыргын, сары-сүргүнгө катышкам. Менин мобу жаш досторум ошо жерлерди көрүүгө кумар.

— Эмесе мындай сүйлөшүлдү, сиздер Кировоград областына барып келесиздер, анан сиздин сурооңузду канааттандырып, Крымга командировкага өзүңүздү жибермек болдук!

«Эмне дейм? Жок, болбойт» — деп кежир балача жер тепкилеп жатып алмак белем.

Ошол эле күнү кечинде Кировоградды көздөй жол тарттык.

...Вагондон чыгып баратабыз, толгон жаштар, колдорунда гүл, Украина элинин улуттук кийимин кийип, колуна нан, туз көтөргөн сулуу кыз, анын эки жагында ошо кыз түспөл эки жигит: «Кош келипсиздер кымбаттуу достор, биз кубанычтабыз кыргыз достор» — деди да, алиги кыз нан менен тузду сунду. Сулуу кыздын татына колунан нан, тузду алып, нанды эңкейип өөп туруп: Кировоград жерине келип, Украин эли менен кездешкенибизге кубанабыз, элдердин достугу күчөп, чы-

ңала берсин! Биз ушу достук үчүн кыргыз жергесинен келдик. Нан, туз үчүн ыракмат»— дейм нандан ооз тийип.

...Комсомолдун Кировоград областтык комитетиндебиз. Комсомолдун областтык комитетинин пропаганда жана агитация боюнча секретары Петрянов Виктор Васильевич биз менен.

— Бул жигит,— деди Виктор Васильевич,— комсомолдун райондук «Молодой коммунар» газетасынын редактору жолдош Погребный. Сиздер менен аңгемелешүүгө куштар болуп келип олтурат. Демек, мен сөзүмдү кыскарта чаппасам болбойт, газетчиктерден сөз кылам,— деп тамашалап, кечирим сурады.

Ал дароо мага кайрылды.

— Жок, жаштар газетасы болгондуктан жаштардан баштаңыз, мына бу кыздын аты — Анапия Бакирдинова. Республикабызда атактуу кездеме токуучу кыздардын бири,— дейм мындай боло берип.

Эмки кезек Мэлстики.

Ал да өзү жөнүндө кыскача айтып берди.

— Эми руксат болсо,— деди сылык гана жолдош Погребный — сизге кайрылганы турам.

— Кулак сизде.

— Украина жерине менин укканыма караганда экинчи жолу келишиңиз го? Ошо жөнүндө билгим келет.

— Жарайт, жарайт, анда мен 25—26 жашта элем. 1943-жыл, ноябрь айы. Фашисттер арты-кийнине карабай качып олтуруп, Перекопко жетип жыгылып, аны чеп кылып алган. «Бузулгус чеп» деп эсептелген ошол жер 1944-жылы апрель айында кыйрады. Анан андан ары Севастополго чейин кууп олтурдук, 1944-жылы Советтик армиянын күчү ашып-ташып калган кези эле. Севастополь 9-майда, мындайча айтканда эки, үч эле күндүн ичинде бошотулду, а немецтер болсо 250 күн-түнү согушуп атып араң алган болучу.

— Экинчи жолкум бул.

— Дагы бир суроо: ошо согуштар жөнүндө, айрыкча Украина жериндеги болгон салгылаштар жөнүндө жазгандарыңыз барбы?

— Кыргыз элинин мындай салты бар, жаңы төрөлгөн баланын киндигин кескенде каны тамган жерди мекени дейт. Демек, биз Украинанын сыйкырдуу жеринде көбүбүз кан төккөндүктөн экинчи мекенибиз деп эсептейбиз. Ошо экинчи мекендин жеринде душманга каршы айрым салгылаштарды кучагына камтыган, анан ал салгылаштарда айрым жоокерлердин көрсөткөн эржүрөктүүлүгүн, достугун баяндаган чыгарма жаралып, ага «Татаал тагдыр» деген ат коюлду.

— Анан дагы—дедим, ал жигитке карап,—мен да бир кезде силерге окшоп жаш болгом, комсомол элем. Мына азыр аңгемелешип олтурганымда ошол жылдарым эске түшөт. Демек, өмүр кур-бекер өткөн эмес экен деп эсептейм.

— Эмесе деди Виктор Васильевич, дагы узун бойлуу, дагы арык, бирок кызыл-чийкил жигитти бизге көрсөтүп,— биздин пропаганда бөлүмдүн кызматкери Стаценко Валерий, ушул жолдош сиздер менен болот деди.

Биринчи кездешүү. Радио заводу, төрт кабат, жаңы имарат. Чоң зал, эл толтура.

Валерий Стаценко залда олтургандарга кайрылып: жолдоштор, деди Украина жеринин фашизмден бошотулгандыгынын 30 жылдык майрамына карата ар бир союздук республикалардан келген делегаттар, Украинанын ар бир областтарында жүрүшөт. Кыргызстандан келген делегация биздин областа. Анын составында деп үчөөбүздү бирден айтып залдагыларга тааныштыра кетти да, анан сөз кезегин бермек болуп мага кайрылды.

Тамашасыз жүрө албаган жаным: — «Жаштар сүйлөсүн, а мен анан, болбосо жаштарга жол бербей койду» — дешип эл-жерге барганда даттанышат дейм.

Сөз Мэлс Чормоновго берилди. «Кыргызстан элүү

жылда» деген темада кыскача, өтө маанилүү, өтө даамдуу айтып берди.

Анан Анапия: Ырасын айтсак, ушу уялчаак, анан жолду карай тымпыйып келген кыз кантет деп чочулаганбыз, бирок баасы жогору чыкты. Азамат кыз баарын шатырата айтып, украиндыктарды куттуктап алды адегенде. Өзү менен бирге иштеген кыз-келиндердин арасында ар улуттун өкүлдөрү бар экенин, анан алар ынтымак менен иштеп иштин ийгилиги үчүн күрөшүп жаткандыктарын шыдырата баяндады.

— Кымбаттуу украиндык достор, мекендештер, жүздөгөн, миңдеген кыргызстандык ветерандар фашисттерди жок кылуунун 30 жылдыгына арналган бул салтанаттуу майрамды чын жүрөктөн куттуктайт.

Алыска барып алдастап жүрбөй эле өзүм менен сабакташ, талапташ, каламдаш жолдош-жоролорумун өткөн согушта Украинанын сыймыктуу жерин душмандан бошотууга катышкандары жөнүндө айтмакмын.

Кыргыз элинин атактуу жазуучуларынын бири республикабыздын эл акыны Темиркул Үмөталиевдин жашы азыр алтымыштан ашып калды. Ал ардактуу акын отуздагы чагында Донбассты душмандан бошотууга катышкан. Андан кийин атактуу Каховканы бошотушуп, анан Одессадан душманды кууп чыгышкандардын бири. Мен бери жөнөп атканымда Украина бир туугандарыма жалындуу салам айтын кой деп колумду бекем кысып калды эле.

Андан соң Харьковдун жанындагы Изюмду душмандан бошотууда канын көп төккөн кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев салам айтты.

Мурдагы солдат азыркы алдыңкы жазуучуларыбыздын бири, прозаик Жунай Мавлянов өлкөбүздүн атактуу шаарларынын бири—Запорожьяны— ДнепроГЭСти бошотуу үчүн болгон кан төгүлгөн катуу салгылашка катышып, оң бутунан айрылган. «Улуу курулуш, атак-

туу ДнепроГЭС үчүн оң бутуму садага чапкам»—деп кеп кылат ал. Биз ага аябай сыймыктанабыз...

Залдагылар кызуу куттукташты.

...Кировоград областы 1939-жылы түзүлгөн. Өзүңөр билесиңер, картадан көрүп жүрөсүздөр, биздин область Украинанын дал орто ченинде. Днепр дарыясынын боюнан орун алган. Негизинен украиндыктар, орустар жашайт. Областта 23 район бар. Ошо 1939-жылы Кировоград областынын өнөр жай ишканалары 411 миллион сомдук продукция берген. Колхоз талааларында 4,5 миң трактор, 2 миңден ашуун комбайн иштеген. Областта 200 миңден ашуун жаш муундар окуган жалпы билим берүүчү 1176 мектеп болгон. Ал эми эл чарбасында жогорку жана орто билими бар 11 миңден ашуун, адистер иштеген.

Мына ушул ийгиликтердин бардыгы фашисттик кол салуу жылдарында жок болгон. Жырткычтар, завод, фабрикаларды, мектептерди, МТСтерди, клубдарды кыйратып, малдарды алып кетишкен. Баскынчылар азап-тозокко салып иштетүү үчүн областтан 52 миң кишини Германияга жөнөткөн. Ошону менен чектелбей фашисттер 150 миң кишини атып жиберишкен. Душмандын жырткычтыктарынан коркуп титиреп калбай областта жашаган патриоттор подполдук партиялык жетекчиликтин астында баскынчыларга каршы аянбай күрөшүштү. Областта диверсиялык 41 группа, партизандык 17 отряд жана 2 бирикме иштеп, алардын катарында 10 миңден ашуун элдик өч алуучулар болгон. Мына булар фашисттерге каршы куралдуу күрөш жүргүзүп, 11 миңден ашуун фашисттик солдаттар, офицерлер жана чыккынчылар жок кылынган. Душмандын согуштук техникалары жүктөлгөн, ошондой эле солдаттарын тартып келаткан 46 темир жол эшелону кыйратылган. 242 паровоз, 1367 вагон, 102 цистерн иштен чыгарылып, 3732 автомашина жок болгон. Мына мунун бардыгы областтагы патриоттордун эрдигин аныктайт.

* * *

...Караңгы түнду кууп чыгып, биринчи сменге ишке келген таң жарыгы жер жүзүнө шоола чачты. Мейманкананын баягы 307-бөлмөсүндөбүз.

Ошентип бүгүн бизге да дем алыш. Биз шаардын чоң көчөсү Карл Маркс менен бара бердик. Мен бул Кировоград шаарында 1945-жылы 10-майда, мындайча айтканда чоң жеңиштин эртеси күнү эле болгом. Анда шаардын дал ушул орто чениндегилер—тиги падыша заманындагы эски үйлөр эле. Эми таптакыр өзгөргөн заңкайган чоң, чоң кооз имараттар. Көчөлөрү тасырайып асфальт, бак-дарактар да арбын. Айтор эки жүз миңден ашуун эли бар, чакана, таптаза шаар.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кировоград шаарынын эмгекчилери душманга баш ийип туруп беришкен эмес, күрөш токтобой күчөй берген. Шаарда диверсиялык 6, подполдук 16 группа душманга каршы көтөрүлгөн.

Кировоград шаарын душмандан 2-украин фронтунун аскердик бөлүктөрү бошотту. Шаар үчүн болгон кандуу салгылашта курман болгондордун арасында: украин жигити — Ю. К. Глибко, орус — С. М. Федоров, армян — О. Е. Казарян, казах — А. Г. Габдурахманов бар.

Согуштан кийинки жылдары Кировоград шаары өсүп-өнүгүү жолунда.

* * *

Чарчап-чаалыгып жаңы эле келгенбиз. Алиги чыйрак телефон дагы чырылдайт.

— Ал ким экен Мэлс мырза?

— Сергей эле. Тиги стадиондогу спорт майрамына чакырып атат, белет алып коюптур.

— Афишада Киев «Динамосунун» футбол чеберлери жазылып турат. Спорттун эл аралык мастерлери, СССР-дин спортунун эмгек сиңирген мастерлери А. Биба, В.

Банников, В. Хмельницкий, И. Сабо, В. Левченко, А. Бышовец, анан кыркынчы жылдардагы футболдун ветераны М. М. Гончаренко да бар экен.

Афишаны окуп алып, ал чалга эмне жок деп коём ичимде.

...Алды жагыбызда катарда бир жылаңач баш, сары чал олтурган, ал тиги ветерандардын тренери сыяктанып, биринчи тайм бүткөндө аларды тосо туруп жөнөдү.

«Михаил Михаилович Гончаренко деген ушул киши ветерандардын ветераны, алиги «Өлүм матчы» деген кинону көрдүң беле? Эмесе дал ошого катышкан футболчу» деп калды арт жактан бирөө экинчисине.

Өзүмө-өзүм,— «эмне дейт, эмне дейт» деп алдым да, ал кишинин артынан жөнөдүм. Максатым сүйлөшсөм, билсем дейм. Мэлс болсо чыйрыгып кеттим деп жылуу мейманкананы көздөй чуркаган болчу.

Туура болуп чыкты. Эмесе ушул укмуштуу тагдырлуу адам жөнүндө бир эки сөз...

Жолдош Гончаренко 40-жылдардагы атактуу футболчулардын бири азыр жашы алтымышка барып калган, башы чачтан кол жууп жылаңач, жапалдаш бойлуу сары киши.

Ата Мекендик согушта Киевдин «Динамо» командасынын футболчулары бүт бойдон колго түшүп калат. Кандайдыр бир себеп менен команда бүт бойдон нан бышрыган жайда иштешет. Беркилердей эмес, нанды тоё жеп, ал-абалы түзүк.

— Немецтер,— деди Михаил Михайлович, бир аз мени тиктей карап.

— Биздин футболчу экенибизди билип алат. Анан көп убакыт өтпөйт, немецтер футболдук матч уюштурмак болуп калышты.

А биз өзүбүзчө сүйлөштүк...

— Уталыбы?..

— Уттуруп, кошомат кылалыбы?

— Утуп алсак бизге жакшылык жокго.

— Булардын колунан жамандыктан башка келбейт. Баары бир, тобокел. Утуш керек, фашисттер көрсүн биздин жөндөмдүүлүгүбүздү — дешти, ошого макулдаштык.— Жеңсек душманга каршы соккунун бир көрүнүшү болот. Демек оюнубузду жашырбайлы, ойнойлу, уталы.

Ошентип уттуруу деген сөз эч кимдин оозунан чыкпады. Ал сөздү өлүмдөн катуу көрүштү.

— Ошентип оюн башталды — деди дагы Михаил Михайлович, фашисттердин мыкаачылыгы эсине түшүп кетти окшоду, сурданып өйдө тура калды.— Немецтер топко ээ боло албай, ыза болушту. Биз буйтап, буйтап өтүп кетип аттык. Алар бизге окшогон адистер эмес, чалалар экен. Айрыкча экинчи таймда алар оройлоно баштады. Кожоюну ошондой деп тапшырма берген окшойт. Күчкө салышат, түртөт, тебет муштап да жиберишет. Айтор ойнотпоо аракетинде. Бир маалда мени бирөө муштап, түртүп, жыгып кетти. Ага менин кыжырым келип тобокелге салып, топту дагы алып жүрүп олтуруп дарбазага жакындап калгам. Дагы бир немец жөн эле келип, мени бутка тепти, кулап түштүм, судья эчтеке дебейт, кайта күлүп койду. Туруп баса албай калдым, ордума башка оюнчу кирди. Ошого да карабай бечара-патриот туткундар намыстанып ойноп, матчты 6:1 эсеби менен утуп алышты.

— Анан эмне болду Михаил Михайлович?

— Аябай ыза болушкан фашисттер оюн бүтөрү менен менин жолдошторумду стадиондон кетирбей бүт бойдон машинага салып алпарып атып жиберишкен.

А мен аксаңдап, алмашылып аман калгам ошондо. «Өлүм матчы» деген ошондой болгон,— деди Михаил Михайлович ызырынып.

Дал ушул күнү Ленин комсомолунун туулган күнү эмес беле, ошого байланышту комсомолдун райондук комитетинде салтанаттуу чогулуш болуп аткан экен.

— Кымбаттуу достор — деп калды Сергей Шапова-

лов,— дал үстүнөн чыгыппыз, жаштар менен жолугушсак деген ойдомун, а сиздер кандай көрөсүздөр?

— Жаштарга аралашканды мен деле жаман көрбөйм э-э—дейм Мэлс менен Анапияга карап жылмайып. Ооба дегендей баш ийкешет алар.

— «Жаштар, жаштар — дейм ичимен күңгүрөнүп,— мага окшогон эчендердин кырчын жаштык жылдары Ата Мекендик согуштун сыз окопторунда өтүп кеткен».

...Чоң зал, ага толо жаштар... Трибунага чыкканда ошо күлгүн жаштарды, өзүмүн жаштыгымы эстеп бир топко туруп калдым.

— Кымбаттуу жаш достор—дедим,— бир тууган Украинанын сыймыктуу жерин фашисттерден бошотууга катышкан кыргызстандык ветерандардын жалындуу саламын кабыл алып коюңуздар.

Биздин өлкөбүздөгү элдердин ынтымактуулугу менен достугунун күчү Ата Мекендик согушта далилденди, фашисттик баскынчылардын ташын-талкан кылып жеңди деп баштадым сөзүмдү.

Силердин кошуна областыңар Полтаванын жеринде ошо Ата Мекендик согушта мындай бир окуя болгон... 1941-кыргын жылы Великая Богачка деген кыштактын жанында кан төгүлгөн катуу салгылаш болот. Дал ошондо жыйырма эки жаштагы кыргыз жигити лейтенант Орозбаев Олжобай, кызыл ашыгынан, анан анын досу орус жигити Житников да бутунан жарадар болот. Жардам берер жан жок, айла кетет. Экөө тең токой аралап, боорлору менен чыгышты көздөй жылып жөнөшөт. Жарааттары сыздап ооруп, кансырап атса да болбой төрт, беш күн боорлору менен жыла беришет, жан талашып. Алтынчы күнү түш чамасында Житниковдун дымы чыкпай калат. Олжобай анын атынан айтып улам, улам чакырат. Бирок анда үн жок. жанына эптеп жылып барса, эчак эле каза таап калган. Олжобай ыйлап бо-тодой боздойт, жалгызсырап ого бетер болот. Өзүнүн да шайы ооп бараткanын сезет да, досунун мерт бол-

гон денесин кучактаган бойдон эсинен танып жатып калат.

Токой аралап бир жакка баратышканбы, же телпек терип жүрүшкөнбү, айтор Матрена Данилова Гадяч, Олена аттуу кыз экөө сулк жаткан бул эки денеге туш келип калышкан экен. Тамырларын кармап көрсө, бирөө тирүү. Кыз экөө эптеп атып үйүнө алып келишип тааныш врачты чакырып жардам беришет. Айтор эки, үч ай багып-кагып айыктырышыптыр. Менин бирге өсүп, бирге чоңойгон, бирге бир мектепте окуп, бирге адам бологн ошо досум азыр жазуучу, үй-бүлөлүү, бала-бакыралуу адам! Ошол окуянын анык-даныгы отуз жылдан кийин билинип, июль айында алар жолугушту. Ошол анык достук жөнүндө «Киев» киностудиясы «Биздин Олжобай» аттуу фильм тартып жатат.

Мына ошол Олжобай сыяктуу ветерандар силердин жаштыгыңарды, келечегиңерди коргоп калган...

* * *

...36 миң кишиси бар Знаменка шаарында, биринчиден атактуу, жашы жүзгө толгон, экинчиден, он жылдан бери коммунисттик эмгектин бригадасы иштеп аткан темир жол ДЭПОсундабыз. Түшкү дем алыш убагы, аңгемелешүү жөн эле суроо, жооп менен өтүп атты. Бул ДЭПО 1873-жылы түзүлгөн. Знаменка шаарын бүт Украина боюнча биринчи түйүндүү темир жол станциясы деп да коюшат. Ушул станциядан поездder беш багытка кетет, келет.

Кыргыз эли, анын маданияты жөнүндө көп сурашты. Чыңгыз Айтматов жөнүндө да баяндап берүүгө туура келди.

— Эми өзүңүз Украина жеринде душманга каршы согушка катышкан экенсиз, ошо жөнүндө да айта кетсеңиз? — деп калышты.

— Ушу силердин Знаменкадан башталып, тиги «Кара токойдо» болгон бир окуя жөнүндө айтайын...— Мен мурдагы согуш күндөрүнө дагы кайрылдым.

— 1942-жылдын күз айы. Тиги Полтава менен силердин область тийишип турган жеринде немецтердин туткундар үчүн лагери болгон. Ошерден үч жүзгө жакын адамды ушу Знаменка станциясына апкелишет, алардын максаты Батышты көздөй поездге салып алып кетмей. Күүгүм кирип калган кез. Туткун бечараларды вокзалдын жанына жерге олтургузуп күзөтчүлөр иттерин арсылдатып кайтарып турушат, поезди күтүп. Анан эле тревога жарыяланант, ал аңгыча болбой самолёттордун моторлорунун үнү ызы-чуу түшүп, бомбалана баштайт. Баягы баатырсынган күзөтчүлөдүн бир да бирөө жок.

— Жолдоштор, качкыла—деген үн угулат. Ошондо эки ынак — Абдылда менен Марко экөө да силердин чыгыш түндүк жагыңардагы, илгертен атагы чыккан «Кара токойго» кире качышат. Алы жок, ач-жылаңач бечаралар кыйналат. Качууга ал керек да. Эртең менен бир күнгө берилген бир стакан чийки семичкеден бир аз калган, ошондон сактап, чагып коюп кача беришет. Акыры совет адамдарына туш келет, алар багып-кагып, бир аз тирилгенден кийин партизандарга кошуп коюшкан экен. Мына ушул Абдылда менен Марко менин «Татаал тагдыр» аттуу китебимдин башкы кейипкерлери...

* * *

...Коштошоор мөөнөт келди. Комсомолдук Кировоград областтык комитетинин пропаганда жана агитация боюнча секретары Виктор Васильевич Петряковдун кабинети.

— Кымбатту достор,— деди Виктор Васильевич,— бул күндөрдүн ичинде биз бир-бирибизди билип көрүп,

таанып, достошуп калдык. Элдердин жалпы лениндик достугунун бир көрүнүшү болду. Достук мындан ары улана берсин, күчөй берсин. Көп жерлерде кыргыздарды көрбөгөндөр көрүп, билбегендер билип, маектешип сөзүңөрдү угуп, ыраазы болушту. Өзүлөрү да айтып беришти.

Сиздерге ыракмат, силер — атап айтканда Ата Мекендик согушта биздин областты бошотууга катышкандар, согуштун отуз жылдык майрамына келгиле, чакырабыз айта баргыла!

— Ыракмат, баарына — меймандос Украина элине. Эми силер да келгиле, мейман болгула. Мейман достук жагынан биздин элдин адаты кенен, мейманды эки кулачын жайып тосуп алат,— дейт Мэлс.

Украина жерин фашисттик баскынчылардан бошотууга байланыштуу эстелик медалы, Борбордук Комитеттин грамотасы жана башкалар менен сыйлоолор болду. Ошентип Украина жериндеги — улуу жеңиштин 30 жылы өткөндөн кийинки он күндүк саякат ушундай аяктады.

## МАЗМУНУ

Бауржан Момуш уулу. Ала-Тоонун шумкары . . . . . 5
Калканбай Ашымбаев. Жоокердин жолу . . . . . 9
Махмудбек Гафаров. Баатыр жердешим . . . . . . 24
Жапар Саатов. Эрдик элестери . . . . . . . . 39
Исабек Исаков. Өмүр чыйыры өчпөйт . . . . . . 52
Сооронбай Жусуев. Гвардиячы Панфиловчулар тынчтык күндөрдө . . . . . . . . . . . . . . 59
Асан Токоев. Баатырлар . . . . . . . . . . 71
Жунай Мавлянов. Бекиш, сага эмне болду? . . . . . 88
Аалы Кулубеков. Карапайым жоокер түйшүгү . . . 113
Зарлык Сагынбаев. Эже-сиңди Кулякиналар . . . 131
Надя Галкина . . . . . . . 141
Воликовдор . . . . . . . 153
Мусабай Токтосунов. Ажал отун кечкенде . . . . . 175
Сатар Султаналиев. Башкаларга окшош тагдыр . . 203
Көпбай Күмүшалиев. Туу солдаттын сыймыгы . . . 212
Самансур Бөлөкбаев. Украинада он күн . . . . . . 229

**ПОДВИГ**

Очерки

*(на киргизском языке)*

Сост. *О. Сулайманов*

Кенже ред. *Г. Эсеналиева*
Художник *В. Жуков*
Худ. ред. *А. Мисюрёв*
Тех. ред. *С Чотиев.*
Корректор *Д. Аккозина*

Терүүгө 28/-1975-ж. берилди. Басууга 31/III-1975-ж. кол коюлду. Д—07739. Кагазы типографская № 1, форматы 70×108[1]/[32]. 7,62 физ. басма табак, 11,28 шарттуу басма табак, 11,28 учеттук табак. Тиражы 10.000. Заказ № 220. Баасы 58 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102, полиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР Госкомиздата Киргизской ССР